**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЭЛ АРАЛЫК БАШКАРУУ, УКУК, КАРЖЫ ЖАНА БИЗНЕС АКАДЕМИЯСЫ**

**ТИЛДЕР КАФЕДРАСЫ**

# *Манастаануу Окуу - усулдук комплекс*

*Финансы жана кредит,бух учет, менеджмент, юриспруденция адистиктери үчүн*

*Даярдаган: Тилдер кафедрасынын ага окут. К. М. Ажыбаев*

Эл аралык башкаруу, укук, каржы жана бизнес академиясынын Тилдер кафедрасынын окуу - усулдук Кеңеши тарабынан сунуш кылынат

БИШКЕК-2015

# Алгы соз

“Манас таануу” курсу боюнча окуу - усулдук комплекси филологиялык эмес адистиктерде билим алган студенттерге арналат жана эпостогу акыл- ой казынасын, рухий, сөз байлыктарын күндөлүк жана кесиптик турмушунда колдонууга үйрөтөт.

Эпосту окуп үйрөнүүдөгү негизги багыттар болуп көпчүлүк адистиктерди кызыктыра турган тарыхый, философиялык, этнопедагогикалык, экономиканы, элди башкаруу ж.б. маселелердин эпосто чагылдырылышы боюнча ар тараптуу билим, тарбия берүү, студенттин социалдык, маданий кубулуштарды таанып-билүүсүнө жана ой жүгүртүүсүнө түрткү берүү, активдүү жарандык позициясын калыптандыруу болуп эсептелет.

Окуу - усулдук комплекси төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат: курстун максаты, жумушчу программасы, лекциялык, семинардык сабактардын иштелмелери, студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн темалары, тесттер, кошумча окуу үчүн тексттер, глоссарий, Эл аралык башкаруу, укук, каржы жана бизнес академиясынын Тилдер кафедрасынын окуу - усулдук Кеңеши тарабынан жактырылды.

**МАЗМУНУ:**

Киришүү. «Манастаануу» курсунун максаты, милдеттери......................... .. 4
Курсту өздөштүргон студенттер ээ боло турган компетенциялар………… 5
Курсту өздөштүрүүгө коюлган талаптар...................................................... ..12
***Лекциялык сабактардын мазмуну.***
1тема.      «Манас» эпосу -албан сырдуу кең дүйнө ………………………...14
2-тема. «Манас»эпосунун варианттары. Манасчылар………………………18
3 - тема. «Манас»эпосун эпосун жыйноо жана изилдоо иштери………..…38
4- тема. «Манастын» үч бөлүмүнүн өзөктүк, идеялык биримдиги,
тазартуучу күчү, жети осуятынын мааниси…………………………………50
5- тема. “Манас”эпосу-рух-й ж-а материядык  энцик-диясы……    ……..…72
6-тема. «Манас»эпосунун каармандарынан алган сабактарыбыз…..……..89
7- тема. «Манас»эпосу искусствонун башка түрлөрүндө………………....107
***Семинардык сабактардын иштелмелери.***
1-сабак.   Эпостун өзөк окуялары. Кыргыз элинин чабылышы....................116
2-сабак.   Ала-Тоого көчүү......................................................................... 122
3-сабак.   Алмамбеттин окуясы. Манастын үйлөнүшү ............................... 126
4-сабак.   Көзкамандар окуясы. Көкөтөйдүн ашы ....................................... 131
5-сабак.   Кыргыз кандарынын чатагы. Чоң казат. Кичи казат .................. 140
6-сабак.   «Семетей» эпосунун өзөк окуялары ............................................ 147
7-сабак.   «Сейтек» эпосу - «Манастын» корутунду бөлүгү ....................... 154
8-сабак.   «Манас»эпосун дүйнө элдерине таанытуу .................................. 158
«Манастаануу» курсу боюнча түзүлгөн тесттер ......................................... 162
“Манастын” көркөм тексти, мазмуну боюнча табышмактар...................... 176
Модулдун суроолору, рефераттардын темалары ........................................ 179
Сынак суроолору ……………………………………………………….180
Голоссарий .................................................................................................... 195
Манас Гимндери ........................................................................................... 197
Кошумча маалымат алууга сунушталган адабияттар……………………..212
.................................................................................................................................

**КИРИШҮҮ**

“Манас” эпосу - карт тарыхка саймаланып калган кыргыз өмүрү, кыргыз элинин басып өткөргөн чалкыган турмушун, кылымдар бою калыптанган

акыл-ой байлыгын, дүйнө таанымын чагылдырган ыр океаны, кыргыз улутунун туу туткан сыймыгы. «Манас»эпосу - чексиз кайраттуулукту, атуулдук ар-намысты, Ата-Журтту терең сүйүүнү даңктаган рухий ырыскы, дүйнөлүк маданияттын казынасына кошулган эбегейсиз салым, элдин улуулугунан кабар берген тендешсиз тарыхый, дидактикалык, педагогикалык мурас. Окумуштуу А. Измайлов айткандай "турмуштун чыныгы мектеби, балдарды патриоттуулукка тарбиялоонун кайталангыс каражаты".

Ата-бабалардын миңдеген жылдар бою кашыктап жыйнаган бул акыл казынасын, нарк-насилин, сөз өнөрүн жаштардын аң-сезимине сиңирүү - мезгил талабы. Өзүн сыйлаган, улуттук духу күчтүү ар бир эл өзүнүн руханий дөөлөттөрүн, ата-бабадан калган элдик мурасын окутуп-үйрөтүп, учурдун талабына жараша пайдаланбаса, улуттун тарыхы унутулуп, маданий баалуулуктардын нарк-насили төмөндөп, элдин каада-салттык көрөңгөсү соолот.

1996-жылы 21-июлда КРнын Өкмөтү «Манас» эпосун пропагандалоо жөнүндө №346 токтомун кабыл алган. 2006-жылы 10-октябрда «Манас» эпосунун руханий-патриоттук, адеп-ыймандык мазмунун студенттер менен жаштарга жеткирүү жана эли-жерин сүйүүгө, патриотизмге тарбиялоо максатында Билим, илим жана жаштар саясаты министрлигинин "Манастаануу" курсун жогорку окуу жайларында 34 саат көлөмүндө милдеттүү түрдө окутуу жөнүндөгү буйругу чыкты. Бул Токтомго жана буйрукка ылайык Кыргыз экономикалык университетинин окуу-усулдук Кеңеши 2009-жылдын 24-июнундагы № 9-отурумунун чечими менен "Манастаануу" курсу адистигине карабастан бардык багыттагы тайпалардын 1,2-курстарында окутулуп, улуттук ар намыс, атуулдук парз салтанат куруп турган учур.

## ТҮШҮНҮК КАТ

Манастаануу курсу кыргыз элинин коомдук аң-сезимин, турмуштук тажрыйбасын, дүйнө таанымын, психологиясын, тарыхын чагылдырган "Манас" эпосунун мазмуну менен тааныштыруу, студенттердин оозеки жана жазуу кебин, рухий маданиятын, дүйнөгө гуманисттик көз карашын, турмуштук активдүү позициясын өстүрүү, эл-жерин сүйгөн, улутунун салт-санаасын, адеп-ахлак кенчтерин боюна сиңирген ыймандуу, ишкер инсандарды калыптандыруу багытында өтүлөт.

Курстун жүрүшүндө студенттер манастаануучулар, этнографтар, тарыхчылар, маданият тануучулар, философтор тарабынан эпоско карата айтылган маанилүү ой-пикирлери, табылгалары менен кенен тааныша алышат. Ошону менен бирге «Манас»жөнүндө эмес, «Манастын» өзүн окутуп, анын ички дүйнөсүн студенттин аңтарып билишине кеңири жол ачышыбыз керек", - деп Эл мугалими Б.Исаков белгилегендей, студенттердин эпостун көркөм текстин билишине чоң көңүл бурулат.

**1. «Манастаануу» курсунун максаты:** «Манас»эпосубузда чагылдырылган кыргыз маданиятын, тарыхын, этнографиясын, этнопедагогикасын үйрөнүү менен акыл-ой, рухий, сөз байлыктарын

кесиптик, күндөлүк жана социалдык маанилүү кырдаалдарда колдоно билүүсүнө көнүктүрүү, элин, жерин, Ата-Мекенин, улуттук дөөлөттөрүн сүйүүгө, мекенчилдикке тарбиялоо, улуттук аң-сезимин көтөрүү.
**«Манастаануу» курсун окутуунун милдеттери:**

1. Океан эпосубуздун дүйнөлүк маданияттагы алган ордун, маани- маңызын, жазып алуу, изилдөө, котоpуу тарыхын үйрөнүү.
2. Эпостун кыскача мазмунун, өзөк окуяларын окутуу, акыл-ой тажрыйбасын турмушунда колдонууга көнүктүрүү.
3. Манасчылык өнөрдүн бөтөнчөлүгүн, уникалдуулугун сезе билүүгө үйрөтүү, эпосту кырааты менен көркөм окууга машыктыруу.
4. «Манас»эпосундагы улуттук дөөлөттөрдү студенттердин аң -сезимине, жан-дүйнөсүнө жеткирүү, улуу эпосубуз менен сыймыктануу сезимин калыптандыруу, кептик чеберчиликти өнүктүрүү;
5. Ааламдашуу алкагында башка маданияттарга сиңишип жок болуп кетпей, улуттук жүзүн сактай алууга, Ата-Журт үчүн күйүп жанган мекенчил болууга, эл камын ойлоого тарбиялоо.

**2. Курстун мазмунун толук өздөштүргөн студент төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:**

1. «Манас» эпосунун жалпы адамзаттык философиялык маанисин, уникалдуулугун, ички маңызын түшүнө билүү, тексттен үзүндү келтирип, маанисин чечмелеп бере алуу;
2. Жан-дүйнөсүнө «Манастын» тил байлыгын сиңирип, өз оюн таамай, көркөмдөп айта жана жаза билүү, эпостун сөз берметтерин өз сөздөрүндө колдонуу;
3. Көп улуттуу маданиятты түшүнүү, эл аралык чөйрөдө иштей, жашай алуу;
4. Даяр илимий пикирлерди гана окуп үйрөнбөстөн, сын ой жүгүртүү, өз пикирин билдирүү, жыйынтык чыгара алуу, аргументтерди келтирип, талкуулай алуу, эки тарапты тең канааттандырган чечим кабыл алуу;
5. Жамаат, топ ичинде иштөө, ишти уюштуруу, жоопкерчиликтерди, ресурстарды бөлүштүрүү;
6. Маалымат менен өз алдынча иштей билүү, башкы мааниге ээ болгон маалыматты аныктай алуу, Интернет булактары менен иштей алуу;
7. Демилгечил болуу, долбоорлорду иштеп чыгуу, чыгармачылык менен жаңы идеяларды сунуштаган креативдүүлүк;
8. Максатка жетүүгө шыктануу, баштаган ишинин аягына чыгуу, өмүрүнүн бардык баскычтарында билимге умтулуу.

**3. Сабактардын түрү, жабдылышы**

Теориялык, практикалык, саякат, талкуу сабактары өтүлөт. Окутуунун интерактивдүү методдору, техникалык каражаттары, көрмөфильмдер, укма материалдар, слайддар, коммуникативдик көнүгүүлөр, кырдаалдык тапшырмалар, оюндар, сүрөттөр жана окуу китептери колдонулат

**Лекциялык сабактар.**

**I тема: «Манас» эпосу- албан сырдуу кең дүйнө.**

**(2 саат.)**«Манастаануу» курсунун максаты, милдеттери, адабият, искусство таануу, тарых, философия, этнография, маданият таануу, менеджмент жана башка сабактар менен байланышы. «Манас»эпосу- кыргыз элинин акылдык кенч казынасы. Эпостун жаралышы жөнүндө илимий пикирлер менен божомолдор.

**II тема: «Манас»эпосунун бизге жеткен негизги варианттары. Манасчылар -2 саат.** «Манас»эпосунун көп варианттуулугу. Манасчылык өнөр-кыргыз элинин гана энчисине бөлүнгөн, дүйнөдөгү бирден бир уникалдуу искусство. Манасчылык өнөр ээлерине мамлекеттик жана коомдук колдоо көрсөтүү.

**III тема: «Манас»эпосун эл оозунан жыйноо, жарыялоо жана изилдөө иштеринин жүрүшү - 2 саат.** Сайфаддин Аксыкентинин "Тарыхтар жыйнагы" эмгеги. Ч.Валиханов, В. В. Радлов, Д.Алмаши, А.Г.Белинский, Б.Смирновдун изилдөөлөрү. С.Орозбаковдон жана С.Каралаевден эпосту жазып алуу. "Манас" эпосуна коюлган саясий айыптар жана жапа чеккен адам тагдырлары. Эпостун ар тараптуу изилдениши**.**

**IV тема: Улуу «Манастын» тазартуучу күчү, жети осуятынын мааниси - 2 саат.** Үчилтиктин башкы темасы, өзөк окуялары, идеялык биримдиги, өзүмдүк белгилери, жети осуят.

**Vтема: «Манас»эпосу-руханий жана материалдык маданияттын энциклопедиясы-2 саат.** Эпосто кыргыз элинин эл аралык мамилелери, соода жүргүзүүсү жана чарбачылыгы жөнүндө маалыматтар. Кырк чоро - Манастын таянычы, бели, күч-кубаты, душманга сүрү. Улуу Жибек Жолунун бардык маршруттарынын берилиши. Элдик философия, медицина, демократия, менеджмент, адеп-ахлак, урмат-сый, нарк-нуска түшүнүктөрү. Эпостогу баатырлардын тулпарларынын, жоо-жарактарынын образды терең ачуудагы мааниси.

**VI тема: «Манас»эпосундагы каармандардан алар сабактарыбыз -2 саат.** Манас баатыр - калк башында туруп, таламын талашып, намысын коргоочу, башын кошуп, ынтымагын арттырып, атак-даңкын чыгаруучу журт ээси. Акбалта- баатыр, акылман, Манасты намыскөйлүккө, элин куткарууга үндөгөн тарбиячы. Алмамбет - элинен ажыраган трагедиялуу баатыр. Бакай, Каныкей - акыл таасирин, турмуштук тажрыйбасын өзүнөн кийинкилерге өткөзүүнүн үлгүсү. Кошой, Чубак, Сыргак, Чыйырды ж.б. оң каармандардын образдары. Сырткы душмандар жана өздөн чыккан жаттар.

**VII тема: «Манас»эпосу искусствонун башка түрлөрүндө - 2 саат.** Эпостун бүгүнкү күндөгү руханий, көркөм, идеологиялык, күнүмдүк турмушубузга тийгизип жаткан таасирлери. «Манас»эпосунун түрдүү мотивдеринин профессионал кыргыз адабияты менен көркөм өнөрүнөн алган орду.

**Семинардык сабактар.**

**1- тема: Манасчылар менен жолугушуу. Эпостун өзөк**

**окуялары менен таанышуу. 2саат.** Кыргыз элинин чабылышы, Ала-Тоодон сүрүлүшү. Алтайды байырлоо. Манастын балалык чагы, алгачкы эрдиктери. Манастын образы - айкөлдүктүн, адилеттүүлүктүн, баатырдыктын, патриоттуулуктун символу. Эпостун бул өзөк окуяларынан алган сабактар.

**2- тема: Ала-Тоого көчүү - 2 саат.** Бакайга жолугуу. Манасты хан көтөрүү. Хан Кошойго жолугуу.Таласка келиши. Аккулага ээ болушу. Бул өзөк окуяларда чагылдырылган мамлекеттүүлүк белгилери, эли-жерди сүйүү, эмгекке тарбиялоо идеялары. Анык жана эпикалык географиялык аталыштардын кеңири кезигиши.

**3- тема: Алмамбеттин окуясы. Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү**

**- 2 саат.** Достук, ынтымак темасы. Алмамбеттин образы. Көзкамандар окуясы. Маңкуртчулук, элин тануу, көрө албастык-азыркы учурдун да көйгөйлөрү.

**4- тема: Көкөтөйдүн ашы-көп чырдын башы - 2 саат.**

Каныкейдин сарамжалы. Кошой менен Жолойдун күрөшү. Манас менен Коңурбайдын аштагы сайышы. Кошой, Манас, Каныкей, Алмамбеттин образдары. Жолой менен Коңурбайдын терс сапаттарынын көрүнүшү.

**5- тема: Чоң казат. Кичи казат - 2 саат.** Кыргыз кандарынын убада-анты. Чоң казатка аттануу. Чубак менен Алманбеттин чатагы. Манастын Коңурбай менен беттешүүсү. Кыргын согуш. Жеңиш. Кичи казат. Манастын жарадар болушу. Баатырлардын өлүмү. Ант.

**6- тема: «Семетей» эпосунун өзөк окуялары - 2 саат.** Абыке, Көбөштүн душмандыгы. Каныкейдин Тайторуну чабышы. Каныкейдин жомогу. Семетейдин Таласка келиши. Баатырдык, эрдик идеяларынын улантылышы. Ата-Журт, Мекен түшүнүктөрүнүн ыйыктыгы.

**7- тема: «Сейтек» эпосу - «Манасты» жыйынтыктаган жана корутундулаган бөлүгү. Эпостон алган сабактар - 2саат.**

«Сейтек» эпосунун өзөк окуялары. Сейтектин бөтөн жерде туулуп өсүшү. Ата-тегин, жерин билиши. Кулдукта калган элин эркиндикке чыгарып, атасынын ордун басышы. Элди Сейтекке тапшырып, Бакай, Каныкей, Күлчоро, Айчүрөктүн кайып болуп кетиши.

**8- тема: «Манас»эпосунун бүгүнкү, эртеңки өмүрү. Эпосту дүйнө элдерине таанытуу боюнча иш-чаралар**. **Манас-Ордо комплексине, Манас айылына саякатка чыгуу же көрмөфильм көрүү - 2саат.**

«Манас»эпосунун 1000 жылдык маарекесинин илимий, практикалык мааниси жана иш жүзүндө аткарылган милдеттер. Эпостун академиялык басылышынын башталышы, илимий изилдөөлөрдүн чыгышы, чет тилдерге которулушу, илимий- теориялык конференциялар. «Манас» эпосун сактоо жана өркүндөтүү жөнүндөгү КРнын Мыйзамы. «Манастаануу» курсун ЖОЖдордун окуу программаларына киргизүүнүн мааниси. Манас-Ордо комплексине, Манас айылына саякатка чыгуу.

## КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

Ага окутуучу: Ажыбаев К. М. Тел: 0772-93-99-24

| № | Сабактын темасы | Сабактын мазмуну | С | *Өз алдынча иштөөгө талаптар, студенттер ээ болуучу компетенциялар* |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Манас»эпосун окуп үйрөнүүнүн мааниси жана максаты. «Манас»- кыргыз элинин руханий, акылдык кенч казынасы. | «Манас»эпосу -ааламдын жети кереметинен кем калышпаган кайталангыс, уникалдуу, касиеттүү кубулуш. Эпостун акыл казынасын жан-дүйнөсү нө сиңирүүгө көнүгүү | 2 | Эпостун |
| 2 | Манасчылардын түрлөрү. Эпосту жаратууга, өнүктүрүүгө, сактоого кошкон зор | Кесипчилик өнөрү, өмүр жолу менен таанышуу, бүткүл дүйнөлүк рухий казынада алган орду жөнүндө ой жүгүртүү. | 2 | Улуу жана жаш муундагы манасчылар тууралуу слайд, буклет жасоо. |
| 3 | Манасчылык өнөрдү дүйнө элине кеңири таанытуу. Жаш манасчыларды тарбиялоо, устаттык ишинин жүрүшү. | 2003-жылы ЮНЕСКОнун чечими менен дүйнөлүк шедевр катары катталган төкмө акындык жана дастанчылык өнөрүн пропагандалоо. | 2 | Маалымат жыйноо. Өз оюн далилдей алуу, эл алдына чыгып сүйлөө компетен-циялары. |
| 4 | «Манас»эпосун эл оозунан жыйноо, жарыялоо жана | Окумуштуу, изилдөөчүлөрдүн эмгектери менен таанышуу. | 2 | Илимий материал-дар менен иштөө компетенциясы. |
| 5 | «Манастын» этнографиялык тарабы жана турмуштук-тарыхый негиздери | Окумуштуулардын эмгектери боюнча пикир алышуу негизги ойду бөлүп алууга көнүгүү. | 2 | Реферат жактоо. Оппонентинин пикирин уга билүү, талкуу жүргүзө алуу. |
| 6 | «Манас» эпосун философ окумуштуулардын | «Манастын» социалдык-философиялык, этикалык-эстетикалык маани-манызы. | 2 | Топко бөлүнүп реферат жактоо. |
| 7 | «Манас» эпосунун педагогикасы жана аны окутуунун про-блемалары. | А. Э. Измаилов, Т. В. Панкова, С. Байгазиев, Б. Исаков, С. Иптаров, ж. б. окумуштуулар. | 2 | «Манастын» каармандарынын адеп-ахлагы эмне үчүн бекем?-Эссе |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **8** | Болот Юнусалиев- Манастаануу илимине орчундуу салым кошкон улуу | Б.Юнусалиевдин жаркын элеси, илимий нугу. «Манастын» элдүүлүгүн чечкиндүү коргоп чыгышы. | | Макала, доклад даярдоо. Илимий жыйындарда чыгып сүйлөө |
| **9** | «Манас»эпосу дүйнө окумуштууларынын көзү менен | «Манас»эпосун изилдеген чет өлкөлүк окумуштуулар жөнүндө маалымат. | | Реферат жазуу. Т алашып-тартыша билүү |
| **10** | «Манас» үчилтигинин идеясы, мазмуну, генеологиялык тутумдаштыгы. | Мамлекет куруу, элди-жерди коргоо, көз карандысыз жашоо идеялары. Баатырдык, адилеттүүлүк, патриоттук | | Буклет, слайд жасоо. «Эпостон алган сабактарым» |
| **11** | "Манас"-руханий жана материалдык маданияттын энциклопедиясы. | Эпосто улуттук каада-салт, тарыхы, медицина ж.б. чагылдырылышы. | | Өз оюн далилдей алуу, эл алдына чыгып сүйлөй алуу. |
| **12** | «Манас»эпосу жана кыргыз драматургиясы | Эпостун сюжеттери жана образдары б-ча драмалар | 2 | Окуу, талкуулоо, аткаруу. Эссе |
| **13** | «Манас» эпосунун мотивдеринин кыргыз музыкасында кеңири орун алышы | "Айчүрөк", "Манас" опералары. "Манастын ордосунда" симфониялык сүрөттөмөсү, "Манас" симфониясы. | 2 | Көркөм өнөрдүк ой- туюмун, жалпы маданиятын, кругозорун |
| **14** | «Манас»эпосу кыргыз сүрөт өнөрүнүн көркөм өнүгүүсүндө да зор таасир тийгизиши. ***1-модуль (20 балл)*** | С.А.Чуйков, Г.Айтиев, Б. Жумабаев, Т. Курманов, С. Чокморов, Т. Герцен ж.б. сүрөтчүлөр. Скульптор Т.Садыков. | | Көркөм дүйнөдөн алган таасирлерин так, элестүү жазып, айтып берүү |
| **15** | «Манас» эпосу жана манасчылар туурасында кино, теле, видео жана даректүү фильмдердин тартылышы | "Улуу Манас" телефильми. Эл аралык сыйлык ээси б-н "Манасчы" даректүү фильми. "Саякбай Каралаев", "Манас ааламы", «The Last Manaschi» тасмасы (Голландия кинокомп). «Манасчы» тасмасы Швейцария, Франция | | Л.Турусбекова, Б. Шамшиев М.Убукеев, Нурбек Эген сыяктуу режиссерлор, кинотасмалар, ж-дө маалымат |
| **16** | "Манас" эпосунун өзөк окуялары. Кыргыз элинин чабылышы, Ала- Тоодон сүрүлүшү. Манастын балалык чагы, алгачкы эрдиктери. Ала- Тоого көчүү. Эл-жерди сүйүү, эмгек темасы. | «Манас» эпосу-кыргыз элинин жок болуп кетпөө жөнүндөгү укум-тукумга тынымсыз баяндалган улуу сабагы экенин, элибиз кыргынга учурап суюлуп калса да, чилче таратылып Мекенинен айрылса да элдигин жоготпогону. | 2 | «Манасчылар-кылымдарга салынган көпүрө», "Манасчыларга таазим" деген темаларда эссе жазуу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **17** | Аккулага ээ болуу. Алмамбет. Каныкейге үйлөнүшү. Көзкамандар | Үй-бүлөлүк мамиле, достук, ж.б. темаларда ой жүгүртүү. Маңкурттук, улут безерлик тин аягы эмне менен бүтөрүнө сереп салуу. | 2 | Слайд жасоо. Жаңы маалыматтык технологиялар менен иштей алуу |
| **18** | Көкөтөйдүн ашы-көп чырдын башы. Каныкейдин сарамжалы. Кошой менен | «Манас»- элибиздин каада-салты, нарк-насили, тарыхы, көз карашы, философиясы, акылгөйлүк, кеменгерлик сапаттары, айкөлдүк ак пейили даңкталган чыгарма. | 2 | Үзүндү жаттоо, маанисин чечмелөө. Элибиздин каада-салты, тарыхы, философиясы ж-дө баарлашуу |
| **19** | Чоң казат. Чубак менен Алманбеттин чатагы. Манастын Коңурбай менен беттешүүсү. Кыргын согуш. | Элдин көз каранды эместиги үчүн жанын берген намыскөй баатырлар. Ар кандай элдерди, өнөрлүү адамдарды жыйнап, бир максатка бириктирип, өз артынан ээрчите алган Манастын журт башчылык сапаты. | | Манас, Бакай, Чубак, Сыргак Алмамбеттин образдары. Коммуникативдик жана башкаруу компетенциялар |
| **20** | Кичи казат. Манастын жарадар болушу, баатырлардын өлүмү. Манастын дүйнөдөн | Жүрөгүндө эркиндик оту бар баатырлар.Ээсине ар тараптан жардамга келген тулпарлардын, адам кайгысына ортоктош болгон куттуу жердин сыпаты. | 2 | Айтып берүү. Эссе жазуу: “Жигиттерибиз мал багар эмес, эл багар болсун”, Модулга даярдык. |
| **21** | “Семетейде” чагылдырылган кыргыз элинин биримдүүлүгү, көз каранды болбостугу үчүн күрөш, эли - | Каныкейдин Талас менен коштошуусу. Тайбуурул- ду чабышы. Семетейдин эл-жерине ээ болушу. Айчүрөк. Тайбуурулдун тартууланып кеткени-Семетейдин ажалынын жеткени. | 2 | Үзүндү жаттоо, маанисин чечмелеп берүү. Сынакка даярдануу. Кебин ырааттуу түзүү, оюн так билдирүү. |
| **22** | «Сейтек» эпосунун мазмуну, өзөк окуялары менен | “Сейтек”- элдин өз тилегине максатына жетип, тынчтык орногондугун баяндаган бөлүм. | 2 | Сынакка даярдануу. Убакытты туура бөлүштүрүү компетенциясы. |
| **23** | Манас-Ордо комплексине, Манас айылына саякат. ***2-модуль (20 балл)*** | Талас обл. Таш-Арык айылында “Манас” коругу болуп келген, 1996-жылы расмий статус берилген Кыргыз Улуттук «Манас Ордо» комплекси Бишкек шаарынын четиндеги Манас айылы жөнүндө ой бөлүшүү. | 1 | Эссе жазуу: “Манасты” окуп үйрөнүү зарылдыгы”, “Манастын Таласты жердеп калышынын сыры”, “Манас”-келечекте” ж.б. |

**Курсту өздөштүрүүгө коюлган талаптар жана студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштурууга сунуштар**

Студенттин билими, көндүмдөрү 100 баллдык чен менен бааланат. Лекциялык жана семинардык сабактарга үзбөй жана активдүү катышуу, берилген темалар боюнча даярданып келүү негизги критерийлердин бири болуп саналат. Ошондой эле жекече тапшырмалардын үстүндө аткарган иштери үчүн да баа коюлат.

**Реферат** 5-7 беттен туруп, студенттин сабактагы же курстун темасына тиешелүү маселелерге талдоо жүргүзө аларын жана ал маселелерди терең түшүнүүгө умтулуусун көрсөтөт. Реферат жазыш үчүн материалды окуп чыгып, өзүнүн көз карашын жана далилдерди келтирүү керек. Реферат жазууда план түзүп алуу максатка ылайыктуу. Киришүү бөлүмүндө студент тандап алган теманын актуалдуулугун негиздеп, изилдей турган ишинин максатын, алдына койгон милдеттерин көрсөтөт. Негизги бөлүмүндө маселеге өз көз карашын жана чечмеленишин чагылдырат. Корутунду бөлүмүндө иштин кыскача жыйынтыгын чыгарат, дагы аткарыла турган иштерди белгилейт. Рефераттын аягында пайдаланылган адабияттардын тизмесин келтирет. Эгерде рефератта тигил же бул автордун сөзүн мисал келтирсе, тексттин аягында эскертүү кылып чыгаруу керек. Ар бир студент семестр ичинде 1 реферат жазышы керек. Реферат ага байланыштуу тема өтүлгөндөн бир жумадан кийин тапшырылат. Реферат боюнча студент сабакта 3-5 мүнөт чыгып сүйлөп, ишин жактайт. Бардык талаптарга жооп берген ишке 5 балл коюлат.

***Эссе же ой пикир*** семинардык сабактарда жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында: театрга, музейлерге, сүрөт галереяларына баргандан кийин же «Манас Ордо» комплекси, Манас айылы сыяктуу маданий -тарыхый эстеликтери менен таанышуудан соң жана тигил же бул маселе боюнча талкуудан кийин жазылат.

***Эссе жазууга материал болуучу иш-чаралар:***

Манасчылар менен жолугушуу. Манасчылардын чыгармачылыгы тууралуу маалымат жыйноо. Эссе жазуу: «Манасчылар-кылымдарга салынган көпүрө», "Манасчыларга таазим" же өзү тема коюу менен.

Т.Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясынын алдындагы «Манас» скульптуралык-архитектуралык комплекске баруу.
Эссе жазуу: «Манас»эпосу жөнүндө эмне билем?», "Манас"-дүйнөнүн жети кереметинен кем калбаган көрүнүш", "Улутун сүйүү-"Манастан" башталат".

Мамлекеттик тарых музейине баруу, элдин тарыхы жана маданиятын баяндаган экспозициялар менен таанышуу. Эссе жазуу: «Манас»эпосу - кыргыз элинин тарыхы, маданияты, улуу чыгармасы», "Демек, мен-салттуу элдин урпагымын" же өзү тема коюу менен.

Мамлекеттик көркөм сүрөт музейине, сүрөт галереясына баруу. М. Асаналиев, Ж.Кадыралиев, Ю.Шыгаев ж.б. сүрөтчүлөр менен жолугушуу. Эссе жазуу: «МАНАС ТАМГА», "Манас"-бул мен ачкан планета" .

Кыргыз драма театрына, опера жана балет театрына баруу. Эссе же ой пикир жазуу: «Айкөл Манас», "Манастын уулу Семетей" ж.б. драмалары,



"Айчүрөк" операсы, "Манасчы", «С.Каралаев», «Жаш манасчылар», «Манас -

1000» аттуу фильмдер боюнча.

«Манас Ордо» комплексине, “Манас айылына” баруу. Эссе жазуу: “Манастын” мааниси жана аны окуп үйрөнүүнүн зарылдыгы”, “Манас”- келечекте” , “Жигиттерибиз эл багар болсун”, “Манастын Таласты турак кылып калышынын сыры” же өзү тема коюу менен.

Ой пикир жазууда студент спектаклге, концертке, актердун оюнуна, сүрөтчүнүн, скульптордун ишине, талкууланган маселеге ж.б. баа берүү көндүмүн, өз оюн билдире алуу көндүмүн көрсөтүшү керек. Эссе же ой пикир спектаклге, концертке, музейлерге, көргөзмөлөргө баргандан бир жумадан кийин тапшырылат.

Ар бир студент семестр ичинде 1 эссе же ой пикир жазышы керек. Ар бир иш үчүн 5 балл коюлат. Рефераттын, эссенин, ой пикирдин тексти WinWord 7.О. (6.0) тексттик редактордо, Times New Roman шрифти менен терилиши керек, саптар арасындагы аралык: 1,5, тамгалардын өлчөмү - 14, талаачалары: жогору, төмөн жана оң жагынан - 20 мм, сол жагынан- 25 мм болушу керек.

**Эскертүү:** Студент сабак калтырса ошол тема боюнча жазуу иш жазып тапшырууга милдеттүү, ага кошумча балл берилбейт.

***Бул иштердин бардыгы күнүмдүк көзөмөлдү түзөт (40 балл):***

1) *Сабактарга активдүү катышса -10 балл.*
2) *Эпостон 30 сап үзүндү айтып, маанисин чечмелесе -10 балл.*
3) *Реферат - 5 балл.*
4) *Эссе, ой пикир же диалог - 5балл.*
5) *Тесттин ар бир суроосуна 1ден балл берилет, жыйынтыгы -10 балл.*

***Модулдук иши оозеки түрүндө алынат-20 балл****. Модулдук билет 4 суроодон турат. Ар бир суроо 5 балл менен бааланат, жыйынтыгы 20 балл.*

***Сынак семестрдин аягында жазуу түрүндө алынат****. Сынак тапшырмалары ар бир студентке өзүнчө вариантта түзүлүп, төрт тапшырмадан турат. Ар бир туура жана толук жооп үчүн 5 тен балл берилет.*

**Ошентип, баалоо:**

***1.*** *Күнүмдүк көзөмөл - 40 балл.*

***2.*** *Модуль - 20 баллдан*2 модуль=40 балл.*

***3.*** *Сынак - 20 балл.*

***Жыйынтык баасы:***

*87-100 балл - «5», 74-86 балл - «4»*

*60-73 балл - «3», 0-59 балл - «2»*

***Студенттердин сабакка катышуусу жана салымы.***

Бардык студенттер сабакка үзбөй катышуулары керек, анткени лекциялык жана семинардык сабактарда студенттер курс боюнча өз алдынча иштөөсү үчүн керектүү маалыматтарды алышат. Ар бир студент окуу процессине өз салымын кошуп, сунуш кылынган адабияттарды окуп жана аудиторияда талкуулана турган суроолорго даярданып келүүсү керек. Ооруп калса врачтын мөөрү коюлган маалымкат алып келет.

## Лекциялык сабактардын мазмуну

***I тема: «Манас» эпосу - албан сырдуу кең дүйнө.***

**1.1.**"Манастаануу" курсунун адабият, искусство таануу, тарых, философия, этнография, маданият таануу ж.б. илимдер менен байланышы.

«Манас»эпосун окуп үйрөнүүнүн мааниси жана максаты. «Манас» эпосу-дүйнөлүк көчмөн цивилизациянын эң жогорку үлгүсү, кыргыз элинин акылдык кенч казынасы. Эпостун элдик оозеки чыгармачылыктын ичинде жана кыргыз элинин турмушунда алган орду, тарыхый мааниси.

**1.2**. «Манас» эпосунун жаралышында жана калыптануу баскычтарында изин түшүргөн тарыхый доорлор. Илимий божомолдор жана пикирлер.

**1- суроо**. Кыргыз элинин оозеки көркөм казынасы формасы жагынан да, мазмуну жагынан да, көлөмү жагынан да таң каларлык бай, түгөнгүс кенч,

Ч. Айтматов белгилегендей «...ар бири өзүнчө зор дүйнө, түгөнгүс байлык».

«Сөзмөр кыргыздар жөнөкөй сүйлөгөндө да жамактатып, ырга айландырып кетет, ырды дүйнөдөгү искусствонун эң жогорку баскычы катарында карайт»,- деп өткөн кылымдын ортосунда академик В. В. Радлов жазып кеткен.

Адам баласынын мамилелерине, табигатка көз карашына, коомдук турмушка байланыштуу таамай айтылган макал-ылакаптар, афоризмдер, акыл-насаат берүүнү көздөгөн санаттар, эмгекке, махабатка арналган лирикалык ырлар, тамсилдер, табышмактар, турмуш менен кыял аралашкан укмуштуу жөө жомоктор - элибиздин чыгармачылык шыгынын натыйжасы болуп саналат.

Майда фольклордук формалар менен катар элибиз оозеки адабияттын ири түрлөрүн - баатырлык эпосторду түзгөн. Эл ичинен чыккан сөзгө чебер, ырга шыктуу таланттар аларды бүт дээрлик ырга айланткан. Композициялык түзүлүшүнө жана окуяларынын кеңири берилишине карай кыргыз эпостору улуу жана кенже эпос деп эки топко бөлүнөт. Улуу эпоско «Манас» үчилтиги кирет. "Кедейкан", "Эр Төштүк", "Эр Табылды", "Сарынжи-Бөкөй", "Курманбек", "Жаңыл-Мырза", "Кожожаш", "Олжобай менен Кишимжан" сыяктуу эпосторубузду «Манастын» өзгөчө ордун айкын көрсөтүү үчүн гана «кенже эпос» деп өзүнчө топко бөлөбүз.

«Манас» эпосу адатта дүйнөлүк адабияттагы «Илиада», «Одиссея», «Махабхарата», «Рамаяна» сыяктуу орошон эпикалык чыгармалар менен салыштырыла каралып, эбегейсиз көлөмү баса көрсөтүлөт. Байыркы гректердин ааламга атагы чыккан чыгармалары "Иллиада" (15693 сап ыр) менен "Одиссеядан" (12110 сап ыр, экөө биригип 27803 сап ыр) 20 эсе, индустардын эпосу "Махабхараттан" (200 миң сап ыр) 2,5 эсе, фарсы эпосу "Шахнамэден" 5 эсе көптүк кылган залкар «Манас» - дүйнөлүк эпиканын асманында чолпон жылдыздай жаркыраган ажайып феномен. Бирок, «Манас» дастаны жалпы адамзат жараткан башка эпостордон көлөмү менен гана эмес, терең мазмуну, теңдешсиз көркөмдүгү, кыял жеткис чабыты менен да даана айырмаланат. Ал дүйнөлүк улуу эпостордун катарында өзүнө гана таандык уникалдуу орун ээлейт жана өз улуулугунун нурларын

дүйнөлүк маданий мурастын бардык мейкиндерине чачыратып турат. Эпос камтыган окуя, турмуш өтө кеңири жана ар түрдүү. Анда ата - бабаларыбыздын кылымдар бою туу тутуп келген коомдук адеп - ахлак идеялары, бийик гуманисттик, рухий асыл - нарктары, тарыхы, үрп - адаты, каада - салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү, эл аралык мамилелери, келечекке умтулуулары чагылдырылган. Эпосто сүрөттөлгөн эл турмушу жана өз ара мамилелери, тамак-аш, кийим-кечек, турак-жай, курал-жабдыктарынын аталышы, аш-тойлордогу салт-жөрөлгөлөрү элдин мурунку замандардагы психологиясын жана турмушун изилдөөдө табылгыс материал болуп саналат.

Көрүнүктүү чыгыштаануучу Сергей Абрамзон «Манас» эпосу дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин эң сейрек кездешкен үлгүсү, кыргыз элинин өткөн кылымдардагы турмушу жөнүндөгү монументалдуу эстелик экенин белгилеп эң жакшы айткан: “Манас” үчилтиги сыяктуу эстелик башка бир дагы элде жок. Эпос дүйнөлүк маданияттын казынасына кыргыз эли кошкон татыктуу салым болуп саналат”.

«Манас» эпосуна теңдешсиз фольклордук чыгарма катары гана мамиле жасоо анын чен жеткис тереңдигин, зор маанисин ойдогудай аңдап билүүгө мүмкүндүк бербейт. «Манас» - кыргыз үчүн кылымдар бою кыргызды өзүнө таанытып, тарыхтын кыйын кезеңдеринде элди өз айланасына баш коштуруп, дем берген улуттук ураан, асаба, туу, касиеттүү кудурет-күч сыяктуу роль ойноп, таалим алуучу, өткөндү эске салуучу тарых китебинин, таасирдүү сахнанын жана экрандын милдетин аткарып келди.

Бүгүнкү күндө эпостун маани-маңызынан ала турган сабактарыбыз арбын. Материалдык байлыктар, эстеликтер нечен кылымдап катып турганы менен, мезгил өткөн сайын бара-бара билинбей эскирип, карып, өзүнүн алгачкы сапат-касиетинен ажырай баштаса, эпосубуз ооздон-оозго, муундан- муунга өтүп, нечендеген доорлорду өзүнө сиңирип, толукталып, жаңыланып, кемелине келип биздин күнгө жетип отурат. Улуу мурас «Манас» дастанын, элибиздин тарыхын, эркиндик, келечек үчүн күрөшүн даңазалап үйрөнүү менен эртеңки болочогубуз үчүн кам көрөбүз.

**2- суроо. «Манас»эпосунун жаралышы жана калыптануу баскычтарында изин түшүргөн тарыхый доорлор.**

«Манас» эпосу - дүйнөнүн атактуу жети керемети менен теңдеше ала турган сейрек көрүнүш, улуу эстелик. Ошол улуу эстелик качан жаралды, кайсы доордун окуясы негиз салды деген суроо эпосту изилдөөчүлөрдүн баарын түйшөлтүп келет.

«Манас»эпосунун жаралышы жөнүндөгү элдик ойлор эпосто мындайча берилет:

Ээй, байыркынын жомогу,
Баштаса келер оролу.
Эзелкинин жомогу,
Эстесе келер оролу.
Уламадан уккан сөз,
Угуту өнүп чыккан сөз.

Карылардан алган сөз

Калк ичинде калган сөз.
Арбын жомок - толгон сөз,
Ат көтөргүс болгон сөз.
Арсыздарга токтолбой,
Азамат-эрге конгон сөз.
Абалтан калган бул кепти,
Айта келсек бул кезде,
Айланып сансыз жыл өттү.
Көпкөк темир кийинген,
Жоо дегенде жүгүргөн,
Жолборстой сүрдүү эр өттү,
Эчен кылым эл өттү!
Тоо бузулуп сай болду,
Сай козголуп тоо болду.
Аты калып, өзү жок,
Ар канча деңиз жоголду.
Аркар баскан бел менен,
Булут шашкан жел менен.
Кошо жашап келген сөз.
Баласына атасы Энчи кылып берген сөз.
Жалпы журтум терген сөз.

Эпостун чыгышы жөнүндө мындай илимий божомолдор айтылып келген:
1) Енисейлик Орхон доорунда (VII-IX к.к.) чыгышы жөнүндө (проф. М. О. Ауэзов, А. Н. Бернштам);
2) Алтай доорунда (IX-XI к.к.) чыккандыгы жөнүндө (Б. М. Юнусалиев);
3) Жунгар доорунда (XVI— XVIII к.к.) чыгышы жөнүндө (проф. А. К. Боровков, И. Л. Климович).

Биринчи божомолдун автору М.Ауэзов мындай деген: «Манас» эпосунун уютку окуясы болгон Чоң казатта Манас баатыр баштаган кыргыздар күчтүү чыгыш мамлекетине каршы жүрүш жасагандыгы айтылат. Ал мамлекеттин чегинде кыргыз мамлекетинин борборунан бир вариантта кырк күн, экинчи вариантта 90 күн алыстыкта аябай чыңдалып корголгон Бээжин шаары жайгашкан делет. Ал эми тарыхый маалыматты алып карасак, кыргыздар 840-жылы күчтүү уйгур мамлекетин багынтып, башкы шаары Бей-Тинди (Бээжинди) ээлеп алгандыгы тарыхый чындык".

Профессор А.Н.Бернштам Манасты тарыхта жашаган Яглакар кан деп эсептейт. "Яглакар кан 847-жылы август айында каза тапкан. "Манас" эпосу болжол менен ошол жылдары жаралса, эпоско 1947-жылы 1 100 жыл толот"- деген бүтүмгө келген.

Б. М. Юнусалиев «Манас» эпосу Алтай доорунда чыккан деп божомолдойт: "Эпос кытайдын каны Алооке кыргыздардын бирдигин бузуп, бытырандылыкка учуратканын, Ороздунун уулдарын ар жерлерге сүргөндүгүн баяндоодон башталат. Манас Алтайда туулуп өсөт, эр жеткенде кыргыздарды Ала-Тоого алып келет. Эпостогу окуялар алгач Орхон, Каңгай,

Күкүнор, Алтай сыяктуу географиялык пункттарда болот, орто кылымдарга чейин Алтайда жашаган тыргоот, оронкой, ойрот сыяктуу элдердин аттары аталат. Кыргыздардын XII кылымга чейин Алтайда жашагандыгы XI кылымда Ысык-Көл, Чүй, Фергана өрөөндөрүн аралап, түрк урууларынын сөздүгүн жазып кеткен Махмуд Кашгаринин маалыматы менен да аныкталат. Кыргыздардын бытырандылыкка учурап, ар кайсы жакка таратылып көчүрүлүшү тарыхта болгон факт. Бул окуя X кылымда моңгол тилине жакын тилде сүйлөгөн кара кытайлардын баскынчылык менен кол салып, кыргыздардын мамлекеттигин бузган чабуулуна туура келет. Кыргыз эли башынан өткөзгөн тарыхый окуялар: моңголдордун үстөмдүгүнө каршы төрт ирет көтөрүлүш чыгарышы, ойрот, калмак, манжуулардын эзүүсүнө каршылык көрсөткөн кыймылдар да эпостон орун алган”.

“Манас” эпосу Жунгар доорунда жаралган деген үчүнчү божомолдун авторлору, профессорлор А. К. Боровков жана И. Л. Климович эпосто кийинки тарыхый маалыматтардын көбүрөөк орун алышына гана таянышат. «Манас» эпосу жунгар чабуулдары кезинде жаралган болсо, андан бир нече кылым мурунку кыргыз урууларынын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү, кара кытайлар менен согушу ж.б. окуялар жана XIV-XV кылымдарга чейин кыргыздар жашаган Алтай, Кангай сыяктуу географиялык пункттар эпостон кандайча орун алып калды деген суроолорго алар жооп беришпейт.

Жазуучу, Манас изилдөөчү О.Айтымбетов болсо: «Тарыхый Манас

6.3.4. 236-жылы төрөлгөн. 24 жашында такка отуруп, бытыраган кырк уруу кыргызды бириктирип, Дуньху деген күчтүү өлкөнү багындырган. Түштүгүндөгү Чин өлкөсүнө эки жолу кол салып (Чоң Казат, Кичи Казат)

6.3.4. 200-жылы аларды Пинчень (Бээжин) калаасынын ирегесинде талкалаган. «Манас» эпосу ошол улуу жеңиштен улам пайда болгон”, - дейт.

Эпос элдин миң жылдап созулган узун тарыхы менен тыгыз улашып тургандыктан, окумуштуулар эпостун мазмун-манызын түзгөн окуяларды жети доорго бөлүп карашат:

- Адам аң - сезиминин дүйнө таанып билүүдөгү мифологиялык баскычы.
- Байыркы чыгыш түрк жана кыргыз каганаттарынын доору (VI- IX кылымдар)
- Карлуктар, кидандар, караханиддер мамлекеттеринин доору (X- XII кылымдар)
- Монгол, же Моголстан доору (XIII кылым)
- Алтын ордо убагы (XIV- XV кылымдар)
- Ойрот- калмак, Жунгарлар заманы (XV- XVIII кылымдар)
- Кийинки алмашылган доорлор (XIX- XX кылымдар)

Окумуштуулар, изилдөөчүлөр тарабынан Манас баатырдын жана «Манас»эпосунун тарыхтагы изин издөө улантылып келет.

***II тема: «Манас»эпосунун бизге жеткен негизги варианттары.***

**2.1.** «Манас»үчилтигинин бизге жеткен варианттары**.** Манасчылык өнөрдүн кесиптик сырлары, манасчылардын бөлүнүшү. Өз вариантын жаратып айтчу

манасчылар (аэддер тибинде), жаралып калган ыр түзүмдөрүн жаттап алып айтуучу аткаруучулар (рабсоддор сыяктуу).

**2.2.** Жарым миллион сап «Манас»баянын жадысында сактап, азыркы XXI кылым заманына жеткирген жана андан ары улап жаткан манасчылар жөнүндө маалымат.

**2.3.** Манасчылык өнөр ээлерине мамлекеттик жана коомдук колдоо көрсөтүү. 2003-жылы 7-ноябрда ЮНЕСКОнун чечими менен дүйнөлүк шедевр катары катталган төкмө акындык жана дастанчылык өнөрүн пропагандалоо. Манасчылар мектеби.

**1- суроо.** «Манас»эпосу узак мезгилди өз кучагына камтыган жана көптөгөн кылымдарды карыткан монументалдуу чыгарма. Ошондуктан, өзгөрүүсүз сакталган, дайыма кайталана берүүчү текст жок. «Манас»эпосунун автору-эл, ошол эл арасынан жанар тоодой атылып чыккан улуу, залкар манасчылар бу керемет чыгарманы жаны менен айтып, көкүрөгү менен сактап келген, өз нускасын түзүп, өз вариантын жараткан.

“Вариант” - латын тилинен алынган, variantes өзгөрүүчү дегенди түшүндүрөт. Вариант көбүнесе оозеки чыгармаларга мүнөздүү.

Эл арасында «Манас»эпосунун *Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Шапак Рысменди уулу, Тоголок Молдо, Багыш Сазан уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Ыбырай Абдракман уулу, Мамбет Чокмор уулу* ж.б. манасчылар тарабынан түзүлгөн варианттары бар.

Бардык негизги варианттарга мүнөздүү өзөк окуялар: күчтүү душман тарабынан кыргыздардын чабылышы, негизги каарман баатыр Манастын төрөлүшү, бала чагы, алгачкы эрдиктери, кыргыздардын Алтайдан Ала - Тоого кайра көчүп келиши, Шоорук, Алооке окуялары, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көзкамандар окуясы, Алманбеттин тарыхы, Көкөтөйдүн ашы, Чоң казат, Манастын өлүмү жана ага күмбөз салдыруу.

“Семетей”, “Сейтектин” *Саякбай Карала уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Багыш Сазан уулу, Жакшылык Сарык уулу, Мамбет Чокмор, Акмат Рысменди уулу, Актан Тыныбек уулу* ж.б жараткан варианттары бар.

Азыркы күндө «Манас»үчилтигинин 80ге жакын варианты окумуштуулар тарабынан жазылып алынып, Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Эпостун улам жаңы үлгүлөрүн жыйноо дагы деле улантылууда.

"Манастын" учу-кыйырсыз кенендиги менен тереңдигин жүрөккө сыйдырып, урпактан урпакка көөнөртпөй жеткириш үчүн ашкан зор таланты, ташкындаган кыял-сезими, эргиген ой-санаасы бар, бир эшиткенин эзели эсинен чыгарбаган сөз шаалары талап кылынган. Ички дүйнөсү бай, элинин дилин, санжыра, уламыштарын, үрп - адат, салт - санаасын, нарк-насилин билген, кандайдыр бир деңгээлде сыйкырдуу күч даарыган киши гана чыныгы манасчы боло алган. Эзелки тарых уңгусун бой тумар сындуу боюна көтөрүп, дээрине катып, эчен бир замандардын закымына алдырбай, укумдан тукумга жеткирип келген керемет манасчылар эл ичинен эч качан үзүлгөн эмес.

Манасчылык - эл арасында өзгөчө кадыр-баркка ээ өнөр, купуя сыры бар

табышмактуу шык. Кыргыз элинин арасында бардык башка кесип ээлеринин ичинде манасчылар сыяктуу баркталып, жогору бааланганы чанда-чанда. Бул тээ илгертен бери келе жаткан кесиптин өзүнчө салты, атайын сырлары, өзүнө таандык өзгөчө ыкмалары бар.

Манасчылык кесиптеги элге кеңири белгилүү болгон, бирок ошого карабастан бүгүнкү күнгө чейин илимде аягына чейин так жооп алына элек сырлардын бири — өнөр ээси кесипти үйрөнүүдөгү биринчи кадамын түш көрүүдөн баштайт. Чоң манасчыдан тартып чала манасчыга чейин өз өнөрүн түш көрүү менен байланыштырат, бирөөдөн үйрөнгөн үчүн эмес, түш көргөн үчүн гана «Манасты» айтып калдык дешет. Абалтан эле миллион сап "Манасты" адатта түшүндө аян берип, кайып даарыган өзгөчө касиеттүү кишилер гана ажарына чыгарып, арбыта айтып келген.

Экинчиден, манасчынын чыгармачылык өсүш жолунда, өнөр ээси катары такшалышында эпостун салттык көрүнүштөрүн өздөштүрүү, белгилүү манасчылардан таалим алуу, үйрөнүү өзгөчө орунду ээлейт. Манасчылар түш көрүүгө, эпосту эл алдында биринчи жолу аткарууга чейин эле бир топ узак убакыттар бою ушул кесипти эңсеп, манасчы болууга көп далалаттар жасап, кесиптин негизги сырларын үйрөнүп жүргөн.

Үчүнчүдөн, көпчүлүк манасчылардын ата-энеси улуу жомокту бала күндөн баласынын кулагына сиңирип, бул кесипти укум-тукумуна чейин өткөрүп улап келген.

«Манасты» айтууда манасчы кайсы бир даражада бул зор драманын автору да, койгон режиссеру да, аткарган актеру катары да роль ойнойт. Окуя-кырдаалдардын кыябына, кейипкерлердин психологиялык ал-абалына жараша бүткүл турпаты, өң келбети, кол ишараты, аваз-үнү миң өзгөрүп, миң кубулуп, бирде кубанса, бирде муңайып, бирде зар какшап ыйласа, бирде кайра чыйралып, бирде армандуу күңгүрөнсө, бирде кайра туруп буркан-шаркан түшүп, уккандарды сыйкырчыдай арбап алат. Аны менен бирге эшитип отурган эл бирде күлсө, бирде ыйлап, бирде күйсө, бирде кайра терең ойго термелип, качанкы бир болмуштун каармандары менен кадимкидей аралашып, чогуу жүргөндөй болушат.

Нидерланды өлкөсүнүн окумуштуусу, манастаануучу Ниенке ван дер Хейде мындай дейт: «Орус элинин «Илья Муромец», татар элинин «Эдигей», фин элинин «Калевала» жана башка дүйнө элдеринин элдик эпосторунун оозеки айтылбай, жандуу өмүр сүрбөй калышына канча болду? А түгүл, кыргыз элинин «Манастан» башка эпосторунун жаңы варианттарынын жаралбай, оозеки айтылбай, китептерде, аудио тасмаларда гана жашап калышына канча болду? Бул жагынан алганда, манасчылары суюлбай айтылып келе жаткан «Манастын» бактысы зор».

Казак элинин чыгаан окумуштуусу, көрүнүктүү манастаануучу Мухтар Ауэзов манас айтуучуларды чоң манасчы, чала манасчы, ошондой эле аймактык жактан Ысык - Көлдүк жана Тянь - Шандык айтуучулар деп бөлгөн.

Белгилүү фольклорист, манастаануучу Р.З. Кыдырбаева манасчыларды Чүйлүк, Ысык - Көлдүк, Тянь - Шандык жана Түштүктүн манасчылары деп

бөлүштүргөн.

Белгилүү манас изилдөөчү Самар Мусаев болсо эл арасында манасчыларды төрт топко бөлөрүн белгилейт. Үйрөнчүк манасчы устаты айткан айрым эпизоддорду жаттап алып аткарат. Чала манасчы эпостун элге кеңири белгилүү болгон эпизоддорун жаттап алып, анча-мынча кошумча киргизүү менен аткарат. Чыныгы манасчылар эпостун негизги окуяларын жакшы өздөштүрүп, аларды баштан-аяк өз түшүндүрүүсү, алымча- кошумчалары менен аткарат, өзүнчө вариант түзөт. Ал эми зор таланттуу, эпостун өсүп-өнүгүшүнө орчундуу салым кошкон, жогорку көлөмдүү вариант жараткан, эпостун бардык окуяларын баштан аяк ирети менен толук, кеңири мүнөздө аткарган, эл арасында таасын таанылып, өзгөчө кадыр- баркка ээ болгон манасчыларды чоң манасчылар деп урмат менен аташат.

Окумуштуу Азиз Салиев манасчыларды баяндын көп жерлерин эсине тутуп, башка жерлерин өз сөздөрү менен айтып, өз нускаларын, өз вариантын түзүшкөн аэддер тибиндеги жана жаралып калган ыр түзүмдөрүн жаттап алып айткан рапсоддор тибиндеги аткаруучулар деп бөлүштүрөт. «Андай аткаруучу рапсоддор кээде сахналарга чыгып, радио жана телекөрсөтүү аркылуу өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аткарып жүрүшөт. Бирок аларды «Манас»дастанын улап, өнүктүрүп келген акын-дастанчылар менен чаташтырбоо керек: чоң манасчылар, бир чети мурдагы тексттерди толуктап, өрчүтүп, өз варианттарын түзгөн күчтүү төкмө акындар болгон да, экинчи жактан аткаруучулук өнөрү ашкере таасирдүү залкар ырчы артисттер эле», - дейт ал.

Кылымдар бою элибизди баш коштуруп, эртеңден үмүт үздүрбөй шыктандырып келген улуу руханий кенчибизди табериктей бапестеп колубузга тапшырууда манасчылардын эбегейсиз зор эмгегине таазим этүүгө милдеттүүбүз.

**2- суроо**. Жарым миллион сап «Манас»баянын жадысында сактап, азыркы XXI кылым заманына жеткирген жана андан ары улап жаткан манасчылар жөнүндө маалымат.

Элдик уламыш, аңыздар боюнча биринчи манасчы - **Ырамандын ырчы уулу** болгон.

Ырамандын Ырчы уулу,
Ырдап айткан кебимди.
Канчалар кордук кылганда,
Кайраным тапкан эбимди", - деп Манас өзү баа берген дешет. Манастын көзү өткөн соң Абыке, Көбөштөрдүн ыгына көнбөй, жер кезип, Манасты даңазалап жүрүп өткөн экен.

**Жайсаң ырчы** Манастын учурунда жашап, анын жортуулдарын даңктап ырдаган экен. Алтайда турган кыргыздарды бүтүн жыйдырып кеңеш кылганда, Үмөт уулу Жайсаңды да чакыртканы айтыла

Атасы Жакып кары бар,
Акылмандын баары бар...
Айдаркан уулу эр Көкчө
Баары келген чагы бар
Үмөт уулу Жайсаң бар
Өлүмдөн коркпос көп
жандар

Жайсаң ырчы боз үйдүн жабдылышын эле жарым күн айтчу экен: Алиги көргөн Кайыпдаң Кыз берүүгө камданган Уугун күмүш суулантып,
Керегенин порумун
Кандай уста кылган деп,
Көргөн жанга суратып Ак
манат менен жаптырып,
Алтындан нагыш чаптырып,
Ичин кызыл сырдаган,
Чийин жибек чырмаган
Салтанатын көргөндө
Жайсаң ырчы дегени,
Жалаң үйдүн порумун
Жарым күнгө ырдаган....

**Токтогул ырчынын** жашаган доорун уламыштарга негиздесек, кадимки Аксак Темирдин дооруна, тактап айтканда, 14-15-кылымдарга туура келет.
Ал тууралуу Тоголок Молдо:
Ырамандын соңунан,
Иши келип оңунан.
Элден таап нускасын,
Арбытып айтып кыскасын.
Токтогул ырчы ырдаган,
Токтогул ырдап турганда,
Калктын баары тыңдаган.
Ырамандын Ырчы уул -
Жомокчунун башчысы.
Баарын тизген Токтогул -
Бул жомоктун ачкычы”,- деп эскерет.

**Түлөберди** (1735-1810)

Таластагы жетиген уруусунан чыккан манасчы Түлөберди жашаган чөлкөмгө күндөрдүн бир күнүндө жоо келген экен. Алар жоокерчиликтин эски ырымы менен туу кандамак болушуп туткун кармоого киришет. Туткунга Түлөберди манасчы түшүп калып, акыркы күнүм ушул экен деп ойлойт да, “Манасын” айтып кирет. Жоо анын ырына кызыгып, угуп-көрүп, ыры бүткөн соң өлтүрмөк болушат. Бирок ырчынын ыры түгөнбөйт. Бир күн айтат, эки күн айтат, үч күн айтат, түгөнбөйт... Ошондо аскербашы: “Биз жоонун касиеттүү кишисин кармап келген экенбиз. Мындай киши менен туу



кандалбайт. Жолубуз болбой калган экен, кайттык артка!” - деп, элге кол салбастан, ат башын кайра артка бурган экен. Ошентип улуу манасчы элин

жоодон сактап калыптыр.

Тулпар манасчы **Келдибек Карбоз уулу** Чүй өрөөнүндөгү Жел-Аргы деген жерде туулуп, 80 жаштан өткөн кезде 1880-жылдарда Ат-Башыдагы Баткак деген жерде каза болгон. Келдибек Манас айтканда, тегерегиндеги жандуу-жансызды бүтүндөй өзү менен Манас дүйнөсүнө ээрчитип кетчү дешет. Келдибектин манасчылыгына олуя акын Арстанбек таң бере мындай деген экен:

Келдибек Манас айтканда,
Шамал уруп, бук болуп,
Боз үйлөргө жүк толуп.
Чагылган учуп чартылдап,
Керегe-уук карчылдап.
Ат дүбүртү угулуп,
Журт атасы Манастын,
Алмамбет, Чубак, Сыргактын,
Арбагы көзгө урунуп.
Кырк чоро кырдан суурулуп,
Железе кулун чыңырбай,
Кымызга көңүл бурулбай.
Төөлөр чөгүп жоодурап,
Койлор жуушап, кепшебей,
Коңулда иттер эт жебей.
Аздектеп турчу бардыгы.
Кара тору түспөлү,
Кыпкызыл болуп чыңалып,
Арча отундай чок болчу.
Ашырып айтаар Манасты,
Ак уул, Куу уул кыргызда,
Андай адам жок болчу.
Он эки мүчө шалкылдап,
Бүт денеси балкылдап,
Тар дүйнөнү унутуп,
Кең бейиште жүргөндөй.
Сыйкырдуу дүйнө аралап,
Керемет болуп кеткенин,
Көргөн жайым бар эле,
Көрбөгөн адам зар эле.

Келдибектин өнөрү жөнүндө мындан таасын, мындан так сөз табуу кыйын. Бир сөз менен айтканда, Келдибек сейрек кездешүүчү, чыныгы алп манасчылардын бири болгон.

**Назар Болот уулу** (1828-1893) Ысык-Көлдүн Түргөн болуштугуна караштуу Сары-Камыш айылынан чыккан. Аны көрүп билгендер анын чоң жомокчу болгондугун, эпостун үчилтигин толук билгендигин эскеришет. Чокон

Валиханов жазып алган “Көкөтөйдүн ашы” дал ушул Назар манасчыдан Жыргалаң суусунун боюнда жазылып алынган деген маалымат бар.

**Тыныбек Жапый уулу** (1846-1902) - манасчылардын ири өкүлү, өзүнүн артынан далай шакирттерди өстүрүп чыгарып, манасчылыктын өзүнчө бир мектебин түптөгөн. Ысык-Көлдүн Кайнар деген айылында жарык дүйнөгө келген. Эл ичинде: «Тыныбек “Манас” айтып атканда жерден бир карыш көтөрүлүп калчу, көл үстүнөн басып кетчү. Дүйнөдөн кайтканда Ай тутулуп, табият да улуу жомокчуга аза күткөн»,- деп айтылган.



Тыныбектен «Манас»жазып алуу үчүн келгенде, алардын эмне максатты көздөгөнүн ачык билбеген жомокчу Семетейден айрым бир үзүндүлөрдү гана айтып берген. Ал үзүндү “Семетейден бир бөлүм” деген ат менен араб арибинде 1925-жылы Москвадан жарык көргөн. Ал эми Кыргызстанда болсо, китеп болуп 1994-жылы биринчи ирет жарыяланат. “Манасты” өмүр бою оозунан түшүрбөгөн Тыныбек өлүм алдында да:

Таштабай айттым сөзүңдү,
Өзүмө өзүң тапшырган.
Тагдырга жакын болгон бейм,
Танып барам акылдан.
Кыргызга нускам калбады,
Кыраан Манас Баатырдан.
Арманым ушул, калайык,
Арбактуу эрди таштабай,
Айтса экен элим артымдан! - деген.

Айткандай, анын артынан далай шакирттери чыгып, сөзүн жерге таштабай улап кетти. Андан таалим алган Тоголок Молдо, Сагымбай, Калыгул, Байбагыш, Деңизбайлар өз мезгилинде белгилүү манасчылардан болгон.

**Кенжекара Калча уулу** (1859-1929) - семетейчи, манасчылыктын салттуу түрүнөн айырмаланып, эпосту аспаптын (кыл кыяктын) коштоосу менен аткарган. 1859-жылы Пишпекте төрөлгөн. 1903-жылы анын аткаруусундагы “Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү” жана “Ак бала баатыр жөнүндө ыр” деген чыгарма сүрөтчү Б.Смирнов тарабынан үнжазгычка жазылып алынган. Б.Смирнов мындайча эскерген: “Жөнөкөй тери тон кийген, башында шуңшуйган калпагы бар, колуна куржун кармаган кичинекей жалпак кыргыз жакындап келип, шашпай аттан түштү. Бөлмөгө киргенде Кенжекара калпагын алып, топучан калды. Ал орто жашап калган киши экен. Жерге малдаш токунуп отуруп, куржундан кыл кыягын алып чыкты. Бул аспап биздин скрипкага окшогон кылы бар музыкалык аспап. Ырчы кыяктын кылын кармап көрүп, бир-эки жолу чалды да көкүрөктүн тереңинен коңур үн чыгарды. Бул музыкадан жана ырдоодон болгон таасирди айтуу кыйын... Кекиртек менен ырдалган үн музыканын өзүнө ылайык келип, жарашып турду. Ал ырдап жатканда угуучуларга такыр караган жок, өзүн курчап турган кишилерди унутуп койгондой болду”.

Сүрөтчүнүн бул маалыматы Кенжекара манасчы тектеш элдер ырдап жүргөн азыркы көмөкөйдөн ырдоо өнөрүн билгенин маалымдайт.

**Тоголок Молдо (Байымбет Абдырахманов)** (1860-1942) - кыргыздын белгилүү жазма акыны жана манасчысы. 1860-жылы Ак-Талаа районундагы Куртка деген айылда туулган. Атасынан 14 жашында ажырап, андан кийин аталаш агасы Музооке ырчынын тарбиясында жүргөн. Тыныбек манасчынын ал жашаган айылга келип “Манас” айтышы жаш балага катуу таасир эткен. Кирпик ирмебей тикирейип карап отурган баланы кыраакы Тыныбек да байкап, өзү менен ала кеткен, Тоголок Молдо деген ылакап атты берген.

Тоголок Молдо санжыра-тарыхты мыкты өздөштүрүп, Манастын тарыхый доорун тапканга да бир топ далалат кылган. “Манастын” өз вариантын өзү кагазга түшүрүп, 1937-жылдан тартып 1941-жылга чейин Кыргыз Илимдер академиясына «Манас»үчилтигинен 98 703 сап ыр тапшырган. Анын ичинен “Семетей” 44 873 сап ырдан туруп, башка бөлүктөргө караганда толук жазылган. Ал эми “Манастын ашы” сыяктуу эпизод башка манасчыларда кезикпегендиги менен айырмаланып турат.

Белгилүү манасчы **Чоюке Өмүр уулу** (1863-1925) Ысык-Көлдүн Түргөн болуштугуна караштуу Кара-Бөлтөк айылында дүйнөгө келген. Чоюкенин түшүнө баатырлар көп жолу аян берген экен. Калың эл «Манасты» Чоюкедей эч ким айта албайт деп баа беришкен. Шакирти Саякбай Карала уулу Чоюкенин ашкере талантын: “Чоюке - чынар, мен - чырпык. Чоюке - бүркүт, мен - чымчык” деп баалаган. Айрыкча Каныкейдин Тайторуну чапкан жерин айтканда, ыйлабаган киши калчу эмес экен. Саякбай да ушул бөлүктү аябай ийине жеткире мыкты аткарганына караганда, өз устаты Чоюкеден өздөштүрсө керек деп болжолдосо болот.

Атагы калың журтка белгилүү манасчылардын бири **Шапак Ырысменде уулу** (1863-1956) Кочкор өрөөнүндөгү Шамшы деген айылда жарыкка келген. Ага атактуу Балык манасчынын тийгизген таасири зор. Андан “Манасты” көп угуп, эпостун сыйкырына арбала берет. Аян берген түштөн кийин ал биротоло “Манас” айтууга белсенет. 26 жашында Сагымбайга кезигип, бирге ээрчишип жүрүп, бири-биринен таалим алышат. Кийинчерээк, айтылуу Акылбек манасчыга да жолугуп, андан да таалим алат.



Шапак манасчыдан 1935-1948-жылдар аралыгында “Манастын” үч бөлүмү тең: “Манастан” - 24 588 сап ыр, “Семетейден” - 42 338 сап ыр, “Сейтектен” - 14 718 сап ыр жана «Манас»эпосунан сырткары “Мендирман”, “Жаныбек” сындуу кенже эпостор жана элдик макал-ылакаптар жазылып алынган.

Залкар манасчы **Сагымбай Орозбак уулу** (1867-1930) Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Кабырга деген айылда туулган. Сагымбай кайып дүйнө менен кадимкидей аралашып, таң калычтуу учурларга өтө эле көп кезиккен. Эч нерсе жок жерден айыл иттери ызы-чуу түшүп, бир нерсени ээрчий чуркашып, абалап үрүп калганын көрүп түшүнбөй турган элге: “Баатырдын колу келди. Курмандыкка союш сойгула” -деген Сагымбайдын сөзү ары сырдуу, ары сүрдүү угулар эле дешет. Анын жанындагы аксакал кишини

көрүп чочуп кеткен аялын сооротуп, ал киши бала кезинен бери жанында келе



жатканын, өзү кер мурут болгондо, ал да кер мурут болгонун, кара сакал болгондо, карасакал, аксакал болгондо, аксакал болгонун айтып жооткоткон. Өзү өмүрүндө калп айтпаган, куулук-шумдук менен жумушу жок адам болгон. Ден соолугуна байланыштуу андан үчилтиктин "Манас" бөлүмү гана жазылып калган. Сагымбайдын варианты ырынын кооздугу, түзгөн элестеринин тереңдиги жана байлыгы, эл турмушун кенен алып, таамай сүрөттөй алгандыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Сагымбайдын талантына манасчылар өздөрү да таазим этип, баш ийишкен. Мисалы, жыйырманчы кылымдын Г омери аталган Саякбай Карала уулу, бүркүтү Сагымбайдын күмбөзүнө конуп калгандыгына эле чексиз кубанып, өзүнчө ырым кылган.

Сагымбай өзүн семетейчи катары эсептеп, үчилтиктин ушул бөлүгүн эң бир чеберчиликте аткарчу дешет. Тилекке каршы, ал бөлүгү бизге жеткен жок. Андан "Манасты" жаздыруу ортолоп калганда, Ыбырайым Абдырахманов: "Саке, дагы канча калды?" - деп сураса, алдындагы чоң чарада турган эттен уучуна толо алдыртып: "Жазганыбыз уучуңдагыдай болсо, жаза элегибиз чарадагыдай калды" деген экен. Анысына караганда, залкар манасчынын "Манасы" ичинде кеткенине «аттиң» деп өкүнөсүң. Сагымбайдын оозунан жазылып алынган үчилтиктин "Манас" бөлүгү 180 378 сап ырдан турат. Анын "Манасы" аркылуу кыргыз эли бүтүндөй дүйнөгө сыймык кыла алат.

**Жаңыбай Кожек уулу** (1869-1942) Жумгал районунда туулган. Жети атасы тең: Айдарбек, Сүйүнбай, Сакөчүк, Теңирбай, Сары, Жаманкары, Кожек «Манас»айтып келишкен. Жаңыбайдын «Семетейин» жазып алууда «Манас»жыйноочу Каюм Мифтаков чоң эрдик жасаган. Ал Жаңыбайды үйүнө чакырып, тамагын, кийимин камсыздап жана күнүнө 200 сомдон төлөй турган болуп макулдашып, 1936-жылдын сентябрь айынан баштап 1937- жылдын март айына чейин жүз басма табак көлөмүндөгү эпосту - «Семетей» эпосун толук жана «Манастын санжырасы» жана «Манастын балалык чагы» бөлүмдөрүнөн үзүндүлөрдү жазып алган.

**Сейде Дейди кызы** (1881-1946) Наманган уездине караштуу Багыш болуштугундагы Жампа-Салды айылында дүйнөгө келген. Атасы Аксы менен Арпага аты угулган чечен, өнөрпоз адам болгон. Дейдинин үйүнө маал-маалы менен Кыдыраалы манасчы келип, "Манас" айтып турчу экен. Дейди өнөрпоз болгондуктан, Тогуз-Торо, Жумгал, Кочкор, Ысык-Көл, Ташкен, Түркстан, Самарканга чейин барып, эл-жер кыдырат. Барган жеринин баарына кызы Сейдени ала жүрөт. Атасын ээрчип жүргөн кызы ыгы келген жеринен «Манас»айта салчу болот. Ошентип, эл ичинде Сейденин өнөрү кеңири тарап, көпчүлүккө белгилүү боло баштайт. Жашы он бешке келгенде Сейдени күйөөгө узатышат. Кайната-кайненеси динчил адамдар болгондуктан, «Манас»айтышына каршы чыгышат. Сейде мындай кордукка чыдай албастан качып кетет да, атасынын колуна барат. Кийин Устажолдош деген төкмө акынга турмушка чыгат. Күйөөсү Сейденин өнөрүн туура кабыл

алат. Бирок, “Эл оозунда элек жок” дегендей, эл ичинде өйдө-төмөн сөз жүрүп, молдо-эшендер: “... аял «Манас»айтса, аны арбак уруп кетет, а түгүл жакындарын да арбак урат” деп коркутушат. Сейде үйдө эч ким жокто коргондун дарбазасын бекитип, небересин кароолго коюп күнү кечке, түнү бою “Манас” айтып чыкчу экен. Небереси Рыскул уулу Калмураттын айтканына караганда, чоң энеси “Манас”, “Семетей”, “Сейтек”, “Кенен”, “Алымсарык” эпосторун айткан экен. Сейдеден 3 басма табак көлөмүндө жазылган “Манастын Ферганага калаа курдурганы” деген үзүндү Кыргыз улуттук илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

Обончу, акын, комузчу, кыякчы, дастанчы жана манасчы **Молдобасан Мусулманкул уулу** (1883-1961) Нарын областына караштуу Ак-Талаа районунун Терек айылында туулган. “Манас” үчилтигин толук билген, “Курманбек”, “Жаныш-Байыш”, “Жаңыл Мырза”, “Кедейкан” баш болгон бир катар кенже эпосторду да ийине жеткире аткарган. “Курманбек” эпосу 1928-жылы кыргыз элинин кенже эпосторунун тарыхында биринчи жолу китеп болуп чыккан. Андан 1935-1945-жылдары жазылып алынган «Манас»үчилтиги 203 000ге жакын ыр сабын түзөт. Көркөмдүгү жагынан да өзгөчө коодукка ээ. Мисалы, Манастын келбетин Сагымбай:

“Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй,-деп сүрөттөсө, Молдобасан манасчы андан ары өрчүтүп:

“Жети кабат кара жер,
Салмагынан бүткөндөй.
Жети дайра деңиздин,
Жаркынынан бүткөндөй.
Аңырайган капчыгай,
Алкымынан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Дайрадагы жаяндын,
Каарынан бүткөндөй,
Ажыдаар, жыландын,
Заарынан бүткөндөй.
Бейиштеги мөмөнүн,
Наарынан бүткөндөй”,-деп толуктайт.

Молдобасан Мусулманкул уулунун айтуучулук өнөрү боюнча кыргыз элдик музыкасын изилдөөчү В.Виноградов: «Молдобасан «Манас»айтып жатканда көркөмдүк сезимин жоготпойт, салтты пайдаланат. Интонациясы так, ладдык негизи айкын, речитациясы дайыма музыкалуу, текстти кашкайтып, даана бере билет»,- деген.

Белгилүү кыргыз фольклор жыйноочусу, санжырачы, педагог, манасчы **Ыбырайым Абдыракман уулу** (1888-1967) Ысык-Көлдүн Чырак деген айылында туулган. Ыбырайымдын сабаты эрте жоюлуп, элдик оозеки чыгармачылыкка болгон ышкысы эрте ойгонот. 7-8 жашында айылдагы кары-жаштар чогулуп, «Манас»билген кишилерден эпосту айттырган кезде, кай бир эпизоддорун өздөштүрүп алып, эртеси айтып берер эле. 13 жашында айтылуу Акылбек манасчыга жолугуп, аны 28 жашка дейре үзгүлтүксүз угат. Андан башка дагы ошол кездеги белгилүү манасчылар Дыйканбай, Жандаке, Байжан, Жакшылык (Кара ырчы), Отунчу, Калча өңдүү манасчыларга да жолугуп, алардан да таасирленген. Бул тууралуу өзү:

Мен да билем башынан,
"Семетей", «Манас»жомогун,
Акылбектен көп уктум,
Өздөштүрүп төп уктум.
Жандаке, Байжан, Калчаны,
Алардан уктум канчаны.
Отунчу менен Жакшылык,
Белектен чыккан Дыйканбай,
Алардан уктум бир далай.
Сагымбайдан көп жаздым,
Айткандарын төп жаздым" - деп эскерет.

Сагымбай Орозбак уулунан 1922-жылы "Манас" эпосун кагазга түшүрүү менен Ыбырайымдын элдик мурасты жыйноого киришүүсү башталган. "Манасты" жазып алуу аябай кыйынга турган. Ага Ыбырайымга окшогон аябай берилген адам гана чыдамак.

Ыбырайым көптөгөн манасчылардын варианттарын кара сөзгө айландырган. Бир нече үзүндүлөрдү басмага даярдаган. Элдик адабияттын бир топ үлгүлөрүн жыйнаган. Өзүнүн вариантын да жазып калтырган. 1946-1952-жылдары ал жазып калтырган "Манас" бөлүгү - 26 456 сап, "Семетей" 23 364 сап, ал эми "Сейтеги" 7 839 сап, баары биригип 57 659 сап ырдан турат.

**Саякбай Карала уулу** (1894-1971)



«Чет мамлекеттен келген меймандар С.Каралаевди угуп, көргөн соң, ар качан ооздорунан түшүрбөй даңазалап кетишчү. Андайлардын канчасын өз көзүм менен көрүп, өз кулагым менен уккам. Алжир Республикасынын маданият министри Мурад Борбуну С.Каралаевдин «Манасты» аткаруусун көрүп, көзүнө жаш алып, аны мойнунан кучактап, бетинен өпкүлөп, «Силер жазуу, адабиятыбыз, китептерибиз болгон эмес дейсиңер, мынакей силердин улуттук китепкананар ушул абышка» деген»,- деп эскерет Ч. Айтматов.

Өз заманынын эң залкар манасчысы Саякбай Карала уулу Ысык-Көлдүн Ак-Өлөң деген айылында туулган. Бардык манасчылар сыяктуу эле Саякбайдын манасчы болуп калышына да аян-түш себепкер. Каныкей, Бакай жолугуп, 6-7 жылдан кийин жомокчу болуп чыгаарын айтат. Андан соң Бакай жанындагы Манас баш болгон баатырларды тааныштырып, батасын

берип, калың кол жөнөп кетет.

Чоң энеси Дакиш ыр-жомокко шыктуу киши болуп, “Манастан” да айтып берип, бала күндөн улуу жомокту кулагына сиңирип жүргөндүктөн, Саякбай аян түш көргөнгө чейин эле «Манас»айта коюп жүргөн экен. Бирок ошол аяндан кийин гана «Манас»айтууга бир беткей киришкен.

Саякбайга устаты Чоюке Өмүр уулунун тийгизген таасири зор. Саякбай: “Чоюке - чынар, мен - чырпык!” - деп, устатына аябай урмат көрсөткөн. Чоюкеден кийин Акылбек, Кайдуу сыяктуу чоң манасчылардан да жомокчулуктун сырларын өздөштүргөн.

1919-жылы февраль айынын аягында Саякбай манасчы менен жазуучу, окумуштуу Зияш Бектенов карело-фин элинин атактуу жомогу «Калеваланын» ошо кездеги басмадан чыккандыгынын 100 жылдык майрамына катышуу үчүн барып калышат. Саякбай Каралаев менен Зияш Бектеновду Кыргызстандан келген өкүл дешип, президиумга шайлашып орун беришет. Залда отургандардын суроосу менен Саякбай ортого чыгып беш- алты мүнөтчө «Манас»айтып бергенде залдын ичиндеги кыймыл токтоп, аяктаганда алакандар дуулдап чабылып, залдагы отурган окумуштуулардын бир тобу ордуларынан туруп, окумуштуулар В.М.Жирмунский, Гардлевский, Козин баш болуп Саякбайга басып барышып, бетинен өөп, кучактап куттукташат.

Эртеси Карелиянын радиосунда Саякбай Каныкейдин Тайторусун чапкан жерин айтып берет. Радиодон кийин кечинде жолугушууга барганда, Саякбай Каныкейдин Тайторусун чаптырып, айкырыгы баш жарчудай, кыйкырыгы таш жарчудай, муруттары бириндеп, эки этеги дирилдеп, кадим Тайторуну өзү чапкандай, өзүн-өзү сүрөп ат үстүндө келе жаткандай болуп: Арыстан Манас, өлбөй кал,
Азапты бейбак көрбөй кал!
Карындан чыккан баламдан,
Капыстан өлүп каламбы,- деп айтып жатып ыйлап киргенде, зал тыптынч болуп, отургандар Саякбайга айрандай гана уюп отуруп берген экен. Талкуу башталганда академик Козин: «Мен көп элдин жомокчу ырчыларынын, артисттеринин эпос айткандарын, ырдагандарын көргөм, бирок Каралаевдей укмуштуудай таланттуу аткаруучуну көргөн эмесмин. Каралаевдин аткаруусу ушунчалык таланттуу, азыркы аткарган «Манасына» тил билбесек да түшүнүп, катуу таасирлендик», - деп баа берген.

Окумуштуу Азиз Салиев мындай деп эскерет: «1956-жылы кыргыз адабиятынын Алматыда өткөн күндөрүнө барабыз деп даярданып жатканда Мухтар Ауэзов атайын телефон чалып, арабызда Саякбайдын сөзсүз болушун суранды. Университеттин залында өткөн биринчи жана негизги кездешүүдө кириш сөз Мухтар Ауэзовго берилди. Бизге келген сайын жазуучу өлкөбүздө да, чет мамлекеттерде да «Манас»жана Саякбай жөнүндө сөз кылганын дайыма айтар эле. Бул кечеде да Париж менен Нью-Йоркто телевизор аркылуу, Делиде президент-философ Радхаришнандын алдында сөз болгонун белгиледи. «Манастын» дүйнөлүк дастандар арасындагы жаркын өзгөчөлүктөрүн айтып, Сакеңдин өнөрүнө өтө толкундангандык менен токтоду да: «Осы улы адам шалкыган дастандарды жараткан даулердин соңы гой. Европалыктардын сөзү

менен айтканда «Последний из Могикан». Булай алп дастаншы Сакеңден кийин дүйнеге келмейди. Осы улы дэу адамды казак калкы, биздин казак интеллигенциясы жана жастары көрип калсын деп алдырып келип олтырабыз. Кэзир Сакем алдымызга шыгып, дастандын сөзинен айтып береди. Осыны тыңдап, Сакеңдин өнөрин да, сөзин да, өзин да эске тутуп калыңдар", - деди. Ауэзовдон кийин Сакеңе сөз берилип, Сакең Тайторунун чабылышын айтты. Зал манасчы бүтөрү менен дүр эте жапырт көтөрүлүп, узакка кол чаап турду... »

Академик Б. Юнусалиев өзүнүн жазган эмгегинде залкар манасчы жөнүндө мындай деген: «Сакемден башка эч бир манасчыдан эпостун үч бөлүгү толук жазылып алынган эмес. Ошондуктан, ал вариант - уникалдык, жападан жалгыз вариант. Муну Саякбай карыянын өз элине, бүткүл адамзатка калтырган баа жеткис чоң тартуусу деп билиш керек».

Саябай Каралаевден 500 553 сап ырдан турган «Манас» эпосунун алты бөлүгү, башкача айтканда Манастын беш мууну толук жазылып алынган, анын ичинен «Манас»- 84 513 сап ыр, “Семетей” - 31 6157 сап ыр, “Сейтек” - 84 697 сап ыр, “Кенен”, “Алымсарык, Кулансарык” - 15 186 сап ыр. Манасчынын вариантын жазуу иштери 1932-жылы башталып, 1947-жылга чейин уланган. Ага К.Жумабаев, Ыбырайым Абдыракман уулу, Жунуш Ырыс уулу, К.Кыдырбаевалар катышкан. 1963-жылы Кыргыз мамлекеттик радиосунун “Алтын казнасына” Саякбай Карала уулунун айтуусу боюнча 45 000 метрлик үн тасмасына “Манас”, “Семетей” бөлүктөрү жазылып алынган. 1966-жылы М.Убукеевдин демилгеси боюнча “Кыргызфильм” киностудиясы тарабынан “Саякбай” аттуу кинотасма тартылган. Кыргыз илимдер академиясынын кызматкерлери С.Бегалиев, С.Мусаев тарабынан 1968-жылы Саякбай Карала уулунун айтуусу боюнча үн тасмага “Манас” эпосу толук түрдө түшүрүлгөн. Саякбайдын «Манасы» - эң көлөмдүү жана салттык окуялардын баарын толугу менен камтыган вариант.

Саякбай элдик оозеки чыгармалардын көптөгөн үлгүлөрүн мыкты билген жана өзүнүн төл чыгармалары да арбын болгон. Анын вариантындагы “Төштүк” (1957) эпосу түрк тилдүү элдердин арасында сакталган варианттардын ичинен көлөмү жагынан да, көркөмдүүлүгү жагынан да эң мыкты үлгү деп табылып, Парижден француз тилинде жарык көргөн. Андан сырткары “Бүркүттөр” (1952), “Эстен кетпейт” (1957), “Делдеш баатыр”(1957), “Азапты көп көргөн Кубат” (1958), “Канаттуу куштар” (1959), “Бакытай балбан” (1961), “Карамолдо” (1962), “Томор мерген” (1965), “ Унутулгус күндөр” (1967) деген сыяктуу көркөмдүгү мыкты чыгармаларды жараткан.

Заманыбыздын дагы бир залкар акыны Байдылда Сарногоев:

«Сакемдин өзүн карасаң,
Сакадай болуп кичине.
Айкөл Манас бүт баткан,
Алмадай баштын ичине!” - деп таамай белгилеген.

Кыргыз ССРинин жазуучулар Союзунун мүчөсү, Кыргыз ССРинин Эл артисти, “Эмгек Кызыл Туу” жана “Ардак Белгиси” ордендеринин үч жолку ээси, “Ата Мекендик согуштагы каармандыгы үчүн” медалдын, ошондой эле бир катар мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон алп манасчы Саякбай Карала уулу 1935-1954-жылдары Кыргыз мамлекеттик филармониясынын солисти болуп эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан. 1971 -жылы 7-майда Фрунзе шаарында каза болгон.

**Жусуп Мамай (1918)**

Залкар манасчы Жусуп Мамай 1918-жылы Кытайдагы Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу облусунун Акчий районуна караштуу Карабулак айылынын Мергеч кыштагындагы Атжайлоо деген жеринде туулган.

Агасы Балбай билимдүү адам болгон, Чойбек, Ырысменде, Шапак, Найманбай, Балык, Тыныбек, Сагымбай, Жусупакундардын «Манасын» билген, айрымдарын кагазга түшүргөн.

Жусуп Мамай Манастын Семетей менен Сейтектен кийинки Кененим, Сейит, Асылбача-Бекбача, Сомбилек жана Чигетей аттуу жети урпагына чейин баатырдыктарын жомок кылып айткандыгы менен айырмаланат.

Жусуп Мамайдын дагы бир өзгөчөлүгү - анын жазма манасчылыгында. Ал эпосту жөн гана айтпастан, кагазга да түшүрүү иштерине жигердүү катышкан.

**Сейдана Молдоке кызы (Семетейчи Сейдана)** (1920-2006)

Негизинен эле “Манас” жүгүн көтөрүнгөндөр эркектер болуп, аял манасчылар өтө сейрек кездешкен. Сейдана Молдоке кызы аян берген окуядан кийин да жомокчулук жолго түшпөй жүрө берет. Анткени, биресе элден тартынса, экинчиден, кайнатасынын каарынан коркот. Кийин бир канча жолу түшүнө баатырлар кирип, айтасың деп кыйноого алышат. “Айтпасаң, шерлериңди алабыз!” - дешет. Сейдана бул сөзгө кийин,
Арзыбек, Дөөлөтбек, Мырзабек, Таласбек деген төрт баласы тең сопсоо жерден эле биринин артынан бири чарчап калганда түшүнөт. Ээн жерлерге барып, «Манас» айта баштайт. Ошентип кыйналып жүрүп, Торкенде слёт болуп атканда жерде биринчи жолу эл алдында «Манас» айтат. Анан бат эле оозго алынып, “Семетейчи Сейдана” атыгат. Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти Сейдана Молдоке кызы 2006-жылдын 24-мартында 86 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

**Кааба Атабеков** (1924-2008)

Кыргыз Республикасынын Эл артисти, «Манас»- 1000» медалынын ээси, манасчы Кааба Атабеков Ысык-Көл областынын Тоң районуна караштуу Төрт-Күл айылында туулган. 12-13 жаш курагында кереметтүү түш



көргөндөн тартып, Каабанын оозу өзүнөн өзү кыбырап, бир жерге туруп токтоно албай, ыр ырдагысы келет. Уулунун мындай абалын байкаган атасы Атабек Каабаны ошол айылдык Мамбет Чокмор уулу деген белгилүү манасчыга ээрчитип барып тапшырат, Кааба бир нече жыл бою манасчынын кол алдында жүрүп, таалимин алып такшалат. 1940-жылдын июнь айында Фрунзе шаарында өткөн эл чыгармачылыгынын

Республикалык олимпиадасында Саякбай Каралаев анын «Манас»айтканын угуп, жактырып, батасын берет.

К.Атабеков манасчылардын облустук, республикалык, эл аралык кароо-сынактарында алдыңкы орундарды жеңип алган. 1995-жылдын 21-25-июлунда «Манас»эпосунун 1000 жылдык маарекесине карата өткөрүлгөн манасчылардын Эл аралык кароо-сынагында биринчи орунга татыктуу болгон.

К.Атабековдун айтуусу боюнча Кыргыз илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусуна 1962-жылы «Манас»эпосунун «Жылкы тийүү» окуясы жазылып алынган. К.Атабековдун манасчылык өнөрү тууралуу голландиялык окумуштуу Ниенке ван дер Хейденин илимий эмгектери англис тилинде жарык көргөн, 1998-жылы Голландия кинокомпаниясы тарабынан «Акыркы манасчы» («The Last Manaschi») деген 40 мүнөттүк даректүү кинотасма тартылган. 2000-жылы Швейцария менен Франциянын биргелешкен кинокомпаниялары тарабынан тартылган «Манасчы» деген даректүү кинотасмага К.Атабековдун айтуусунда «Манас»эпосунун «Чоң казат» эпизодунан үзүндүлөр тартылып алынган. Манасчы 1995-жылы Түркия, 1996-жылы Франция мамлекеттеринин атайын чакыруусу боюнча «Манас»айтып барып келген.1998-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн жана ПРООНдун - «Устат-шакирт» аттуу долбоорунун алкагында бир катар жаш манасчыларды тарбиялаган.

**Шаабай Азизов** (1927-2004)

Кыргыз Республикасынын Эл артисти, «Манас»- 1000» медалынын ээси, манасчы Шаабай Азизов Ысык-Көл областынын Ак-Суу районундагы Кара-Бөлтөк айылында манасчынын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 6-7 жашында кой кайтарып жүрүп, Жаман-Карагай жактан кыйкырык, сүрөөн,



чубаган адамдардын келе жатканын көрөт. Ошентип, Шаабай аталарынын жолун жолдоп, эл ичинде «Манас»айтып калат.

1959-жылы Кыргыз Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусуна «Алмамбеттин казактардын Көкчөсүнө келиши», «Көкөтөйдүн ашы», «Эки баатырдын кармашы», «Манастын өлүмү» аттуу, 8 368 сап ырдан турган өзүнүн айтуусундагы «Манас»эпосунун ири окуяларын, 1961 -жылы «Манас»эпосунун «Эр Сарык» (Сейтектин уулу) бөлүгүн өз колу менен кагазга түшүрүп, тапшырат.

Ш.Азизов Кыргыз Илимдер академиясынын атайын өтүнүчү боюнча 1971-жылдын жай айларында кыргыз элинин белгилүү акын, жазуучу, окумуштууларынын алдында бир күн бою өзүнүн вариантындагы «Манас»эпосунун ар кайсы окуяларын айтып берет. Ошол айткандарынын ичинен «Сейтектен» 3 842 сап ыр жазылып алынган. 1995-жылдын апрель айынан тартып ноябрь айына чейин Ш.Азизовдун вариантындагы 100 000ден ашуун сап ырдан турган «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрү толугу менен манасчынын өз оозунан үн тасмага жаздырылып алынат. Ш.Азизов «Манас»эпосунун «Алымсарык», «Кулансарык», «Кененим», «Акаяр», «Акжол баатыр» аттуу кийинки бөлүктөрүн да айта алган.

Кыргыз Улуттук телерадио компаниясынын «Алтын казынасына» Ш.Азизовдун айтуусунда «Тал-Чокунун көрүнүшү жана Алмамбеттин жомогу» аттуу үзүндү 1000 метрлик үн тасмасына жазылып алынган.

«Казакфильм» киностудиясы тарабынан тартылган «Чокон Валиханов» аттуу төрт бөлүмдүү кинотасмада, «Кыргызтелефильм» киностудиясы тарабынан 1985-жылы тартылган «Шайырлар айылы» аттуу концерттик телетасмада Ш.Азизовдун «Манас»эпосун айтып жаткан учуру чагылдырылган. Кинорежиссёр М.Убукеев тарабынан 1994-жылы «Акыркы манасчы» аттуу 20 мүнөттүк даректүү кинотасма тартылат, «Манастын ааламы» аттуу илимий-популярдуу кинотасма жарык көрөт. Манасчынын айтуусундагы «Тайбуурулдун Күлчорону ала качышы», «Күлчоронун Үргөнч суусун кечиши» деген окуялары граммпластинкага жазылып, 1981 -жылы Ташкенттен чыгат. 2000-жылы Швейцария менен Франциянын биргелешкен кинокомпаниялары тарабынан тартылган «Манасчы» деген даректүү кинотасмада Ш.Азизовдун айтуусунда «Жети баатырдын өлүмү», «Алмамбеттин жомогу», «Манастын кошогу» аттуу үзүндүлөрү чагылдырылган. 1996-жылы Түркия мамлекетинин атайын чакыруусу боюнча Ш.Азизов өлкө ичин кыдырып «Манас»эпосун айтып келген. «Устат- шакирт» аттуу долбоорунун алкагында жаш манасчы Тилек Асановду тарбиялаган.

**Уркаш Мамбеталиев** (1934-2011)



Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Улуттук жазуучулар Союзунун мүчөсү, Манас» - 1000» медалынын ээси, үчүнчү даражадагы «Манас»орденинин ээси, “Манас” банкынын стипендианты, акын, манасчы Уркаш Мамбеталиев 1934-жылы Ысык-Көлдүн Түп районуна караштуу Талды-Суу айылында туулган.

Жаштайынан ыр-күүгө шыктуу өскөн Уркаш эпостон айрым үзүндүлөрдү жаттап айтып жүргөн кезде түшүнө аян берген учурлар болгон. Кийин Саякбай Карала уулуна жолугуп, анын батасын алган. Ыбырайым Абдыракман уулуна жолугуп, манасчылыктын сырларын өздөштүргөн. Өз вариантында да айрым эпизоддорду аткарып, Кыргыз Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусуна тапшырган. Уркаш Мамбеталиев 1950-1957-жылдары Муратаалы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынан билим алат. 1957-1962- жылдары Ысык-Көл облустук драмтеатрында артист, 1962-1996-жылдарда Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясында солист болуп эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан. “Манас-мурас” коомдук фондусунда жеткинчек манасчыларга устаттык кылып, таалимин берген. Манасчынын 75 жылдыгына карата анын айтуусундагы “Семетей” эпосу жарык көргөн.

**Асанкан Жуманалиев** (1947-2011)

Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти, «Билим берүүнүн мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси, Улуттук жазуучулар Союзунун мүчөсү Асанкан Жуманалиев 1947-жылы Таластын Манас районуна караштуу Арал айылында туулган. Жаш кезинен эле элдик ырларга,

уламыштарга жакын болуп, дилгирлик менен чоңоёт. Ынаш Кумаш уулу деген манасчыдан тарбия алып, манасчылыкты өздөштүргөн. Атактуу манасчы Саякбай Каралаевден, кытайлык манасчы Жусуп Мамайдан бата алган.

1963-67-77-87-жылдардагы Бүткүл Союздук Эл чыгармачылыгы кароосунун лауреаты болгон. 1965-1968-жылдары ВДНХнын медалдары менен сыйланган. 1964-1968-жылдары республикалык телефестивалдын баш байгесин жеңип алган. 1988-жылы Финляндиянын Тампера шаарына тогуз мамлекеттен барган өнөрпоздордун Эл аралык сынагына катышып, «Манас»эпосунун үзүндүлөрүн мыкты аткаргандыгы үчүн баш байгеге ээ болгон.

Бир нече китептердин автору. Анын ичинде “Алмамбеттин окуясы” өзүнчө китеп болуп чыккан. Манасчылар: Самат Көчөрбаев, Аман Дүйшөбаев, Камил Мамадалиев, Замир Баялиев, төкмө акын Аалы Туткучевдердин устаты.

**Кубанычбек Алмабеков** (1955) Ысык-Көл облусундагы Ысык-Көл районуна караштуу Григорьев айылында манасчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Касымаалы, чоң атасы Алмабек, чоң атасынын агасы Дыйканбай, бабасы Тойчубек өз заманынын залкар манасчылары болгон. К.Алмабеков сегиз жашына чейин чоң атасы Алмабектин колунда чоңоюп, аны менен бирге эл-жер кыдырып, анын «Манас», «Семетей», «Сейтек» айткан учурларына далай ирет күбө болгон. Кийинчерээк ар кайсы айылдык, райондук жыйындарда, салтанаттарда атасы Касымаалынын «Манас», «Семетей», «Эр Табылды», «Курманбек», «Эр Төштүк» эпосторун айткандарын уккан.

Манасчылык өнөргө 7-8 жашында келсе да, көпкө баш ийбей, айтпай жүрөт. Тун кыздуу болгон күнү, маңдайында сүрдүү зор баатыр пайда болуп: «Мен Семетей болом! Атаңдын жолуна түшпөй, бизди неге айтпай жүрөсүң?» - деп, найза менен качырып күркүрөйт. Мына ошол окуядан кийин Кубанычбек эл ичинде «Манас»баянын айтууга чындап киришет. Райондук, облустук кароо-сынактарга, маданий иш чараларга катышып, «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы», «Манастын Кошой дөөгө жолукканы», «Манастын Ала-Тоого көчүп келиши», «Алмамбеттин баяны», «Кыз Сайкалдын баяны», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» окуяларын, «Семетей» бөлүгүн толук, «Сейтек» бөлүгүнөн: «Сейтектин төрөлүшү жана балалык чагы», «Сейтектин Күлчорого жолукканы», «Кыяз менен Күлчоронун беттешүүсү», «Канчоронун өлүмү», «Желмогуз уулу Сарыбайдын урушу» аттуу окуяларын айтып келүүдө.

**Талантаалы Бакчиев** (1971)



Кыргыз Улуттук жазуучулар Союзунун, “Манас-мурас” коомдук фондунун мүчөсү, «Манас»банкынын стипендианты, манасчы Талантаалы Бакчиев Ысык-Көлдүн Ак-Суу районуна караштуу Маман айылында туулган. Талантаалы манасчылыкка 12-13 жаш курагында келет. Түшүндө Чыйырды, Манас, Каныкей, Коңурбай, Алмамбет, Чубак, Ырамандын Ырчы уулу, Сыргак, Семетейлерге кабылган.

Аталаш чоң атасы Саякбай манасчы утур-утур түшүнө кирип, «Манас»айтууну үйрөтүп турган.

Т.Бакчиев жаш төкмө акындардын, эпос айтуучулардын республикалык кароо-сынагында, республикалык студенттер фестивалында, эл аралык кароо-сынакта байгелүү орундарга ээ болгон. 1989-жылы Баку шаарында өткөн III Бүткүлсоюздук «Кавказ, Орто Азия, Казакстан жана Дагестандын жаш айтуучулары» аттуу фестивалынын, 2001 -жылы Санкт-Петербургда өткөрүлгөн «Эмнени көрсөм, ошону ырга салам», 2002-жылы Улан-Батордо өткөн «Улуу Жибек жолунун обондору», 2002-жылы Өзбекстанда өткөн «Бойсун көктөмү», 2003-жылы Баку шаарында өткөн «Азия майрамы», 2004-жылы Будапешт шаарында өткөн «Дүйнө элдеринин III фольклордук фестивалы» аттуу эл аралык фестивалдардын лауреаты. 2006- жылы Бишкекте өткөн «Дүйнө элдеринин эпостору» аттуу эл аралык фестивалдын, 2008-жылы Якутск шаарында өткөн “ Олонхо жергесиндеги Юнеско шедеврлери ” аттуу эл аралык фестивалдын дипломанты.

2001-жылы Утрехт университетинин, 2008-жылы Тилбург университетинин атайын чакыруусу боюнча «Манас»эпосун айтып, Г олландия өлкөсүнө барып кайткан.

2000- жылы Швейцария менен Франциянын биргелешкен кинокомпаниялары тарабынан тартылган «Манасчы» деген даректүү кинотасмага анын айтуусунда «Күлчоронун Үргөнч суусун кечиши» аттуу окуясы тартылган, 2005-2006-жылдары Кыргыз Улуттук телерадио компаниясынын Алтын казынасына «Чубак менен Алмамбеттин чатагы» жана «Семетейдин Букардан Таласка келиши» окуясынан тартып «Семетейдин төрт беренге аш бергени» деген окуяга чейин жаздырылып алынган.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн жана ПРООНдун «Устат-шакирт» аттуу долбоорунун алкагында жаш манасчылар Алмаз Эгембердиев менен Улан Төлөгөновду тарбиялаган. 2004-жылы «А.Жакыпбектин адабият менен фольклордун кесилишиндеги чыгармачылык изденүүсү» аттуу темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

Манасчы **Тилек Асанов** 1982-жылы Ысык-Көлдүн Ак-Суу районундагы Сары-Камыш айылында туулган. Чоң атасы Сооронбай учурунда Кыдыр акенин мүнүшкөрү, саяпкери болсо, атасы Асан кадырлуу табыпкер, жамакчы, санжырачы болгон. Тилек он эки жашында түш көрүүдөн кийин «Манас»айтып калат. Шаабай манасчынын шакирти катары манасчылык өнөрдүн үлгүсүн алган. Райондук, облустук, республикалык маданий иш чараларга, манасчылардын кароо-сынактарына, фестивалдарга катышып, алдыңкы орундарды ээлеп келген. 2001-жылы Лондон калаасында өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк фестивалдын лауреаты.

**Дөөлөтбек Сыдыков** (1983)

“Манас-мурас” коомдук фондунун мүчөсү, “Манас” банкынын стипендиаты Дөөлөтбек Сыдыков 1983-жылы 24- августта Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Шор - Булак айылында төрөлгөн. Манасчылык - Дөөлөтбектин чоң атасы Сыдыктан бери келе жаткан өнөр. Дөөлөтбек

кичинекей кезинде түшүнөн аян берип, ошондон улам айта баштаган. Дөөлөтбек жаш манасчылардын кароо-сынагында, фестивалдарда, Республикалык манасчылар мелдешинде байгелүү орундарга татыктуу болуп келүүдө. 2005-жылы мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн «Кыргыз тили» төш белгиси менен сыйланган. Дөөлөтбек Кыргыз Улуттук консерваториянын манасчылык классында, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти, манасчы Назаркул Сейдракмановдон билим алган. "Сейтек" эпосунун өз вариантын жазып, басмага даярдаган.

**Улан Исмаилов** (1984)

«Кыргыз тили» төш белгисинин ээси, манасчы Улан Исмаилов 1984-жылдын 8-июлунда Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз районуна караштуу Кичи-Жаргылчак айылында туулган. Анын манасчылык жолго түшүшүнө да аян себепкер болгон. Мына ошол аяндан кийин Улан Таластагы Манастын күмбөзүнө барып, жети күн бою «Манас»баянын айтып кайтат. Кийинчерээк эл алдына чыгып, «Манас»эпосун айта баштайт.

2006-жылы Соң-Көлдө өткөн «Соң-Көлдү Манас жердеген» аттуу Эл аралык кароо-сынакта 1-орунга ээ болгон. Ошол эле жылы Бишкек шаарында өткөн «Дүйнө элдеринин эпостору» аттуу Эл аралык фестивалдын дипломанты болуп табылган. У.Исмаиловдун айтуусунда Кыргыз Улуттук телерадио компаниясынын Алтын казынасына «Манастын Ала-Тоого көчүп келиши», «Чоң казат» аттуу окуяларынын айрым үзүндүлөрү жазылып алынган.

**3- суроо**. **Манасчылык өнөр ээлерине мамлекеттик жана коомдук колдоо көрсөтүү, дүйнөлүк шедевр катары катталган төкмө акындык жана дастанчылык өнөрүн пропагандалоо. Манасчылар мектеби.**

Манас дастанын кыргыз тарыхынан чийип салабыз деген аракеттер да жасалган. Анте алышкан жок. XXI кылым заманында эл арасынан чыккан жаш манасчылардын карааны жылдан-жылга коюуланып, Манас дүйнөсү эл аралык коомчулуктун кызыгуусун туудуруп келет. Азыркы учурда улуу муундар менен катар жаш манасчылардын бар экендиги улуу Манас руху кыргыз барда, кыргыз тили жашап турганда эч качан өксүбөй, урпактардын жүрөгүндө түбөлүккө сактала берерин айдан ачык көрсөтүүдө. Бирок, жаш манасчылардын талантын өстүрүү, эпосту эл арасына жайылтуу, мектептерге, жогорку окуу сабак катары жайларына киргизүү, манасчылардын мектептерине кам көрүү маселелерине мамлекеттик деңгээлдеги мамиле зарыл. 1998-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн жана ПРООНдун - «Устат-шакирт» аттуу долбоорунун алкагында жаш манасчылар залкар талант ээлеринен таалим алуусуна шарт түзүлүп, бир катар жаш манасчылар тарбияланган. Кыргыз улуттук «Манас ордо» комплексинде UNESCO уюмунун жардамынын негизинде Манасчылар мектеби түзүлгөн. Бир катар жаш манасчылар таалим алып, көптөгөн мамлекеттик денгээлдеги сынактарга катышып келүүдө.

Кыргызстан «Манас»эпосун ЮНЕСКОнун дүйнөлүк материалдык эмес мурастар тизмесине киргизүү үчүн өзүнүн билдирүүсүн 2000-жылдары эле берген. Бирок анда ЮНЕСКОнун катчылыгы «Манас»дүйнөлүк коомчулукка

жакшы эле таанымал экендигин белгилеп, буга жакыныраак башка демилгени көтөрүүнү сунуштаган. Ушундан кийин кыргыздын төкмө акындык жана дастанчылык өнөрү 2003-жылы дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилген.

Президент Роза Отунбаева 2011-жылы АКШга болгон иш сапарында ЮНЕСКОнун жетекчилиги менен жолугушуп, «Манас» эпосу боюнча маселе талкууланган. “Биз эпосту ЮНЕСКОнун бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизүү үчүн бул багытта ишти баштап, «Манасты» жаңы номинация боюнча киргизүүгө негиз түзүшүбүз зарыл. Кытай эпосту тизмеге киргизүүдө өтө көп каражатты берип, манасчылар колдоого алынаарын белгилешкен. Биз да ири каражат бөлгөн учурда гана «Манасты» бүткүл дүйнөлүк мурас тизмесине киргизе алабыз”, - дейт Р.Отунбаева.

2011- жылдын 28-июнунда КРнын Президенти Роза Отунбаеванын колу коюлуп, «Манас» эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө кирди. Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу “Манас” эпосу мыйзамдаштырылып, мамлекет тарабынан коргоого алына турган болду. Бул кыргыз элинин тагдырында, тарыхында эбегейсиз зор жетишкендик.

2012- жылдын 27-январында КРнын Президенти Алмазбек Атамбаев “Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыкка кол койду. Ал Жарлыкта эпос тууралуу мындай деп айтылган: «Кыргызстандын элинин тарыхый-маданий мурастарын сактоо жана кеңири таанытуу маселелерине жетиштүү көңүл жана ресурстар бөлүнбөй келген. Кыргыздардын “Манас” эпосу дүйнөлүк адабияттын жалпыга таанылган эстелиги гана болуп саналбайт. Философиялык терең маңызга ээ болгон чыгарма кыргыз элинин тарыхынын жана руханий турмушунун миң жылдык тажрыйбасын чагылдырган элдик акыл-ойдун уюткулуу кенчи болуп эсептелет. Көптөгөн муундар “Манас” эпосунун саптарында тарбияланган, ал саптар бүгүнкү XXI кылымга да бап келип турат. Жарандардын, өзгөчө жаштардын эпосту жакшы билбегендиги анын маанисин жана ролун кемитип, терс тенденцияларды, анын ичинде жердешчиликти жана улутчулдукту жаратат, бул тарыхый жана маданий тамырларды, муундардын өз ара байланышын жоготууга барабар».

Мамлекеттин колдоосун күтүп отурбастан өз алдынча түзүлүп, манасчылык өнөргө көмөк көрсөткөн коомдук фондулардын иши мактоого татырлык. Сагымбай Орозбаковдон жазылып калган 182 миң саптан турган «Манасы» архив материалы катары туура 84 жыл бою ачылбай жатып, 2010- жылы биринчи жолу толук, түп нускасы бурмаланбай жарык көрдү, бул ишти Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту жана «Хан-Теңир» басмасы биргелешип жүзөгө ашырды. Саякбай Каралаевдин «Манасынын» толук варианты «Турар» басмасы тарабынан биринчи жолу окурмандарга тартууланды.

2011-жылы “Баян” аттуу Коомдук фондусу жана анын жетекчиси Бакыт Романов тарабынан заманыбыздын аксакал манасчылары - Сапарбек Касмамбетов менен Уркаш Мамбеталиев “Эл манасчысы”, “Залкар манасчы”



деген коомдук наам жана сыйлык менен сыйланды. Аны менен катар фонд 2010-жылдан тартып, эки аксакал манасчыбызга ай сайын стипендия берип келген, орто жана жаш муундагы манасчыларга бир жылда бир бериле турган

стипендиясын негиздеген. 2012-жылы фонд тарабынан 6 манасчыга: Талантаалы Бакчиев, Рыспай Исаков, Дөөлөт Сыдыков, Улан Исмаилов, Замир Баялиев жана Самак Көчөрбаевге турак үй алуу үчүн 17 млн сом бөлүндү. Манасчылар Сапарбек Касмамбетов, Назаркул Сейдракманов, Кубанычбек Алмабеков, Салимбай Турсунбаев, Алимбай Маатов, Тилек Асанов, Калим Мамадалиевдерге жеңил авто унаа берүү үчүн 2 млн 400 миң сом каралды. Үч жаш манасчы: Өмүрбек Токтогулов, Нурбек Калыбек уулуна жана Дөөлөт уулу Үмөткө шыктандыруу үчүн акча каражаттары тапшырылат, ошондой эле эл оозуна алынган 15 манасчынын Манас айтуу өнөрүн андан ары улантуусуна көмөк көрсөтүү максатында аларга материалдык жардам көрсөтүү демилгесин ишке ашырат.

“Манас эли” Коомдук бирикмеси тарабынан демилге көтөрүлүп, 2011-жылы “Дүйнө элдеринин эпостору” аттуу Бишкек шаарында өткөн Бүткүл дүйнөлүк илимий практикалык конференциянын катышуучулары 2012-жылды “Манас” жылы” деп кабыл алды. Аталган Коомдук бирикменин демилгеси боюнча, 2011-жылдын 26-ноябрында өткөн Улуттук Улуу Курултайда “2012-жыл - “Манас” жылы” болсун деген чечим кабыл алынып, мамлекеттин жогорку жетекчилигине сунушталды.

“Манас-мурас” коомдук фондусунда айтылуу манасчылар устаттык кылып, жеткинчек манасчыларга таалимин берип келишет. «Манас-мурас» жана «Айтыш» коомдук фондулары тарабынан Бишкекте «XXI кылымдын манасчылары» аттуу Эл аралык сынак өткөрүлөрү пландаштырылган. Долбоордун демилгечиси Шайырбек Абдырахман жетектеген ЭлТР телеканалында 2010-жылдын жарымынан тартып жумасына бир саат убакыт бөлүнүп, манасчы Рысбай Исаков “Манасты” туулганынан баштап ирети менен айтып келе жатат. 2011-жылдын 20-майында ЭлТРде Манас күнү белгиленди. 14 саатка созулган Бишкек-Ош телемосту өткөрүлүп, эртеден кечке чейин “Манас” айтылды. Эртеси, 21-майда Кыргыз экономикалык университетинде манасчы Асанкан Жуманалиев жана анын шакирти Каныбек Тазабеков менен жолугушуу өткөрүлдү. Студенттер эпостон үзүндү угуп, улуу дүйнөгө аралашты, кызыккан суроолоруна жооп алышты. Манасчынын Финляндияга барган сапарындагы фин элинин “Калевала” эпосуна болгон мамилесин айтып бергени айрыкча таасирлентти. Күн сайын таң эртең жана жатарда радиодон “Калеваладан” үзүндү уктурулуп, эпос менен таң атып, күн батат экен. Мектепке кирип жаткан бөбөктөр жана жогорку окуу жайынын студенттери эпос боюнча сынак берип, текстин билбесе ата-энеси менен уятка калат экен. А.Жуманалиев “Калеваладан” үзүндүнү кыргызча айтса, залда катышып отургандын баары манасчыга кошулуп эпосту өз тилинде жатка айтканын угуп дүйнөдө теңдеши жок “Манасыбызды” өзүбүздүн билбегенибизге эмнелер тоскоол болуп жаткандыгы жөнүндө ой бөлүштүк, ар бир кыргыз жараны эпоско болгон мамилебизди оңдошубуз зарыл деген жыйынтык чыгарылды.

***III тема: «Манас»эпосун эл оозунан жыйноо, жарыялоо жана изилдөө иштеринин жүрүшү.***

3.1. Манас" эпосу туурасындагы алгачкы тарыхый маалымат. Кыргыздын залкар тарыхчысы Сайфаддин Аксыкенти жана «Мажму атут-таворих» (Тарыхтар

жыйнагы).
3.2. Ч.Валиханов, В. В. Радлов, Д.Алмаши, А.Г.Белинский жана Б.Смирнов жана «Манас»эпосу.
3.3. Эпостун С.Орозбаковдон жана С.Каралаевден жазылып алынышы, жазып алууда эмгеги зор адамдар. “Манас” эпосуна коюлган саясий айыптар жана ал айыптардан жапа чеккен адам тагдырлары.
3.4. 1952- жылы июнь айында өткөрүлгөн илимий- теориялык конференциянын тарыхый мааниси. Эпостун бүгүнкү күнгө чейин ар тараптуу изилдениши**.**

**1-суроо**. «Мажму атут-таворих» ферганалык Сайфаддин Аксыкентинин жана анын уулу Нооруз Мухаммеддин эмгеги. Бул эмгек XVI кылымдардын баш чендеринде жазылганын академик В. Б. Бартольд да белгилеп кеткен. Бул кол китептин үч нускасы белгилүү. Биринчи кол жазма Ленинград Мамлекеттик университетинин китепканасынын Чыгыш бөлүмүндө № 963 номер менен, экинчи нускасы Россия академиясында Азия элдери институтунун Ленинград бөлүмүндө № 667 номер менен сакталып турат. Жайлобаев Назармат аксакал өткөргөн үчүнчү нускасы Кыргыз Илимдер Академиясынын алдындагы Кол жазмалар фондусунда №167/277 номери менен катталган.

Сайфаддин Аксынын аймагында туулуп, Аксыкент шаарында окуган, өз эли кыргыздар жөнүндө жана Манас тууралуу изилдөө жүргүзүп, китептерди жазган. Анын кыргыз экендигин “Мажму атут-таворих” эмгегинде кыргыз турмушун, үрп-адатын, географиялык шартын, согуштук тактикаларын жакшы билгендиги далилдеп турат. Фарси тили ал доордун илим-билим, маданият тили болгондуктан, бул эмгек фарси тилинде жазылган.

“Мажму атут-таворих” Молдо Мамасабыр Досболов жана Омор Соороновго чейин фарси тилинен которулган эмес. Чыгармада IX-XV кылымда болуп өткөн тарыхый окуялар, Чынгыз хандын, Амир Темирдин туулгандан өлүмүнө чейинки окуялар, уламыштар, Фергана менен Тянь- Шанда жашаган кыргыз, кыпчак уруулары жөнүндө маалыматтар берилген, кыргыздардын «оң» жана «сол» деген этностук топторунун кайдан чыкканы, Ак уул, Куу уулга чейинки 20-23 муундун тизмеси көрсөтүлгөн. Кыргыз эли Мухаммед пайгамбардын дооруна чейин кытай чегинде, Енисей аймагында жашап, акырында душмандар тарабынан талкаландыгы, Өзгөндөгү Султан Санжардын карамагына баргандыгы, андан да сокку жеп, Хожент тоолорунда өмүр өткөргөндүгү жана кийин Ала-Тоону тарыхый мекен катары байырлап калгандыгы айтылган.

Манас баатыр жөнүндө маалымат биринчи жолу ушул эмгекте жазылган. “Манас” эпосу жөнүндө эмес, Манас баатырдын калмактарга каршы күрөшү, бул күрөшкө кимдер жардам бергендиги айтылат. Манас тарыхта чыныгы болгон адам катары берилет. Манас менен Жолойдун салгылашы мындайча сүрөттөлгөн:

Манас чыгып майданга,
Душмандарды боздотту.
Жолой Манаска найза сайды,
Манас да найзасын сокту.

Ошондо уруш катуу болду,
Бир-бирине дамба-дам найза сайышты.

Жолой менен бир жолку согушунда Манас да көп жеринен жараланып алсырап баратканда, Кудай Таалага мунажат кылганы, Манасты миң калмак курчоого алганда, Каракожо 12 миң жигити менен жардамга келгени айтылган.

Сайфаддин Аксыкентинин «Тарыхтар жыйнагы» эмгеги кыргыз элинин илим, маданият жаатындагы байлыгы, Манас баатыр туурасындагы алгачкы тарыхый маалымат берген чыгарма.

**2- *суроо.*** «Тарыхтар жыйнагынан» кийин XIX кылымдын экинчи жарымына дейре "Манас" эпосу жөнүндө жазма тарыхый булактар азырынча кездешпейт. 1856-жылдын май айында казак элинин кулуну, окумуштуу, тарыхчы, этнограф, фольклортаануучу, саякатчы, эл агартуучу Чокан Чингисович Валиханов (1835-1865) - төрөлгөндөгү аты Мухамме д-Хана фия, Ысык-Көлгө Каркырага келет. Манас баатыр жөнүндө уламыш угуп, эпостон
3 600 ыр саптарынан турган "Көкөтөй хандын ашы" деген үзүндүнү араб тамгасы менен жазып алган, үзүндүнүн мазмунун кара сөз түрүндө жана кээ бир саптарын ыр менен орус тилине которгон. Эпоско төмөнкүдөй баа берген: «Манас»эпосу бир убакытка келтирилген жана бир адамдын —
Манас баатырдын тегерегине топтолгон кыргыз мифтеринин, жомокторунун, ылакаптарынын энциклопедиялык жыйнагы. Бул — талаа "Илиадасы" сыяктуу чыгарма. Бул чексиз чоң эпопеяда кыргыздардын турмушу, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү жана эл-аралык мамилеси орун алган". Чокан кыргыз элинин мындан башка да көптөгөн уламыш- аңгемелерин, ырларын, санжыра-тарыхтарын бир нече дептерге жазып алган. Саякатынан келгенден кийин алып келген жазууларынын үстүндө иштеп, кыргыздардын тарыхы, уруу болуп бөлүнүшү, каада-салты, маданияты жөнүндө «Ысык-Көл күндөлүгү», «Кыргыздар жөнүндө жазгандарым», «Жунгария очерктери», «Кыргыздардын байыркы мезгилдеги куралданышы жана согуштук жоо-жарактары», «Кыргыз теги», «Чоң Кыргыз-кайсак ордосу тууралуу уламыштар» өңдүү эмгектерин жазган.

Ч.Валиханов жаздырып алган эпизод Сагымбай менен Саякбайлар баш болгон кийинки залкар манасчылардын варианттарынан көлөмү жагынан да, көркөмдүүлүгү жагынан да бир топ өзгөчөлөнөт. Бирок, ал мындан жүз элүү беш жыл мурда кагазга түшүп сакталып калгандыгы менен баалуу. «Манас» эпосун изилдөөдө да анын ролу өтө зор. Ал ыр саптарынан үзүндү келтирсек: Оо, Байдын уулу Баймырза, баатыр,
Оо, бери карап кулак сал, баатыр,
Тели куш салдым, куш кылдым, баатыр,
Тентиген жыйып, эл кылдым, баатыр,
Кулаалы салып, куш кылдым, баатыр,
Курама жыйып, эл кылдым, баатыр,
Менин бир көзүм өткөн соң, баатыр,
Тели куш көзүн каратпай,
Тентигендин баарысын Эл-элине таратпай,

Кулаалы көзүн каратпай,
Кураманын баарысын Эл-элине таратпай,
Жакшы куштап багып ала көр, баатыр.
Жөө бир жүргөн жакырга-ай,
Чобур бир кармап бере көр, баатыр.
Жылаңач жүргөн жакырга-ай,
Чапан бир чечип бере көр, баатыр.
Мына тентигендин баарысын Жакшы күтүп ала көр, баатыр,
Оо, менин бир көзүм өткөн соң,
Таап бир алган Бокмурун, баатыр,
Ала бир күчүк дебеңер, баатыр,
Эми жетим бир атын мингизбей, баатыр,
Жетим бир ашын ичкизбе, баатыр.
Жетим бир тонун кийгизбе, баатыр.
Ары бир болсо үч жылга, баатыр,
Бери бир болсо эки жыл, баатыр,
Эр жай тартып эр болор, баатыр,
Эр уулу менен тең болор, баатыр.
О-ошондо калы бир килем сала көр, баатыр,
Менин ордума кан көтөрүп ала көр, баатыр.
Байдын бир уулу Баймырза, баатыр,
Бери бир карап кулак сал, баатыр.
Оо, менин кырк ашымды берерде, баатыр,
Оо, кытайлардын кыр мурундуу Коңурбай баатыр,
Эми бир ошого бара көр, баатыр,
О-ошо менин кыркымдан
Ошондо бир кутулуп кала көр, баатыр.
Оо, менин ушу ашымды берерде, баатыр,
Он экисинде ок аткан,
Он үчүнө жеткенде
Ордо бузуп, үй чапкан,
О, мына, Жакыптын уулу жаш Манас,
Кабагы бийик, өңү саз,
Эңчегер бойлуу эр Манас.
Каны бир кара, бети көк,
Боору чаар, сырты көк,
О, мына жалы көк ала, сарыгер эле.
Баатыр бир Манас сурасаң Көкжал бир дөбөт бөрү эле,
Шол эр Манаска бара көр,
Карызымдан бир кутулуп кала көр.
Ошондо мусулман бир менен каапырды Баарын бирдей жыя көр.
Шондо улуу бир той кыла көр.
Шонетип, карызымдан бир кутулуп кала көр.

Көкөтөйдөй ханыңыз Эки бир көзү сүзүлдү,
О, кыямат көздөп созулду.
Оо, түн түшкөн калың көп ногой Өкүргөндөн бакырды,
Өрүктүн башын жапырды.

Ч.Валихановдун Манастаануу илимине сиңирген эмгеги - ал «Манас»эпосуна биринчи жолу илимий байкоо жүргүзгөн, биринчи жазып алган, эпосубузду дүйнөлүк окумуштууларга жана кеңири коомчулукка ачып берген.

Ч.Валихановдон кийин академик Василий Васильевич Радлов 1860-1871-жылдар аралыгында Сибирь-Алтай жана Борбордук Азия аймактарына илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, фольклордук-этнографиялык материалдарды жыйнаган. Ошол экспедициялар чегинде Кыргызстанга үч жолу: 1862,1868 жана 1869-жылдары саякаттап келет да, “Манас”, “Семетей”,“Сейтектен” бардыгы болуп 12 454 ыр сабын жазып алат. Орус транскрипциясы менен жазып алган «Манас»үчилтигин 1885-жылы Санкт- Петербургда кыргыз тилинде «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» деген ат менен өзүнчө том түрүндө жарыкка чыгарган, ошол эле жылы Г ерманияда Лейпцигде немис тилинде жарыялаган. Кыргыздардын сөз маданиятын, кеп чеберчилигин, «Манас»эпосун бийик баалаган. В. В. Радлов жазып алган кээ бир ыр саптары мындай:

«Жети төрдүн башында Жеткилең тууган Бөйөн кан,
Бөйөн кандын баласы Кайраттуу тууган Каракан,
Каракандын баласы Кайраттуу тууган Жакып кан»...

«Бекип калган бейиштин Эшигин ачкан Эр Кошой.
Байланып калган базардын Жолун ачкан Эр Кошой»...

«Кайыптын кызы Карабөрк Кармап алдым талаадан,
Шооруктун кызы Акылай Олжолоп алдым Коргондон»...

В. В. Радловдун кыргыз калкынын, манастаануунун алдында сиңирген эмгеги өтө зор. Ал «Манасты» Ала-Тоонун чегинен ары карай эл аралык аренага алып чыккан.

Венгр окумуштуусу Дёрдь Алмаши жетектеген илимий экспедиция 1899-жылдын апрелинде Пишпек уездине келген. 1900-жылы ноябрда Кыргызстан аймагынын Ысык-Көл өрөөнүндө болуп, Сары-Жаз жайлоосу аркылуу Нарын дарыясынын жогорку агымынын өрөөнүн кыдырган.

Алмаши орусча жана түрк тилинде сүйлөй алган. Бугу уруусунун бир өкүлүнөн «Манас»дастанынан үзүндү жаздырып алган. Ал үзүндү камтылган макала Будапешт шаарында 1911-12-жылдары “Keleti Szemle” журналына

немис тилинде жарыяланган, «Манас»дастанынын кыргызча тексти латын арибинде транскрипцияланып берилген:
“Алты айчылык Бээжинге Аттанып кетип барасың,
Аман-соо келгин”- деп,
Журту чуулап келишти.
Басып келди Каныкей Баатыр менен көрүшүп,
Көтөргөнү Семетей.
Баатырдын көрүнүп калды көзүнө,
Бери алып келчи деп Ошондо түштү эсине!
Оң колуна алды эле
Оң бетинен сүйдү
эле Сол колуна алды
эле Сол бетинен
сүйдү эле Атасын
көрүп арсаңдап,
Алакандай кашка тиш Маңдайында кашкаңдап Бала күлүп турду эле Падышам Манас төрөңүз Башын чайкап күлдү эле Же алты жашка жетпедиң,
Аргын менен ногойго Аким салып кетпедим,
Кудай жалгыз, мен жалгыз,
Менден калган сен жалгыз.
Жалгызга кудай жар болсо,
Атаңдын саламат жаны бар болсо Самап барган Бээжинге Санат кылып келермин Аманат жанга өлүм ак,
Ажалым жетсе өлөрмүн,
Кош эми, балам, аман бол,
Кудай кылса не дээрмин.
Бул сөздү айтып эр төрө
Жүрө берди жол менен,
Сарамжалын шайлатып,
Санап туруп миң колду
Эр Чубакка айдатып.
Эки ай сапар жол басып
Иртыш дайра чоң суугa
Эркин кытай четине
Эрикпей жетти эр Манас.

1903-жылы Кенжекара манасчынын аткаруусундагы “Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү” жана “Ак бала баатыр жөнүндө ыр” деген чыгармалар Россия география коому Ала-Тоо кыргыздарына уюштурган экспедициянын мүчөлөрү: түрк тилин билген офицер А. Белинский жана сүрөтчү Б.Смирнов тарабынан үнжазгычка жазылып алынган, орус тилине кара сөз түрүндө которулуп, 1914-жылы Москвадан “Түркстан талааларында” деген ат менен жарыяланган.

Кенжекаранын үнү жазылган пластинка А.С.Пушкин атындагы орус адабияты институтунан фонотека бөлүмүнөн табылган. 1903-жылкы экспедициянын мааниси: манасчынын үнү биринчи жолу тасмага

түшүрүлгөнүндө.

**3- суроо.** Эпосту эл оозунан чогултуу, кагазга түшүрүү жана изилдеп үйрөнүү иши Октябрь революциясынан кийин чындап колго алынган.1922-жылы залкар манасчы С.Орозбаковдон эпосту жазып алуу жумушу башталат. Кыргыз фольклорун жыйноодо эбегейсиз зор эмгек сиңирген Каюм Мифтаков эпосту жазып алууга башында катышып, Ыбырайым Абдырахмановго кантип жазып алуу боюнча баалуу кеңештерин берет. Бул жылдын жай, күз айларында манасчыны Нарын жайлоолорун кыдыртып, эл аралатып «Манас»айттырышат, кыска мөөнөттө Манастын төрөлүшүнөн баштап, кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого келишине чейин жаздырып алууга үлгүрүшөт.

«Манасты» жазып алуу иши төрт жылга созулган. Сагымбай манасчы ушул төрт жылдын эки жылында бар күчүн коюп иштеген. «Азыркыбызга кейибейли, кийинки укум-тукумубуз үчүн кейийли. Жүр-нарыга салбай, жакшылап айтып, жакшылап жазалы. Азыркылар билбесе, кийинки муундар билер. Бизге рахмат айтышар», - деп бар-жок оокатка кайыл болуп, бардык күчүн, акыл-сезимин «Манастын» жазылып калышына кетирген.

Кийин өкмөт тарабынан анча көңүл бөлүнбөй, жазып алуу иши манасчы үчүн материалдык жана моралдык кыйынчылыктардын шартында өтөт. Ал жөнүндө манасчы:

Миң жыл болгон бабабыз,
Бир кыйла сөзүн табабыз.
Жаныбыздан ичип-жеп,
Жаман кетти чамабыз.
Караганым өкүмөт,
Кагаз берген киши жок.
Калем, сыя дегенден Кабар алган киши жок.
Эң болжоосуз көп сөзүм,
Саамай он бир кой сойдум,
Эки жылда мен өзүм.
Чай-чамекке, кагазга Элүү сом төлөп дагы өзүм.
Арстан Манас жомогу,
Жазылып болду тамамы.
Көз салбастан дурустап,
Кетирдиңер чамамы.
Жазган молдо Ыбырай,
Калем тартып жадады.
Айткан акын Сагымбай,
Жүдөп бала-бакырам,
Жүздөрүн үйрүп карады.
Жазган молдо Ыбырай,
Жаш акты эки көзүнөн.
Өзгөчө кылдык эмгекти,

Көпчүлүктүн ишинен” - деп эскерген.

Манасчы жаздыруу жумушун аргасыз токтотуп, үй-бүлөсүнө каражат табуу үчүн жумалап, айлап эл аралап «Манас»айтып кеткен. Эл арасында эпосту эркин айтып, өзүн коштоп, шыгына шык кошуп сүрөп турган угуучулардан бөлүнүп, шыр кетпей жай айтып жаздыруу жомокчунун шыгына өз таасирин тийгизген. Оорунун залдарынан Сагымбайдын вариантынын аяк жагы өзүнүн көркөмдүк деңгээли жактан башка эпизоддорунан кескин түрдө айырмаланат. Буга карабастан, Сагымбай Орозбак уулунун варианты ырынын кооздугу, түзгөн элестеринин тереңдиги жана байлыгы, эл турмушун кенен алып, таамай сүрөттөй алгандыгы менен өзгөчөлөнөт.

«Жомоктун чети жаңы гана оюлду. Эски көкүрөк оорум кармабаганда, Манастын тогуз тегине чейин айтып берип үлгүрөт белем. Манас атанын арбагы колдоп, Семетейге чейин айтып жете алар бекемин? Кагылайын кыргызым, өзүң жараткан «Манасты берип кетсем арман жок», -деп Сагымбай абдан аракет кылса да, Семетей, Сейтек... дагы-дагы канчалары өзү менен кошо кетти.

Жазып алуу ишине зор эмгек сиңирген Ыбырайым Абдырахмановго Сагымбай минтип баа берген экен: «.. .бул дагы ченебеген залкар уулдун бири экен. Мени менен бире жүрүп, эч бир талыкпастан куржун-куржун кагаздарды жазып алды, күчү күч экен. Качан мен эс алалы, молдоке дегенде, «эми ушул баракты аягына чыгып токтотолу, Саке» деп чөйчөктөй көзү менен мени күлө багып суранар эле».

1930-жылы С.Орозбаков каза болгондон кийин Ленинграддан Чыгыш институтун бүтүрүп келген жаш окумуштуу Кусейин Карасаев атайын тапшырма менен «Манас»айткан адамдарды издеп табуу үчүн Ысык-Көлг¸

командировкага келет. Саякбай Каралаевдин кабарын угуп, аны үгүттөп, Бишкекке ээрчитип келет. Бул жөнүндө манасчы минтип эскерет: «Сельсовет болуп адегенде төрт жыл дуңгандарда, андан кийин Маманда иштедим. Айлык алчу эмеспиз. Кээде сельсоветтикти коё коюп, эл аралап күпүлдөтүп «Манас»айтып жүрдүм. Ошентип, 1930-жыл болду. Аңгыча болбой Кусейин Карасаев барды. Наркомпростун тапшыруусу менен барыптыр. Сиз манасчы экенсиз, сизди чакырып жатат деди. Сельсоветти да, баарын таштап келдим».

С. Каралаевден 1935-жылдан тартып эпостун тексттери жазыла баштайт. «Манас», «Семетей», «Сейтек» жана Сейтектин уулу Кенен баатыр, Кенендин балдары Алымсарык, Кулансарык жөнүндө жазылып алынган Саякбай манасчынын вариантынын көлөмү 500553 сап ырды түзөт. Вариантты жазып алуу ишине Ж. Ирисов, К. Жумабаев, К. Кыдырбаевалар катышкан, бирок тексттин көпчүлүк бөлүгүн Ы. Абдыракманов кагаз бетине түшүргөн.

1940 - жылдарда эпосту изилдөөгө К.Рахматуллин, А.Н. Бернштам, Б.Юнусалиев, С.М. Абрамзон, В.М. Жирмунский, М.И.Богданова, Ө. Жакишев, Ы. Абдрахманов ж.б. бир кыйла салым кошушкан.

Согуш жылдары жана андан кийинки жылдар ичинде эпосту изилдөөгө арналган эмгектер К. Рахматулин, В. М. Жирмунский, Ө. Жакишев, А. Н. Бернштам, М. И. Богдановалар тарабынан жарыяланган.

1950 - жылдарда Р.З. Кыдырбаева, С. Мусаев, Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, К.Кырбашев, М.Мамыров, А.Жайнакова, С.Бегалиев, А.Акматалиев, К.Жумалиев өңдүү окумуштуулар эпосту изилдөөнү андан ары улантышат.

«Манас» эпосуна мамиле өлкөдөгү саясий шартка жараша өзгөрүп турган. Бирде саясий жактан колдоого алынып, бирде, улутчул, реакциячыл, бай-манаптардын таламын көздөгөн чыгарма деген кинелер коюлуп, сынга алынган. Мамлекеттик кызыкчылыкты көздөмүш болушкан жергиликтүү бийликтеги кээ бир адамдар өздөрүнүн көрө албастыгынан, ичи тардыгынан нечен азаматтарды эле эмес элдик улуу чыгарманы да каралап, жалган жалаа жабышкан, адам тагдырына, элдик маданияттын тагдырына балта чаап жаткандыктары капарына да келген эмес.

1925-жылы окумуштуу К.Тыныстановдун сунушу менен партиянын облустук комитетинин коллегиясы «Манас»поэмасын тезирээк басып чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алат. Отурумдун төрагасы болгон Т.Айтматов 1937-жылы камакка алынат. К.Тыныстанов улутчул катары 1938- жылы атылып кетет.

1935-жылдын 10-январында Эл агартуу комиссары Т. Джолдошев «Манастын» үзүндүлөрүн кыргыз жана орус тилдеринде бастырып чыгаруу сунушун көтөрөт. Эки жылдан кийин камакка алынып, андан ары эмне болгону белгисиз.

1935-жылдын мартында Кыргыз Автономиялык республикасынын КПБК «Манас»эпосун бастырып чыгаруу боюнча редколлегиянын курамын бекитет. Редколлегиянын жетекчиси Кыргыз АССРинин КПБКнин Биринчи секретары М.Белоцкий, орун басары Х.Джээнбаев, мүчөлөрү Эл комиссары

Б.Исакеев, академик А.Н.Самойлович, казак жазуучусу С.Сейфуллин болгон. М.Белоцкий Москвага чакыртылып Лефортов түрмөсүнө камалат. А.Н.Самойлович Ленинградда, С.Сейфуллин - Алма-Атада атылып кетет. Х.Джээнбаев менен Б.Исакеевдин ысымдары Ата-Бейитте көмүлгөндөрдүн тизмесинен табылат. Белгилүү тилчи Е. Д. Поливанов, мамлекеттик ишмерлер О. Алиев, М. Аммосов, К. Кенебаев, окумуштуулар Б. Солтоноев, И. Арабаевдин тагдырлары да кейиштүү аяктайт.

1944-жылы СССРдин кинематография боюнча комитети менен түзгөн келишимдин негизинде «Манастын уулу Семетей» кинокартинасын тартуу башталат. Вена университетин бүтүргөн, Берлиндин жана Париждин киностудияларында, Г олливудда иштеп келген белгилүү кинорежиссер Г ерберт Раппапортко бул кинокартинаны тартуу сунушталат, кинонун сценарийин жазуу Жоомарт Бөкөнбаевге тапшырылат, жардам берүүгө Ленинграддан кинодраматург Исаевди чакырышат. Күн сайын таң эрте Ж.Бөкөнбаев Исаев жашаган «Кыргызстан» мейманканасына келип, кеч күүгүмдө гана үйүнө кайтат. Сценарий эки айда жазылып бүтүп, Жоомарт үйүнө өтө кубанычта келет: «Сценарий боюнча иш бүттү, текстти машинкага бастыруубуз гана калды. Мен жазуу техникасын жакшы билип алдым, кудай буюрса, аман болсом мындайлардын көбүн өзүм жазам»,-дейт.

Арадан бир аз күндөр өткөндөн кийин кинорежиссер Раппапорт жетектеген топ келет. Алар Ысык-Көл тарапка барып, тасмага ылайык жер тандап келүүгө камданышат. Топ Тамчыда, Жети-Өгүздө, жайлоодо болушуп, «кыз куумай», «улак тартыш», «аламан байге» сыяктуу улуттук оюндарды тартышат, кинорежиссерду улуттук оюнга катышкандардын шамдагайлыгы, эр жүрөктүүлүгү өтө таң калтырат. 1-июль күнү таң ата жолго чыгышат. Арадан бир саат өткөндөн катуу ылдамдыкта бараткан автомашина аңтарылып кетет. Экспедициянын катышуучулары жана айдоочу-аял катуу жаракат алышат, улуттун улуу акыны өмүр менен мезгилсиз кош айтышат.

1946-жылы Кыргызстан Компартиясы «Манас» эпосунун 1100 жылдык маарекесин белгилөө жөнүндө тарыхый чечим кабыл алат, «Манастын уулу Семетей» фильмин тартууну улантууга уруксат берүү өтүнүчү менен Москвага кайрылат. 1946-жылы Москвада басылып чыккан «Чоң казат» бөлүмү жана «Манас» операсы Сталиндик сыйлыкка көрсөтүлөт.

Бирок «Звезда» жана «Ленинград» журналдары боюнча Бүткүл Союздук компартиянын Борбордук комитетинин Токтому чыккандан кийин эпоско мамиле кескин өзгөрөт. «Манас»эпосу боюнча сунуштар «мамлекетти, партиянын жана элдин биримдигин бөлүп-жарган» сыяктуу каралат. «Манастын уулу Семетей» фильминин тартылып алынган бөлүктөрү өрттөлөт. Т.Саманчин менен Т.Байжиев 10 жылга соттолуп кетет. Х.Карасаев менен К.Юдахин ишенимден чыгышат. 1950-жылы З.Бектенов камалып, 5 жыл түрмөдө, 7 жыл үй камакта отурат.

«Манас жана Алмамбет» пьесасынын автору К.Рахматуллин кан түкүрүп каза табат. Элдик оозеки чыгармачылыкты кеңири жыйнаган К.Мифтаков 1948-жылы 5-октябрда Байтик айлындагы үйлөрдүн биринде асылып калган жеринен

табылат. Атасынын сөөгү Ала-Арча көрүстөнүнөн орун алганы уулу Нисей Каюмовичке «Манастын 1000 жылдыгынан» кийин гана белгилүү болот.

Академик Б.Юнусалиев К.Тыныстановдун чыгармачылыгынын толук акталышын жана Сагымбай Орозбаковдун академиялык вариантынын бастырып чыгарууну өмүр бою күтүп жүрүп, инфаркт оорусунан 1970-жылы дүйнөдөн кайтат.

**4- суроо.** 1952-жылы өткөзүлгөн илимий сессияга кыргыз окумуштуулары, жазуучулары жана Москва, Ленинград шаарларынын, союздук республикалардын окумуштуулары катышат. Сессияда «Манас»эпосу элдик чыгармабы же патриархалдык-феодалдык чөйрөлөрдүн таламын көздөгөн реакциячыл эпоспу деген маселе талкууга коюлат. Талкуу 5 күнгө созулуп, катышуучулардын басымдуу көпчүлүгү эпостун негизи элдик деген корутундуга келишет жана “Манастын” кыскартылып бириктирилген вариантын түзүүнү кубатташат. 1958-жылы эпостун кыскартылып бириктирилген тексттери жарыяланат. Кыскартылган вариантты түзүүгө К.Маликов, А.Токомбаев жана Т.Сыдыкбековдор көп эмгек сиңиришкен, баш сөзүн Б.М.Юнусалиев жазган. Казак окумуштуусу, профессор Мухтар Ауэзов өтө баалуу кеңештерин берген. Саякбай менен Сагымбайдын варианттарына көңүл көбүрөөк бурулуп, Багыштын, Ы. Абдырахмановдун, Молдобасандын, Шапактын, Тоголок Молдонун варианттарындагы үзүндүлөр пайдаланылган.

«Манас» тууралуу кыргыз жана дүйнө окумуштууларынын жарык көргөн эмгектери 3 000 ден ашат.

| **«Манас»эпосунун изилдөөгө алынган кээ бир маселелери** | **Изилдөөгө алган тарыхчы, адабиятчы, тилчи, философ, этнограф, педагог ж.б. окумуштуулар** |
|---|---|
| этнографиялык тарабы жана тарыхый негиздери жөнүндөгү маселелер | П.Фалев, А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, Б.Солтоноев, Б. Жамгырчинов, С. Ильясов, А. Хасанов, О. Караев, И. Б. Молдобаев ж.б. |
| социалдык-философиялык, этикалык-эстетикалык маани-манызы | А. Салиев, А. Какеев, А. Брудный, Г. Бакиева, А. Табалдиев, А. Алтымышбаев, Р. Ачылова, Ш. Б. Акмолдоева, Чоюн Өмүралиев ж.б. |
| педагогикасы жана аны окутуунун көйгөйлөрү | А. Э. Измаилов, Т. Байжиев, Т. В. Панкова, С. Байгазиев, Б. Исаков, С. Иптаров ж.б. |
| идеялык мазмуну, көркөмдүк нарк-насили, руханий дөөлөттөрү, тили ж.б. ар кандай маселелери | В.М.Жирмунский, Е.Д.Поливанов, А.А.Петросян, А. Токомбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов, М. Байжиев, Х. Карасаев, К. К. Юдахин, И. А. Батманов ж.б. |
| адабий-тарыхый маселелери, генезиси | М.Ауэзов, З. Бектенов, Ж. Таштемиров, Б. Керимжанова, К. Асаналиев, К. Тыныстанов, Б. Юнусалиев, Р.З.Кыдырбаева ж.б. |
| манасчылар, чыгармачылык өзгөчөлүктөрү | К.Рахматуллин, С.Мусаев, А.Табалдиев ж.б. |

1995-жылы «Манастын» 1000 жылдыгы ЮНЕСКО тарабынан дүйнөлүк деңгээлде белгиленип, жер жүзүнүн окумуштууларынын эпоско илимий кызыгуусун бир кыйла жандандырган.

| **Эпосту изилдеген чет өлкөлүк окумуштуулар** | **Өлкө** |
|---|---|
| Маркварт, М. Парри, А. Б. Лорд, ага-ини Чедвиктер, А.Т. Хатто, Кит Г овард. | Англия |
| Копроло-Заде, Абдүлкадир Инан, Ивгин Хайреттин, Инжи-Энгинун, Камил Тойгар, Фуат Көпрүлү, Эмине Гүрсой ж.б | Түркия |
| Карл Решл | Г ермания |
| Реми Дор, Г. Имрат | Франция |
| Ильзе Лауде-Циртаустас, Ричард Хевитт | АКШ |
| Ху Чжень-Хуа, Лаң Иин, Анвар Байтур, Мамбеттурду Мамбетакун, Макелек Өмүрбай, Турганбай Кылычбек | Кытай |
| Ниенке ван дер Хейде | Нидерланды |

Франциялык түрколог Реми Дор «Манастын» Памирдеги үзүндүсү», «Шинжаң кыргыздарынын «Манасы» ж. б. бир катар илимий макалаларын жазып: «Башынан аягына чейин биз баатырдын жана анын чоролорунун эл менен болгон биримдигин, эл үчүн күйүп-бышкан патриоттук сезимдерин, Манастын адамдарга жардам берүүгө дайыма даяр тургандыгын көрөбүз, ушунун өзү эле угуучуларга эбегейсиз тарбия берери шексиз» - дейт.

Түркиялык профессор Эмине Гүрсой-Наскали эпостун тарыхый негизи деп IX кылымдан кийинки болгон тарыхый окуяларды - 1120-жылдын аягында Каракытайлардын Орто Азияга келип, Карахандыктарды басып алгандан кийин кыргыздарга аскер жиберүүсүн эсептейт.

Инжи Энгинун «Манас»дастанында аялзаты» деген эмгегинде «Манас» дастаны бизди кудуреттендирүүчү, тарыхтагы жаңылыштыктарыбызды кайталоодон сактоочу жаңы бир тарыхый ан-сезимди жаратуучу күчкө эгедер», - деп жыйынтык чыгарат.

Англиялык окумуштуу Маркварт эпостун мазмуну Чыңгыз-хандын (XIII) тарыхы менен байланыштуу деген ойду айтат.

Копроло-Заде: «Манас»байыркы Түрк Каганатынын жана караханиддер мамлекетинин доорунда жаралышы мүмкүн”,- дейт.

Ага-ини Чедвиктер кыргыз эпосунда Жунгар мезгилинин (XV- XVIII) окуялары чагылдырылгандыгын белгилешет.

А. Т. Хатто «Көкөтөйдүн ашы», «Кыргыз эпикалык поэмасы», «Алмамбет, Эр Көкчө жана Ак Эркеч», «Көзкаман», «Семетей» аттуу илимий изилдөөлөрдү жарыялаган. Ч. Валихановдун «Көкөтөйдүн ашын» кара сөз менен англис тилине которгон. Кыргыз элинин эпосун, адат-салтын, дүйнөгө көз караштарын Европага пропагандалап, кыргыздын көөнө сөздөрүнө, этнографиялык жөрөлгөлөрүнө, ономастикасына кеңири түшүндүрмөлөрдү жана чечмелөөлөрдү берген.

Америкалык түрколог Ильзе Лауде-Циртаутас «Кыргыз акын-ырчысы Сагымбай Орозбаков жана «Манас»эпосу» аттуу эмгегинде: «Сагымбайдын варианты өзгөчө тилинин таасирдүүлүгү менен суктантат, тарыхчылар,

этнологдор, географтар, адабиятчылар үчүн кенч. Чокон Валихановдун "Манас" эпосу-кыргыздардын турмушунун энциклопедиясы" деген сөзү өзгөчө Сагымбайдын вариантына тийиштүү» - деп жыйынтык чыгарган.

Окумуштуу Ричард Хевитт 1994-жылы Кыргызстанда илимий иши менен бирге айылдык жашоочулардын каада-салттары, дүйнөгө болгон көз карашына байкоо жүргүзүп: «Тооратта» Иаковдун баласы Манассия жөнүндө айтылат. Бул кыргыз эпосундагы Жакыптын уулу Манастын ысмына окшош. «Манас»эпосу менен еврей элинин «Тоорат» диний китебинин тамыры бир»,-деген божомолду айтат.

Германиялык профессор Карл Решлдин 1987-жылы АКШда өткөрүлгөн адабият боюнча эл аралык конференцияда «Жусуп Мамайдын Манас айтуу устаттыгы» аттуу илимий доклады катышуучулардын чон кызыгуусун туудурган.

Пекиндеги аз сандагы улуттардын адабиятын изилдөө институтунун профессору Ху Чжень-Хуа «Манас»эпосу боюнча Кытайда жана чет өлкөлөрдө 25тен ашык макала жарыялаган.

«Кытай Манас изилдөө илимий коомун» түзүүнүн демилгечиси Лаң Иин изилдөөдө зор эмгек сиңирген. Жусуп Мамайдын варианты боюнча кытай тилинде «Манасты» кара сөз менен жазган.

Кытайлык белгилүү кыргыз тарыхчысы Анвар Байтур өзүнүн «Кыргыз тарыхы лекциялары» аттуу эмгегинде 1124-жылы мекендештеринен куугунтук жеп, Хангай тоолорун ашып өтүп, Энесай кыргыздарына келип баш калкалаган кытай ханзаадасы Элли Тайши «Манастагы» Алмамбетти элестетет, ал эми 1167-1211-жылдардагы кара кытайлардын каны Жөлөгү «Манастагы» Жолой болушу мүмкүн деген жоромолду айткан.

Нидерланды өлкөсүнүн окумуштуусу, социалдык антропология илиминин доктору, манастаануучу Ниенке ван дер Хейде 1996- жылдан



2001- жылга чейин 5 жыл бою Кыргызстанда болуп, "Манас" эпосунун кыргыз коомундагы орду жана анын \оозеки аткарылышы» деген доктордук диссертациясын жазган. Ал: «Манас»эпосун эс тутумуна сактап, оозеки жайылтып айтып келе жаткан манасчылардын бар болгондугу эбегейсиз чоң бакыт. Манасчы тарабынан эл чалдына чыгып «Манас»эпосунун ар бир аткарылышы, байкалбаганы менен эл үчүн руханий кубат бере турган (касиетке ээ кубулуш»,-дейт.

Дүйнө окумуштууларынын, адабий сынчылардын жана котормочулардын эпоско болгон кызыгуусу улам күч алууда. Американын Айова штатындагы университетинде филолог-студенттердин окуу программасына эпостун кээ бир үзүндүлөрү киргизилген. Англиялык окумуштуу Кит Говард жаздырып алган С. Касмамбетовдун айтуусундагы "Манастын" варианты англис тилине которулуп, 2011-жылы " Singing the kyrgyz Manas" деген аталышта дүйнөлүк дастан изилдөөчүлөрүнө сунушталды.

***IVтема: «Манастын» үч бөлүмүнүн генеологиялык тутумдаштыгы, өзөктүк, идеялык биримдиги, тазартуучу күчү, жети осуятынын мааниси.***

4.1. “Манас”, “Семетей”, “Сейтек”эпосторунун кыскача мазмуну, өзөк окуялары, идеялык биримдиги жана өзүмдүк белгилер.

4.2.Эпостогу башкы тема, негизги идеялар. «Манастын» күчү- канчалаган кылымдардан бери кыргыз элинин духун көтөрүп, шык берип, дем берип, идеал болуп турганы. “Бөлүнсөң бөрү жеп кетет” деп түрдүү элдерди, урууларды, урук- тууагандарды баш коштуруп, биримдиги бекем бир элге айландырууга болгон аракет - азыр да өз күчүндө келаткан түбөлүктүү көйгөй. Эгемендүүлүк, биримдик, достук, патриоттук, акылмандык, гумандуулук, ыймандык, экологиялык, философиялык жактан эпосто көтөрүлгөн орчундуу ойлордун жалпы адамзаттык идеялар менен үндөш келчү жактары. Баатырдык, адилеттүүлүк, Ата-Мекен ыйыктыгын сактап калыш үчүн өлүмгө да даяр турган элдик уулдардын үлгүсү- чыныгы патриотизмдин символу.

4.3. ”Манастын” мазмунунан алынган жети осуяттын маани-маңызы, эпостогу башкы теманы, идеяны, камтылган ойду тереңдетип тургандыгы. “Манас” эпосунун мазмунунда камтылган элге зарыл керектүү акыл- насааттардын чеги сунуш кылынган жети осуяттын алкагы менен эле чектелбестиги.

**1- суроо**. Сагымбайдын варианты Манас баатырдын тегин мүнөздөп, Каракан, Угуз, Аланча, Байгур, Бабыр, Түбөй, Көгөй, Ногой, Жакып деп жети атасын саноодон башталат. Кыргыздарды кытайлар басып алып, туш-тушка таратат. Ногойдун кичүү баласы Жакып Манжурияга айдалып, Бөйөндүн уулу Чаянга малай жүрөт. Кызмат кылып, жаккан үчүн Чаяндын кызы Бакдөөлөткө үйлөнөт. Ага чейин аталаш агасы Чыйыр өлгөндө анын аялы Шаканга үйлөнүп, агасынын урматына аялын Чыйырды деп атаган экен. Жакып эбегейсиз байыйт, бирок эки аялынан тең элүү жашка келгенче бала көрбөй зарлап жүрөт.

Бир күнү бай Жакып малынан үйүнө келип, баласы жогуна капа болот, уктап жатып түш көрөт. Түшүндө өзгөчө кыраан туйгун куш кармап алат. Жакыптын байбичеси Чыйырды, токолу Бакдөөлөт да жакшы жышааналуу түш көрүшөт. Байжигит деген адам Жакыптын түшүн баатыр балалуу болот экенсиң деп жоруйт.

Эки жыл өткөндө Чыйырды кош бойлуу болуп, жолборстун жүрөгүнө талгак болот, жолборстун жүрөгүн жеп, талгагы канат.

Чыйырдынын төрөтү оор болуп, тогуз күнү толготот. Акбалта жаңыдан туулган кула кулунду телчитип турган жеринен Жакыпты таап, баласын сүйүнчүлөйт. Жакып сүйүнчүгө көп мал таратып, үйүнө келет, баласынын баатыр бала болор сапаттарын байкайт. Баласына арнап чоң той берет. Чогулган эл ылайыктуу ат таба албай туюкталып турганда кайдан-жайдан дубана келип, балага «Манас»деп ат коюп, көздөн кайым болот. Убакыт өтүп, Манас чоңоё баштайт, өзгөчө тентек чыгат. Жакып баланы эмгекке катыксын үчүн койчусу Ошпурга козу кайтартканга берет.

Жакып Ошпурдукунан баласын алып кетүү үчүн келет. Манасты ээрчитип өз айылына бараткан жолдо жер коруган калмактар жолугуп калып Жакыпка кол салышат. Бул чыр чоң чатакка айланып, согушта Манас эрдик көрсөтөт. Бул - баатырдын биринчи эрдиги. Манастан жеңилген калмактардан кабар уккан кытайдын каны Эсенкан баатыр баланы кармап келүүгө атайын кишилерин жиберет. Соодагер болуп келген тыңчылар жылкычылардын арасында жүргөн Манаска жолугушат. Бирок Манас аларды өлтүрүп, дүнүйөлөрүн элге таратат.

Жакыптын Кашкар тарапка айдалган Бай аттуу иниси Жакыпты издеп келип, таап жолугат. Ошол арада калмак каны Нескара чаап алмак болуп көп колу менен келип Манастан жеңилет, өзү качып кутулат.

Жакыпка жамаатташ жашап, аны менен мамилелеш болгон уруулар чогулуп, баш кошуп ынтымакташып жашоого, жоо келсе бирдиктүү каршы турууга убадалашып, Манасты кан көтөрүшөт.

Жаангер кожо аттуу адамдын баласы Билерикти Нескара колго түшүрүп алып, Кырмус шаа аны орго салып коёт. Жаангер баласына жардам берүүнү өтүнүп Кошойго кайрылат. Ал камданып, көп кол менен аттанып, амал-айла менен Кырмусту жеңет. Ошол учурда он бир дуу-дууга каршы аттанган Манас келип Кошойго жолугат. Он бир дуу-дуунун бири, Дангу шаарынын улугу Кайып менен болгон согушта Манас жеңип, аны колго түшүрөт. Кайыптын өзгөчө сулуу жана мерген, баатыр кызы Карабөркту жекеде жеңип, ага үйлөнөт.

Манас колу менен үйүнө кайтып келгенден кийин Жакып элин чогултуп, калмак-кытайлар менен өчөгүшкөн душман болуп калдык, бул жерди таштап алысыраак башка жакка көчүп кетип жан сактайлы деген кеңешин айтат. Чогулган көпчүлүк ата-бабадан калган Ала-Тоону жоодон куткарууну туура деп табышып, камынып, көп кол аттанат. Манас колу менен келип Текести жеңет, анын ордуна эл иниси Тейишти кан шайлап, ал той берет. Тойдо эр сайышка баатыр кыз Сайкалга каршы эч ким чыкпай, Манас өзү чыгат, аз жерден жеңилип кала жаздайт.

Манас Кер-Көлдөгү (Ысык-Көл) Оргуну, Чүйдөгү Акунбешим шааны, Ташкендеги Панусту жеңип, мурдагы кыргыз жерин душмандардан бошотот. Анжыяндагы Алооке кан коркуп багынып, Манаска баласы Боокени кошуп берет.

Манас менен кыргыздардын кабарын уккан Оогандын каны Шоорук аларды талап алмакка кол салып, согушта жеңилип калат, кызы Акылай сулууну баш кылып 40 кыз тартуу тартып жарашат. Манас Акылайга үйлөнөт.

Кытайдын белгилүү кандарынын бири Соорондуктун уулу Алмамбет баатырдыгы, акылмандыгы, калыстыгы менен жашынан даңкы чыгат. Ууда жүрүп казактардын каны Көкчөгө жолугат, анын айтуусу менен мусулман динин кабыл алат. Эли-жеринен кетүүгө аргасыз болуп, Көкчөгө келип, көп жыл туруп калат. Казак бийлери Алмамбеттин мыктылыгын көрө албай Көкчөгө жамандайт, алардын тили менен Көкчө ачуу сөз айтып, Алмамбетти таарынтат. Ыза болгон Алмамбет казактардан кетет да, ууда жүргөн Манаска



жолугуп, аны менен эмчек эмишип, тууган болот.

Манастын талабы боюнча Жакып баласына ылайык кыз издеп аттанып, көп жер кыдырып, акыры тажиктердин Кыйба деген шаарындагы Каракандын

(Атемир кандын) кызы Санирабиганы жактырып, куда түшөт. Манас 40 жигитин ээрчитип күйөөлөп барып Санирабигага үйлөнөт, Санирабигаганы кан никесинде турду деп Каныкей аташат.

Кыргызды чилче таратканда Жакыптын кара кытай Каканга колго түшкөн Үсөн деген бир тууганы балдары менен Манасты издеп келет. Айдалып барган жеринде калмактар Үсөндү Көзкаман деп атап алышат, балдары да көзкамандар атыгып кетишет. Манас тууганларын урматтап тосот, бирок Үсөндүн балдары Манаска кастык ойлоп, конокко чакырып, уу берип өлтүрүүгө аракет кылышат. Манасты Каныкей куткарып кетип, 40 күн дарылайт. Манас айыгып, чоролору менен элине кайтат, көзкамандар бирин-бири өлтүрүп, өзүлөрү кырылып жоголот. «Көзкамандар окуясы» деп аталган бул окуя «Мажму ат-таварихтеги» вариантта да жолугат.

Кыргыздардын кадырлуу адамдарынын бири - Ташкендин каны Көкөтөй каза болот. Баласы Бокмурун көп эл чакырып атасына чоң аш берет. Ашты Кошой менен кеңешип Манас бийлейт. Уруу башчылары Көкөтөйдүн ашын Манас бийлегенине ичтери тарыйт жана анын эл арасындагы кадыр- баркынын жогорулаганын көрө албайт, өзүлөрүнчө кеңешип, Манасты чаап алмак болушат. Баатырдын алдына келгенде тайсалдап, эмне иш менен келдиңер деген Манастын суроосуна өчөшкөн жоого алып бар дешет. Манас чогулган көп колду узактан берки өчөшкөн душман Коңурбайга каршы алып жөнөйт. Колго кан болуп Алмамбет шайланат, мурда билген адам катары жолду да ал баштайт. Узак жол жүрүп, көп кыйынчылык көрүп, кытай чегине жакындашат. Чалгынга Алмамбет менен Сыргак аттанат. Буга Чубактын ичи тарып чыр чыгарат. Аны ээрчитип алардын артынан Манас да жөнөп, төртөө Бээжинге кирип, жылкы тийишет. Куугун келип, катуу согуш болот, кыргыздардын колуна кабар жетип, эки кол беттешкен чоң салгылашууда кытайлар жеңилип, тартуу тартышат. Кыргыз колу көп олжо менен жерине кайтат. Бул өзөк окуя Чоң чабуул (Чоң казат) деп аталат.

Алтымыш жашка чыккан Манас баласыздыгына арман кылып, элин чогултуп, сыйынуу үчүн Мекеге барууга уруксат сурайт. Эл баатырдын алыс жолго кетерин каалашпайт. Сураштырса, Каныкейдин боюнда бар экен. Мекеге баруунун зарылдыгы жок болуп, Манас токтоп калат. Каныкей төрөп, чоң той берилип, баланын аты Семетей коюлат. Үч жыл өткөн соң барам деп оозумдан чыгып кетти эле, сөзүм жалган болбосун деп Манас Мекеге кетет. Анын жоктугунан пайдаланып Коңурбай кыргыздарга кол салат. Кыргыздар жеңилгени калганда Манас келип, кармаш кайра күчөйт. Алмамбет, Сыргак, Чубак окко учат. Аккулага замбиректин огу тийип өлөт. Манасты аңдоостон келип Коңурбай шилиге айбалта менен чаап, жарадар кылат. Манастын оң чекесине жаанын огу тиет. Жарадар баатырды элге алып келишет. Жакындары менен коштошуп, Манас көз жумат. Үрүмчү шаарына жакын Баяндынын талаасындагы Кум-Арык деген жерге Манастын сөөгү коюлуп, күмбөз салынат. Эпостун бул бөлүмү Кичи чабуул (Кичи казат) деп аталат.

С.Орозбаковдун варианты эл турмушун кеңири сүрөттөгөндүгү, окуяларынын, аларда баяндалган маалыматтардын байлыгы, өзгөчө көркөмдүгү менен айырмаланып турат.

**С.Каралаев айткан вариант да** баатырдын ата-бабаларын эскерип санап, аларга кыскача мүнөздөмө берүүдөн башталат.

Жети атасын билүү-тарыхын билүү гана эмес, тукумун сактоо акылмандыгы, дени сак улут үчүн кам көрүү дегенди билдирет. Кыргыздар жети ата өтмөйүн кыз алышкан эмес.

Саякбай манасчы Манастын аталары катары Бөйөн, Чаян, Ногой, Балакан, Каракандарды атайт. Каракан өлүп, анын сегиз уулу жетим калганда кытайдын Алооке, Молто деген кандары көп кол менен келип кыргыздарды басып алышат. Күчтүү жоодон кордук көргөн уруу башчылары Каракандын жетим балдарынын тыңы Жакыптын тегерегине топтолушат. Жакып, Балта башында туруп жоого каршылык көрсөтүшөт. Алооке Каракандын балдары чогуу турса бизге кооптуу, аларды туш-тушка бөлүп, таратуу керек деп акыл чыгарып, кыргыздарды тентитет. Акбалта менен Жакып 40 үйлүү туугандары менен Алтайга айдалат.

Айдалып баргандар эгин эгип, кен казып жан сакташат. Алтыны алты там болуп Жакып байыйт. Бирок баласыз болуп, ээсиз малды эмнеге багам?! — деп арманда жүрөт.

«Буруттардан Манас аттуу баатыр чыгып, элиңди чабат»- деген аярларынын сөзү менен Эсенкан ошол баланы таап келесиңер деп өз адамдарын аттантат. Калмактар, кытайлар кыргыздарды мазактоо, кемсинтүү үчүн бурут деп аташкан, күнөөлүү, чыккынчы, башка диндеги деген маанилерди берет. Кандын балбандары издеп жүрүп Самарканда Чоң эшен дегендин 17 жаштагы баласы Жарманасты кармап келишип, канына алпарып орго салып, коркунучтан кутулдук деп чоң той беришет.

Бай Жакып укмуштуу түш көрүп, той берип, түшүн жорутат. Түштү Акбалта элди азаттан куткара турган баатыр бала туулат экен деп жоруйт. Көп узабай Чыйырдынын боюна бүтүп, ал шердин этине талгак болот. Кочку деген калмак аткан шердин этин 90 тоонун буудайына сатып келип беришет. Күнү жетип бала төрөлөт, ал бир колуна кан, бир колуна алтын кармап түшөт, чекеси жерге тийгенде жер титирейт.

Бир дубана туулган бала теңдешсиз баатыр болорун айтып, болот ок берип, ушул ок менен оозанткыла, кийин окту жакасына тигип койгула деп көздөн кайым болот.

Жакып баласына чоң той берет. Анын салтанатын көргөн калмактар чочулап, Эсенканга кабар беришсе ал этибарга албайт.

Манас бешке чыкканча баспай, бечел калат, жетиге чыкканда жанда жок тентек болот.

Сегиз жашар Манасты Ошпур койчуга берип, анда да тентектигин койбой койгондо алып кеткени келген Жакып менен баласына жер коруган калмактар жолугуп, чатак чыгат, Манас көп жоону жеңип, алгачкы эрдик көрсөтөт. Соодагер болуп келген кытай балбандарын жеңет, карышкыр болуп кубулуп келген 40 чилтенге кездешет.

Жаш Манас Эсенкандын айтканы боюнча Манасты байлап кеткени көп кол менен келген Жолойду жеңет, колу кырылып, Жолой өзү качып кутулат.

Манас Акбалтадан кыргыздын жайын угуп, Кошой баатырга жолугуу үчүн 40 жолдошу менен аттанып, Чеч-Дөбөгө келет. 40 үйлүү тууганадары менен көчүп келүүгө убадалашат. Кошой өзү туткундагы Билерик менен Жарманасты бошотом, Жарманаска карындашыңды алып бер, анткени ал сенин ордуңда азап тартып жатат дейт. Манас Алтайга жөнөйт. Эсенкандын буйругу менен Манасты байлап кетүүгө көп кол алып келген Жолой, Дөөдүр, Каражой Алтайдан кыргыздарды таппай көчтүн изин көрүп, кууп жөнөшөт. Манас Кошойго кеткенден кийин 40 үйлүү кыргыздар кеңешип, Акбалтанын акылы боюнча Ала-Тоого бет алып көчүп жөнөшкөн экен. Куугун көчтүн артынан жетип, уруш болот. Согуш учурунда Манас келип, кармаш күчөйт, катуу согушта Манастын 40 бала жолдоштору бүт кырылат.

Кошой өз колу менен барып Билерик менен Жарманасты бошотуп, Манасты издеп жөнөйт да, катуу согуштун үстүнөн чыгат. Кошой жана аны менен бирге келген Айдаркан, Музбурчак ж.б. жардам берип, кытайлар жеңилет. Манас туугандары менен Таласка келип жай алат.

Манастын жолдош күтүп, алсыздарга кайрымдуу болгон марттыгын жактырбай атасы Жакып малымды түгөтмөк болдуң деп ачууланат. Атасына таарынып, өзүнө теңдеш жолдош издемек үчүн Манас аттанып чыгып, Баба дыйканга жолугат, орток болуп эгин айдап, буудайга Аккуланы сатып алат, Кыдыр жолугуп, ал асмандан түшкөн алты Курчту берет. Бакай, Ажыбай, Шууту, Ырчы уулга жолугуп, аларды өзүнө жолдош кылып, үйүнө кайтат.

Анжыянды бийлеп турган Алооке элге кордук көргөзүп жатат деп угуп, Манас ага каршы 40 жигитин ээрчитип аттанат. Анын кабарын уккан Алооке Кытайга качат. Манас кууп жетип, колун жеңип, өзүн өлтүрөт да, анын көп дүнүйөсүн колго түшүрүп, олжону бөлүп алгыла деп элге кабар берет. Чогулуп келген эл дүнүйөнү бөлүп алышып, Кошойдун сунушу боюнча Манасты кан көтөрүшөт.

Бакай куда башы болуп барып Букардын каны Каракан менен кудалашат. Манас ууда жүрүп Кумайык таап алат, аны бактырыш үчүн Каныкейге берет. Кумайык ойноок чыгып, куйругун отко чаап, учу күйүп калат. Муну көргөн Манас чыр чыгарып, Каныкейди албай таштап кетет. Таарынып кетип калган Манастын артынан Каныкей өзү көчө барып, сарамжалдуулугу, сергек акылы, билгичтиги, чебер уз, эмгеги менен баатырга жагып, көңүлүнө толот.

Төштүктүн тоюнда кыргыздын он эки каны оолугуп, Кошойдун койгула дегенине болбой Манасты чаап алууга аттанышат. Манастын алдына келгенде жалтактап, Бээжинге каршы аттаналы деп келдик дешет. Он эки сан кол болуп Чоң казатка аттанышат. Каныкей баласы Семетейди көтөрүп келип Кошойдон бата алат. Алмамбет колго кан шайланат. Узак жол жүрүп, Кытай чегине жетип кол тыныгат. Сыргакты ээрчитип Алмамбет чалгынга жөнөйт. Чубак таарынып чыр чыгарып, чалгынчылардын артынан барат. Манас жетип, чатак басылат. Тал чокудан Кытайдын жерин көрүп Манас Алмамбеттен жайын сурайт. Алмамбет өз тарыхын баяндап берет. Баатырлар кытайдын жылкысына тийип, куугун келет. Чоң согуш болот. Эки кол беттешкен катуу кармашта кытайлар

жеңилип, Манас Чет-Бээжинге кан шай- ланат. Кытайлар тартуу тартып, эки эл жарашат.

«Кичи казат» да эпостогу элге кеңири белгилүү салттык окуя. Коңурбай амал менен жашырынып келип Манасты айбалта менен шилиге чаап, жарадар кылат. Кыргыздар жол тартышат. Артынан кубалай келген жоо менен катуу кыргын болот. Коңурбай Манасты найза менен белге сайып экинчи жолу жарадар кылат. Катуу согушта Сыргак, Чубак, Алмамбет окко учат. Аккулага ок тийип, Манас жөө калат. Каныкей түш көрүп, Тайбуурулду коштотуп Бакайды Манаска жөнөтөт. Тайбуурулга минген Манас кытайларды кууп сепилине камайт. Чептин дарбазасын талкаламак болуп жатканда, асмандан «элиңе кайт!» деген үн жетип, Манас жерине кайтат. Жарааты кабылдап кетип каза болот. Каныкей күмбөз салдырат. Душмандары сөөгүн кордобосун деп Манасты атайын даярдалган жайга жашырып коюшат.

С.Каралаев айткан вариант «Манастын» негизги окуяларын баштан аяк толук камтыган, эпостун салттык белгилерин сактоо менен аткарылган мыкты вариант.

**«Манас»эпосунун экинчи бөлүгү «Семетей»** өтө кайгылуу башталат. Манастын сөөгүн койгондон кийин кырк күн өтпөй Манастын аталаш иниси Көбөш Каныкейге үйлөнмөк болот. Ага Каныкей макул болбойт. Семетейди өлтүрмөк болушканда уулун көтөрүп, кайненеси Чыйырдыны ээрчитип атасынын шаарын көздөй, Бухарга качат.

Семетей он экиге келгенде атасы ким экендигин билип, элин издеп Таласка келет, атасынын ордун басып, элине ээ болот. Кастык кылган душмандарды өлтүрөт. Бир топ убарадан кийин кудалаган колуктусу Айчүрөккө үйлөнөт. Семетей Коңурбай менен эки жолу согушуп, экинчисинде аны өлтүрөт. Канчоронун чыккынчылыгынан Семетей жарадар болот. Семетейдин сөөгүн эч ким таба албайт, ал кайып болуп кетет. Элди Кыяз чаап алып, Канчоро хан болот. Айчүрөктү Кыяз олжого алып кетет.

**«Сейтек»** - «Манасты» бардык жагынан жыйынтыктаган жана корутундулаган бөлүгү. Сейтек атасы Семетей сыяктуу эле бөтөн жерде, Кыяздын үйүндө, туулуп-өсөт. Он эки жашка чыкканда атасы Семетей экендигин угуп, анын душмандарынан өч алууга киришет. Өз жери Таласка келип, чоң энеси Каныкейге, бабасы Бакайга жолугат. Аларды жана кулдукта калган элин эркиндикке чыгарып, атасынын ордун басат. Элди Сейтекке тапшырып, Бакай, Каныкей, Күлчоро, Айчүрөк кайып болуп кетишет. Андан ары Сейтектин перинин кызы Ак-Берметке үйлөнүшү ж.б. окуялар баяндалат.

**2- суроо**. «Манас»- зор көлөмдүү, эл турмушун кеңири планда чагылдырган чыгарма болгондуктан, анда көңүл бурулган тема да, идея да көп. Башкы темасы - элдин эркиндиги, көз каранды болбостугу үчүн күрөш, четтен басып келген душмандардан Ата-Мекенди коргоо. Негизги идея - патриотизм, жан дили менен элге кызмат кылуу.

Эпосто жалпы эле эл Мекен - баарынан ыйык, эл менен бирге болуу, өз жерин коргоо ар бир адамдын милдети деп түшүнөт. Ар бир каарман эли



менен сыймыктанат, жерин сүйөт, «эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи» деген идеяны туу тутат. Кыргыздар чачылып, туш-тушка сүрүлгөндө өз жеринде калып, душмандарына бой бербей, уруусун багып турган Кошой

баатыр Манасты кубанып тосот да: «Калың журтуң издебей, калмакка жүрөр жөн барбы? Эми каран күн, көк жал, эл кайда?!» деп элдин чачылганын арман кылат, көчүп кел, элдин башын кош деп кеңеш берет. Элге-журтка, Мекенге кызмат кылууда баатырдык сапат өзгөчө орунга коюлуп, аны сыпаттоого көп орун берилет. Сырттан келген жоого каршы туруу - жаш- карыга, аял-эркекке бирдей тең, ыйык милдет. Жеке эле Манас, анын кырк чоросу гана эмес, акылман Бакай, калк атасы Кошой жана Каныкей, Сайкал сыяктуу белгилүү аял каармандар да баатырдыгы менен айырмаланышат. Баатырдык-эрдик мүнөз айрым жеке адамдарда гана жолуккан сейрек белги эмес, бүтүн элге таандык мүнөздүү касиет. Ошондуктан тарыхта кыргыздарды коңшулары, сырын билгендер урмат көрсөтүү менен «Могулстандын жапайы арстандары» деп атаган. Эпосто да калмак-кытайлар кыргыздарды ээ-жаа бербей тутанган өрттөй, баарын кыйратуучу селдей каптаган эл деп түшүнүшөт. Калмактардын чоң хандарынын бири Акунбешим шаа кыргыздар кандай жоо экен? - деп сураганда Сары деген аяр калдай (калдай - калмактардын чоң башкаруучу мансаптарынын бири) ага минтип жооп берет:

Эбин чагып журт күтүп Эл көрө элек экенбиз,
Эрегишип урушуп Эр көрө элек экенбиз,
Ала мөңгү бел ашып
Тоо көрө элек экенбиз,
Айгайлашып урушуп
Жоо көрө элек экенбиз.
Агын ташып каптаган
Сел көрө элек экенбиз,
Ажалдан башын тартпаган
Эр көрө элек экенбиз.
Өзөн күйүп туташкан
Өрт көрө элек экенбиз,
Башыбыздан ар ишти
Өткөрө элек экенбиз.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Кереби деп ойлоймун,
Аркабыздан аз күндө
Келеби деп ойлоймун,
Азабыңды колуңа
Береби деп ойлоймун...

Кыргыздар мал чарбачылыгы менен күн көргөн көчмөн эл болгондуктан, малдын жайытынын ыңгайына карап бир аймактан экинчи орунга ооп, көчүп жүрүп жан сакташкан. Ошого карабастан Ата Мекенди сүйүү, туучан жерди

ыйык катары жогору баалоо, анын тазалыгы, эркиндиги үчүн кандай жоо менен болсо да күрөшүүгө даяр туруу сезими өзгөчө өнүккөн. Манастын образы - элге кызмат кылуунун, Ата Мекенин сүйүүнүн үлгүсү. Манас баатыр ата-бабадан калган жерди жоодон бошотуп алуу ыйык милдетим деп эсептейт. Жеримди бошотуп албай жүргөнчө атадан туулбай калганым оң деп түшүнөт:

«Кытайга кыргын салалы,
Кыйратып, жерди алалы!
Кызыктуу жерди алдырып,
Кыяматта жүргөнчө
Кыргыз уулу болгону
Кырылып жатып калалы» — дейт.

Мекенден ажырап, эркиндик, теңдикке ээ болбой жашагандан көрө, кармаштагы өлүм артык экендиги жеке эле жаш Манастын ою эмес, элдин башкы максаттарынын бири.

Эпостогу өзөктүү идеялардын бири - бул элдин ички биримдик ынтымагы. Байыркы тарыхта жүздөгөн элдердин көбү биздин күндөргө жетпей калганына алардын тагдырына туш келген кандуу согуштар, табийгый кырсыктар, татаал тарыхый кырдаалдар гана эмес, улуттук биримдик, ынтымактын жоктугу негизги себеп болгон. Бабаларыбыз элди ушундай коркунучтан сактоо үчүн “Ырыс алды-ынтымак”, “Ынтымак түбү- ийгилик”, “Күч-бирдикте”, «Бирдик болгон жерде - тирдик», «Бөлүнгөндү бөрү жейт, жарылганды жоо алат», «Байлык - байлык эмес, бирдик -байлык», “Ынтымагың бар болсо - тең болорсуң, ынтымагың жок болсо - жем болорсуң”, “Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп кетти кыргыз деп бөтөн элге кеп кетет” деп эскертип келген. Күчтүү, көп жана коркунучтуу душманга каршы туруу, күрөшүү, эл-жердин эркиндигин талашуу үчүн ынтымак, биримдик зарыл.Элдин ынтымагы болбосо, мамлекет жоюлат, “Бирөө айдалып Кангайга, бирөө айдалып Алтайга, бирөө тентип Эренге, бирөө түшүп кетти тереңге” деп эпосто айтылгандай эл таруудай чачырап, бөлөк калкка сиңип, улуттук өзгөчөлүгүн: тилин, дилин, үрп-адатын, наркын акырындап жогото берет, “миң да болсо кырылат, пил да болсо жыгылат”, элдин байлыгы да, көптүгү да, баатырдыгы да түккө турбай калат. Биримдиктин, ынтымактын жоктугунан, эндекейликтен, камырабастыктан кыргыз эли жеңилүүгө, чабылып-чачылууга, кордук көрүүгө туштуккан. Ошон үчүн жаш Манас малынын кайгысын тарткан атасына кайрылып:

«Коркуп жүрүп бирөөдөн,
Мен короого малды жыйбадым!
Жалынып жүрүп бирөөгө
Мен жайытка малды
жайбадым!
Арбытып айыл жыяйын,
Аманат жанга бир өлүм,
Намыс үчүн кыяйын!
Короого коңшу жыяйын,
Корксо да жанга бир өлүм,

Арбак үчүн кыяйын!» —деп, мал-мүлк жыйбастан, тилектеш, жардамдаш боло турган эл жыйып, анын башын коштуруп, душманына каршы турууга бел байлайт. Бул максатты көздөгөн Манас элин бириктирет, башы кошулган кыргыз эли жоосун жеңип, жерин бошотуп, кадыр-баркка ээ болот. Ынтымак, “бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарган” биримдик идеясы кыргыз калкын далай кыяматтан сактап келген.

Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар «Манас»деп ураан чакырышып, саны жагынан көп, күчтүү душмандарынын мизин кайтарып келишкен, эпостогу каармандардын эрдиктеринен, бири-бирине жасаган адамгерчиликтүү мамилелеринен таалим-тарбия алышкан.

“Манас” эпосунан элдик педагогикалык көрөңгө, улуттук философияга өзөк, мамлекеттик идеологияга таяныч болуп бере ала турган руханий нарктардын казынасын табууга болот.

“Манас” эпосу:

- дүйнөлүк маданияттын казынасына кошулган кайталангыс салым, элдин улуулугунан кабар берген мурас, ата-баба табылгаларынын казынасы;
- эң сейрек кездешүүчү дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин бири;
- миңдеген жылдарга саймаланып калган кыргыздын өмүрү, жан-дүйнөсү жана турпат бейнеси, сенектикти билбеген, улам толукшуп кулпурган өнөр;
- жок болуп кетпөө жөнүндөгү улуу сабак, элди өз укум-тукумуна таанытып турууучу нуска;
- адам акылын тандыраар көркөм дүйнө рухий курал, келечекке жасалган чабыт;
- элдик мектеп, элдик жана биримдик жөнүндөгү улуу насаат, кыргыз рухунун туу чокусу!

**3-суроо.** «Манас»эпосунун мазмунунда камтылган элге зарыл керек акыл-насааттардын чеги жети осуяттын алкагы менен эле чектелбейт. Манастын 1000 жылдык маарекеси белгиленип жатканда өлкөбүздүн тунгуч президенти тарабынан “жети” деген сандын ыйыктыгы эске алынып, ошол жети багыт гана сунуш кылынган.

Жети осуят эпостун башкы темасы-идеясы менен түздөн-түз байланышып, ошондогу камтылган ойду тереңдетип турат. Жети осуяттагы камтылган ой-түшүнүктөрдү мурдатан эле элибиз жогору баалап, туу тутуп, ата-бабанын осуяты, калтырган ыйык, кымбат мурасы катары эсептеп, өз турмушунда дайым кеңири пайдаланып келген.

**1- осуят. Эл - журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.**

Бакай карыя элди биримдикке чакырып:

Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,<br>
“Бөлүнүп калды кыргыз” деп,<br>
Бөтөн элге кеп кетет.<br>
Жарылсаң, ууру алуучу,<br>
Жарылып калды кыргыз деп,

Жаман аты калуучу,
Ынтымактуу болгула, балдар!-дейт.

Кыргыздар биримдиги жоктугунан эндекей жатып күчтүү жоодон жеңилип, чабылып чачылат. Манас баатыр ат жалын тартып минип атагы билине баштагандан тартып өмүрүнүн акырына чейин эл биримдиги үчүн кызмат кылат. Адегенде чабылып-чачылган элдин тегерегине көптөгөн уруулардын башын коштуруп, өзүнчө бирнмдешкен эл түрүнө келтирет, мурдатан турукташкан мекенине алып келет, андан кийин ошол баш кошкон уруулардын биримдигин чыңдайт, дос-душманга бирдиктүү, ынтымактуу, күчтүү эл катары тааныльтууга зор аракет жумшайт.

Манас Алмамбетти жолуктуруп, сындан өткөрүп, келгенине той кылып турган кезинде кырк чоро Алмамбетке: "Кетсең, кетип түңүлдүк, турсаң, тутуп сүйүндүк!", -деп сунуш кылышат. Анда Алмамбет мындай шарт коет:

Тууган болсоң кырк баатыр,
Тутууга келдим мен акыр,
Жибектен алган өөнүм бар,
Жигиттен калган көөнүм бар,
Ырас мени тур десең Ынтымак сурайм көбүңдөн,
Кудай берсе ынтымак,
Куусаң кетпейт, ырыс бак.
Мени коё салыңар,
Ынтымактуу жүрмөккө Бата кылгын баарыңар!
Алмамбет айтып салганы,
**Анда:**
Азыр турган кырк баатыр
Акылыңа бали деп,
Кошомат кылып калганы,
Кол көтөрүп дубага Бата кылып алганы.
Алмамбет кетпес болгону,
Арстан Манас баатыры Көңүлү көлдөй толгону.

Эпосто элдин ички биримдиги, уюмдашуу башка элдер менен ынтымакташуу, достошуу, жардамдаш болуу менен ажырагыс бир, тыгыз каралат. Ата-бабаларыбыздын башка элдер, уруулар менен өз ара алакалары, карым-катнаштары, соода-сатык байланыштары, куда-сөөктүк туугандашуусу, аларга жасаган урмат-сый мамилелери, ынтымактуулук, достук идеялары кеңири сүрөттөлөт. Манас жеке өз туугандары, өз уруусу гана эмес, кыргыздар менен канатташ жашаган башка элдер, уруулар да аны жапа тырмак колдогон үчүн ийгиликке жетишет. Кыргыздар бир да жолу жоосуна каршы жеке чыгышпайт, аларга көптөгөн элдердин өкүлдөрү активдүү жардам беришет, жеңишке, ийгиликке ортоктош болушат. Мисалы,

Манастын алтайлык калмактар менен согушунда кыргыздарга өлгөн Кортуктун баласы Жакыпка келип, манжулук калмактардын атынан: «Корооңо барып коноюн,
Коңшулаш тууган болоюн.
Кокус өлгөн атама
Козуңду да албай
коёюн!
Айлыңа барып коноюн,
Аралаш тууган болоюн.
Ажалдан өлгөн атама.
Албастан кунум коёюн!» - деп өтүнөт, Манастар тарапка өтүп, алтайлыктарга каршы күрөшөт. Нескара Манасты байлап кетем деп көп кол менен келгенде маңгулдар кыргыздарга кошулуп каршы турат. Кармаш Манастын жеңиши менен бүткөндө маңгулдардын Күлдүр аттуу билерман карысы Жакыпка элинин атынан:

Ачсаң ал алаканыңа,
Абийир берсин баарыңа!
Жутсаң жумуруңдабыз,
Журт болуш мындан артыкпы,
Этегиңдин алдында
Эл кылыңыз бизди! -деп келет жана уулу Чагатайды Манаска жолдош кылып кошуп берет, эпостун кийинки окуяларында бул эл дайым кыргыздардын курамында айтылат.

Манастын кырк чоросу кырк жерден келген түрдүү элдин, уруулардын өкүлдөрү болгондугу эпосто эл достугуна, ынтымакка канчалык даражада көңүл бурулуп, маани берилгенин көрсөтөт. Манас менен анын эмчектеш тууганы, эң жакын, күйүмдүү адамы Алмамбеттин образдары аркылуу эпикалык душмандар катары бири-бирине карама-каршы турган эки элдин өкүлдөрүнүн максатташ, тилектеш болушу, чыныгы достук мамиленин үлгүсү көрсөтүлгөн.

Элдин биримдиги жөнүндөгү улуу идея кайсы доор, кайсы коом болбосун актуалдуу жана түбөлүктүү. Улуттун биримдиги жалгыз кыргыз эли үчүн гана эмес, дүйнөдө канча эл, улут болсо, бардыгына тиешелүү. “Манас” эпосунун философиялык ойлорунун уюткусунун күчтүүлүк мааниси мына ушунда. Улутта биримдик болсо экономикасы, маданияты гүлдөйт, өсөт, элдин маанайы жарык болуп, илим-билимге умтулат, цивилизациянын эң бийик чокусуна бет алат, рухий дүйнөсү көкөлөйт. “Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып” ынтымактуу болсок, кыйынчылыктан, ар кандай тоскоолдуктардан, жердештик-трайбализм оорудан, бөлүнүүдөн, көзкамандар менен манкурттардан алыс болобуз.

**2- осуят. Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык**.

С. Каралаевдин вариантында 120 дан ашык эл менен уруулардын аталыштары жолугат. Эли чабылып-чачылып, кордук көрүп, өзү айдоодо жүргөнүн атасы Жакыптан укканда жаш Манас: “Арбытып айыл жыяйын, акыры башка бир өлүм, намыс үчүн кыямын!” - деп түрдүү элдер-уруулар жөнүндө сөз кылат. Манас баатыр тынчтыкты, туруктуулукту, бейпилдикти

чындоо ниетинде өз элин жана коңшулаш калктарды баш коштурууга көп аракеттерди жасайт. Кыргыз баатырлары, казактардын Көкчөсү, кыпчактардын Үрбүсү, тажиктердин Музбурчак, өзбектердин Санжыбек, оогандык Акун хан, башкырдын Жамгырчы, каракалпактардын Бердике сыяктуу ар түрдүү эл өкүлдөрү, уруулар бир атанын балдарындай ийгилик, жеңиш үчүн, ынтымак жана коопсуздук үчүн тикеден - тик турушат. Алмамбет болсо: Ала-Тоо артык жер үчүн, ак калпак кыргыз эл үчүн, жанымды курман чалайын, - деп кыргыз элине ыраазылыгын билдирет.

Алтайлыктан азы бар,
Капкайлыктан канча бар,
Маңгул журту көбү бар,
Ногойлордон бай Жакып,
Нойгуттардан Акбалта" - деп эпосто берилгендей, көптөгөн эл өкүлдөрү, уруулары "Өлүп калсак кырылып, бир чуңкурга тололук, тирүү болсок жыйылып, бир дөбөдө бололук!" - деген ант - шерт берип, ынтымакташат.

Демек, башка уруулар элдер менен ынтымакташуу, достукта жашап, кызматташ болуу, бири-бирине зарыл учурда, керек болгондо жардам берүү мурдатан келе жаткан, элибиз жалпы кабыл алган, урматтаган жана өз турмушунда дайым пайдаланган салттык мыкты жөрөлгө. Бүгүнкү күндө бул осуяттын мааниси зор. Искра, Маевка айылдарында, Ош жергебизде болуп өткөн кайгылуу окуялар кайталанбашы үчүн, өлкөбүздө тынчтык, ынтымак өкүм сүрүшү үчүн улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтыкты чындоого ар бир улуттун өкүлү салымын кошушу зарыл. "Элге эл кошулган дөөлөт, элден эл бөлүнгөн - мээнет", "Эки эрдин достугу бир белден ашырат, эки элдин достугу миң белден ашырат", "Эр достугу - эгиз, эл достугу - деңиз" дегендей республикабыздагы улуттар менен элдердин достугун, коңшулаш жана алыскы өлкөлөр менен байланышын камсыз кылуу, кызматташтыгын арттыруу жаш муундарды эл достугунун духунда тарбиялоого мүмкүнчүлүк түзөт.

**3- осуят. Улуттук ар - намыс жана атуулдук ариет**.

Ар бир инсандын - эл мүчөсүнүн жеке өз керт башына таандык ар намысы бар. Анын чеги ошол адамдын жүрүш-туруш адат-сапаты, жорук-жосуну, тарбиялык деңгээли, мүнөзү, жалпы эле ички-сырткы адамдык касиети менен белгиленет, абийирин таза сактоо, булганыч, бузуку, пас, терс ишке барбоо, адамкерчиликтен чыкпоо, адамдын кадыр-баркын кетирбөө сыяктуу жүрүш-туруш эрежелеринен көрүнөт. Ал эми жеке адамдык ар намыс ата уулдук намыс түшүнүгүнө өтүп, ал түшүнүк жалпы элге пайда келтирүүгө, кызмат кылууга түрткү болуп жол ачса, анда улуттук ар-намыс жаралат.

*Жакып бай элине мындай деп кайрылат:*

Карап турсаң калайык
Капырдын баары болду жоо,
Камданбасак болбойт го.
Тукум калбай

кырылып  Тумшугубуз
катпайлык,
Туйгун минтип жатпайлык.

Баарыласа, көптөсө
Балакетке салбасын,
Баш көтөрөр айылда Бала
калбай калбасын.
Санабай малың айдатып,
Сай кашкаңды жайлатып,
Ата-уулудан түк койбой
Айдап жүрүп кырбасын
Ар тарапка сайлатып.
Баарыңарга эп болсо,
Бай Жакып айткан кеп болсо,
Камданган болуп калалык.

Эпосто коркоктук, намыссыздык сынга алынат. Эли чабылып, чачылып кордук көрүп, Алтайга айдалган Жакып баш көтөргөндөн коркуп, жаш Манастын эрдигине кубанбастан:
Алтымыш келген жашымды,
Акыры балам жутат бейм
Азапка калган башымды.
Бээжин бекем жер деген,
Беш уруу кытай эл деген,
Беттешкен аман келбеген,
Каканчындын калкы бар,
Канча түрлүү алпы бар,
Катылгандын баарысын
Канын ичкен салты бар.
Кылым журтка катылып
Кыйынга калган экемин.
Хандуу журтка катылып
Калбага калган экемин.
Карага тийип болорбу,
Ханга тийген оңорбу? -деп кайгырса, *Жакыптын бул сөзүнө ачуусу келген Акбалта карыя:*
Ай, Жакып бай,— деп айтат
Эркек бала шок болсун,
Мал багар уул болгончо,
Шок болбосо жок болсун.
Ак жазганын көрбөйбү,
Ажалдуу жан өлбөйбү.
*Манастын атасына берген жообунан кайраттуулукту, намыскөйлүктү көрөбүз:*
Ачууланып эр Манас
Атасын көздөй октолду:
Айтыңызчы, атаке,
Акылыңыз канаке?
Кудай салган ажалдан

Кутулган жүргөн экенсиң.
Куу дүйнөнүн түбүнө
Куусаң кантип жетесиң?
Курулай корко берсең сен
Куураган бойдон кетесиң.
Коркуп жүрүп кор болуп
Кордукка көнгөн экенсиң.
Кансырап айтпай сөзүңдү,
Хандан кыстоо сөз келсе
Кармап бергин өзүмдү!
Калмактан коркуп калтырап,
Кытайдан коркуп кылтылдап,
Жүрсөм кудай урбайбы.
Энеден не деп тубамын,
Эрлердин жолун кубамын.
Эзелки жерим албасам,
Асабасын жайбасам.
Атым өчүп, конушту,
Алдырсам кудай урбайбы.

Ошентип, ата уулдук ар намыс, патриоттук сезим эл тарабынан жогору бааланган, эпостун негизги тема, идеясы менен тыгыз байланышкан тема. Ата-уулдук ар-намыс кандайдыр айрым топтун, элдин, улуттун алкагы менен гана чектелип, тар максатты көздөсө ал келечексиз, патриоттукту эмес, жалпы эл кызыкчылыгына каршы келе турган улутчулдукту жаратат. Куру намыс ийгиликке алып барбайт, кырсыкка гана себепчи болот. Ошондуктан, элибиз: “Куру намыс - баш жарат” - деп, түпкү максаты кенен намыскөй болууга көңүл буруп, ата уулдук чыныгы ар намысты өзгөчө ардактап келген.

**4- осуят. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр - билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.**

Жетимиш түрлүү эл көргүн,
Жетимиш түрлүү тил билгин,
Керүүгө тиккен багың жок,
Керсейип жүрөр чагың жок,
Дардайып жатар убак жок,
Мээнеттен, элим, мээнеттен! - деп эпосто эмгек, өнөр-билим өзгөчө баркталат. Оң каармандардын ичинде ар бир адам өз алына жараша арыбай эмгектенишет, бакубат турмушка кажыбас эмгек аркылуу гана жетишет. Кырк үйлүү кыргыз Алтайга айдалып барганда эгин айдап, алтындын кенин казып жан багат, эмгеги менен байлыкка жетишет. Жакып эсепсиз бай болсо да баласын жашынан эмгекке көндүрөт, турмуштун өйдө - ылдыйы менен таанышсын, жакшы жаманды билип, ач-ток болуп, “сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын” үчүн Манасты 8 жашынан козу кайтартат, 12-13 жашынан жылкы бактырат.

Кан Манастын аялы Каныкей мал багып, үй тигет, Аккуланы таптайт, баатырга жана кырк чорого курал-жарак камдайт, жоо кийимин тигет, Кошой



алп кийген дүйнөдө жок сонун кандагайды эле бир жарым жыл иштеп

мээнеттенет.

Эпосто колунан көөр төгүлгөн чебер уз, дөөтү менен достошкон устадан тартып өнөр ээлери жогору бааланат. Манастын кырк чоросунун арасында Ажыбай сыяктуу алтымыш уруу тил билген, сөзгө жүйрүк чечени, тили жатык Ырчы уул, Агыш, Көгүш аярлары ж.б. өнөрлүүлөрү көп, учкан менен түрдүү түргө өтүп кубулганды билген өзгөчө билимдүүлөр да бар. Алмамбет ошол учурдун эң татаал окуусу болгон ажыдаардын окуусунан окуп, мыкты билим алган адам деп сүрөттөлөт. Күн жайлап жаан жаадырып, жай чилдесин кышка айландыруу колунан келет. Согуш өнөрүн мыкты билет, кыргыз кошунун эсепке алып, топторго бөлүп, ар бир топко жөндөмү боюнча ылайыктуу адамдарды башчы кылып бекитет, катуу тартип орнотуп, узак жана татаал жолду чыгашасыз басып өтөт. Чоң казатта иш аракеттери менен ийгиликти, жеңишти камсыз кылат. Каныкей да жашынан окуп билим алган адам, аны менен кошо эки пери, бир кыз кошо окушат.

Ошентип, элибиз жашоодогу бакубат турмушка мээнеттүү эмгек аркылуу жетүүгө гана мүмкүн деп түшүнгөн. Эмгек өнөр, билим менен айкашканда үзүрлүү жана натыйжалуу болот деп ишенген. Ата-бабабыздан келе жаткан бул мыкты салтты колдоо, бүгүнкү күндүн талабына ылайык кеңири пайдалануу- ар бир инсандын ар-намыстык парзы.

Азыр алдыңкы өнөр-билимге умтулган кыргыз улан-кыздары төгөрөктүн төрт бурчунда: Америка менен Англияда, Германия менен Японияда, Канада менен Кытайда, Түркияда ж.б.өлкөлөрдө дүйнөлүк талапка ылайык билим алып, эмгектенип, өнөр-билимге каныгып жатышат. Алар-Кыргызстандын келечеги. Маселе-ошол алган билимин, өнөрүн кыргыз элинин жыргалчылыгы үчүн колдонууда турат.

**5- осуят. Г умандуулук, кечиримдүүлүк жана айкөлдүк.**

“Манас” баатырдык эпос болгондуктан, аны мазмунунда чагылдырылган жортуулга баруу, олжо алуу адаттагы көнүмүш иш. Бирок, ар бир согуш эки жакка тең оор жоготууларды, бүлүнүүнү, кайгыны алып келери эпосто басым жасалып, кеңири сүрөттөлөт. Бул аркылуу ошол согуштарга элдин каршы экендиги айгинеленет. Манас баш болгон кыргыздар дайым коргонуп, өзүлөрү баскынчылык максаттагы согуш ачышпайт. Ал эми башка элдер жашаган жерге барып жүргүзүлгөн согуштарда бетме-бет кармашкан учуру бүтөрү менен анын жыйынтыгына жараша согуш да токтойт, салтка ылайык тартуу тартылып, эки эл жарашат. Он бир дуудуга каршы согуштар, же душмандардан Ала-Too аймагын бошотуудагы аракеттер мунун далили. Манас согушка кирер алдында жоокерлерге: ”Жамандык кылба, жан кыйба, жетим уул, тул катынга, - деп жаш бала, кары киши, аялдарга тийбөөсүн эскертет, талап-тоноочулукту тыят, башчысыз калган элге өзүлөрү каалаган канын шайлап берет:

Өткүр Манас айкырып:
Албаңар жырык ийнесин,
Не кыласың калмактын Эзелден жыйган дүйнөсүн.
Кош-кошко союш алыңар,
Короондо калды малыңар.
Байынан союш алсаң да

Коңшусун коюп салыңар.
Кары, жашың, чалыңар,
Дүнүйөдөн куруп калгандай Кантесиңер баарыңар!
Аны айтып акырып,
Аскердин четин жапырып,
Арстан Манас токтотту.
Ата уулунун баарысын
Айдап кел деп жоктотту.
Эми Манас кеп айтат,
Карап турган калмакка:
Ээ, калайык деп айтат,
Текес өлдү дуу-дууңар,
Текши баарың турдуңар.
Баашабыз өлдү дедиңер,
Башы жок калса денеңер Тирилигиң болобу,
Тим койсо Манас оңобу.
Тууганың бар, уругуң,
Өзү өлдү Текес улугуң,
Каныңарды каала деп Калкыңа айтып турумун,
Жакыныңдан кан шайла,
Жалганы жок мунумдун.
Көтөрүп тууңду байла деп,
Көпчүлүк каның шайла деп
Көк жалың Манас айтты кеп.
Көпчүлүк баары дүрбөшүп,
Бирин бири жүр дешип,
Капилет өлдү каныбыз,
Калдык аман жаныбыз,
Акылмандар бирөөнү Атап канга салыңыз.
Көпчүлүк муну айтышты,
Көсөрлөр үйгө кайтышты,
Көсөмдөр токтоп калышты,
Канга ылайык ким дешип,
Кары-жашың бил дешип Ортосуна салышты.

Согуш убагында колго түшкөндөргө кордук көрсөтүп залал кылбай, жаралууларга жардам берет, “согуштан артык сойбоңор, бүгүн душман, эртең эл бүлүндүрүп койбоңор!” деп талоонду, зордукчулукту тыят, карысы жашын жемелеп, терс ишке жолотпой кайтарып турат. Бул сыяктуу көптөгөн

65

фактылардан кыргыздар согушка байланышкан иш-аракеттерди адамгерчиликтин, гумандуулуктун чегинде жүргүзгөнү көрүнөт.

Жай турмушта болсо колунда жогуна каралашуу, карыларга, жетим-жесирге садага, кайыр берүү, мүдөөсүн орундатуу - жалпы кабыл алынган адаттагы көрүнүш, салттык белги. Марттык, боорукерлик, адамгерчиликтүү иштер, сооптук, кайрымдуулук иш аракеттер баса белгиленет. Той учурунда устукан албай калып ыза болгон атасыз жетим балдарга Чыйырдынын боору ооруп бирден чапан кийгизет, ар бирине жарым койлук эт берип кетирет. Кошой Жолойду жыкканда алган байгесин жалгыз мал койбой бечера карыптарга бөлүп берет. Каныкей жетим бала башына бирден муштумдай жамбы таратып кайыр берет. Манас ат чабыштарда биринчи келген Аккуланын байгесин дайыма бөлүп берет:

Аккуланын байгесин
Атпай журт көрдү
пайдасын.
Төрт уруу журтка төрт бөлдү,
Казак, кыргыз, калмак, сарт,
Теңдеп бөлдү олжосун,
Кабылан Манас кандай март!
Олжону бөлүп алышып,
Оюн-күлкү салышып....

Баатырлар жан-жаныбарга да боорукерлик кылат. Алмамбет Көкчөгө таарынып аттанып чыгып, артыман келер деген үмүт менен ачка талаада үч күн күтүп жатып, акыры эч ким келбесине көзү жеткенде элсиздигине, жалгыздыгына арман кылып, кайда барарын билбей айласы куруп келе жатканда ызгыч куш улам келип тээп өтүп кыжырына тийет. Туталанып, санаага батып келе жаткан Алмамбет итатайы тутулуп, ачуусу келип:

Койсоңчу, ызгыч, кордобо,
Жолума чыгып торгобо,
Айдаркандын Көкчөдөй
Жалгызсың деп кордобо! - *деп куштун канатын атып салат. Кайра ага боору ооруп, дарылап учуруп жиберет:*

Тийбегин десем болбодуң,
Титиреп жолум торгодуң,
Бүтүрөйүн канатың,
Бейкүнөө жанга
катылбай Сен да тап деп
жолуңду Кайнатма кара
дары бар,
Канатын азыр бүтүрчү
Канча дары баары бар.
Сүйкөп алып жарага
Сынып калган канатын
Кыябына салганы,
Алып алтай кырмызы

Канатын аста таңганы.
Дарыга канат сырдады,
Тал жибек менен чырмады,
Учурмакка Алмамбет
Ызгычты кармап
ыргады.
Үйүңдү тап деп жаныбар,
Уяңда балаң дагы бар,
Учуруп ийген чагы бар.

Эпосто “айкөл” деген эпитет Манаска карата гана колдонулат. Анткени, ал - калыс, адилет, кечиримдүү, анча-мынча майда баратка көңүл бурбайт, кек сактабайт, ак пейил, баарына тең карап, бирдей мамиле жасайт. Кырк жерден келген чоролорун баш коштуруп, көптөгөн башка уруу, элдердин башын курап, бириктирип элге айлантат, нечен менменсиңген баатырларды ынтымакташтырып, өз айланасына топтойт, кулаалы таптап куш кылып, курама жыйып журт кылып, жаманын жашырып, жакшылыгын арттырып айкөлдүк кылат.

Алмамбет келгенде кучак жайып тосуп алганынан да айкөлдүгү көрүнөт:
Кан тартуусуз түшчү эмес!
Камдаңар ылдам тартуусун,
Кааласа турар элиме,
Каалабаса
калкымды Өзү
билер кайтуусун,
Күлүктөн тартуу камдаңар,
Күрөөкө тондон жамдаңар,
Баш тулпардан байлаңар,
Баатырдын көөнүн жайлаңар!
Самаган сапар
жолуна Аялуу
мүлкүм Аккелте
Асалык анын
жонуна,
Албарстан учтуу Сырнайза,
Аны берип колуна,
Кийгизиңер,
Аккүбө Кийүүчү
кийит тонуна!
Алтын саптуу Ачалбарс,
Аны байла белине,
Арзыбаса кыргызга Ала
кетсин баруучу
Каканчын-Бээжин
жерине,
Кааласа кетсин

каркыбар Капыр да
болсо улуу журт,
Калың кытай элине.

Эпосто баатырлардын кечиримдүүлүк сапатына өзгөчө маани берилет. Алмамбет чалгынга Сыргак менен барганына ич тарлык кылып Чубак Алмамбетке ачуу сөздөрдү айтат, кайра жүйөлүү сөзгө жыгылып, өз күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сурайт. Алмамбет да кек сактабай кечирет:

Акбалтанын
Чубагы Уят болуп
турду эми.

Оенум, Алмам кечип кой,
Көгала түгүл, Алаке,
Кара башым тартуу
деп Көгаланы
жетелеп,
Күнөөмдү кеч деп тиленип,
Алмамбетке келди эми.
Ичинде калбай эч бир кек,
Ыраазы болуп Алмамбет,
Аттан түшүп түйүлүп,
Сараланы жетелеп,
Чубакты көздөй
жүгүрүп Камчысын
салып мойнуна,
Күнөөмдү кеч деп Чубакка,
Алмамбет турат жүгүнүп.

Демек, жалпы адамзат баалаган гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк сапаттары “Манас” эпосунда эң мыкты адам сапаттары катары жогору коюлат. Өлкөбүздүн бүгүнкү шартында жалпы калкыбыздын келечеги, ынтымагы, ийгилиги, тынчтыгы үчүн бул сапаттарды туу тутуп, өткөндү кечиришип, келечекке кадам коюу - көп улуттуу мамлекетибиздин ар бир тургунунун инсандык парзы.

**6- осуят. Табият менен таттуу мамиледе болуу**.

Кыргыз эли байыртадан табигатты урматтаган, кооздугуна сукталып ыракат алган, ал кооздукту баалай билген, дайым бузулбай сакталышына кам көргөн, өзүлөрүн ошол табигаттын кулуну катары сезип, жашоо-тиричилиги кандай болору табигат менен тыгыз байланышта экенин туура түшүнгөн.
Ч.Айтматов белгилегендей, экологиялык проблема деп дүйнө эли азыр көтөрүп жаткан көйгөйдү элибиз эзелтен эле түшүнүп, табиятка зыян келтирбей, таттуу мамиледе жашаган. Мисалы, жер айдап, үрөн сепкенде элибиз баарын эске алган:

Мына, септим уучтап,
Жылуу жерден конуш тап.
Бу - жетим-жесирге,
Мунусу - карып-мискинге.
Бу - ач-арыкка,
Мунусу - алсыз-карыпка,
Булары - курт-кумурскага.
Мунусу - сурамчыга,
А бул - тилемчиге, булары-
саламчыга Калгандары: сизге,
бизге, мага.

“Кожожаш” эпосунда башкы каарман Кожожаш мерген табиятка катаал мамиле кылгандыктан аскада калганын, “Карагул ботом” дастанында мергенчи өз баласы Карагулду эликтин чаарчыгы экен деп атып алып, ботосун жоктоп,

боздогонун элестүү сүрөттөп, табигатка зыян кылсаң, кесепети тийбей койбойт деп эскертип келген. Табиятты ыйык санап: “Калп айтсам төшү түктүү жер урсун, төбөсү ачык көк урсун”, - деп сыйынышкан. 1841-жылы орус
68
окумуштуусу Потаниндин “кыргыздар жеринин байлыгы менен акы төлөп да пайдаланганга уруксат беришпейт», - деп белгилегени ата-бабаларыбыздын Мекен байлыгын бапестеп багып, аяр мамиле кылганынан кабар берет.

Эпосто Ала-Тоонун көз тайгылткан жаратылышын сактоо жөнүндө көп ойлор бар.

Каныкей Семетейге эли-жерин сүрөттөп бергенде жерибиздин топурагы май, ташы алтын, тоосу-төрү кымбат деп өзгөчө баалайт:

Талас деген жериңдин,
Бетегеси бураган,
Тоосунан булак кулаган,
Тереги көктү тиреген,
Текеси чөбүн жиреген.
Алмаларын алып жейт,
Бычак менен жарып жейт,
Күрүчүн күздүк айдатат,
Күлүгүн жемге байлатат.
Күнчүлүк жерге шайлатат,
Арпасын күздүк айдатат,
Аттарын жемге байлатат,
Айчылык жерге шайлатат.
Жармасынан чайы көп,
Жардысынан байы көп,
Кара малдан төө көп,
Карды салык бээ көп.
Калайынан күмүш көп,
Кара эгинден күрүч көп.
Өрдөгүнөн казы көп,
Өлөңүнөн сазы көп.
Барганыңда көрөөрсүң,
Кулун, тайы кунандай,
Учуп чыккан чымчыгы,
Тоодон учкан улардай.
Чымчыгынын үнүнө,
Чыдап пенде туралбай.
Аркары адам таанып,
Таласта азаптуу пенде наалыгыс.
Бугусу пенде таанып,
Таласта азаптуу пенде наалыгыс.
Ала-Тоо мекен жери бар.
Ак калпак кыргыз эли бар.
Өрүшү малга толгон жер.
Кең Таластай жер кайда?..

Ата-баба мекендеген жердин кооздугу, кымбаттыгы, өзгөчө сулуу көрүнүшү Семетей Таласка жаңы келгендиги көргөнү, сезими эң элестүү сүрөттөлгөн:
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас,
Жер соорусу турбайбы,
Муну жердеген адам тунбайбы!
Адыр-адыр бел экен,
Бөлүнгөн эчен төр экен,
Бөлөкчө бейиш жер экен!
Адырдан аркар куюлуп,
Адырдын чөбү суюлуп.
Будурдан бугу куюлуп,
Будурдун чөбү суюлуп,
Жаткан экен кең Талас!

Табиятты аздектеген асыл салттын маани-маңызы бүгүнкү шартта айрыкча жогору. Жаштан карыга чейин өлкөбүздүн өзгөчө кооз жана жашоого ыңгайлуу аймагынын көргөн адамды суктанткан көркү бузулбай, бөксөрүп кетпей, кемибей, касиетин жоготпой, түшүмдүүлүгүн төмөндөтпөй сакталышынын камын көрүү, ага жакын досу катары таттуу жана этибар мамиле кылуу, ата- бабабыздан калган салтты бузбай аткаруу зарыл.

Цивилизация өркүндөп өскөн сайын экология маселеси өтө курч бойдон калып жатат. Буга Чернобыль, Фукусима аварияларын, болуп жаткан ар кандай ташкындарды, цунамилерди, өрттөнгөн токой массивдерин мисал келтирсек болот. Андыктан, табигатты коргоо бир эле мамлекеттин иши деп түшүнбөстөн, ар бирибиз колдон келишинче аракеттерди көрүүбүз керек. **7-осуят. Кыргыз мамлекетин чыңдоо жана көздүн карегиндей сактоо.**

Эпосто эпикалык душмандын күчтүүлүгүн, өсүп-өнүккөндүгүн белгилөө үчүн “Кытай да болсо кылым журт, калмак да болсо кандуу журт, качантан бери камдуу журт” деген ыр саптары кайталанат. Элибиз уруу-уруу болуп, ар бир уруу өз бетинче эндекей жашаганга караганда кан деп аталган бир адамга, белгилүү тартипке баш ийип, биримдешип, уюмдашкан, кандуу журт мүнөздө жашоо алда канча артык деп түшүнөт. Ошон үчүн кыргыз, казак, калмак, манжу, маңгул ж.б уруу, элдер чогулуп, кеңешип, Манасты кандыкка ылайык көрүп, кан шайлашат. Эл башына кан шайламайын эл өнүкпөйт, ийгиликке жетише албайт, баш аламандыктан кутулбайт деп берилет:
Өкүм болбой өнүкпөйт,
Өзүнчө бу журт жөнүкпөйт.
Башчысы болбой марыбайт,
Баш аламан жарыбайт,
Ханы болсо кар болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт.
Жабылса кытай жан койбойт,
Тегерегиң баары жоо,
Тепсесе душман жан койбойт.
Калкалайм десең жаныңды,

Көтөрүңөр ханыңды.
Хандуу журт болуп калалык,
Калаба кылса капырлар
Кайрат кылган бололук,
Өлүп калсак кокустан
Бир чукурга тололук,
Бекер жатпай эндекей,
Тирүү болсок
баарыбыз Бир дөбөдө
бололук,
Калкка кабар салалык,
Кайраты бар бирөөңдү
Хан көтөрүп алалык,
Капыр келип кол
салса Каруу-жарак
асынып,
Каршысына баралык.

Мамлекеттүүлүк биримдикти, өсүп-өнүгүүнү, тартипти, уюмдашкандыкты камсыз кыларын түшүнүү жана мамлекетти чыңдоо, сактоо - мурдатан келе жаткан элдик маанилүү салттардын бири. Бүгүнкү шартта ошол элдик мыкты салтты ыйык сактап, так аткаруу республикабыздын ар бир инсаны үчүн чоң милдет, мойнундагы парзы.

Кошой баатырдын Манаска айткан насааты бүгүнкү күндө да актуалдуу:
Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң.
Күттүрбөстөн сен жатсаң,
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда,
Куусаң жетпей калбаска,
Ок жетпеген ат камда.

Кыргызстандын эгемен мамлекет болгонуна 20 жыл толду. Республикабыздын көз каранды эместигин жүздөгөн мамлекеттер тааныды, БУУнун штабквартирасынын алдында Манастын айкели коюлуп, желегибиз желбиреп турат. Бирок, ошону менен бирге эле ушул жылдар ичинде эки элдик революция болуп өткөнү, Искра, Маевка айылдарындагы, Оштогу коогалаңдуу окуялар мамлекетттүүлүктүн бүтүндүгүнө, тынчтыгына зыянын тийгизип, ойго салат. Чектеш өлкөлөрдүн кээ бир саясатчы, серепчилери Кыргызстан өзүнчө мамлекет болуп жашай албаса, түндүк-түштүгүн бөлүп алуу керек деген да пикирлерин айтып чыгышты.

Жаштарыбыз намыскөй, мекенчил, билимдүү болуп, эл кызыкчылыгын жогору койбосо, мамлекетибиз өсүп-өнүгө албайт, кыйынчылыктарды жеңе албайт. Элибиздин жалпы адамзат тарыхында изин калтырып келген, өз алдынча жолу бар, уюткулуу элдердин биринен болгондугун унутпай, ал жолду андан ары татыктуу улап кетүү, ааламдашуу доорунда башка калайык калкка

сиңип кетпей, өз жүзүн, мамлекетин, тилин, каада-салтын сактап калуу-жаш муундардын милдети.

***Vтема: “Машс”эпосу-руханий жана материалдыкмаданияттын энциклопедиясы.***

**5.1.** «Манас»эпосу - кыргыз элинин эл аралык мамилелерин окуп үйрөнүү булагы катары. Кырк чоро - Манастын таянычы, бели, күч-кубаты, душманга сүрү. Кыргыздардын чарбачылык жана соода жүргүзүүсү жөнүндө маалыматтар, Улуу Жибек Жолунун бардык маршруттарынын берилиши, ар түрдүү жибек кездемелердин, асыл таштардын, алтын жана күмүш буюмдардын аталыштары кеңири учураганы.

**5.2.** Эпосто элдик медицина, элдик философиянын, демократия, менеджмент түшүнүктөрүнүн орун алышы.

**5.3.** Элдик каада-салт, үрп-адат, урмат-сый, адеп-ахлак, нарк-нуска түшүнүктөрдүн, элибизди кылымдар бою сактап, улуттун тагдыр жолун негиздеген сапат - касиеттердин: кеменгер акылдуулук, кең пейилдүүлүк, сөз куну, ак пейилдүүлүк, аруулук, жоомарттык, меймандостук, берендик, улуулук, айкөлдүктүн берилиши.

**5.4.** Эпостогу баатырлардын тулпарларынын, жоо-жарактарынын образды терең ачуудагы мааниси.

**1- суроо.** Манас ата-бабасы өткөн жер Ала-Тоону баскынчылардан бошотууга аттанганда кыргыздар менен катар аргын Каракожо, манжулук Дөгөн, наймандардын Көгөн, кыпчактардын Ошпуру, өзүбектен Акунбек, Жайсаң баш болгон маңгулдар, казактардын Айдаркан, нойгуттардын Акбалтасы, тогуздан Токтобек, калмактардан Мунар кан, Каракыш шааарынан Бурчак, Дагалак шаарынан Кайып, уйгурлардан Бегиш, Көгүш, Төлөк ж.б.көптөгөн эл, уруулар катышат. Манас бала кезинен эле тегерегине өзүнө ишенимдүү жолдошторун топтойт, эл милдетин моюнга алууга даярданат. Кырк чоронун уюткусу болгон Чеге, Кутубий, Кыргыл, Мажик өңдөнгөн жаштар Манасты бүт элге кан шайлоодо чечүүчү мааниге ээ болушат. Кырк чоро Манасты Манас кылып, атак-даңкын көтөрөт, кыйын-кысталышта жөлөк-таяныч болот. «Жоону сайды ким сайды, аты калды Манаска» дегендей, кырк чоросуна таянбаса, Манас жалгыз өзү мынчалык чексиз эрдиктерди көргөзүп, душмандарын жеңе албас эле. Кырк чоро - Манаска өз эрки, каалоосу менен келип кошулган, анын жетекчилик ролун, баатырдык сапатын туура түшүнүп, баш ийишкен, элге кызмат кылууну максат кылган адамдар. Кырк чоронун элеси менен күч бирдикте, ынтымакта экендиги, түрдүү уруу, эл өкүлдөрүнүн биригүүсү мүмкүн экендиги атайын терең маани берилип белгилеленет. Арасында Алмамбет, Чубак, Сыргак өңдөнгөн ашкере баатырлары, Ажыбай чечени, Төлөк, Агыдай төлгөчүсү, Шууту из чалгычы сыяктуу түрдүү адистери, өнөрпоздору бар. Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу кенири белгилүү чоролордун ысымдары эпостун варианттарында дайым бирдей айтылат, калган чоролордун аттары ар башка болуп атала берет. Кырк чоронун санын да манасчылар ар түрдүү көргөзүшөт. Кырк - салтка ылайык гана аталган сан, айрым манасчылар кырктан ашуун, кээде: «Себилдүүсү сексен төрт,

серп алган жагы кызыл өрт» -деп, сексен төрткө да жетип калат. Анын үстүнө кырк чоронун ар биринин өзүнө тиешелүү эли, колу, жигиттери бар. Мисалы, Чубак өз уруусун башкарып, жоого киргенде өз колу менен кирет.

Манас Каныкейге күйөөлөп барганда кырк чоросу да өздөрүнө ылайык жарларга туш болушат. Баатырлардын жана жарларынын ысмы, тулпарлары төмөнкүдөй берилет:

1. Абыш- Сулайка -Телкүрөң
2. Агыдай- Арышкан-Алакөк
3. Алаке- Өкүмкан -Аксур
4. Ажыбай-Улугат-Карала
5. Акпай-Шыңгынай-Акжал
6. Алмамбет-Арууке -Сарала
7. Алтай-Калбүбү-Аламойнок
8. Атай- Маарамбүбү- Карабоз
9. Бакай-Нааркүл-Көкчолок
10. Бөгөл-Жанымжан- Бөрүкөк
11. Бөгөлү-Санарбүбү-Бөрткула
12. Бозуул-Айымжан -Нарбуурул
11. Бообек - Азелкан-Боркара
12. Бооке-Тизекан- Алагер
13. Дөрбөн- Талмаарам- Дөңкара
14. Жабыке-Дилдебуруш-Кылжейрен
15. Жайнак- Көгүчкөн-Чалаңкөк
16. Жайсаң- Албүбү-Ачбуудан
17. Жоорунчу-Мунускан-Салкүрөң
18. Кайгыл- Үркөрбүбү -Карагер
19. Калдар- Айымжан-Аксур
20. Калкаман-Ташбүбү-Кара ат
21. Кербен- Серсабак-Октору
22. Кожо-Кусабүбү- Желтаман
23. Көккоён- Батмабүбү -Көкжорго
24. Кутубий- Кутунай -Акбакай
25. Кыясказы - Турсунай -Кер ат
26. Мажик-Батмасам- Керкашка
27. Серек- Талапбүбү- Наркызыл
28. Сыргак - Саягүл -Көкказык
29. Т азбаймат- Начарбүбү-Аскара
30. Токобек-Бурунас- Тору ат
31. Төртай- Сонобүбү- Салкүрөң

32. Төлөк- Бурмажан-Тоокара
33. Түмөн- Чынаяткан-Наркызыл
34. Түлөө- Калемкаш- Карагер
35. Чалыбай -Сейилсам-Чаар ат
36. Чубак-Сейилкан-Көкчолок
37. Чалик-Санамкан-Кызыл ат
38. Шаабек-Балкыя- Шалпаңкөк
39. Шүкүр- Маарамкан -Алаяк
40. Ырчы уул- Акчабак-Чабдарат

Манас баатыр Каныкейге, Алмамбет баатыр Аруукеге үйлөнгөндөн кийин узак жылдар тынччылыкта, Таласта жашап турушат. Кыргыз эли өз жерине бүт ээ болуп, Алайда баатыр Төштүк, Анжыян өрөөнүндө Санжибек, Ташкен тарабында Көкөтөй, Кеминде Үрбү, Ат-Башыда Кошой дөө болуп, баарысы тең Манаска тилектеш, канатташ жашашат. Манастын кошунунда Алмамбет, Чубак, Сыргак, Ажыбай сыяктуу баатырлар, акылман Бакай сыяктуу мыкты чоролору катылган душманга катыгын беришет. Манас баатыр ар кимиси ар жактан келген кырк чоронун башын коштуруп, айбаттуу күчкө айлантып, эл кызматы үчүн пайдаланат, бул анын акылынын тереңдигин, калыстыгын, пейилинин кеңдигин далилдейт.

Эпосто кыргыздардын чарбачылык жана соода жүргүзүүсү жөнүндө маалыматтар кеңири учурайт, башка элдер менен соода мамилелер жасап “Аксы менен Күчөрдөн ичерине чай алып”, катнашта болуп турганы эскерилет. Улуу Жибек Жолунун бардык маршруттары, ар түрдүү жибек кездемелердин, асыл таштардын, алтын жана күмүш буюмдардын аталыштары берилет. Торгун менен тубар кытай жибеги экендиги, Манастын айтылуу Аккелте мылтыгы “Түтүнү туман, түбү Ыспан” - делип башка шаарда, башка мамлекетте жасалган курал экендиги айтылат. Улуу Жибек Жолу Ысык-Көлдү кесип өтүп, Кемин аркылуу Чүй өрөөнүн аралап Батышка жол салган. Нарын дарыясын бойлоп Фергана кыркалары, Яссы ашуусу аркылуу Мавераннахр менен байланышта болуп турган, Азия менен Европа өлкөлөрүнүн ортосунда экономикалык жана маданий байланыштарды түзүүгө, бекемдөөгө жана аны кеңейтүүгө шарт түзгөн. Кыргызстандын аймагы Чыгыш жана Батышты бириктирген көпүрө болуп калган жана Улуу Жибек жолунун башталышы болгон.

“Манас” эпосу мухиттей зор көлөмү менен да, кыргыздын байыркы убактардагы турмушун, үрп-адаттарын, эстетикалык табияты менен этикалык түшүнүктөрүн, дүйнөгө, коомго, жаратылышка карата мамилелерин, диндик ишенимдерин, медициналык, географиялык, астрономиялык билимдерин, психологиясын камтыган терен мазмуну менен да айырмаланып турган “көрсө көз тойбос, укса кулак тойбос” укмушу. “Манастын” темасынын ар жактуулугун, мазмунунун тереңдигин, өзгөчө бийик көркөмдүк деңгээлин эске алып Ч.Айтматов бул чыгарманы кыргыз искусствосунун туу чокусу деп атайт.

**2- суроо.** Эпостогу элдик медицина түшүнүктөрүн төмөнкү саптардан көрүүгө болот:

*Кыз Сайкал менен сайышып, жарадар болгондо:*

Сайкал сайган найзанын Шыпырып салып түпөгүн Жылдырып сууруп алганы.
Суурулган жерден кан кетти,
Жаман жара экен деп Көрүп кыйла жан кетти.
Эти ачынып алыптыр,
Эринбей турган эр Манас Ичи күйүп калыптыр.
Оржемил деген дарысын,
Жутуп алды баарысын.
Аккан каны басылып,
Айнектей көзү ачылып,
Каары бойдон чачылып,
Оңдоп алган кыягы,
Ачууланып бу Манас Оңдурбастай сыягы.
*Орго кан менен согуштан кийин:*
Сом жеринде ок бар деп Тинтүүр менен копшутуп,
Ок жуткуруп окшутуп,
Кустурма берип кустуруп,
Жүрөктөгү кара кан Оржемил берип буздуруп.
Буту-колу сынганга Момия дары издешип,
*Алмамбет ызгыч кушту дарылаганы:*
Кайнатма кара дары бар,
Канатын азыр бүтүрчү Канча дары баары бар.
Сүйкөп алып жарага Сынып калган канатын Кыябына салганы,
Алып алтай кырмызы Канатын аста таңганы.
Дарыга канат сырдады,
Тал жибек менен чырмады,
Учурмакка Алмамбет Ызгычты кармап ыргады.
Кичи казатта Алмамбет Каныкей камдап берген дарыны ичип, эс алат:
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айлана чалдырган.
Эбеп деген бир дары
Себеп деген бир дары
Ошондо Каныкей жеңең алдырган.
Эки жолу бармак башындай Таңдайына салды эле Тамшанып Алмаң калды эле Ооруган жери басылды Умачтай көзү ачылды.
Жарадар болуп кайткан Манасты Каныкей минтип дарылайт:
Үзүктөй калпак эр Шууту.
Мына ошону жиберип,
Ат жеткен жерди чалдырды.
Үпү деген бир дары,
Апы деген бир дары,
Атайы издеп алдырды.
Кайнатма кара дарыдан,
Шыбай жаап салды эми.
Кырма кызыл дарыны,

Жеңең ичинен баса берди эми,
Ошондо ооруган жери басылып.
Умачтай көзү ачылып,
Кайра көчүп Таласка,
Баатырың кең Талас бойлоп конду эми.

Ошондой эле, Күлчоронун кесилген кечирине көнөчөк баштуу көк даңгыт иттин кечирин жамап, азыркы медициналык тил менен айтканда трансплантация операциясын ийгиликтүү өткөргөн Момунжан дарыгерди мисал келтирсек болот:

Аяш ата Момунжан Себепкердин өзү
эле,
Карарган кара көзү эле.
Момунжандын өзүндө Кошмо кызыл
дары бар,
Ээн шаардан алдырган,
Дарысынын баары бар,
«Эбеп», «себеп» дарыны Так ошондо
алдырган,
Бир бергенде дарысын Ооруган жери
басылат.
Бир бергенде, дарыдан Умачтай көзү
ачылат.
«Апы-үпү» дарыдан Кыл аябай
Момунжан Кыйындан дары салды
эле,
Мында дагы болгон жок,
Айыгып чоро оңгон жок,
Чоро минтип турганда,
Аяш атаң Момунжан Акыл ойлоп,
көп ойлоп,
Ар ооруга себепкер Камбылдыгы
дагы бар.
Күн кылкылдап батканда,
Элдин алды жатканда,
Көнөчөк баштуу көк даңгыт Көк
жалдан калган ит экен,
Улуп-уңшуп күйчү экен,
Баана кылып чорону Байкушуң
ээрчип жүрчү экен.

Баатырдан калган көк даңгыт,
Баса калып Момунжан Көк
даңгытты сойду эми,
Кесип алып кечирин
Күлчорого салды эми.
Кылдат экен Момунжан
Күлчоронун далыга Ит
кечирин эп кыйып,
Кырма кызыл дарыны Кырк
жол сыйпап салганда,
Кайнатма кара дарыны Канча
жол сыйпап салганда,
Ата байкуш чоронун
Ооруган жери басылды,
Умачтай көзү ачылды.
Денеге чуркап кан толуп,
Кайраты ашар күн болуп.
Ай бөксөрүп, түн өтүп.
Арадан эчен күн өтүп,
Кубат кайнап, күч толду.
Мына ошондо Күлчоро,
Ордуна келип оңолуп.
Сүйрүсүнө сүт толуп,
Ийрисине эт толуп,
Агыштын уулу Кыязга
Беттешер кези болуптур.

Эпостон экономикалык, менеджменттик түшүнүктөрдү да кездештиребиз, элди аркасынан ээрчите алган лидерликтин үлгүсүн, пландоо, уюштуруу, ресурстарды, жоопкерчиликтерди бөлүштүрүү, максатка жетүүгө шыктануу, баштаган ишинин аягына чыгуу, кызматкерлерди ишке тартуу, активдештирүү жана мотивациялоо
сыяктуу башкаруучулук компетенцияларына тарбияланабыз. Мисалы, эл журт башчысынын төмөнкүдөй башкаруучулук сапаттарга ээ болуусун талап кылат:

Кана чыгыңарчы ханыңар,
Чыгым тосор жаныңар,
Калп айтпаган чыныңар
Казатка чыгар тыңыңар,
Беттешкен жоого белдүүңөр,
Өткүр чечен тилдүүңөр,
Өкүмөт жөнүн билчүүңөр!

Бул саптарда баатыр кан болуу үчүн беттешкен жоого каршы турар белдүү, күч-кубаттуу, эр жүрөктүк сапат жетишсиз, андан башка да: чыгым тосуу — элдин милдетин алуу, эл үчүн жооп берүү, калп айтпаган чынчылдык, калыстык, кеп таба билген чечендик, курч акыл, көрөгөчтүк, өкмөт жөнүн билүү, элди башкара алуу, көпчүлүктүн тилин таап жүйө менен ыкка көндүрүп

артынан ээрчите алуу сыяктуу бир катар маанилүү сапат-касиеттер зарыл экени көрсөтүлөт. Улуу-кичүүнүн баарысы койгон талапка бардык жактан төп келгендиктен жаш баатыр Манас кан шайланат. Эл өз чечимине ыраазы болот:
"Кары-жашы күңгүрлөп,
Калктын баары дүңгүрлөп,
Каныбыз Манас болду! — деп,
Көпчүлүк топук алганы".
*Кан шайланган Манас баатыр лидер катары элди бир максатка баш ийдирет:*
Бала да болсом кан кылдың,
Мен бийлеген кеп болсо:
Жолдо болсун изибиз,
Жоодон болсун ишибиз!
Алтайда кантип туралык,
Арбын аскер куралык,
Ата жолун кубалык.
*Манас өз жеке үлгүсү менен таасир этип, баштаган ишинин аягына чыгууга үндөйт:*
Кытайга кыргын салбасам,
Кырымга чейин албасам.
Маңгулга балаа салбасам,
Багдатка чейин албасам
Мээнетке белим
байлайын,
Берсе кудай тилегим
Бээжинин көздөй
айдайын.
*Журт башкарууда бардык элдин ой-тилеги эске алынат, билермандар, журт башчылары өзүм билемдикке салбайт, б.а. азыркы демократия түшүнүгү көрүнөт:*
Карап турган калайык,
Көрүп турат көзүңөр.
Кан кылбайбыз дегениң,
Азыр чыксын сөзүңөр.
Айлыңдан арман калбасын,
Атап коюп кандыкка,
Артынан калбаа салбасын.
Ата уулудан барсыңар,
"Аны кылбайт элек" - деп,
Арманың ичте болбосун!
Акбалта айтып мындай кеп,
Айгайды журтка салганы.

Жоого каршы барарда Манас акыл калчайт, чогуу кеңешет, өзү карапайым жоокерлердин катарында, Тазбайматтын он жигитинин бири болуп жүрөт, кол башкарууну аскердик компетенциясы жогору Алмамбетке тапшырат.

**3 - суроо.** “Манас” эпосу - жакшылык менен жамандыктын, өмүр менен өлүмдүн, күн менен түндүн тынымсыз күрөштөрүн тастыктаган, элдин бир нече жүздөгөн жылдар ичиндеги турмушун, жашоодо алган ордун, киндик каны тамган Ата-Журт үчүн күрөшүн, эл достугун, ынтымак, сүйүү жөнүндө түшүнүктөрүн кеңири чагылдырган чыгарма.

Кыргыз элинин жашоосунда “Манас” эпосунун кадыр-баркы өтө жогору жана ээлеген орду өзгөчө. Эл “Манастын” окуяларына жана каармандарына чындык-тарых катары мамиле кылып, анын сюжетиндеги ар бир маалыматка турмушта орун алган факты түрүндө ишенишкен, окуяларынан, катышкан каармандардын жүрүм-турумунан үлгү катары таалим-тарбия алышкан, журт арасында талаш-тартыш, чыр-чатак, доо маселелери эпосто сөз болгон үрп- адаттык, салттык жосундардын негизинде чечилген.

Эпосто чагылдырылган ата наркка тиешелүү салт, ырымдардын кээ бири төмөнкүлөр:

Түш коруу.
Жакшылыкта түлөө өткөрүү.
Сүйүнчүлөө жана сүйүнчү берүү.
Ат коюу.
Кыз тандоо, жуучу жиберүү.
Калың берүү, кудалашуу, той берүү.
Антташуу.
Угузуу.
Жоктоо.
Аш берүү ж.б.

«Манас»эпосунда төмөндөгүдөй сапат - касиеттер бааланган, алар кылымдап элибизди сактап, кыргыз менталитетин калыптандырган, улуттун тагдыр жолун негиздеген:

- кеменгер акылдуулук
- кең пейилдүүлүк
- сөз куну, чечендик
- ак пейилдүүлүк
- аруулук
- жоомарттык
- меймандостук
- берендик
- улуулук, айкөлдүк

**1. Кеменгер акылдуулук - барды жокту талдоо, дайымкы билимдүүлүк, жөн билгилик** оболу Теңир берген дээрден, сергек сезген зээнден башталат. Дээри бузукту оңдош оор меселе, дээри бузуктар көбөйгөн жерде турмуш оңолбойт. Дээри бөлөктү боорго тартыш да көп машакатты жаратат. Акылды тарбиялоо - адамды тарбиялоо деген сөз. Акыл-эсти тарбиялоодон жады маданияты өсүп чыгат. Миллион сап «Манасты» жадысында сактаган элибиз акыл-эсти даңазалап, «Билеги жоон бирди, билими жоон миңди жыгат» дешкен. Аз элдин тирөөчү - акылдуулук деп эсептешкен. Акыл-

эстүү, билимдүү, зээндүү, дээринде болсо гана башкага кор болбой жашап кете аларына ишенишкен. Биз чакан элбиз, тунук акыл-эске таянбасак, акылыбыз менен миңди жеңе албасак, ийгиликке келе албайбыз. Билим жуга турган, акыл туна

турган жолду өз дээрибизден издешибиз керек. Акыл-эсибизди байыркы кыргыздардай күн сайын көнүгүүдөн өткөрүп, эс - тутумубузду өстүрүүгө аракет кылып, жады маданиятыбызды өнүктүрүшүбүз керек. Эсибизге керектүү нерселерди сактай алууга, арам ой-санаадан арылууга көнүгүп, мээбиздин тазалыгы, дээрибиздин тунуктугу, зээнибиздин сергектиги үчүн аракет кылуубуз керек. Кыргыз эли дүйнө таанымдын жогорку акыл-эси уютулган борбор менен байланыша алган, улуу «Манас»дастаны мээге түшөөрү менен ооздогу ыр агымына айланган. Ошол маданиятка кайрадан кол жеткенде гана биз нускалуу өз жолубузга түшөбүз, акыл-эсибиз жетилет, илим-билимибиз өсөт, экономикасы өсүп-өнгөн кудуреттүү элге айланабыз жана жер кезип жумуш издөөдөн кутулабыз.

**2. Кең пейилдүүлүк (Кекчилдиктен кутулуу, кечиримдүүлүккө жетүү).**

Акылды куш таптагандай таптоо керек. Мен кыйынмын деген дымак, «мен акылдуумун» дегенден башталат. Кыргыздын түшүнүгүндө акыл менсинүүдөн бошонгондо, эс кирет, акылың тунук болот. Эс кирип акылың тунганга чейин кекчилдиктен кутулбайсың, кечиримдүүлүккө жетпейсиң. Тарбиянын башаты - бирөөлөр сени жаман көрүп, жектеп, кектеп, өчөшүп, залал ойлосо да, сен ойлобо, ал кылган зыянды сен кылба, эч кимди жаман көрбө, эч кимге залал ойлобо. Анткени, кекчилдик эки жакка тең зыян, кекчил адам акыры кемий берет. Кекчил, ичи тар, өзүмчүл болбой, кең пейилдүүлүккө умтулуу керек. Аалам кенен, канчалык кеңири пейил күтсөң, кекчилдик да, ичи тарлык да эрип кетет. Ааламдын кеңдиги менен адамдын пейилинин кеңдиги шайкеш келип калганда, адам ичтен гүлдөйт, жан дүйнө менен кең дүйнө барабарлашат. Бул абалды арууланууу дейбиз — кең пейилге кенен аалам батып турушу керемет көрүнүш, ыймандуулуктун жеткен чеги.

**3. Сөз куну, чечендик**

Кыргыз өзү байыркы болсо, тили да байыркы, ошон үчүн баарыга уккулуктуу, ийкемдүү, жөнөкөй, маанилүү. Элибиздин «адам» деген түп сөзүнөн, кыргыз тили ай-ааламга жаңырып турат. «Аалам» деген сөз менен «Алла» биргедей угулат. «Аба»- кандай жеңил жана таза сөз! Аба деген сөздү эле терең дем тартып олтурсаң - көп кайгыдан, санаадан сеп алып, оорудан айыгасың. «Суу» десең, капчыгайда у-у- деп, «С» жаңырат. Ар бир сөздүн куну бар, сөз куну - уюган алтын сыяктуу. Сөз менен адам бир, өнөр алды - кызыл тил, сөзү өлсө өзү өлөт. Биздей аз эл сөздү куралга айланткан. Сөзү менен көпкө туруштук берген, жүйөөгө жыккан. Сөз менен намыс кайтарган. Улуу адамдар өз сөзүнө турган. Азыр болсо сөзүбүз менен кошо өзүбүз жүдөп жатабыз. Телевизорду, радиону, гезиттерди сөз сели каптап жаткандай! Адамды жакшылыкка чакырган, адилеттикти коргогон, ата намыска сөз тийгизбеген, асылдарды ардактаган, аалымдарды баалаган сөз аз. Сөзү оңолмоюн, кыргыздын өзү оңолбойт. Бечелдикте турсак, каяктан чечендикке жол бошойт? Дипломаттарыбыз эмне сөз үчүн пайдаланууга нээт кылбайт,

саясатчыларыбыз эмне сөз айталбай онтолойт? Өзү тил билбей калса, оюн түшүндүрө албаса, ага эне тил күнөөлүүбү? Кыргызмын десек, сөздү сыйлайлы, эне тилибизди түшүнөлү. Сөзүбүздү көрөңгөлөтүп, бечел болбой, чечен бололу. Токто, адегенде көкүрөктө сөзүбүз бышсын. Сөз айтуудан мурун укканга үйрөнөлү.

**4. Ак пейилдик 5. Аруулук**

Эпостун руханий кодексин талдап, түшүнүүгө нээт жалгап жатабыз. Нээтиңден тап деп айтат, кыргыздар. Кара ниет болсо - каргышка калат, ак пейил болсо - аруулукка барат. Нээтибиз тазармайын, пейилибиз агарбайт. Акылыбыз тунук болсо, пейилибиз кеңейсе, сөз кунун түшүнсөк, айткан сөзүбүз бал даамдуу чечен болсо, албетте көп нерсеге жетишебиз. Нээтибизди коргойлу, пейилибизди оңдойлу.

**6 - сапат: Жоомарттык.** Жоосуна кандай адам март болот? Өмүр бою өчөшсө, кыянаттыктан башка эч нерсени ойлобосо, малыңды басып алса, жериңди тартып алса, элиңди бириндетсе, тилиңди жоюп салса, ырыскыңды энчилесе, ынтымакты ыдыратса, амалы арам болсо кантип андай жоого март боло аласың? Жоомарттыктын максаты эмне? Кыргыз эли «Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер» дейт. Жоого март болуу менен катар өзүбүзгө күйүмдүү болгонго, өзүбүздү кошо сыйлаганга, бири бирибизге көз салганга качан үйрөнөбүз?

Айкөл Манастын жоомарттыгы Коңурбай менен сайышта да көрүнөт:

Опол тоодой күркүрөп
Оен Манас жеткени
Карааны тоодой
калчаны Катуу муштап
өткөнү Алгаранын
үстүнөн Тоо кулаган
эмедей Алоокенин
Коңурбай Күркүрөп
учуп кеткени Жеткилең
Манас көйкашка
Жебеден мурун жеткени
Коңурбайдын Алгара
Жетип кармап ошондо
Олжо кылып кеткени
Жаадай учуп Сарала
Ичке жолду төтөлөп
Коңурбайдын Алгара
Олжо кылып жетелеп
Манас алып кетерде ...

Касиеттүү Сарала колго түшкөн олжону кое берген болобу деп шашылып жатат, Коңурбайдан баарын күтүүгө болорун сезет. Чынында эле, азыр эле Манасты биротоло жайлап салууга даяр болуп жеке сайышка чыккан Коңурбай дөөгүрсүгөнү өчүп, заматта башкача кубулат:

Тизеси жерге бүгүлүп

Алгара берип кеткин
деп Кыя тартып
Манаска Келин болуп
жүгүнүп

Айкөлгө Сараласын берип коюп, аты жок турган Алмамбет коштоодогу Алгараны көргөндө, Манастын алдын тосуп чуркайт. Анткени, Коңурбай Алгарадан айрылса, андан оомат кеткени, ошондуктан Алмамбет Манаска жеткенче шашат:

Айкөл Манас соогалап Ар
жагынан Алмамбет
Жаадай учуп калдактап
Эки этеги далдактап Эми
келип жеткиче
Коңурбайдын Алгара
Олжо кылып кеткиче...

Алмамбет жөө жетип келгенче Айкөл Манас ойлонот:

Акыл ойлойт эр Манас
Бирөөнүн тону тон болбос
Бирөөнүн аты ат болбос
Баатыр эле Коңурбай
Атын алып нетейин
Андан көрө бу жерде
Өзүнө берип кетейин, - деп Алгараны кайра Коңурбайга берип коет:
Жүгүнүп турган калчага
«Мына Коңур атың», - деп
Окоро түйгөн чылбырды
Коңурбай көздөй ыргытып
Араң турган көп манжуу
Алгараны алганы
Арыстан Коңур калчаны
Ат үстүнөн салганы.

Айкөлдүн жоомарттыгын Алмамбет түшүнө албай, капа болот:

Айласы жок Алмамбет Көөдөнгө батпай көп санаа:
«Кокуй Манас, оңбо деп Көзүнүн жашы он талаа...
Кокуй, Манас, оңбой кал Эзелде эки болбой кал!
Кара калмак манжуудан Бул Коңурбай жоголбойт Бул Коңурбай өлбөсө
Кыргыздын иши оңолбойт Белгилүү кыйын бел ошол Бендеден башка
шер ошол Жалынсаң укпайт кебиңди Коңурбай табар эбиңди Атын
берип Калчанын Түгөттүң менин айламды Кара аты тийип колуна
Калмактын көөнү жайланды»

Чын эле сөз түгөндү. Бу жерде Манас дагы туура кылды, Алмамбет да ак сүйлөп атат! Алдыңан кыя өтпөймүн деген Коңурбай кийин Манасты далай жолу алдап кетет, жашырынып келип жарадар кылат. Коңурбай ашынган кекчил, айлакер, Манас болсо- айкөл. Эгер Алгараны Манас бербей койсо, анда Манастын рухуна шек кетмек, айкөлдүгү ууланмак. Ал эми жөнөкөй

турмушта жоомарттыктын чегин кантип ажыратса болот? Кантип жообузга март боло алабыз, жашообузга сак боло алабыз? Биз эмес Манас атабыз адашып жаткан дүйнөдө ар дайым ак менен караны, оомат менен каталыкты айкын ажыратууга мүмкүнбү?

Дегинкиси, талдай келсек, жоомарттыктын өзү нурланып турат! Убагында уттурганы менен, мезгил менен калысталат, утушка ээ болот.

**7 - сапат: Меймандостук.** Кыргыз эли конок дегенде ичип жаткан ашын жерге койгон. Боз үйү тигилүү, көлдөлөңү салынуу, дасторкону жайылуу, ыкласы түз, пейили ачык болгон. Ким келатса баары бир, атын алып мамыга байлап, эшик ачып эбиле үйгө киргизип, сыйкорлугун билгизип турган. Эшикке кулпу салынган эмес. Акыркы малын сойгон, алдына ырыскысын жайнатып койгон. Төрүн бошотуп төмөнгө жылган, конокко болгон сый-урматын кылган, атына жем берген, өзүнө дем берген. Тубаса мейман-дос болгон. Аянган эмес. Коноктун келгени -Теңирдин бергени деп түшүнгөн. Адамдын ортосундагы сыйды айрыкча кадырлаган.

Алтайдан көчүүгө кеңеш кылган элди жаш Манас кадырлап тосот:

Байталдан семиз табыңар,
Он эки байтал алыңар,
Камбарбоздун үйрүнөн Ээгинен бирин чалыңар,
Дартман эмес сагынан,
Карасы эмес агынан,
Андан бирди алыңар.
Алты азамат чаптырды,
Алты жүз меште кымызды Аял кылбай таптырды.
Айылда киши калба деп Адамдын баарын чакырды.
Жер очокту каздырып,
Жез капкактуу казандан Жетимишин астырып,
Алты жүз мешке куйдурган Алып келген кымызды Аксакал бою балкышып,
Аны ичкен соң карпаңдап,
Аңгемени кылышты.
Аземин минтип арттырып,
Сары казы, кыйма жал Адамдарга тарттырып,
Ар кандай опкоксуганын
Аппак майга тойдурду,
Эки жүз чанач кымызды Эңсегени жутсун деп Элдин
ортосуна койдурду.

Алмамбет келгенде, Көзкамандарды күтүп алганда Манастын меймандостук сапаты даана көрүнөт.

Көкөтөйдүн ашында элдин меймандостугу мындайча берилет:

Тогуз жүз тосуп үй күтүп,
Тогуз жүз толук бий күтүп,
Токсон жерде бээ союп,
Жолго даяр эл коюп,
Уюп жаткан Бокмурун Ушу күнү бүлүндү.
Урматтуу кыргыз тукуму Улуктугу билинди.

Коногуӊ эси болсо сыйды түшүнөт, эси жок болсо коркконуӊдан кылып жаткандай баалайт, мейман экенин унутуп калат. Доомат коюп, чыр салат. Көкөтөйдүн ашына келип, Мааникерге көз артып, байге талашып чыр чыгарган Нескара, Жолой, Коӊурбайлардын жоруктары буга далил.

Азыркы учурдагы эл аралык мамиле, сырткы дипломатия деген термин ушу «Мейман-дос» деген маанилүү кыргыз сөзүнө толугу менен сыйдырылган. Чындыгында, мейманды дос кылып алганга не жетсин! Конок тосуудан адамдын пейили, адамкерчилиги, элдин тарбия-таалими, маданияты даана ачылат. Конок күтүү - оболу өз пейилиӊди текшерүү. «Сый көрбөгөн сыйлай албайт», - дейт элибизде. Сыйды кемитпей, бирок азыркы заманга, азыркы эл аралык байланыштарга ылайыктап кыргыз сыйкорлугунун эрежесин так иштеп чыгуу, меймандостуктун салтын калыптандыруу, конок күтүү менен маданияттуулукту, салттуулукту айкалыштыруу, өзгөнү кадырлоо, өзүӊдү айкын көрсөтө билүү зарылчылыкка айланууда. Дүйнө элдери бирин бири билүүгө, алака кылууга өтүп жаткандыктан конок күтүүнүн мааниси өтө тереӊ. Туризм жана мейманостук да салтты сактоону, маданиятка маани берүүнү, улуттук намыскөйлүктү жана жалпы сактыкты, кыйла кыраакылыкты талап кылат. Мейман күтүүдө бардык маселе: тактыгыӊ, тазалыгын, маштыгыӊ, камкордугун, сыйкорлугун, сымбатыӊ, акылыӊ, айткан сөзүӊ маанилүү. Сый көрсөтүү аркылуу конок күтүүнүн салттуу мамилеси, ата журттун аброю сакталат, эл кошо бакталат, алыш-бериш жүрөт, кыраакылык калыптанат. Келген конок сүрдөп келип, сүйүп кетсин. Жылуу мамиле, жактттът таасир калсын, эл-жериӊ жөнүндө жылуу пикирин айта барсын. Элдин руханий күчүн сезсин, ак нээт келип, ак нээт кетсин.

**7- сапат: Берендик, жоосуна тик карагандык.** Берендиктин белгиси - эрк-кайраты, сезденткен айбаты, аяр акылы, сактыгы, айлакерлиги, эл намысына тура алгандыгы, коркунучту туя алгандыгы. «Кырсык аяк астында», «Ак көӊүлдүн аты арыбайт» деп коет кыргыздар. Душманым жок дебегиле - көзүнөн, сөзүнөн байкап, кыраакы кылдат болгула, кастын айласы - мол, амалы
- түмөн. Сактыкка кордук жок дейт элибиз. Жоомарттык кылып жоолашууга барбаган да жакшы, бирок душман кол салса, тепсендиде калбаган жакшы. Аз эл билектин күчү эмес, билимдин күчү менен коргоно алганы жакшы. Берендикти бел туткан элибиз: «Касташсаӊ да, кастын намысын кордобо» деген. Манас баатыр эч убакта озунуп биринчи кол салган эмес, талап- тоноочулукка жол берген эмес:

Өткүр Манас айкырып
Албаӊар жырык
ийнесин,
Не кыласыӊ калмактын
Эзелден жыйган
дүйнөсүн.
Короондо калды малыӊар.
Кары, жашыӊ, чалыӊар,
Дүнүйөдөн куруп

калгандай Кантесиңер
баарыңар!
Аны айтып акырып,
Аскердин четин жапырып,
Арстан Манас токтотту.

Кыргыз берендикке белдүү азаматтарын маш кылган. Атка даяр, малга сак, ар убакта жанга сак болуп көчмөн элибиз өзүн сактап келген. Эркек уул - Азамат, Жигит, Баатыр, Эр, Шер деген даражаларга татып эл намысына жараган.

**9 - сапат: Улуулук, айкөлдүк.** Улуу деп көптү көргөн, турмушту туура көзөмөлдөгөн, жаман-жакшыга бирдей маани бөлгөн, айтканы жаздым кетпеген, акылы көптү экчеген көрөгөч көсөмдү айтабыз. Улуулук - төрт тарабы төп келгендик. Журттун жүгүн аркалап, камын көргөн, акыл-эс, пейил- көйү көлдөй терең, калк ээси болчу жандарга карата айтылат. Улуулукка азыр биз даярбызбы? Так талаш, тайгак жолдо элди дүргүткөн саясатчыларыбыз качан калк тагдырын ойлошот? Качан өзүмчүлдүктөн, ачкөздүктөн арылышат, ит тартыш болбой бирин бири угат? Качан ынтымактуу, ырыс токтоткон элге айланабыз? Эсибизди жыйып, Манас атабыздын акылына кулак түрөлү, айтканын аткаралы, адилет башкаралы. Каада-салтыбызды карайлы, өнүккөн калк болууга жарайлы, ишибизге так бололу, үзүлгөнүбүз улансын, үзүр көрүп элибиз кубансын!

**4 - суроо.** Каармандардын кийген жоо кийимин, курал-жарагын, минген согуштук аттарын сүрөттөөгө эпосто кеңири орун берилген. Тарых илимдеринин доктору, енисейлик кыргыздардын курал-жарактарын изилдеген илимпоз Ю.С.Худяков: “IX - Хкылымдарда кыргыздардын жоокерчилик өнөрү эң бийик өрүшкө жетип, жоо-жарагы өзгөчө өркүндөп өскөн”, - деп белгилейт. Эпос саптарынан алеңгир жаа, бадана жыртаар саадак, жебелердин нечен түрлөрү, канжарлар, коросон кылычтар, темир калкандар, ачалбарс, найза, айбалта ж.б. толуп жаткан курал-жарактардын аталыштарын кездештиребиз. Төкөр уста Бөлөкбай устачылык өнөрү менен таанылган дөөгөр деген элдин өкүлү болсо, бул аталыш азыркы токарь деген түшүнүк болуп жүрбөсүн деген ой келет.

Эпостогу ар бир баатырдын өзүнө ылайык минген аты, кийген кийими, курал-жарагы бар. Аккула, Аколпок, Сырнайза, Аккелтесиз Манастын, Көгаласыз Чубактын, Сараласыз Алмамбеттин, Алгарасыз Коңурбайдын элесин көз алдыга келтирүү кыйын. Ар бир баатырдын сапаты алардын минген аты, алган жарагында белгилүү даражада кайталанат. Мисалы, акылман Алмамбеттин мингени -адамдай эстүү Айсарала. Чогоол, москоол баатыр Чубактын мингени - “алтымыш чапса былк этпес” Көк тулпар. Амалкөй Коңурбайдын мингени - аны дайым коркунучтан аман алып калып, өлүмдөн куткарган канаттуу күлүк Алгара. Ал эми алтымыш түрлүү тил билген, чечен Ажыбайдын Карткүрөңүн миң сан жылкынын ичине агытып кое берсе, ал жылкыларды баштап алып, түз эле Таласты көздөй жөнөчү экен.

Манас баатырдын Аккуласы өмүр бою Манаска кызмат кылат. Аккуланын сыны эпосто мындай сүрөттөлөт:
Манастын аты Аккула
Маралдай чуркап бөлүнүп.

Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар,
Аттардан чыгып бөлүнүп,
Аркардай шаңы көрүнүп,
Аккула өттү дыркырап,
Туягы тийген таштары
Туш-тушуна зыркырап.
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.

Манас Чоң казатта жеңишке жетип, Чет Бээжинге кан болгондо, Коңурбай Түп Бээжинге кетип, кырк кандын улугу Карыкандан кол сурайт. “Мейли кол сурап келипсиң берейин, бирок биздин даңзабыздагы жазуу боюнча Манас төрөлгөндө киринтип жатканда эки далынын ортосунда кургак жери калган, талуу жер ошол. Ал жерге найза тиймейин Манас өлбөйт. Анан дагы Аккуласы аман кезде Манасты жеңем дегениң куру убара, аскердин шору”, - дейт Карыкан. Ошентип кышы бою Коңурбай колун машыктырып, Чоң казатка даярданат. Аккуланы көзгө атар мерген Каражой уулу Шыпшайдар атып өлтүрөт.

Аккула окко учары менен Манастын шаштысы кетип, шайы оойт.

Алмамбет окко учканда сөөгүн Сарала тулпарына жүктөп койсо, ал “кырт эттирип чөп үзбөй, кылт эттирип суу ичпей”, эч адамга карматпай, Алмамбеттин сөөгүн жалгыз өзү аман-эсен Таласка жеткизет. Чубакка ок жаңылып, астындагы Көк тулпары Чубактын сөөгүн душманга бербей, ала качкан бойдон кетет.

*Дагы бир күлүк - Көкөтөйдүн Мааникери. Ал эпосто:*

Айгай укса шашпаган,
Ай караңгы түндө да,
Бир изин жаза баспаган,
Чалгынга минсе чарчабас,
Оорукка минсе оорубас
Канаты бар тулпар, - деп сүрөттөлөт.

Мааникердин ушундай асыл сапаттарына кызыккан Коңурбай «Жолоюм айтты акыл деп,
Мааникерин алайын, жоолашкан болуп акр» деп, Мааникерди өкүм менен сурайт:

Мааникерди бересиң,
Мааникерди бербесең Балакетти көрөсүң!
Киши-миши дебеймин,
Тарткан этиң жебеймин!
Ашыңа азап саламын,
Айлыңды талап аламын!

*Мааникерди берели деген Кошойдун сөзүнө Манас ачууланып мындай жооп кылат:*

Бүгүнкү күндө бу капыр,

Сырыңды тартып албайбы,
Тырп эттирбей салбайбы,
Эртеңки күндө Кула атты Каалап кармап калбайбы,
Бүрсүгүнкү күнүндө Эр Төштүктүн Чалкуйрук Эбин таап албайбы!
Ат бүткөндөн айрылса Азамат шору катпайбы!
Күлпөнүм күндөй турганда Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн экен бу чочко,
Күрпөңдөшүп көрөйүн!
Күч, кубат берсе кудурет Күлдү журттун ичине Күлкү кылып жөнөйүн!
Атымды кантип берейин,
Арбыган экен бу доңуз,
Алпурушуп көрөйүн,
Арга недир тагдырга,
Ажалым жетсе өлөйүн!
Ал сөздү айтып эр Манас Алтын доол кагылды,
Аккелте мылтык чаңырды,
Араң турган кырк баатыр Аламан коюп жабылды.

Семетей эр жетип, он төрт жашка келгенде, Каныкей ат чабышка төлгө кылып, алтымыш асый болгон Тайторусун кошот. Байге аттары кайра тартып, алдыңкылары Каныкейдин жанынан зуулдап өтө баштайт, бирок Тайторусунан дайын жок. Каныкейдин заманасы куурулуп, буркурап ыйлап турса, алтымыш бир аттын аркасынан келе жаткан Тайторуну Манас, Бакай, Алмамбет, Чубак
баш болуп, кырк чоросу менен ортого алып, сүрөп келе жаткан экен.
Ошентип, Тайтору 600 тулпардын бирине да чендетпей, жети бута алдыда келип, баш байгеге ээ болот. Каныкейдин төлгөсү төп келет, Семетей эли-жерине ээ болот.

Семетейдин тулпары Тайбуурулду сүрөттөө менен күлүк аттардын сыны, мүчөсү элестүү берилген:
Бөрү тиши араадай,
Курч туягы чарадай,
Кашка тиши кадоодой,
Кызыл тили бүлөөдөй.
Азуулары болоттой,
Чаткаягы колоттой.
Секиргени бүргөдөй,
Семиргени сүмбөдөй.
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей.

”Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени - Семетейдин ажалынын жеткени”, - деген кеп бекер жерден чыккан эмес. Көкчөнүн уулу Үмөтөй Чоң казатта өлгөн атасынын кунун Семетейден куумай болуп, энеси Акеркечтин тилин албай, калың кол менен Таласка кирип келет. Акыры каза табат. Ошондо бузук ойлуу Канчоро: “Карын бөлөң Үмөтөйдүн куну үчүн Тайбуурулду тартууга бер”, - деп Семетейге кеңеш берет.

Ошондон кийин, көп узабай Кыяс менен болгон согушта минген аты жүрбөй калып, Семетей жеңилет.

Жылдар өтүп, элин жерин дегдеп Таласка келген Сейтектин алдынан Тайбуурул тосуп чыгат. Сейтекти жыттап, кайра ага көкүлүнөн жыттатып, Тайбуурул кайып болуп кетет.

Мындай мисалдар элибиздеги: “Ат-адамдын канаты”, “Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны”, “Болоор кулун железе жулкунат, болоор бала бешикте булкунат”, “Жакшы атка - бир камчы, жаман атка - миң камчы”, “Адеби жок жигит жүгөнү жок атка окшош”, “Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө өтүгү менен суу кечет” деген макалдар менен үндөшүп турат, кыргыздар төрт түлүк малдын ичинен айрыкча жылкыны жогору баалаганын айгинелейт.

Жылкы баласын медицинанын атасы Г иппократ абдан баалап, атка минүү оорудан айыгуунун жүрүшүн тездетет, ошондой эле кайгы-кападан арылтып, маанайыңды көтөрөт, жаркын жана тунук ойлорду тартуулайт деп эсептеген. Медицинада ипотерапия деп аталган бул багытка көпкө чейин маани бербей келишкен. XX кылымдын ортосунан баштап атка минүү менен дарылоо жанданган. Көп мамлекеттерде кыр арка, омуртка сөөктөрү жана нерв системасы ооругандар үчүн атка минүү секциясы ачылган. Дарылоо үчүн жылкынын бардык түрү колдонулган.

***VI тема: «Манас»эпосунун каармандарынан алар сабактарыбыз.***

6.1. “Манас” эпосундагы образдар системасы, эпостун идеясынын ачылышында каармандардын образынын чечүүчү мааниси. Манас баатыр - калк башында туруп, таламын талашып, намысын коргоочу, башын кошуп, ынтымагын арттырып, атак-даңкын чыгаруучу эл ээси.

6.2. Акбалта- ченебес баатыр, акылман, Манасты намыскөйлүккө, келечекте элин куткарууга үндөгөн тарбиячы. Алмамбет - элинен ажыраган трагедиялуу баатыр. Бакай, Каныкей - акыл таасирин, турмуштук тажрыйбасын өзүнөн кийинкилерге өткөзүүнүн үлгүсү. Жакып, Кошой, Чубак, Абыке, Көбөш, Сыргак, Чыйырды, Семетей, Айчүрөк, Сейтек, ж.б. каармандардын образдарынын сүрөттөлүшү.

6.3. Алооке, Коңурбай, Жолой, Нескара ж.б.терс каармандардын сүрөттөлүшүнүн оң каармандардын образын тереңдетүүдөгү мааниси.

**1- суроо. «Манас»**эпосу татаал сюжеттүү, мазмуну көп сандаган окуяларды камтыган, зор көлөмдүү чыгарма болгондуктан, анда сөз болгон каармандардын саны да арбын. Элдин эркиндиги, көз каранды болбостугу үчүн күрөшкөн баатырлар, терең акылы, адис өнөрү менен элге кызмат кылган чеберлер, ашкан өнөрпоз, көсөм, көптү билген даанышман адамдар эпостогу **оң каармандар** болуп эсептелет. Эпостун башкы оң каарманы - Манас. Жашынан намыскөй, жалтанбас, чечкиндүү жана өзгөчө күч- кубаттуу баатыр Манас талоонго түшүп, чабылып чачылган кыргыз элинин башын коштурат. Тууган жеринен сүрүлүп арып-азган кыргыз эли Манас төрөлгөндө баатыр, балбан төрөлгөндүгү үчүн эле эмес, калкка тирек боло турган азамат төрөлгөндүгү үчүн кубанышат. Манас кыйноодогу элдин тилегин орундатуу үчүн эр азаматтарды тегерегине топтойт, элдин башын кошуп, душманга

каршы көтөрөт:
Туулмак бар, өлмөк бар.
Жакшы менен жамандык
Туш-тушунда көрмөк бар.
Атадан не үчүн тубамын,
Аманат жаным чыкканча
Намыс жолун кубамын.
Атамдан калган жеримди
Алдырып коюп кытайга
Аңкайып кантип турамын!
Энеден не үчүн тубамын,
Эрлердин жолун кубамын,
Эски жерим албасам Эс
алып кантип субамын!
Алтын айчык, кызыл туу,
Асмандата көтөрүп,
Аягын жерге сайбасам,
Асабасын жайбасам,
Атым өчүп калбайбы
Атамдан калган Нааманды
Алты айга койбой албасам!
Айрып жерим албасам -
Атадан туубай калбасам!
Эңшерип элим албасам -
Мен энеден туубай
калбасам!
Аркандан моюн чечиңер,
Ала албасак кытайдан,
Аманат жандан кечиңер.
Кытайга кыргын салалы,
Кыйратып, жерди алалы!
Кызыктуу жерди алдырып,
Кыяматта жүргөнчө,
Кыргыз уулу болгону
Кырылып жатып калалы!
Каапырга каран салалы,
Кайтарып жерди алалы!
Кайтарып жерди албасак,
Казак уулу болгонуң Кан
жөткүрүп калалы!

Манас - элдин ээси, калк башында туруп, ысыгына күйүп, суугуна тоңот, татаал шартта жол таап, кыйынчылыктан куткарат, таламын талашып, намысын коргойт, башын кошуп, ынтымагын арттырат, тескерисин оңдоп, атак-даңкын чыгарат. Өз кызыкчылыгынан көпчүлүктүн кызыкчылыгын жогору коюп, элге кызмат кылат. Ошондуктан эл ага ишеним артып, артынан ээрчийт.

Алдына койгон максатына жетүү үчүн Манас баатыр башкаларды күч менен мажбурлабайт, өз керт башынын мисалы аркылуу таасир этет. Мисалы, Чоң казатка аттануу учурунда Манас чогулган колго кайрылып: «Алыс жолго, коркунучтуу жоого каршы аттанабыз. Барууну каалабагандар үй-үйлөрүнө тарап кете беришсин»,— деп жар чакыртат. Кол тарап кетмек болот. Ошондо Манас жоо-жарагын кийип, кырк жигитин ээрчитип, эл аралайт. Анын баатырдык сүрүн, шаңын көргөн адамдар кетүүдөн айнып, чогулгандар бүт артынан ээрчип барууга макул болушат.

Манас баарыдан мурда адамдагы иш билгиликти, компетенттүүлүктү баалайт. Ошон үчүн Чоң Казатка жөнөгөндө колун чоочун элдин сырын, жердин уусун жакшы билген Алмамбетке башкартып, өзү салгылашка катардагы жоокер катары катышат. Чалгынга да кытай-калмак жерин коен- жатагына чейин билген Алмамбетти жиберет.

Тирүү адам катары Манас да адамга тиешелүү ички сезимдерге ээ. Алмамбет окко учканда оор кайгыга батат, Аккулага ок тийгенде жаны кейийт. Дайынсыз жоголуп кеткен Чубак аман-эсен келгенде сүйүнгөнүнөн окуп аткан намазын бузуп, алдын утурлай тура чуркайт, баладай барбалаңдап кубанат. Октон жалтанбас, өлүмдөн бет бурбас баатыр Карабөрктү жактырып алмак болгондо сулуу кыз алдында эмне кыларын билбей, айтарга сөз таба албай алдастап, сүрдөп калат. Кыз Сайкал менен сайышка чыкканда анын сулуулугуна, сымбатына кызыгып «өзүм алчу кыз экен, бөөдө өлүп кетпесин»,— деп аяп найза саям деп аз жерден мерт боло жаздайт. Манас кемчиликтерден да куру эмес. Ага энөөлүгү, ишенчээктиги көбүрөөк зыянын тийгизет. Анча-мынча иштерге көңүл бурбаган алабармандыктан Каныкей эскерткенине болбой, кайра ага туугандарымды жамандайсың-деп ачууланып, колу тийип, акыры Көкчөкөз, Көзкамандардын балдарынан кордук көрүп, өлүп кала жаздайт.

Ала көөдөн мүчүлүштүгүн Кошой алп калк алдында жарыя айтып, жемеге алып:

Манас, Манас дегенде Барбая калат экенсиң,
Чала үйлөнгөн чаначтай
Дардая калат экенсиң" - деп тилдейт.

Манас баатырдын арзыбас кемчиликтерин анын көптөгөн мыкты сапаттары жаап кетет. Чынында Манас- төрт түлүгү шай, бардык жактан куп келишкен, эл арасындагы артык сапаттардын көбүнө ээ баатыр. Анын атак-даңкка, күч-кубатка толуп тургандагы келбети эпосто:

Алтын менен күмүштүн Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алды калың кара жер Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын Толкунунан бүткөндөй,
Асмандагы ай, күндүн Жаркынынан бүткөндөй",-деп берилет.

**2- суроо**. Оң каармандын бири Акбалта - кара жаак чечен, элди артынан ээрчите алган акылдуу көсөм, жоодон тайманбаган баатыр адам. Кыргыздарды чилче тараткан Алоокеге каршы элди көтөрөт, Алтайга айдалып барганда

элине кайрат берип, акыл кошот, эл Акбалтанын тилин алып эмгеги менен байыйт: Бала каздай каркылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Абаӊ Балта кыргызга,
Акыл айтты баркылдап:
Алтындын кенин казалы,
Кетмендеп жерди оёлу,
Кайран жан өлүп кеткиче Балдарым, кеӊ-кесири тоёлу!
Бизде, балдар, бел байлаган бала жок,
Медер кылып жүрүүчү Белгилүү кыргыз, а да жок Биздин эл, аккан булак жок,
Дардайып жатаар убак жок.
Жан багуучу карыппыз,
Кара калмак—манжунун
Ортосунда калыппыз.
Кечүүгө тиккен бак да жок,
Керсейип жатаар чак да жок,
Жан аябай турушуп,
Аябай жанды багалык Кара
жер менен урушуп!
Эмгек кыл, балдар, эмгек кыл,
Ачкан курсак тоюнат,
Арыганы семирет.
Акыл айтты Акбалта.
Карып Балта абаӊдын Айткан
сөзү акыл деп,
Азып барган бул журттун
Кызматка кирди баарысы.
Алтын кенин казышты,
Казып алган алтынды Дорбого
салып катышып,
Керек десе калмакка Төрт
түлүк малга сатышып,
Шамыянын шайлатып,
Кош өгүзүн байлатып,
Жердин жүзүн ачтырып,
Уучтап тукум чачтырып,
Эгин айдап жай болуп,
Эсепсиз кыргыз бай болуп,
Ак буудай нанын чайнашып,
Эшигинин алдына Алтыдан
тулпар байлашып,
Айдап алган эгиндин
Кочушун койго сатышып,
Табагын тайга сатышып,
Сан кара күтүп бай болуп,

Көңүлү мындан жай болуп,
Санаасы менен болтуруп,
Сандыгынын баарысын Сары
алтын мүлккө толтуруп.

Жакыптын түшүн жоруган Акбалта элди азаптан куткарар арстан бала төрөлөт деп кубанат:

Кырк үйлүү кыргыз жакыр журт,
Сары адырмак шыбыргак Белди табат экенбиз.
О, кудай, киндик кесип, кир жууган Жерди табат экенбиз!

Маана берип, жараткан Элди
табат экенбиз.
Ушул түшүң чын болсо Кара
калмак — манжудан Ажыратып
алуучу Бизге бир арстан бала
табылат!
Үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйылат,
Өчкөн отун тамылат,
Өлгөн жаның тирилет!
Кырк үйлүү кыргыз журт элең,
Кыргыз кайда, эл кайда?
Элге жетээр күн кайда?!
Кара барчын куш салсаң,
Жакып бай, балалуу болот экенсиң.
Кыр жагында кытайды,
Кырып берээр уул экен.
Кара калмак — манжуга
Калайман салчу уул экен.
Балалуу болсоң кулунум,
Атын Манас коёсуң.
Кара көкжал эр болот,
Ааламды буй кылган Аябаган
шер болот.
Жан жолдошу сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт,
Бет алып бенде келе албайт.
Душман жүзүн көрө албас,
Берендүү болот экенсиң,
Аман жүрүп туулса,
Таманы менен тик түшөт
Кагышкан душман бүк түшөт.
Уулдуу болсоң Жакыбым,
Ааламга тиет пайдасы.
Коргон болоор шер туулат,
Козголбос берен эр туулат.
Акбалта баштап ошондо Бата
берди чуркурап.

Акбалта менен Чыйырды эл керегине жарар бала төрөлөрүн көрө билет, бала Манастын тентектигин туура нукка салат, намыскөй болууга, эл үчүн кызмат кылууга тарбиялайт.

**Алмамбет** - Манастын эң жакын жардамчысынын бири. Улуту кытай, эл-жеринен качууга аргасыз болуп, Манаска келип кошулат, Манастын эмчектеш бир тууганы болот. Алмамбет- чынчыл, ак пейил, кыргыздарга жан-дили менен берилген, элге кызмат кылууну баарынан жогору койгон адам. Акылмандык,

билгичтик, кыраакылык жактан Алмамбет Каныкей менен бир катарда турат, ал эми өнөр, билим жактан кыргыз баатырларынын ичинде ага теңдеш адам жок. Анын образы аркылуу кара күчкө караганда өнөр, билим алда канча жогору турат деген элдик түшүнүк берилет.

Эли-жеринен бөлүнүүгө туура келгендиктен, Алмамбет—терең трагедиялуу адам. Кыргыз элин канчалык жогору баалап сүйсө да, Манас баатырга канчалык берилип кызмат кылса да дайым өзүн азгын, жалгыз деп эсептейт. Бээжинге казатка аттанып жатканда Каныкей Манастын жалгыздыгын айтып, башына коркунуч түшсө каралашып жардам бер деп Алмамбетке тапшырат. Аны укканда Алмамбет «эскиси түшүп эсине, жаш имерип көзүнө» минтип арманын айтат:

Аттигине жеңеке,
Жалгыз дейсиң баатырды,
Жайнап жаткан көп кыргыз Кимге тууган акыры?!
Артында арстан баатырдын Абыке, Көбөш ини бар,
Астыңда турган бир кулдун Өзүнөн бөлөк кими бар?!
Жергесин сураар жээним жок,
Эңсеп бараар элим жок,
Таянарга тага жок,
Тагдыр жетсе даба жок.
Бөлөктү койдум бөлөм жок,
Энкейип кетсем жөлөк жок,
Кадырым билер калкым жок,
Кадимкидей наркым жок,
Өлүп калсам окустан Арбагымды ким сыйлайт,
Азып жүргөн бир кулга Абыдан кейип ким ыйлайт?!
Артымдан караар ини жок,
Айланар тууган бири жок.
Алганымдан жакын жок.
Алганым анык күйбөсө,
Атылган ташка биздин ок!
Баркырап ыйлаар балам жок,
Баркымды билер адам жок!"

*Алмамбет баатырдын бул арманын укканда анын жанында катар турган кырк баатыр:*

Ар канча улук болсо да,
Акылы тунук болсо да,
Жалгыздыгы курусун,
Жайын айтып кайран эр
Жашып ыйлап турушун! - деп Алмамбеттин өз элин, жерин сүйүүсүн туура түшүнүшөт, ыйык сезимине урмат менен мамиле кылышат.

Чалгынга албай кетесиң деп таарынган Чубак жалпы эл алдында Алмамбетти элсиз, жерсиз каңгып жүргөн азгын кул, калмак деген сөздөр менен тилдеп кемсинткенде Алмамбет:

Элдүүнүн баары эр экен,
Не деген кеби эм экен,
Элинен азган мен кургур Эгем таала кудурет Не түрдүү
пендем деди экен?!
Калктуунун баары эр экен,
Канча айтса кеби эм экен, - деп өксөйт.

Элинен азган, туулуп-өскөн жеринен кеткен адамдар канчалык мыкты болсо да, аянычтуу оор абалда болору Алмамбеттин тагдыры аркылуу айрыкча элестүү сүрөттөлгөн, адам элсиз жашоого мүмкүн эмес деген түшүнүк берилген.

Манас Алмамбеттин айтканын эки кылбай аткарат, дайым кеп -кеңешин угат. Алмамбет таарынып Көкчөдөн кетип Манаска келердин алдында Манас түш көрөт, түшүндө өзгөчө курч кылыч таап алыптыр. Жакындарын чогултуп түшүмдү жоруп бергиле деп өтүнгөндө Жакып эркек балалуу болот экенсиң! — деп айтмак болуп «Кайып кан кызы Карабөрк...»,— деп келатканда Манас ачуусу келип, атасын акырайып жаман көзү менен карайт. Уулунун түрүнөн корккон Жакып сөзүн бүтүрбөй, кеби оозунан түшүп олтуруп калат. Аны байкаган Ажыбай: «Алмамбет баатыр келип, өзүңө жолдош болот экен» деп түштү жоруйт. Оюндагысын туура тапкан Ажыбайга ыраазы болгон баатыр сүйүнүп, ага чоң тартуу берет. Бул эпизоддон Манас баатыр өзүнө тете жолдош болуучу баатырды баладан да жогору баалаганын көрөбүз.

Алмамбеттин курч акылы, билерман көсөмдүгү, согуш өнөрүн мыкты билиши айрыкча Чоң казат учурунда көрүнөт. Алмамбет орчун колду ирээтке келтирип, катуу тартип орнотот, узак жолдо баруучу жерине аман- эсен жеткирет. Жалаң Алмамбеттин акылы, билгичтиги, өнөрү менен баатырлар уй түгүндөй көп кытайдын эсепсиз көп колуна туруштук берип беттешип, акыры кыргыздар жеңишке жетишет.

**Бакай** - Манастын аталаш тууганы, Жакыптын бир тууган агасы Байдын уулу. Манаска жолуккан күндөн тартып үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап, жамандыгын жашырып, жакшылыгын ашырып, капилетте сөз тапкан, караңгыда көз тапкан даанышман, эң жакын, эң ишеничтүү адамы. Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болот, Манастын ачуусун басып, оолукса токтотуп, терс иштен сактап турат. Манас - кыргыз элинин намысы болсо, Бакай - акыл-эси, абийири.

Бакай элди биримдикке, ынтымакка, калыстыкка үндөп, мындай дейт:
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң акыл нак ушу.

Чубак көкүткөн бузуку сөз менен чыр чыгарып, чалгынга кеткен Алмамбеттин артынан жөнөгөндө Бакай алдынан тосуп:
Ай, ай, балам, токто,
Акылым угуп, жокто,
Канаты менен учуучу,

Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болмогу Экөөбүздөн
болуучу.
Бузулуш бизден чыккан соң,
Бутунан тартып жыккан соң,
Миң да болсок кырылдык!
Алмамбет кыйрындан карыш жылган жок,
Кытайга кызмат кылган жок,
Ал кылган кызмат өзүңкү,
Кылган кызмат сиз үчүн,
Кыргызга кызмат кылганга,
Кыйкырып чабыш, кай күчүң!?—деп калыстык сөзүн айтып, чекилик кылган Чубакты жемеге алат.

Калыс, чынчыл адам катары Бакайды досу-касы дебей, бүт эл сыйлашат. Чоң казатка аттанып жатканда отуз жүз миң колго Бакай кан болсун деген сунушту баары колдойт:
Колдун баары кубанып Макул айтты төрөбүз,
Касиеттүү Бакайды Канга ылайык көрөбүз!

Бакай бардыгын сыртынан багып, көзөмөл болуп, байкап жүрөт, маанилүү ишти биринчи көрөт жана ага ылайык чечим кабыл алат. Чоң казат учурунда кытайлар улам каптап, ээ-жаа бербей шаштыны кетиргенде Алмамбет Сыргакты колго кабар бер деп жөнөтөт. Башы-көзү кан болуп, катуу кыргынды, жоонун көптүгүн көрүп аптыгып калган Сыргак көрүнөө жерде жол тосуп жүргөн Бакайды көрбөй өтүп кетет. Кыйкырса укпайт. Артынан чаап чакырса кылчайбайт. Ачуусу келген Бакай качырып келип найзанын түбү менен Сыргакты капталга катуу коюп калат. Шашкан Сыргак оозуна айтар сөз келбей, «аба, аба!» деп үч-төрт жолу айтып жиберет. «Үч баатыр кызылдай өрттүн ичинде калды!» - дейт. Анда Бакай: «Аны укса алты кан, кайра тарап кетпейби, андан көрө кытайлардын жылкысын алдык, куугун келген жок, баатыр силерди келип, олжосун бөлүп алсын деди деп баргын»,- деп үйрөтүп, башы-көзүндөгү канын жуудуруп, үстү-башын тазалатып, экөө шашпаган киши болуп жай бастырып, оорукта жаткан көп колго барышат. Сыргак элге Бакай үйрөткөн сөздөрдү айтат. Аны укканда көп кошуун бирине - бири карабай шашыла аттанып жөнөп калышат.

Бакай Семетей, Сейтектердин учурунда да негизги акылман, кеңешчинин милдетин аткарат, эл каалоосу боюнча түбөлүк өлбөй калган адамдардын бири. **Катагандардын каны Кошой алп** калмактар кыргыздарды басып алып, элди туш-тушка чачып бөлгөндө душмандарга бой бербей кармашып, багынбай койгон жана Ала-Тоонун аймагында өз уруусу менен калк уюткусу болуп калып калган баатыр. Акылман, жөн билги Кошой бүт кыргызга «калк атасы» деп аталып, сый-урматка ээ болуп турат. Төгөрөктүн төрт бурчунан капыр менен мусулман бүт чогулган Көкөтөй кандын ашында аш ээси Бокмурун ашты берүүнүн жөнүн кандай кылам? - деп Манаска кайрылса, ал бийликти Кошойго ыйгарат, мындай орчун топту Кошой башкарса аш жөндүү, каалагандай деңгээлде өтөт деп түшүнөт. Ошондой чоң жыйындын

бийлиги Кошойго тийгенине чогулгандардын арасынан наараазы болгон адам чыкпайт. Кошойду Манас башкалардан бөлүп өзгөчө урматтайт. Көкөтөйдүн ашында жүз адамдын кунуна барабар алтын жамбыны эч ким түшүрө албай койгондо Манас атып алып: «Абаке, муну алгын, ак сакалдуу карымсың, калк көтөргөн канымсың, касиеттүү жанымсың, батанды берип салгын!» - деп Кошойго тартуу тартат.

Кошой - «батасы журтту байыткан, байланып калган базардын жолун ачкан, бекип калган бейиштин эшигин ачкан» касиеттүү адам. «Абам батасын берсе балалуу болор бекемин!» - деп үмүттөнүп, атайын кандагай шым камдаган Каныкейге Кошой мындай бата берет:

«Тилекти берсе бир алда,
Туулса мындан бир бала,
Ургаачы болбой эр болсун,
Аюу болбой, шер болсун!
Катылышкан душманын Өгөөлөсүн темирдей,
Акыры тууса эркеги Аты болсун Семетей.
Арууке келин баласы Акылдашы ар качан,
Ага болсун чын жоро,
Аты болсун Күлчоро,
Кыдыра кырчын тал болсун,
Кырга чыга бергенде
Семетейге кылуучу кудай жар болсун.
Ак болотун майласын Ачуусуна тийгенде Абыке, Көбөш, кан Жакып
Ошолорду жайласын!
Көк болоту майласын,
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорону жайласын!
Кара болот кайрасын,
Каарына келгенде Кан Коңурду жайласын!

Кийин Кошойдун бул айткандары бүт туура келет.

Кошой - ошондой эле эл кызматына башын тиккен намыскөй баатыр. Көкөтөйдүн ашында 85 жашта экендигине карабай, эч ким даап чыга албаган Жолой дөөгө каршы күрөшкө чыгат, аны жыгып мөрөй алып, элдин намысын коргоп калат. Кошой Манастын кыргыз эли үчүн ким экендигин туура түшүнүп, анын биринчилик ордун моюнга алат, түрдүү шарттарда, жакшылык-жамандыкта дайым Манасты колдойт, көп учурларда иш- аракетине жардам берип, пайдасын тийгизет. Манасты Ала-Тоого көчүп кел деп кеңеш берет, Манас минген атынан, кырк чоро жолдошторунан бүт ажырап, душман колуна түшүү коркунучунда калганда жардам берип, куткарып алат, кыргыздарга Манасты кан көтөрүү сунушун биринчи болуп айтат. Көкөтөйдүн ашында Манаска наараzы болгон кандар жыйылып чыр чыгармак болушканда «душманга колтук ачпайлы, чатакты койгула», - деп жүйө айтып токтотот, «аш тараган соң бир жылдан кийин келип Манасты өзүңөргө басып берем» деп тыйып коёт, айткан убагы бүткөндө Манасты чаап берем дебедиңиз беле дешип чогулуп келген кандарды шылдың кылып келекелеп:

Бекер жер Талас эмес,
Мен кылган Манас эмес,
Койгула балдар, Кошой
Силерге тамаша эмес!-деп тоготпой жатып алат. Кошой Манаска да эл алдында ачык каршы сөз айта алат, туура эмес ишин сындап, жемелеп, тилдеп коё алат.

**Чубак баатыр**: «Алышса адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн, көк ырапыс тон кийген, Көгала сындуу ат минген, кан Балтанын Чубагы — арстандын бири бу дагы», - деп сүрөттөлөт. Нойгуттардын каны Акбалтанын жалгыз уулу (Саякбайдын варианты боюнча Акбалта талаадан таап алган бала) Манаска 13 жашында келип кошулуп, ошондон тартып баатыр менен дайым бирге жүрүп, ак кызмат кылат. Чубактын негизги сапаты—жалтанбас эрдик, түгөнгүс күч. Жанда жок чоң дөө Макелди көрүп, шашып калган Алмамбет Чубакка келип: «Манаска кабар салалы, мейли Манас алабы, же балакеттүү Макел дөө аны байлап кетип калабы» өзүлөрү беттешсин дегенде:

Катыгүн Алмам не дейсиң?
Качуунун камын не жейсиң?
Атасынын көрү капырды,
Токтолуп уруш салалы,
Тобокел кылып алалы!
Качпай өлгөн эрлер деп,
Жакшы аттысы саа болсун,
Жолдошу Чубак экен деп,
Cооп чети маа болсун,-деп кайрат айтып, намыстантат, жоону жеңишет.

Чубак - аны-мунуну көп байкабаган энөө, ишенчээк, ачуусу чукул, кыялы чорт, чогоол баатыр. Бирок ак көңүл, ичине кир сактабаган адам. Чалгынга Сыргакты алып, мени албайсың деп Алмамбет менен чабыша

кетет, Алмамбет: «Элге кызмат кылдың деп, эрегишиң кай күчүң?»— деп жемелегенде Чубак күнөөсүн мойнуна алып, жыгылыштуу болот.

Чоң казатка чыккан баатырлар курман болгон катуу кармашта Чубактын бооруна ок тийип, жарадар болуп, дайынсыз жоголот. Кийин Семетейдин учурунда Чубак Кашкарда жүргөнүн көргөн киши бар экен деген имиш менен Семетей: «Чубактын дайынын таап бергиле, же кун төлөгүлө», - деп Кашкарды камайт. Чубак Букарда жүргөн имиш деген кеп менен Букарды, анан Коконду чаап алат. Ошондон улам кыргыздарда «Чубактын кунундай чубалжып бүтпөгөн иш»,— деген ылакап кеп калган.

**Сыргак** - баатырлардын эң кичүүсү, баарынын сүймөнчүгү. Карандай күч өзгөчө мааниге ээ болгон ошол доордо, көпкөк темир кийинген, жоо дегенде сүйүнгөн баатырлардын арасында адамгерчилиги, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, сезиминин тереңдиги, сыпайы жүрүш-турушу менен бөтөнчөлөнүп, башкалардан бөлүнүп турат. Сагымбай боюнча Сыргак — Манастын аталаш тууганы, Жакыптын агасы Ороздунун он уулунун биринин баласы. Саякбайда Сыргак - Улак кандын уулу, азан чакырып койгон аты — Бердибек, сымбатына жана баатырдык сапаттарына карата бүркүттүн «сыргак» деген кыраан түрүнө окшоштуруп атап коюшкан. Сыргак баатыр эпосто:

Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку салбаган,
Кара болот кыргагы Кан
Манастын Сыргагы.
Акыр заман журтуна Аты
калган Сыргак деп,
Сыны сыргак, өзү эр,
Сынын билген айткан эл Сырттандардын
бири дээр, -деп сүрөттөлөт.

Чалгынга жөнөмөк болгон Алмамбет «Сырттан тууган Сыргактын, жеке башын өзүнүн, миңге тете көрөмүн» деп миң-сан элден Сыргакты тандайт. «Жети түмөн кол келсе, желбегей кирип кол салган» баатыр Сыргакты досу да, касы да жогору баалап, урмат менен мамиле кылат. Чоң казат учурунда Сыргактын көрсөткөн эрдик иштери жүрөгүнө тийип, жанына баткан Коңурбай Кожожаш мергенге:

Ушу Сыргак баладан
Ээримен арт кетти,
Жүрөгүмө дарт кетти,
Боконо сөөгүм болк этти,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы ыйлап солк этти.
Башкасын коюп ушунусун жайлап бер! -деп жалынат.

**Каныкейдин** өз аты - Санирабига. Канга нике кыйылганы үчүн Каныкей атыгат. Сагымбайдын варианты боюнча Кыйбанын каны

Атемирдин кызы, Саякбайда Букардын каны Каракандын кызы. Манастын Каныкейге чейин эки аялы бар, бирок алар баатырга ылайык жар эмес. Саякбайдын вариантында Манас өзүнө тете аял алышы зарыл деп Бакай айтат. Ал «Акылай, Карабөрк үтүрөң тентек, орой, акылдары кыска, адепсиз, наркты билбейт, адамдын көңүлү калат деп ойлобойт. Ошон үчүн баатырдын иши оңолбой аксайт»,- деп ойлоп, санаа тартып жүргөн. Кум-Булактын белинен Манас кол башындай боз күчүк кумайык таап алганда, Бакай кумайыкты же кайып, же ургаачынын тазасы зайып багат дечү эле:
«Каныкей алсаң оңосуң
Калкка бааша болосуң.
Каныкей келсе Таласка
Кадыр түн келет
жолуңа,
Качканың келет колуңа.
Санааңды сансыз болтурат,
Сан казына мүлкүңдү
Келе замат толтурат.
Сайып жүрүп бак кылар,
Салып жүрүп там кылар,
Сандыргалуу башыңды
Жер жүзүнө кан кылар...
Ургаачынын төрөсү,
Алып калсаң Каныкей -
Кырк чоронун энеси,
Ургаачынын ыктуусу
Ак жоолуктун
мыктысы.
Айтканыңа көнүүчү,
Ал кумайык күчүктү Жакшылап
багып берүүчү», - дейт.

Бакайдын оюн Чубак да кубаттайт, Каныкей баатыр да экендигин, өзү беттешип, тең келе албай качып келгенин айтат, Каныкейге үйлөн деп Манаска кеңеш берет.

Сагымбайдын варианты боюнча Карабөрк менен Акылайдын акылсыз, кишичилиги жок экенин, баатырга ылайыктуу жар эместигин көргөн Алмамбет Манаска өзүңө татыктуу аял ал деген ойду айтат.

Манас өзүнө ылайык кыз издөөгө атасы Жакыпты аттантып жатып, ага кандай кыз жагарын эскертет:
Эркелеткен эли бар,
Эдир-эмиш кеби бар,
Бийдин кызы болбосун.
Аалимдигин ашырып,
Ар иш кылса жашырып
Пирдин кызы болбосун.
Үкүлүү сексек, дөң маңдай,

Жардынын кызы болбосун.
Жамандык көрсө кектеген,
Ардуунун кызы болбосун
Чачылуу чачпак, чалма этек,
Караңгы үйдөн каймак жеп,
Атамдын көзү барында Алар
эрим мырза деп Байдын
кызы болбосун, Туурук
таман, тултук бет, Кул
кызынан болбосун.
Эркелетип өстүргөн Эркеги
жок, кызы бар Жалгызынан
болбосун, Атасын билбей
башка өсүп, Нөкөр-жөкөр
өзүндө,
Өз эркинче кашка өсүп
Кан кызынан болбосун.
Өкүмү бар өзүндө,
Аят-адис сөзүндө Казы
кызы болбосун. Тарткан
тасма белденген, Тал
чыбыктай теңселген, Саамай
чачы сеңселген, Акылын
терең ойлогон,
Ар бир түрлүү жумуштун
Аркасын аңдап болжогон,
Жазык маңдай, көөхар
көз, Инжи тиштүү, ширин
сөз, Ашкере кылган
сабырын, Адамга салбай
жабырын, Айтар сөзү
акырын,
Эл алмакка жиберген Нечен
түрлүү акылын,
Боло турган жумушту
Болжоп билип алыстан,
Акылга дыйкан айлалуу,
Ааламга толук пайдалуу,
Көңүлү сылык, бейли кең,
Төрт тарабы болгон тең,
Жылдызы ысык, жылуу сөз,
Чырагы жарык, жоодур көз,
Алача моюн, түймө баш,
Көкүлү көркөм, колоң чач,
Акыл менен эр баккан,

Айла менен эл баккан,
Ойротто жок уз болсун,
Оюу терең кыз болсун!

Манас баатыр алган жарым акыл-эстүү, уз, сарамжалдуу, назик, сулуу болсо деп кыялданат. Өзгөчө акылмандыкка чоң маани берет.

Манас каалагандай төрт тарабы төп келген, ичи-сырты бирдей, ары сулуу, ары акылдуу кызды табуу үчүн Жакып көп жерлерди кыдырып, ар башка элдерди аралап жүрүп баласы айткандай кызды акыры Кыйбадан табат.

Жакып Каныкейди биринчи көргөндө:

Санирабига кыз экен,
Сап сулуунун өзү экен,
Жыла сүйлөп, шыңк этип,
Акыл толгон кези экен.
Он алты жарым жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар,
Сары алтындан түймөдөй Келишкен кара кашы бар,
Боростой кийим кийинип,
Ботодой бели ийилип,
Жазык мандай, кара көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз,
Ай чырайлуу бото көз,
Кызыл жүзү нурданган,
Кымча бели буралган.
Жетишпедим дегенге
Жеңин кесип бергендей
Берендик жайы бар экен,
Жеткире акыл ойлогон Тереңдик жайы бар экен.
Кылган иши баары амал,
Кызылдай бою сарамжал,
Жок дегендер табылган
Кастарлуу жайы бар экен,- деп бардык жагынан жактырат.

Көзкамандар окуясында Каныкейдин акылмандыгы, сактыгы, ар бир ишти алдын ала байкагычтыгы кеңири сүрөттөлгөн. Манастын колуна чыккынчы жиберип иритип бузуу жана аны амал таап өлтүрүү максатында Эсен кан куулук менен Манастын аталаш туугандары Үсөн - Көзкаманды балдары менен жиберет. Жаңыдан эл-журтка кошулган туугандарын Каныкей чын пейлинен кубанып, тосуп барат, сыйлап кабыл алат. Бирок, бара-бара байкап көрүп «жаңыдан келген туугандарыңдын түрү бузук, акыры түбүндө өзүңө жамандык кылышы мүмкүн» деп Манаска эскертет. Акыры Каныкейдин айтканы туура келет, көзкамандардан Манас өлүм таап кала жаздайт, Каныкей да көп кордук тартат.

Көкөтөйдүн ашында, Чоң казатта Манас баатырдын өзүн баш кылып кырк чоросунун ар бирине ылайыктуу ички-сырткы кийим-кечек, соот, курал- жарак, минер атына чейин күн мурунтан камданып даярдап койгонунан Каныкейдин көрөгөчтүгү, уздугу, сарамжалдуулугудаана көрүнөт.

Каныкей - өзгөчө мекенчил, кыргыз элин, баатырларын дайым жогору

102

баалайт, элинен, жеринен азып-тозуп жүргөн кезинде:
Кең-Колум өңдүү жер кайда?

Аргынды көрөр күн кайда?
Каралды кылар белим жок,
Төлгөгө чапсам Тайтору Капа кылбай сүрөөчү,
Каралды кыргыз элим жок, -деп жалгыздыгына өкүнөт.

Каныкей эпосто өлбөй калган каармандардын бири. Бул анын элге сиңирген эмгегинин далили.

**Арууке -** Алмамбеттин аялы, эпостогу оң типтеги аял каармандын бири. Уруусу кайып, өзү кайберендердин канынын кызы. Ал тагдыры жактан да Алмамбетке жакын. Алмамбет өз эрки, каалоосу менен кыргыздарга кошулса, Арууке өз каалоосу менен адам баласынын арасына кошулуп алган. Алмамбет жайчылык касиети бар, баатырдыгы менен өнөр-билими шайкеш келген адам болсо, Арууке да кубулуп түсүн өзгөртүп, башка кебетеге өтүүчү касиети бар, көп окуган, билимге ээ адам. Алмамбет Манастын эң жакын жардамчысы болсо, Арууке чебер уз, акылман, жөн билги аял катары Каныкейдин эң жакын жардамчысы, Алмамбетти туура түшүнгөн, ага берилген жар. Алмамбет Чоң казатка аттанып жатканда «боюмда күмөн бала бар» деп эскертип, баатырды жубатат. Арууке -сырткы сулуулугуна ички касиети жарашып турган, назик, терең акылдуу аялзатынын бири.

**Кыз Сайкал** Сагымбайдын варианты боюнча Тейиш кандын тоюнда сайышка чыгат. Манас Сайкалдын келишкен көркүн көргөндө «өзүм алчу кыз экен» деп аяп салгылашып, аз жерден жеңилип кала жаздайт. Сайкал Манасты аттан эңип кете турган болгондо, Чубак ортого түшүп куткарып кетет. Саякбайдын вариантында Манас Сайкалга өзү барып тийишет, бирок кармашып алы келбей коёт. Ыза болгон Манасты Каныкей бир жыл бою таптап багып, Сайкалга кайра жиберет. Манас бул жолу чындап ачууланып Сайкалды жеңип алат, «азабы өттү долунун, нике кыйдырып, аялдыкка алам» деп оолугат. Бирок Сайкал: «Каныкей ургаачынын сырттаны, касиеттүү киши экен, анын үстүнө күнү болуп барбаймын, сага тиги дүйнөдө тиейин»,- деп болбой коёт, «өлөрүңдө зыйнатыңа турам»,- деп убада берет, ошол убадасы боюнча Манас Бээжинден оор жарадар болуп кайтып, катуу ооруп жатканда келип, өлөрүндө зыйнатында турат. Баатырдын көзү өткөн соң үйүнө кайткан Сайкал кайып болот.

**Жакып** - татаал образ. Саякбайдын вариантында чапкынга, талоонго учураган кыргыздар Каракандын балдарынын ичиндеги тыңы катары Жакыптын тегерегине баш кошуп, Алооке менен Молтого каршы турушат. Сагымбай боюнча да алгачкы окуяларда Жакып каада билген, колунда байлыгы бар, элге кадырлуу болгондуктан, аны эл кан көтөрүүгө сунуш кылышат. Бирок Жакыптын негизги сапаттары - сараңдык, ач көздүк. Элүү жашка келгенче «күндөп-түндөп тепеңдеп» жүрүп дүнүйө жыят. Кудайдан зарлап бала сураганда эң алды менен жыйган дүйнөм кимге калат?-деп сарсанаа болуп, мал-мүлкүнө ээ болор баланы тилейт.

Акбалта: «балаң баатыр боло турган»,- десе,
Нар өлтүрүп коёр да,
Пулкор кылып салар да.
Эр өлтүрүп соёр да,

Күнкор кылып салар да.
Кызыл-тазыл көрүнсө Кыздардан ала качар да,
Малымды суудай чачар да! — деп кейийт.
Акбалта Жакыптын ач көз, сараңдыгына ачуусу келет:
Балам жок дейсиң майышып,
Ботом жок дейсиң кайышып,
Балага жаңы жетесиң,
Бай Жакып байым нетесиң?!
Баладан малды жуук көргөн Бакыл киши экенсиң!

Жакып мал союуга, же бирөөгө берүүгө туура келип калган учурда малынын картаңдарын гана сарп кылат:
Кары-куру бээден,
Как баш болгон аттардан Төрт жүзүн айдап кел деди,
Атасы өлгөн балага,
Арада өлгөн калмакка Аларга бөлүп бер деди.

Жакып - жеке керт башынын гана камын көрүп, дүнүйө менен малдын артынан түшкөн адам. Элдин түшүнүгүндө мындай адам терс каармандын катарына кирет.

**3- суроо**. Сырттан басып кирип, эл талап, журт чапкан душман элдин башкаруучулары, баатырлары, жалпы эле эл мүдөөсүнө каршы туруп, тескери, зыяндуу иш жасагандар - терс каармандар.

**Коңурбай** — кытайлардын белгилүү каны Алоокенин алтымыш уулунун эң кенжеси, бүткүл кытай элинин эң мыкты деген баатыры. Ал күч, кайрат жактан Манастан эч жери кем эмес болуп мүнөздөлөт:
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Жоон билек, жолборс төш,
Кабагы бийик, каар сөз,
Капталы жазы, бою эңгер,
Кан Коңурбай деген эр,
Атышкан жоосун колоткон,
Найзасынын темири Кулач карыш болоттон.

Бирок Коңурбай баатырдык салтты сактай билбейт, эрдик намысы жок, душманын эрдик-кайраты менен эмес, кара ниеттик, алдоо, амал-айла менен жеңет. Камсыз, курал-жараксыз турган Манасты капыстан аңдып келип, жарадар кылат.

Калмактардын каны **Жолойго к**ара күч жагынан Кошойдон башка баатыр чак келбейт. Көкөтөйдүн ашында белгилүү балбан, баатырлар: «балбанга чыккан Жолойбу, Жолойго пенде жолойбу, Жологон пенде оңорбу?!» дешип Жолойго каршы күрөшкө чыга албайт. Манас өзү да «ат үстүндө тың элем, жөө күрөшкө жок элем» деп тайсалдайт. Жолойдун карандай күчү, билегинин жоондугу шылдыңга, мыскылга айланат, ички дүйнөсүнүн жардылыгынан, көңдөйлүгүнөн кабар берет:
Каарлуу Жолой баатырдын Балбандыгы башкача Кан жыттанган Жолойдун Баатырлыгы бир канча Өлчөөң кеткен бул Жолой Өлтүрүп канга тойбогон Жан кыйгычтын бирөө ошол Төбө чачы сүксөйүп Жеп ийчүдөй үксөйүп Мурунунун

таноосу Сеңирлүү тоонун баткалдай Бир бетине чочконун Он эки шибе, кырк манжуу Ордо атышып жаткандай Кашы өрттөнгөн токойдой Калбайыңкы эрини Жылкычы кийген чокойдой.

Элдик түшүнүк боюнча өтө чоң көлөм, чектен тышкары өзгөчө күч, адам жийиркенерлик суук кебете-кешпир - акылдын төмөндүгүнүн белгиси.

Сырттан келген баскынчы, зордукчулар эле эмес, ичтен чыккан бузуктар да терс каармандар болуп эсептелет. Ачык, көрүнөө душмандарга караганда булар алда канча коркунучтуу, зыяндуу. Ошон үчүн Бакай:

Өпкө бооруң куйкалайт,
Өзөктөн күйгөн өрт жаман.
Өз ичиңден талкалайт,
Өздөн чыккан жат жаман»,-дейт.

Манас баатырды мерт таптырып коё жаздаган Көкчөкөз, Көзкамандар, ач көз Жакып, бузуку Кыргыл чал, өзүмчүл, мансапкор Абыке, Көбөш, Канчоро так ушундай өздөн чыккан жаттар. Канчоро атасы Чубактын баатырдыгы, балбандыгы өңдүү жакшы жактары менен бирге эле кара мүртөздүк, оюн кишиге бербеген өзүмчүлдүк сыяктуу кемчилик мүнөздөрүн да мурастап калган. Канчоро эмгенде эмчегинен кан чыкканын, Канчоро түбүндө жоо болорун Каныкей Семетейге алда нече айтат. Бирок Семетей: «Канчоро менен Күлчоро,
Менин экөө тең тууган бөбөгүм.
Бул Алмамбет, Чубак эки атам,
Бул экөөнөн калган мураапы,
Бу эгиз болчу эрлерди,
Кай бет менен бөлөмүн?-деп энесинин тилин албай коет. Акыры Канчоро өзүнүн кызыкчылыгы үчүн элине жоо чыгат:

«Калың кара жедигер.
Калбай кел!»— деп чакырып,
Каарын салып бакырып,
Канчоро кеп баштады:
«Улуктарың, шерлериң,
Эл баштаган эрлериң,
О, бириң калбай баарың кел!
Айза имерип, ок кылдык,
Айкөл-шерди жок кылдык.
Казына талап, жылкы алып,
Олжого канып ойлоттук,
Казынасын көп талап,
Төкөр уста Бөлөкбай.
Дөөтү кулун сойлоттук.
Баатырларын байладык,
Берен, шери Семетей.
Семетейин жайладык.
Кыжылдабай жедигер,
Бу кебиме кулак сал!

Бөлөгүн айтып нетесиң,
Калаасын бузуп,
талкалап, Катынын алып
олжолоп. Мураага
минтип жетесиң. Күлчоро
шер — ал аман. Ошону
тирүү таштап нетесиң?
Эмчек ээмп, бирге өскөн,
Эгиз чоро аты уйкаш,
Күлчорону байладым.
Өчөшүмө тийгенде,
Өздөн кайра тартпаймын.
Бу Талас саа жер эмес,
Күлчоро саа эл эмес.
Күрсүлдөгөн куу
кулдун,
Он далысын ойгула!
Оң кечирин сойгула!
Сол далысын ойгула!
Сол кечирин сойгула!
Өлүк эмес, тирүү эмес,
Арам санаа бул кулду,
Ара жайга койгула!
Кырк жылкычы, сексен кул,
Ошоо отунчу, суучу
кылгыла! Тездик менен
өлтүрбөй, Кордук менен
өлтүрүп,
Аябай шорго салгыла!

***VII тема: «Манас»эпосу искусствонун башка түрлөрүндө.***

7.1.Эпостун руханий, көркөм, идеологиялык, күнүмдүк турмушубузга тийгизип жаткан таасирлери. «Манас»эпосу кыргыз адабиятында, кыргыз музыкалык искусство жана театр өнөрүндө. Ж. Бөкөнбаевдин «Семетей» пьесасы, А.Малдыбаев, В. Радлов, В.Ференин “Айчүрөк”, «Манас» операларына музыкасы, Ж.Садыковдун “Манастын уулу Семетей”, “Сейтек”, “Айкөл Манас” драмалары, аларга композитор К. Молдобасанов жазган музыкалык сиюталар, “Манастын ордосунда” аттуу симфониялык сүрөттөмөсү, М.Бегалиевдин “Манас” симфониясы, Ж.Кулмамбетовдун “Хан Жакып” драмасы.

7.2. Кино жана «Манас»: «Манасчы», «С.Каралаев», «Улуу манасчы», «Жаш манасчылар» аттуу кино, теле, видео, даректүү фильмдер.

7.3. «Манас»эпосунун көркөм сүрөт өнөрү, архитектура, скульптурадагы ролу. С.А.Чуйков, Г.Айтиев, Б. Жумабаев, Т. Курманов, С. Чокморов, Т. Герцен, М. Асаналиев ж.б. сүрөтчүлөрдүн «Манас»эпосунун негизинде тартылган сүрөттөрү. 70-80-жылдардагы жаңычыл архитектура стилинде «Манас»аэробекетинин салынышы (архитекторлор В. Иванов, К. Куделя, А. Жумакалиев, инж. С. Лопатин). Т.Садыков тарабынан Кыргыз филармониясынын алдындагы «Манас»архитектуралык - скульптуралык

портреттеринин жасалышы (1986), «Манас»эпосунун 1000 жылдыгына арналып Бишкекте «Манас айылы» этномаданият борборунун (архитекторлор К. Сатаев, Д. Омуралиева, А. Алсеитов, О. Байгожоев. А Кожалиев, К. Мокеев, Ж. Исаков), Таласта «Манас ордосунун» курулушу. **1-сүрөө.** “Манас” эпосу мазмундук-композициялык түзүлүшү жагынан тыкан, жыйынтыктуу келип, кыймыл-аракетке, драматизмге карк келгендиктен, каармандардын кеби так, таамай, кыска болгондуктан, сюжеттери жана образдары кыргыз драматургиясында көркөм иштелип, бир нече драма, либреттолорго негиз болуп, кыргыз театрларында, коңшу өлкөлөрдүн театрларында ийгиликтүү коюлуп келет.

**«Айчүрөк» операсынан көрүнүш:**



Семетей - А.Касымов, Айчүрөк - С.Кийизбаева, Калыйман-А. Куттубаева, Күлчоро-М. Баетов (1939);

«Манас»эпосунун сюжетинин негизинде эң биринчи жолу 1937-жылы залкар талант Ж. Бөкөнбаев «Семетей» пьесасын жазган. 1938-1939-жылдарда кыргыздын тунгуч улуттук операсы «Айчүрөк» жаралат. Либреттосун «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү» аттуу эпизоддун негизинде Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, Ж. Турусбеков, музыкасын В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере жазган. Операны Москвадагы А.В.Луначарский атындагы театр институтун бүтүп келген жаш режиссер Аманкул Куттубаев койгон. 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосу менен адабиятынын он күндүгүндө опера борбордун көрүүчүлөрү, атактуу өнөр ишмерлери тарабынан жогорку баасын алган. “Айчүрөк” операсын андан бери ондогон таланттар сахнага алып чыгышты. Улуттук театр өнөрүн баштоочулардын бири, Кыргыз ССРинин эл артисти, эки «Ленин», эки «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендеринин, бир нече медалдардын ээси Ашыралы Боталиев «Айчүрөк» операсынан ички душман Чынкожонун татаал образын жаратып, москвалыктардын купулуна толгон. Кыргыз ССРинин эл артисти Дарыйка Жалгасынова 1966-жылы «Айчүрөк» операсында Калыймандын, 1968-жылы «Манас» операсында Канайымдын партияларын актердук чеберчилик менен аткарган.

1941-1945-жылдарда Т.Сыдыкбеков, К. Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбет» драмасы, А.Токомбаев, К.Маликовдун «Манас», К.Маликовдун «Сейтек» аттуу либреттолору жазылат. «Манас»либреттосуна В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере музыка жазып, алтын казынадан орун алган «Манас»операсы жаралат. Операнын авторлору 1970-жылы КРнын Токтогул

атындагы сыйлыгына татыктуу болушкан.

1982 - жылы жазылган драматург Ж.Садыковдун “Манастын уулу Семетей” драмасы Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка арзыган. “Сейтек”(1987), “Айкөл Манас” (1990) драмалары да КМАДТда ийгиликтүү коюлуп, көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк тапкан. Бул үчилтикти сахнага алып чыгууда каармандардын образын көптөгөн таланттуу актерлор таасирдүү ачып берген. Алар:


Бакай-С. Жаманов

Чыйырды- Д. Күйүкова






Бакдөөлөт - Чачыкей- Семетей - Сейтек
С.Балкыбекова М.ДалбаеваС. Жумадылов Э. Бекболиев

**“Манас” эпосу кыргыз сүрөт өнөрүнүн** көркөм өнүгүүсүндө да зор таасирин тийгизүүдө. «Манас»эпосунун негизинде С.А.Чуйков, Г.Айтиев, Б. Жумабаев, Т. Курманов, С. Чокморов, Т. Герцен ж.б. сүрөтчүлөрдүн тартылган сүрөттөрү көркөмдүк өзгөчөлүктөрү менен көптөгөн көрүүчүлөр дүн купулуна толуп, окурмандарды эпос дүйнөсүнө жакындатып келет.

“**Айкөл Манас**” **драмасы** - ыр менен жазылган эки бөлүмдүү эпикалык драма-трагедия.



Кошойдун бата берүүсү («Айкөл Манас» драмасы, 1990).





Манас - Күнболот Досумбаев, Чыйырды - Г үлшайыр Дулатова

Сагынбай Орозбак уулунун айтуусунда 1978- 1981-жылдары жарык көргөн, ар бир китеби 20 басма табактан өйдө, 20 миң нускадан көп “Манас” китебинин баркын көтөрүп, баасын ашырып турган нерсе - анын ичиндеги сүрөттөр эле. Ал сүрөттөр азыр китептен китепке, гезиттен гезитке, буклеттерге, каттарга, маркаларга, сувенирлерге кайра-кайра көчүрүлүп жүрөт. Көчөлөргө, мектептерге, маданият сарайларына да ушул сүрөттөр илинген. Китептен чыккан бул сүрөттөр азыр кыргыз баласынын ажыралгыс бир жандоочусуна, рухий гүл азыгына айланды. Бул сүрөттөр өзүнчө бир легенда, өзүнчө бир колдон колго өткөн таберик буюмдар болуп калды.

Кыргыз тарыхында бир да сүрөтчүнүн бир да чыгармасы мурда минтип “саякаттаган” эмес, мынчалык популярдуулукка ээ болбогон. Ошол китептер чыкканда Чыңгыз агабыз кыздын себине кошуп берер мүлк болду деди эле, ал киши ошондо бул сөзүн анын жасалгасына да карап айтса керек.

Ал сүрөттөрдүн автору - улуту боюнча немец, түбү кыргызстандык Теодор Герценди Талас жергеси, анын сырдуу, ажайып табияты, кичинесинен кыргыз дастанын угуп чоңоюшу, жомоктор дүйнөсү “Манас” сюжетине тартып келген. Бир жагында Манастын күмбөзү, “Манаста” айтылган Эчкилинин тоосу турса, бир жагында Манастын Тал-Чокусу

көрүнүп, көкүрөгү тунук болочок сүрөтчү жомоктогу сыйкырдуу, баатырдык рухту өзүнө терең сиңире берген, жашынан Манастын рухун жүрөгүнө байыр алдырган.

“Манас” эпосунда чагылдырылган көп кырдуу турмушту, “Манас” темасын жөн сүрөтчү чагылдыра алмак эмес, ал үчүн сүрөтчү абдан бай фантазияга, учкул кыялга, тарыхый, этнографиялык билимге ээ болушу керек болчу. “Манастын” маанисин, андагы архаикалык көп түшүнүк белгилерди, азыр колдонуудан чыгып калган мотивдерди, унутулган лексиканы толук андап түшүнүүсү зарыл эле. Теодор Герцен мына ошол “Манас” сүрөтчүсү үчүн эң биринчи керек нерсени кармай билген.

“Манастан” калган ”Көкөтөйдүн ашы - көп чырдын башы” деген бир сөз бар. Бул баба сөзү канча кылым айтылып келаткан болсо да, сүрөт өнөрүндө чагылдырыла элек эле, ал эми Т.Герцен муну берүү үчүн кадимкидей дасторкон четинде отурган кишилерди тартат, алар кайгы- капалуу, колдорунда кымыз, ортодо табак, табакта булоолонуп жаңы гана бышып алдыга коюлган тамак. А чыры кана? Көрсө, ошол тамакка бир нече шамшарлар сайылып турат. А шамшар, бычак, кылыч дегендер “канга кан”, “өлүмгө өлүм” деген жоокерчилик доордун бир шерти.

Эпосто “Жайма көкүл жаш Айдар” деген каарман бар. Шашылышта алыска кабарга ошону жиберет, желден тез жүрүп кабар жеткирет. Сүрөтчү анын поэтикалык образын учуп бараткан ат үстүндө, өзү аттан өтүп алдыга умтулган аракетте, булуттардын арасында берет. Аны менен кабарчылыктын символдору каркыралар катарлаша, жарышып учуп бaратат. Г ерцендин тулпарлары образдуулугу менен, адамга “канат болгон” кишиликтүүлүгү менен, туягы туягына тийбеген касиети менен, кыргыздардын ат философиясын кармай билгендиги менен айырмаланат.

Сүрөтчүнүн кыл калеминен согуш эпизоддору да аябай эле сүрдүү, панаромалуу чыгат, жоокерлердин колдонгон куралдарын да аларды билбей калган азыркы муун үчүн ыктуу берет. Кылкылдаган көп колду берүүдө эпикалуулукту, монументалдуулукту сактоого далалат кылат. Анын баатырлары сүрдүүлүгү, чексиз кара күчтүн ээси экендиги менен айырмаланат, куду эле жомокто сүрөттөлгөндөй көзүнөн от менен жалын чыгат. Т.Герцен терс образдарга башкача бир боек сүртүп ийбейт, алар дале кадимки адам, баатыр, кара күчтүн ээси катары көрүнөт.

Теодор Герцендин керемети “Манас” менен аябай айкалышып, бири - бирин ачып, толуктап турат. “Манас” сүрөтчүгө илхам, эргүү берген, темасын табууга жол көрсөткөн.

Бул эмгектер дагы көп жылга чейин барктала берет, көчүрүлүп жүрө берет, накта элдик искусство катары жашай берет. Анткени ал “Асман менен Жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй” айкөл Манастын бейнесин толуктап тургандыгы менен кызыктуу, көрүмдүү, касиеттүү.

Б.Жумабаев эпостук образдар аркылуу улуттук мүнөздү ачууга аракеттенген. «Тулпарлар» аттуу китептин жасалгасы үчүн 1965-ЖЫЛЫ Орто Азия жана Казакстан республикаларынын сынагында 1 -даражадагы, Бүткүл Союздук конкурста 2-даражадагы диплом менен сыйланган. Анын калеминен

жаралган Саякбай манасчынын портрети эпостук окуялар менен үндөшүп, сүрдүүлүк, улуулук таасир берип турат.





*Теодор Герцен. Манас баатыр.* *Б.Жумабаев. Саякбай.*

Сүрөтчү Майрамкул Асаналиевдин Манас тууралуу сүрөтүндө кыргыздын бүтүндөй дүйнөсү жатат. Бүркүт- Асман, кабылан -Жер, ажыдаар -суу, бул үч дүйнөнүн биримдиги. Кытайлар кыргыздарды: “Азиянын арстандары, шер мүнөздүү эл, ошондуктан жигити колго түшсө кул болбойт, кызы колго түшсө күң болбойт. Буларды жеңиш үчүн баатырдык касиеттерин жоготуш керек»- деген экен. Сүрөттөгү Манас баатырдын артында Алп каракуш жана 60 эрдин сүрү бар байыркы кырк чоронун кырк уруусунун эн тамгасы-кырк кандыктын белгиси турат. Чоролордун баары ар элдин ханы болушкан. Ошол кырк кандыктын башын бириктирип, аларга бийлик жүргүзүп келген Манас канкор деп аталган. Канкор деген сөз - кандын каны, султаны, падышасы дегенди түшүндүрөт.

Сүрөттүн өзөгүн эпостогу төмөнкү ыр саптары түзөт:

Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алтын менен Күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жердигинен түткөндөй



Асты жагын карасаң,
Ажыдаардын түрү бар.
Арт жагынан карасаң,
Алтымыш эрдин сүрү бар.
Кара чаар кабылан,
Капталынан чамынып,
Чолок Көк жал арстан,
Жандай салып камынып,
Алп кара куш үстүндө,
Канаттары калдайып...

2011-жылы декабрь айында Бишкектеги тарых музейинде “Улуу дастандагы өчпөс элестер” деген аталыштагы сүрөт көргөзмөсү ачылды.

Анда Жайсаң Үмөт уулунун варианты боюнча жазылган «Айкөл Манас» эпосундагы каармандардын 92 сүрөтү коюлду. Көргөзмөгө коюлган сүрөттөр

Бүбү Мариям Муса кызынын транс абалында Манас баатырдын чоролорунун бири Жайсаң Үмөт уулунан кайыптан маалымат алып, кагазга түшүргөн “Айкөл Манас” эпосундагы каармандардын коомчулукка белгисиз элестерини түшүрүлүшү менен айырмаланат. Аны сүрөтчү Амангелди Чилдебаев Бүбү Мариям Муса кызынын сүрөттөп айтып берүүсү менен тарткан. Көргөзмөдө бизге белгилүү каармандар Айкөл Манас, акылман Бакай, Алманбет баатырлардан башка Жайсаң Үмөт уулунун, Теке баатыр, Култегин, Култегиндин зайыбы Тулбийке айымдын, Алманбеттин жарадар болушу, Манас атанын жаратын Каныкейдин ачкан учуру, Бөгөй карыя, Ырамандын ырчы уулу, Сыргак баатыр, казактардын Көкчө хан, кыргыздардын кас душманы Коңурбай жана башка бизге белгисиз ондогон каармандардын элестери кагазга түшүрүлүп, өң келбети, түспөлү, кийген кийимдери чагылдырылган.

**Кыргыз архитектурасында** 80-жылдарда кыргыз улуттук этномаданиятынын негиздерин чагылдыруу иши башталат. 1981-жылы жаңычыл архитектура стилинде «Манас»аэробекети салынган. Авторлору: архитекторлор В. Иванов, А. Жумакалиев, К. Куделя, инженер С. Лопатин. 1986-жылы Т.Садыков тарабынан Кыргыз филармониясынын алдындагы “Манас” архитектуралык - скульптуралык портреттери жасалат. Анда Манастын, Каныкейдин, Бакайдын, Найманбай, Тыныбек, Сагымбай, Саякбайлар манасчылардын айкелдери бар.

«Манас»эпосунун 1000 жылдыгына карата 1993-жылы «Манас айылы» аттуу Эл аралык архитектуралык сынак жарыяланып, архитекторлор Д. Омуралиев, А. Алсеитов, О. Байгожоев. А Кожалиев, К. Сатаев, К. Мокеев, Ж. Исаковдун долбоору жеңүүчү деп табылат. «Манас айылы» архитектуралык комплекси борборубуздун түштүк бөлүгүндө, «Ысык-Көл» мейманканасынын жанында курулган. Аянты 6 га, жалпы улуттук майрамдарды, маданий иш-чараларды өткөрүүгө арналган. «Манас айылына» келген меймандарды кире бериш жерден Манастын кырк чоросу тосуп алат:



андан ары кырк кыздын келбети, кароол чокусу, кароол дөбөлөр, тулпарлар сы
берилген:

Кыргыз Улуттук «Манас Ордо» комплекси (КУМОК) - Талас облусунун Таш-Арык айылында жайгашкан. Манас Ордодо 1995-жылы БУУнун жардамынын негизинде «Манас»эпосунун 1000 жылдык маарекеси дүйнөлүк масштабда өтүлгөн. 1996-жылга чейин "Манас" коругу болуп келген. 1996-жылы расмий түрдө КУМОК деген статус берилген. КУМОКде көптөгөн объектилер курулган. Алар: административдык корпус, Манас таануу борбору, автоунаалар жайы, Манастын кырк чоросун чагылдырган көпүрө, оң тарапта "Манас ата" гүлзар багы, гүлзарбактын ичинде Манас жана анын кырк чоросунун айкели чагылдырылган, сол тарапта Манас айылы, 2 кабаттан турган "Манас эпосунун" музейи, Манастын күмбөзү, Манас кароол чокусу, элдик дарыгерлер борбору, түлөөкана, улуттук ат оюндары ойнолуучу "Ат майданы" жана башка кичи объектилер жайгашкан.

Университеттин "Колдонмо информатика" адистигинин студенттери 2011-жылы15-16-майда Таластагы Манас Ордо улуттук комплексинде болуп кайтышты. "Миң уккандан - бир көргөн" дегендей алган таасирлери чексиз.

**“Манас” эпосу жана манасчылар туурасында кино**, теле, видео, анимациялык фильмдер тартылып, көрсөтүлүүдө.

1962-жылы Л. Турусбекова тарабынан «Улуу эпос» аттуу фильм тартылган.

1965-жылы Б. Шамшиев «Манасчы» фильминде улуу манасчы Саякбай Каралаевдин образын көрармандарга таасын ачып берген. Фильм Оберхаузен кинофестивалында баш байгени жеңип алган.

1989-жылы М. Убукеевдин «Акыркы манасчы», 1992-жылы Ш. Апыловдун «Кааба» аттуу тасмалары тартылат. 1993-жылы тартылган Э. Абдыжапаровдун «Менин пирим Алманбет» аттуу тасмасында айтуучулук чеберчилиги бар, бирок манасчы боло албаган адамдын элеси чагылдырылган.

Кинорежиссер Нурбек Эген 2009-жылы Орусия, Франция, Г ермания өлкөлөрү менен биргеликте «Манастын төрөлүшүн утурлап» аттуу кинотасма тартып, элге сунуштады.

Тасманы “Манастын төрөлүшүн утурлап” деп атаган себебин Нурбек Эген азыр кыргыз эли мукурап, кысталып турган учурда кыйынчылыктан чыгарып, элди жаркын келечекке жетелей турган Манастай инсандын чыгышы, же төрөлүү зарылдыгы, эл ошондой кишини күтүп жатышы менен байланыштырат. “Ата-бабалар жаратып кеткен “Манас” эпосу, Манас баатыр тарых эле эмес, бул биздин келечегибиз. Айтайын дегеним - азыр бир журт атасы пайда болуп, ал сыйкырчыдай болуп таягы менен бир койсо элдин баары оңолуп калат деген сөз эмес. Манас келиш үчүн бүгүнкү күндө эл ошого даяр болушу керек, элдин аң сезими, рухий дүйнөсү башка деңгээлде болуш керек, ошого жараша эмгектениш керек. Биримдүүлүк болуш керек, эл бир нерсеге ишенип, жалпы максаты болуш керек, дүйнөдө болуп аткан иштер жөнүндө кабардар болушу керек. Ошондо анан Манас төрөлөт, ошондо эл Манасты жарата алат.

Эл аралык чөйрө үчүн бул фильм кыргыздар байыркы эл экендиги, өзүнүн санжырасын, Нух пайгамбарга чейинки тарыхын билгендиги, манасчы деген бул Теңирдин жөнөткөн кишиси экендиги, “Манасты” жатка айткандыгы менен кызык. Ошол эле кезде Беделдеги сөөктөр, кыргыздын Саймалуу-Ташы, эли башка мамлекетке жапырт жумуш издеп кеткендиги, бизге билинбеген, биз көнүп калган көрүнүштөр, мисалы биздин туш кийиздердеги оймолор, бүгүнкү күндө кыргыз баласы түшүнбөй калган ата-бабалардан келаткан көп сырдуу белгилер, жазуулар алар үчүн аябай чоң жаңылык.



Азыр биздин арабызда өз эне тилин түшүнбөй калган, “Манасты” угуп атканда котормочу керек деген кишилер бар. Эгер мындай болсо, дүйнө рухий жактан ирилешип, ааламдашып жаткан учурда, бизге окшогон саны аз элдер маданияты, тарыхы улуу болсо дагы рухий жактан

тозуп, жок болуу коркунучу түзүлүп атат. Ошондон алыс болсок деген эле ой”,- дейт Нурбек Эген тасмасы жөнүндө.

Тасма коомчулукта ар кандай пикирлерди жаратты. Манасчы Рыспай Исаков мындай дейт: «Бири кетти тереңге, бири кетти таңдайга, бири кетти Алтайга деп “Манаста” айтылгандай, азыр эч кимге чабылбай, эч ким чачпай эле жан - дүйнөбүздөн ушундай чачылып, туш - тарапта тентиген учурубуз экен. Мына ушундай учурда Манастай эр азамат келеби? Кыргыздын башын бириктиреби? Же кыргыз дүнүйөкор болуп өтүп кетеби? деген суроолорго жооп издептир».

Эльнура Осмоналиева аттуу көрөрмандын ою боюнча: «Кинонун дээрлик сексен пайызын көзүмө жаш толуп көрдүм, анткени кыргыздын бүт оорулуу жерлерин чукуптур да. Бирок азыркы түйшүктөрүбүз майда-чүйдө эле көрүнүш экендигин билдирди. Эртеңки күнгө үмүт берип, кайраттуулука үндөп, күч кубат берген тасма болуптур».

2010-жылдын 20-июлунда болуп өткөн «Манас» жана «Семетей» китептеринин бетачар аземинде президент Роза Отунбаева «Манас» эпосунун мазмуну боюнча көрмө жана мультфильм тартуу зарылдыгын белгиледи: “Фильм көп каражатты талап кылат, бирок биз ал каражатты табуубуз керек. Анткени кичинекей балдарыбыз жана жаштарыбыз акырындап өз маданиятын унутуп баратканын сырттан байкап тура албайбыз. Мультфильм болсо балдардын эпосту түшүнүүсүнө жардамдашат”.

«Айтыш Фильм» киностудиясы тарта баштаган «Тайтору» анимациялык фильми улуттук кинематографтын тарыхында Манас темасындагы эң алгачкы толук метраждуу анимациялык фильм. Долбоордун максаты - жаш муундун Ата Мекенге, рухий дөөлөттөргө болгон сүйүүсүн арттырып, улуттук аң-сезимди көтөрүү.

Режиссер Жаныш Кулмамбетов мындай дейт: «Биз эмне жөнүндө жазбайлы, эмне жөнүндө тартпайлы, объективдүү түрдө биринчи өз улутуң жөнүндө айтасың. “Өз көйнөгүң өзүңүн денеңе жакын” деп айтылгандай, жаман болсун, жакшы болсун сен жазган, сен тарткан нерсени өз элиң окуйт же көрөт. «Манас»эпосун алсак, ал - кыргыздын жашоосу, кыргыздын турмушу, кыргыз рухунун туу чокусу. Ошондуктан кинону биринчи кыргыз үчүн жараталы. Ошол эле учурда эпосто баяндалган тарых, маданият, трагедиялык көрүнүштөр башка улуттарды да кызыктырат. Анткени, бул жалпы адамзаттык проблема. Сүйгөн, ыйлаган, кайгырган бардык улуттарга тиешелүү, мүнөздүү көрүнүш».

2011-жылы улуу манасчы Саякбай Каралаевдин кайталангыс касиеттүү талантына арналган «Улуу манасчы» деп аталган толук метраждуу фильм жарык көрдү. Кинематография мамлекеттик агенттиги тарабынан манасчы С.Каралаев жөнүндө 1960-жылдардан баштап тартыла баштаган тасмалар чогултулуп, заманбап техникалар менен жаңыланып, санариптик схемага салынып жасалган. Тасманын режиссеру Мелис Убукеев, ал эми оператору Марлис Туратбеков болуп эсептелет.

Мындан тышкары Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин колдоосу менен улуу манасчы Жусуп Мамай тууралуу даректүү тасма тартылды.

## «Манастаануу» курсу боюнча семинардык сабактар

***1- тема: Манасчылар менен жолугушуу. Эпостун өзөк окуялары менен таанышуу.*** Кыргыз элинин Ала-Тоодон сүрүлүшү. Алтайды байырлоо. Манастын балалык чагы, алгачкы эрдиктери. Жакыптын образы. Акбалта менен Чыйырдынын Манасты патриоттуулукка, кайраттуулукка, намыскөйлүккө тарбиялоодогу ролу. Эпостун бул өзөк окуяларынан алган сабактар: эндекей жатып, жоодон чабылуудан сак болуу, эмгектин мааниси, тууган жердин баркын билүү, мекенчил болуу.

**1-тапшырма.** Манасчынын эпосту аткаруусуна көңүл бөлгүлө.



**2-тапшырма**. Ролдоштурулган оюн. Манасчынын жана «Манасты» жазып алуучу адамдын ролун аткаргыла, эпосту эл оозунан жыйноо ишинин татаалдыгын башыңардан өткөрүп, ой бөлүшкүлө.

**3-тапшырма.Кыргыздардын чабылышын көрктүү окугула.**

Алооке деген кан чыгып,
Айбатынан жан чыгып.
Калың жаткан кыргыздын.
Кереге-уугун кыйратып,
Келин, кызын ыйлатып.
Каяша сүйлөп койгонду,
Кызыл канга боёду.
Каарын салып уз алды.
Олжо кылып, оңбогур,
Беш көкүлдүү кыз алды.
Талдын баарын сулатты,
Тамдын баарын кулатты,
Такыр чаап алды эми.
Акыр, такыр заманды,
Журт башына салды эми.
Калайыктын баары ыйлап.
Каргылданып, чал ыйлап,
Эртең тартып алат деп,
Жаш өспүрүм кыз ыйлап.
Жайнап жаткан кыргыздын,
Жаккан отун өчүрүп.
Жалпы баарын көчүрүп,
Артын Бапан айдаптыр,

Андалааган кыргыздын.
Минтип шору кайнаптыр,
Бирөө тентип Алтайга Бирөө
тентип Кангайга,
Бирөө тентип Эренге.
Бирөө түшүп кетти тереңге.

**4-тапшырма. Эл мугалими Бектур Исаковдун төмөнкү пикиринин тегерегинде ой жүгүрткүлө**: "Кептин баары «кыргыздар кырылды, талкаланды, чилче чачырады» дегенде эмес, ошол окуянын далдасында турган элдик акылман ойду аңдап билүүдө. Ал мындай, жеңилүүнүн жана талкалануунун сыры төмөнкүдөй: 1) караламан калк менен бийлик башындагылардын байланышынын үзүлүп калышынан кыргыздар ыдырап, Алооке менен Каракандын балдары өзүнчө, Акбалта өзүнчө, Кошой өзүнчө, Текечи менен Шыгай кан өзүнчө согушат да, душман мындай бөлүнүп калган күчтөрдү оңой эле талкалайт; 2) Биримдиктен ажыраганда мамлекет талкаланып, эл тозот, кызыл кыргынга учурап, аягы сай таппай кетет; 3) бул укум-тукумга айтылган бабалардын керээзи, сактандыруу, укум-тукумга эскертүү, элдин келечегин сактап калууга болгон камкордугу; 4) демек, бийлик менен караламан калктын өз ара эриш-аркак бекем мамиледе болушу мамлекет менен элдин сакталышынын бирден бир шарты, ошондуктан мындай улуу мыйзамды аткарууга эл да, бийлик да милдеткер. Эпос ушуну айтат. «Манаста» мындай акыл кенчтери толо, өзүнчө эле аалам».

**5-тапшырма. Ашым Жакыпбековдун «Теңири Манас» аттуу китебинен алынган төмөнкү үзүндү боюнча пикириңерди айткыла: "**Анысы да аздык кылды басташкан жоого. Билимдүү эл дүйнөдө бир гана биздин эл болот деп, кытай кечилдери Ордонун казынасын талаганда андагы бичик жазмаларды өрткө салды. «Кыргыздын башына түшкөн каран түн мээсине да түшсүн, эгерим экинчи жазуу билбесин» деген бүтүм болду.

**6-тапшырма. Текстти көңүл коюп окугула. Алтайга келгенден кийинки Акбалтанын сөздөрүндө кандай акылмандык жатат?**

Абаң Балта кыргызга Акыл айтат жаркылдап:
Капанын баарын чачалы Кайгырсак да, бышсак да,
Кайра кыргыз табылбайт.
Эми алтындын кенин казалы
О, балдар, бел байлар бизде бел да жок,
Белгилүү кыргыз эл да жок.
Талаада аккан булак жок,
Дардайып жатар убак жок.
Жан багуучу карыппыз,
Кара калмак, манжуунун Ортосунда калыппыз.
Кесүүгө тиккен бак да жок,
Керсейип жатар чак да жок.
Талаага сайган бак да жок,
Талпайып жатар чак да жок.
Сегиз, тогуз жыл өтсүн,
Бул жерди жердеп турушуп,

Карып жанды багалык Кара
жер менен урушуп.

**1-тапшырма. Бул үзүндү кайсы окуя тууралуу маалымат берет?**

Кукулуктап үн чыкса
Куштан башка үнү бар,
Куйрук-башы жаркылдайт
Куудан аппак жүнү бар,
Айбат менен караса Алп
кара куш сүрү бар.
Текөөрү болот темир дейт,
Серпкени өлгөн себил дейт.
Тумшугу болот тунжур дейт,
Туяк — болот канжар дейт.
Жыпар менен жуулган
Жибектен боону тагыпмын.

**2-тапшырма**. Силерге түшүнүксүз сөздөрдү глоссарийден карап, маанисин чечмелегиле.

**1- тапшырма. “Оозеки тегерек стол” стратегиясы менен** ар бириңер Манастын төрөлүшү, ат коюу боюнча маалымат алмашып, өз билимиңерди ортого салгыла.

**2- тапшырма. Окумуштуу Сабыр Иптаровдун** пикири боюнча ой жүгүрткүлө: “Байыркы индустардын адабий тили - санскритте «Манас»термини «акыл-эс, адамдын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү» дегенди түшүндүрөт. Б.з.ч.У—III кк. жашаган шумерлердин тил жана маданий булактарына таянып божомолдосок, «Манас»«асман» деген сөз менен байланышып турат, анын грамматикалык курамындагы «ее» (ас) - кудай, «ан» (ман) - асман деген сөздөр айкалыша келгенде Асман кудайы дегенди билдирет. Мындай деп божомолдоого негиз болгон нерселер кыргызда азыркы учурга чейин сакталып келет: а) кыргыздар салттуу түрдө асманга сыйынат; б) метатеза (сөз ичиндеги тыбыштардын орун алмашып өзгөрүү) жолу менен ыйык нерселердин аталыштары табуланган (атоого тыюу салынган): ас/ман - Ман/ас; в) «асман эн тамгасы» анын ички дүйнөсүн мүнөздөгөн адабий эпитеттерде да кездешет (айкөл - великодушный: ай - луна, көл - озеро; көк жал (жаал) - бесстрашный: көк - 1. синий, 2. небо, жал — грива (жаал — ярость). Ошентип, «Манас»мифониминде, байыркылардын кудайы - Асмандын ысымы жашырылышы мүмкүн”.

**3- тапшырма. Бул үзүндү кайсы окуядан, кандай тарбияга чоң маани берилеип жатат?**

Аңдасам балаң акыл аз,
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас,
Мал азабын балага
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга Алты ай малай
берели,
Эркелетип олтурбай Катыктырып көрөлү.
Сөз айтууга жатыксын,

Сөөгү бышып катыксын.
**4- тапшырма.**Төмөнкү үзүндүлөр боюнча каармандардын мүнөз-сапаттарын салыштырып, таблицага жазгыла.
**Жакыптын айтканы:**
Куу балам, жетет экенсин Капкайдагы түбүмө!
Бул тентегиң койбосон,
Козголоң салат уйкума.
Көп манжуу чабуул койбойбу Эртең өрүштөгү жылкыма?!
Чачасың жыйган малымды,
Төктүрмөк болдуң, чунак уул,
Бул калмакка канымды.

**Ак байбиче Чыйырды**
Акырын сүйлөп муну айтып: Аман болсо Манасың, Атамдан калган мурас деп, Кең-Көл, Талас жер табат, Айланып кыргыз эл табат. Уулум тентек чыкты деп, Абышкам, мынча муңайба! Кайгырбагын малыңа, Кайрат бергин балаңа.
Сан дүйнө малды чачыңыз, Арка кылып Манасты Бул Алтайдан качыңыз!

**Абакең Балта ак жолтой**
Сүйлөгөнү - жарыя,
Калың кыргыз ичинде,
Кадыры бийик карыя Кайрылып айткан сөзү бул: Жакып, жылкың менен жерге кир Бизге белге таңуу уул ушул. Эркек бала шок болсун,
Мал багар уул болгончо,
Бар болгончо, жок болсун. Артыңа колуң байланып,
Бери карай айдалып,
Чыккан күнү өлгөнбүз, Өңгүрөп, өксөп жүргөнбүз. Аман жүрсө бул уулуң Талаадан жыйнайт көчүңдү;
Алып берет Манасым, Капкайдагы өчүңдү.
Малга ишенген оңобу?
Малың бала болобу?
Сенин кейип жаткан бул малың
Айдаса бир күн, жоонуку.
Бул тентек бала оңолот,
Өлбөсө бир күн журттуку. Андан көрө, бай Жакып,
Кара малдын баарысын Чубатууга салалык.
Азуу сайып карыбас Ат мыктысын табалы.

Ок өтпөс тон кийгизип,
Ок жетпес ат мингизип,
Манасты жоого сактап
багалы Эрешен тартып
эр болсо, Билбегенин
билгизип, Туйбаганын
туйгузуп,
Туура жолго салалы.
Өйдө чыксак Манасты Өбөк кылып
алалы.
Ылдый түшсөк Манасты Жөлөк
кылып алалы.
Бул тентек Манас баланы Кыргыз
бүткөн чогулуп, Эркелетип көрөлү.
Ээленсе, кара калмактан,
Ушу Манас бала үчүн,
Ажал жетсе, өлөлү!

**Ошондо Жакып дирилдеп,**
Балам, кылсак кантет мындай дейт:
Айтканына көнөлү,
Ыгына дың дебестен кирели.
Алтайдан күткөн сан кара Баарын
тартуу кылып берели. Курган жан
аман калалык,
Сулуу кыздан бир тогуз Тандап
тартуу кылалык,
Жанды сактап туралы.
Кыйналып калган жан элек, Кулунум,
кырылып калган эл элек.

Жакып мындай дегенде,
Безге сайган эмедей Ыргып кетти **эр
Манас:**
"Кокуй, ата, не дейсиң,
Неге мынча маанай бас?
Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе өлөйүн, Малым
менен жанымды, олжого кантип берейин! Катүгүн,
ата, не дейсиң,
Айманбоз берчи минейин.
Капкайдан келген балбанды
Мен кайра Бак-Бурчун айдап кирейин!
Өлбөй тирүү жүргөндө, не мураска жетейин. Калкым
кыргыз, сен үчүн, курман болуп кетейин.

| Жакып | Чыйырды | Акбалта | Манас |
|---|---|---|---|
| 1.<br>2.<br>*т.* | 1.<br>2.<br>*т.* | 1.<br>2.<br>*т.* | 1.<br>2.<br>*т.* |

**5- тапшырма. Сүйлөмдөрдү толуктагыла.**

а)Баланы наристе кезинде.......................бербейт.

б)Бешиктеги баланы .........................калтырбайт.

в)Баланын кичине чагында бетине ...............коет.

г)Жаңы төрөлгөн баланы..................менен оозантат.

*Пайдаланылуучу сөздөр: көө* сүртүп, көп карай, сары май, жабуусуз.

**6- тапшырма. Бул ыр саптарында ким сүрөттөлгөн? Үзүндүнү уланткыла:**

Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш,
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү-калча, көзү-тик...

**15-тапшырма**. **Төмөнкү антоним сөздөрдү бири-бирине дал келтиргиле.**

| | |
|---|---|
| бай | жука |
| ыйлаак | кууш |
| калың | кедей |
| жайык | жоош |

***2- семинардык сабак: Ала-Тоого көчүү.***

Бакайга жолугуу. Манасты хан көтөрүү. Кошойго жолугуу.Таласка келиши. Аккулага ээ болушу. Мамлекеттүүлүк белгилери, эли-жерди сүйүү, эмгекке тарбиялоо идеялары. Анык жана эпикалык географиялык аталыштардын кеңири кезигиши.

**1- тапшырма**. Слайддарды көңүл коюп көрүп, окуялардын жүрүшүн, эпостун өзөк окуяларын хронологиялык тартипте тизмелегиле.

**2- тапшырма.** Хандуу журт деген түшүнүктүн маанисин чечмелегиле. Эл мамлекет түзүүнүн зарылчылыгын эмнеде деп түшүндүрөт, кандай принцип менен кан шайлайт?

Ханы болсо кар болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт.
Жабылса кытай жан койбойт,
Тегерегиң баары жоо,
Тепсесе душман жан койбойт.
Калкалайм десең жаныңды,
Көтөрүңөр ханыңды.
Хан көтөрбөй болбос деп,
Каптаса душман койбос деп,
Хандуу журт болуп калалык,
Калкка кабар салалык,
Кайраты бар бирөөнү
Хан көтөрүп алалык.

**3- тапшырма.** Көп чекиттин ордуна керектүү сөздөрдү койгула.

Бул үзүндү кайсы окуя тууралуу кабар берет?
Абаң Кошой........
Саламдашты олуя:
Балам, Манас, эсенби?!
Кашатка тиккен тал барбы,
Калың журтун ........... ,
Калмакка жүрөр жөн барбы?!
Эми карангүн, Көк жал, эл кайда?
Көчө чыгып Алтайдан
Жериңе качан ............?!
Аз гана кыргыз элиңе
Качан караан ...........?!
Таап ал, Талас............,
Күтүп алгын, кулунум,
Күрдөлүү кыргыз элиңди!
**Керектүү сөздөр:** жериңди, издебей, коносуң, болосуң, карыя.
**4- тапшырма.** Кошой баатырдын Манаска айткан бул насыятынын бүгүнкү күндө кандай мааниси бар экенин айтып бергиле.
Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң.
Куттүрбөстөн сен жатсаң,
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда,
Куусаң жетпей калбаска,
Ок жетпеген ат камда.
**5- тапшырма.** Алооке кан катыла албай, коркуп качкан Манастын сыны сүрөттөлгөн саптарды толуктагыла:
Кирпиги ........., көзү ........, (чок, жалын)
Айткан кеби - аткан ок,
......... маңдай,...........жүрөк, (таш, жолборс)
Жооруну........., пил.........., (билек, калың)
Айбат сакал, тик мурут,
Ачууланса каарына Турар эмес эч
бир журт.
**6- тапшырма.** Үзүндүнү окугула. Кайсы окуядан?
О, балам, Манас, кебимди ук!
Орток аштык салыштык,
Алты ай, жети ай болгуча,
Жолдош болуп калыштык.
Абышка болуп кубулган Мен баба
дыйкан өзүмүн.
Арыстан Манас, кулак сал,
Сага айта турган сөзүм бар.
Көөнө Турпан бетинде Лоп дайранын

боюнда,
Көз жетпеген суусуз чөл,
Сайылган чөлдүн учунда Кайыбынан
кабылган Нойгуттун каны Карача,
Так ошого табылган Сан жылкынын
ичинде Таңга жуук төрөптүр,
Бул жаныбар Кула тай Тулпардыгы
бир далай,
Алты ай минип жол жүрсө,
Арыбас сыны бар экен,
Алтымыш асый болгончо,
Карыбас сыны бар экен.
Айгай укса шашпаган,
Ай караңгы түн болсо,
Бир изин жаза баспаган,
Салгылашкан жоо келсе,
Сайышка минер мал экен.
Карачанын калкына Каатчылык
жетиптир.
Төрт түлүк малын чачыптыр.
Элине аштык издеп жатыптыр.
Кызыл данга алмашып,
Аккуланы алыңыз.
Чалгынга минсең чарчабайт,
Ооруккa минсең, оорубайт,
Атышка минсең, арыбайт,
Артык тулпар мал ошол.
Жолуң шыдыр, шар болсун,
Өзүңө тете кырк болсун!
Деп ошентип Манаска Баба
дыйкан кезигип,
Батасын берип койгону.

**7- тапшырма. Бул үзүндү кайсы окуядан?**

Муну укканда Карача
Өчкөнү кайра жангандай,
Күүсүнө келип кеп салат
Көргөн жан айран калгандай:
Балам Манас сен болсоң,
Берген экен кудайым,
Кабылан тууган кулунум,
Аман жүргүн ылайым!
Мен да караандаш болчу жан элем,
Кырк уруу кыргыз журтуңдун
Бир уруусу мен элем.
Карыяңдын бири элем.


Карааның көрсөм сенин деп,
Чырагым, тилек кылып жүрчү элем.
Байкап жүзүң көрөйүн,
Айбандан артык Аккула
Тартуу кылып берейин.
Асый чыкма кезинде,
Таалайыңа табылды,
Айкөлүм, сага кабылды.
Тартуу кылып турамын,
Аккуланы алыңыз,
Үймөлөнгөн буудайды
Бизге кыйып салыңыз.

**8- тапшырма**. Силерге түшүнүксүз сөздөрдү глоссарийден карап, маанисин чечмелегиле.

**9- тапшырма.** Окумуштуу А.Б.Жаманкараевдин төмөнкү пикири боюнча оюңарды билдиргиле: «С. Орозбаковдун вариантында 300дөн ашык географиялык аталыштар кезигет. Алардын ичинен Акыяз, Ала-Кол, Алматы, Алтай, Арал, Боз-Дөбө, Жайык, Иле, Капал, Кара-Тоо, Козу-Башы, Кордой, Нура, Олуя-Ата, Сары-Арка, Тарбагатай, Чарын, Чымкент, Эртиш сыяктуу кырктан ашык аталыштар азыркы Казакстандын аймагы менен тикелей байланышкан. Казакстанда Манас баатырдын ысмын алып жүргөн жер-суу аттары көп. Арал деңизинин жээгинде «Манас аралы» деген жер бар. Талгар көлүнүн башаты «Манас чокусу» деп аталат. Кеген районунда «Манастын боз дөбөсү», Капал тарапта «Манас коктусу», Зайсан көлүнүн жанында «Манастын жайыты» кезигет».

**10- тапшырма.** Бул бөлүмдөгү каада - салттарды атагыла.

**11- тапшырма.** «Манас» эпосун изилдөөчүлөр жана манасчылар боюнча кластер түзгүлө.




**12- тапшырма. Төмөнкү сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө:**

Кайраттуулук, элди бир максатка бириктирүү, элдин ички биримдиги, башка элдер менен ынтымакташуу, өз бетинче эндекей жашоо, баш аламандыктан кутулуунун жолу.

**13- тапшырма.** «Манас ааламы» деп аталган сүрөт боюнча ой жүгүрткүлө. Манас ысмынын дүйнө жүзүнө кеңири таралышынын сыры

эмнеде?

## Манас ааламы




**14- тапшырма.** Төмөнкү үлгүнү карап бир каарман боюнча синквейн түзгүлө:

Манас
намыскөй кайраттуу
салгылашат коргойт жеңет
Кармашкан жоого намыс алдырбайт
Баатыр

**15- тапшырма.** Эпостун бул өзөк окуяларынан алган кандай сабактарды алдык, эмнеге үйрөндүк? Кыскача эссе жазгыла.

**Испанияда**
**Манасшаары**

***3-семинардык сабак: Алмамбеттин окуясы. Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү.***

1. Достук, ынтымак темасынын чагылдырылышы. Манастын айкөлдүгү, тартуу, таралгасы, дос көңүлүн таба билгендиги. Алмамбеттин акылмандыгы,
2. Каныкейдин образы. Акылгөйлүк, сарамжалдуулук, уздук.

**1 - тапшырма.** Окугула. Силер билген варианттардан төмөнкү маалыматтар эмнеси менен айырмаланат?

«Кытайдын белгилүү кандарынын бири жана бүт кытайдын аскер башчысы Соорондук 54 жашка келгенче эркек балалуу болбойт. Акыры анын аялы Экзердин боюна бүтүп, эркек бала төрөйт. Соорондук чоң той берип, балага ылайыктуу ат таба албай көпчүлүк кысылып турганда думана пайда болуп, «Алмамбет» деп ат коёт. Алмамбет бала күнүнөн боорукер, калыс болуп өсөт. Он төрт жашынан тартып атасынын ордуна такка минип адилет бийлик жүргүзөт. Анын эл арасындагы даңкы кытай кандарынын күнүчүлүгүн туудурат. Аскер башчысы катары түрлүү жерлердеги согуштук даярдыктарды көрүп кыдырып жүргөн Алмамбет Эсенкан турган Чоң- Бээжинге келгенде анын акылчы аярлары «бул бала түбү бизге эл болбойт, өлтүрүп салып кутулалы» деген кеңеш беришет. Бирок, Соорондуктан корккон Эсенкан ачык кыянатчылык кыла албай, азыр кое туралы деген чечимге келет.

Ууда жүргөн Алмамбет Көкчөгө жолугат, андан мусулманчылыктын жолун угуп мусулман болууну чечет. Үйүнө кайтып келип, мусулман болгула десе ата - энеси тил албайт. Атасы карматып өлтүрмөк болгондо Алмамбет качып чыгат. Жолунан тосуп кармамакчы болгон Мурадилди, Жолойду, Коңурбайды, Бууданчанды жеңет, көп куугун жана тосмолордон аман кутулуп чыгып Көкчө менен болжошкон жерге карай жөнөйт. Көкчө менен жолугушуп, согушта олжого түшүргөн аттарын элге бөлүп берет. Мага эле жеке берсе болот эле деп Көкчөнүн ичи ооруксуп калат. Көкчөнүн аялы акылдуу Акеркеч Алмамбетти чоң сый, урмат менен тосот. Алмамбет 9 жылча жүрөт, элге алынат. Бирок казак бийлери бузукулук кылышып, Көкчөгө жамандап барышат. Көкчө ачуусу жана мастыгы менен Алмамбетке ачуу сөздөрдү айтат. Таарынган Алмамбет Көкчөдөн кетет».

**2 - тапшырма.** Кырааты менен окугула. Бул кимдин түшү, эмне жөнүндө кабар берет?

Анда Манас кеп айтат
Акылы терең арстандар,
Кыла турган ишиң бар,
Жоруй турган түшүм бар:
Кызымталдуу бир кылыч
Жолдон таап алганым.
Сырты калың, өткүр миз,
Учу кайкы, мойну түз.
Сынамакка кылычты
Ташка чаптым ошо
кез,
Ташты кести эттен тез.

Салмактанды бир кезде,
Салаңдап жерге жетиптир,
Боосу узарып кетиптир.
Учу жерге тийгени,
Кылычым бөлөк сүрөткө Нак ошо жерде киргени.
Кылычым болду бир жолборс,
Жолборс болду маа жолдош,
Дөбөнүн чыктым башына,
Жолборсум жолдош кашымда.
Күн батышка бир карап,
Күн чыгышка бир карап,
Жолборсум турду күркүрөп,
Төрт тараптан айбанат Төгүлүп келди дүркүрөп.
Жан-жаныбар жыйылып,
Дөңдө жалгыз өзүмө Таазим кылды сыйынып.
Уруксат берип тараттым,
Жай-жайына караттым.
Алиги турган жолборсум Ак туйгун болуп калганы.
Кукулуктап унчукса,
Куштан бөлөк үнү бар,
Куйрук-башы жаркылдап,
Куудан аппак жүнү бар,
Айбат менен караса Алп кара куш сүрү бар.
Саңоорлору сары алтын,
Таканак жүнү баары алтын,
Талпынды канат жаркылдап,
Алп кара куш баш болуп,
Сыярат кылып сыйынды,
Ачып канат ирмеген Астына келип жыгылды.
Бу дүнүйө жандарын Койбодум деп ойлодум,
Кондурган бойдон колума Ошо түштөн ойгондум.

***3- тапшырма***. Силерге түшүнүксүз сөздөрдү глоссарийден карап, маанисин чечмелегиле.

**4 - тапшырма: Кырааты менен окугула. Ажыбай түштү кантип жоруду?**

Баарысы батпай токтолду,
Көрүнгөн кебин айтууга
Ажыбай чечен октолду:
Оңолгон экен ишиңиз,
Оолуккан экен сени издеп
Ойдогу азиз кишиңиз!
Кытайга намыс бербеген,
Кылымдан ашык эр деген,
Аркы атасы Чылаба,
Намысын колдон бербеген,
Берки атасы Солобо,

Адам уулу жеңбеген.
Өз атасы Соорондук Өкүмөттүн
башында,
Өңкөй Бээжин аскери Кызмат
кылган кашында,
Соорондук уулу Алмамбет
Алмамбет келип сиз жакка,
Канаттуулар жыгылып,
Кашыңызга келгени Сыймыктуу
эрдин баарысы Сыйынат экен
өзүңө,
Кайыптын баары сыйынып,
Көрүнгөн экен көзүңө.
Бул дүйнөдө жолдошуң,
О дүйнөдө колдошуң,
Келет экен түштөгү Алмамбет
арстан жолборсуң!

**5- тапшырма:Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү койгула.**

Кан Жакыптын................,
Кабылан сындуу Манасы
Көңүлү өстү............ ,
Көшүлүп бою чечилип.
Эт жүрөгү созулуп,
Алмамбет келип эми эле
Калгандай болуп............,
Карк алтындан дейилде Ажыга
жаба салганы:
Бий болдуңуз ажым деп,
Тоң кийгизди............. ,
Кубанып айткан..............
Керектүү сөздөр: жетилип, сөзүнө, өзүнө, кошулуп, баласы.

**6 - тапшырма: Төмөнкү сөздөрдөн Манастын Алмамбетке мамилесин мүнөздөгүлө.**

Арстан эрлер сүйүнчү!
Алмамбет келет мен көрдүм,
Ар мүнөзүн, айбатын
Арстанга тең көрдүм!
Чогоолдук кылса көтөрүп,
Өжөрлүк кылса өткөрүп,
Кейишке салса кечирип,
Күтөрдүн камын кылыңар!
Бүлүндүрсө бүлк этпей Түтөрдүң
камын кылыңар!
Алмамбетти кетирбей Тутардын

камын кылыңар!

**7 - тапшырма: Алмамбетке мүнөздөмө бергиле.**

Тууган болсоң кырк баатыр,
Тутууга келдим мен акыр,
Жибектен алган өөнүм бар,
Жигиттен калган көөнүм бар,
Ырас мени тур десең Ынтымак
сурайм көбүңдөн,
Кудай берсе ынтымак,
Куусаң кетпейт, ырыс бак.
Мени коё салыңар,
Ынтымактуу жүрмөккө Бата
кылгын баарыңар!

**8 - тапшырма:** Алмамбет, Манас, Көкчө баатырлардын мүнөзүнүн айырмаланган сапаттарын жана окшош жактарын аныктагыла.




**9- тапшырма: Көп чекиттин ордуна туура келген сөздөрдү койгула.**

Санирабийга кыз экен,
Сап сулуунун ... экен,
Жыла сүйлөп шыңк этип,
Акыл толгон........ экен.
Он алты жарым ..бар,
Олоңдой кара ...... бар,
Боростой к и й и м . . .  ,
Ботодой бели ийилип,
Боюн сылап ..............,
Үзүлгөнүн............ ,
Көзүчалганбенденин
Үзүрү болсо сураган,
Жетишпедим дегенге
Жеңин .......................
Берендик жайы бар экен,
Жеткире акыл ойлогон
................ жайы бар экен.
Болор кепти бир айткан
................ жайы бар экен.

Бечарага карашкан
Бекемдик жайы бар экен,
Азамат бакса айнытпас
Жетерлик жайы бар экен.
Кылган иши баары амал,
Кызылдай бою ................,
Кастарлуу жайы бар экен.

Керектелүүчү сөздөр: Терeңдик, улаган, сарамжал, жашы, өзү, чачы, кийинип, кези, чечендик, тараган, кесип бергендей.

**10 - тапшырма. К**аныкейдин акылгөйлүк, сарамжалдуулук, уздук сапат-касиеттерин чагылдырган эпизоддор боюнча даярдалган слайддарды көрүү, билимдерин тактоо, баарлашуу.

**11 - тапшырма.** Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин тапкыла:

а) боорукер- б) өң-түс - в) чечен - г) уз- д) сарамжал -

**12- тапшырма.** Төмөнкү сөздөр менен сүйлөм түзгүлө: дүнүйө, берендик, тереңдик, олоңдой кара чач.

**13- тапшырма.Тест тапшырмаларын аткаргыла: а) «Каныкей» деген ысым эмнени түшүндүрөт?**

а) акылдуулукту б) чебер уздукту в) кан менен никеде тургандыкты

**б) Каныкейдин кыз кезиндеги ысмы:**

а) Арууке б) Санирабийга в) Карабөрк

**тапшырма**Кластерди толуктап жазгыла.

Манас




**14- тапшырма.** Төмөнкү макалдардын маанисин чечмелегиле.

«Уздан учук артат», «Уз колунан бүткөн иш жоокерге эм», Сыйга - сый, сыр аякка - бал», «Чечендин көркү - таңдайда, баатырдын көркү - маңдайда».

***4- семинардык сабак: Көзкамандар окуясы. Көкөтөйдүн ашы-көп чырдын башы.*** Маңкуртчулук, элин тануу, көрө албастык-азыркы учурдун да көйгөйлөрү. Каныкейдин акылмандыгы, баатырдыгы, сарамжалы. Кошой менен Жолойдун күрөшү. Манас менен Коңурбайдын аштагы сайышы. Кошой, Манас, Каныкей, Алмамбеттин образдары. Жолой менен Коңурбайдын терс сапаттарынын көрүнүшү **(2 саат)**

**1- тапшырма. Көзкамандар окуясынан үзүндү окугула.**

Өзү кыргыз уулу экен,
Кыргызды манжуу кырганда
Кара кытай Каканга Колго
түшкөн бул экен:
Көкчөкөз менен Көзкаман,
Желтийбес менен Чаңдаяк,
Орозон баштап, - бул бешөө Калмак
болгон ушулчак.
Манасты барып союуга,
Башын кесип жеткизип,
Эсен кандын алдына
Белек кылып коюуга,
Аянбастан ант кылып,
Эсен кандын алдынан
Тийсе өлтүрөр уу алып,
Бээжинден чыгып жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Жүрүп келет беш балбан Журтуна
бузук беш айбан.
Ара жерге келгенде,
Күлүктөн тандап ат берет,
Арам ойлуу Көзкаман Эр
Манаска кат берет.
Берген катын карасаң,
Ыйлап, боздоп бек жазган:
«Кабылан Манас, баатырым,
Түбүбүз тууган» - деп жазган.
«Чоң атаң Орозду баатыр өлгөндө
Маңгул, калмак, кыргызды Малдай
айдап бөлгөндө,
Алы куруп кыргыз журт,
Ар кайда тентип калганда,
Ала-Тоо бетин көрө албай,
Атаганат дүнүйө-ай,
Бээжинди көздөй бет алып,
Тентидик, кирдик, түн көрдүк,
Кара кытай, манжуунун Бадасын
багып күн көрдүк.

Падышам Манас, байкап ал,
Куш учпаган чөл менен,
Ит баспаган бел менен Азып,
тентип келебиз,
Баатыр, жүзүңдү качан көрөбүз?!
Майым кетип, сөөк калып,
Арып кетип баратам,
Манасым качан көрөм деп,
Карып кетип баратам,
Аз тасмил мүлкүмдү Чачып
кетип баратам.
Манас иним күтүп ал,
Мен сага качып кетип баратам».

Манас Көзкамандарды тууганым деп кубанып тосот, өзүнчө конушка кондурат, аянбастан кийимин, тамагын камдап берет:

Манас Манастыгын билгизди
Атсыз келген калмакка Аркар
аяк, жез билек Ат тулпарын
мингизди.
Тонсуз келген мангулга Жакасы
алтын, жеңи жез Кош бадана,
торгой көз Ок өтпөс тонду
кийгизди.
Элди-журтту билгизди.
Үйсүз келген калмакты Сан
казына, ак ордо Атайылап
киргизди.
Көк жал Манас ошондо Казына
оозун ачтырды,
Көзкаман тууган болот деп,
Күрөй-күрөй чачтырды.

Көзкамандар болсо Манасты өлтүрүүгө ыңгайлуу учурду күтүп жүрүшөт, акыры алдап жалгыз өзүн конокко чакырып келишет:

Көк жал эр арам ойлонбой,
Көкчөкөзгө барганда Көкчөкөз
менен Көзкаман Чийген экен
сызыкты,
Арыстан тууган Манаска
Көрсөткөн экен кызыкты Үйүнө
Манас киргенде Ошондо
Көзкамандын айтканы:
«Кабылан Манас, баатырым,
Калк тартынар кан беле,
Каным Манас келгенде Баягы ит
ичкирден бар беле?»

Көзкаман айтып калганда,
Көкчөкөз өөдө турду эми,
Кылт этсе, өлүп кетүүчү,
Жыттаса, ажал жетүүчү Кырк жылкы
уудан коштурган, Калмакча тарткан
арактан Мелтирете куйду эми;
«Түбүбүз бирге тууган» - деп,
Көк жал Манас баатырга
Көзкаман алып сунду
эми. Аңкоолугун
көрдүңбү,
Ала коюп имерип,
Көзкамандын сунган уу
Баатыр токтолбой тартып жиберип,
Ичкенде көк жал бүк түшүп,
Төбөсү менен тик түшүп,
Кыл муруту шыйпайып,
Кайрылбай кетчү немедей,
Алагар көзү алайып,
Уйпалгырдын шум дүйнө,
Уу ичип Манас сүйөө жок,
Өлүм орток, жан бирге,
Баягы кыраандардын бирөө жок
Ажыбай, Бакай эгиз жок,
Алмамбет, Чубак теңиз жок,
Сыргак, Серек эрен жок,
Ырчуул, Шууту берен жок Айла
тапчу, амалкөй Аксакал Кошой каны
жок Айгай укса качпаган,
Ажалдан кайра тартпаган,
Баягы кырк чоронун баары жок
Сүрөтү качып, ич күйүп,
Сүзүлүп, куу көз жумулду,
Көзкаман душман болгон соң,
Кайраның, көрүнөө жандан түңүлдү,
Көкчөкөздүн тогуз уул,
Көзкамандын тогуз уул,
Курчап кармап алсак деп,
Курмандыкка чалсак деп,
Башын кесип, байланып,
Эсен кандын алдына Сүйүнчүлөп
барсак деп,
Алтын таажы кийсек деп,
Алтын такка минсек деп,
Бул кыргыздын ичине Бузукту
минтип салсак деп,
Кара сурдун сулуусу,

Аялзаттын нурдуусу
Эрке катын Каныкей
Олжо кылып алсак
деп,
Алмамбет менен Чубагын
Курмандыкка чалсак деп.
Ажыбай, Бакай — эки дөө Эсен
кандын алдына Тартуу кылып
барсак деп,
Манас кетсе, бел кетет,
Бул кыргыздын ичинде
Кара көк жал шер кетет
Тырышкан кабак
оңолду,
Чындап качыр балбандар,
Эми кыргыздан кайрат жоголду!
Көзкаман менен Көкчөкөз Ушуну
көбүрөөк айтып турганы.
Бул тукурукту укканда,
Манасты көздөй жабылып,
Балбанды кудай урганы.
Көкчөкөздүн тогуз уул Көмө
каптай берди эми,
Желтийбестин тогуз уул Жетип,
каптай берди эми.
Кылыч чапчуу кыйындар Азыр
башын кесчүдөй Жакын келип
турду эми.

**2- тапшырма**. Силерге түшүнүксүз сөздөрдү глоссарийден карап, маанисин чечмелегиле.

**3- тапшырма.** Топ боюнча иштөө. 2 топко бөлүнүү. Кырдаалдар боюнча талашып-тартышуу:

**1.** а) Көзкамандар Манас менен бала чактан чогуу өссө, минтип кастык кылмак эмес, анткени ...........................................................................................

б) Көзкамандар Манас менен бала чактан чогуу өссө деле кастык кылмак, себеби ..................................................................................................................

**2.** а) Көзкамандар бала чактан өз улутунун тарбиясын алса, өз элин-жерин, ага-тууагандарын сатмак эмес, анткени.............................................................

б) Көзкамандар бала чактан өз улутунун тарбиясын алса деле, өз элин-жерин, ага-тууагандарын сатып кетмек, себеби ...........................

**3.** а) Кичине кезиңде кайсы тилде ыр, жомок уксаң, китеп окусаң, сүйлөсөң, кайсы элдин маданиятына, каада-салтына сугарылып чоңойсоң, ошол тил, маданият сенин жан-дүйнөңө жакын, түшүнүктүү болот дагы, өз тилиң, каада-салтың чоочун, бөлөк болуп калат, ошондуктан.................................................

б) Кичине кезиңде башка тилде ыр, жомок угуп, китеп окуп, сүйлөп, башка, элдин маданиятына, каада-салтына сугарылып чоңойсоң деле, ал тил, маданият сенин жан-дүйнөңө жакын, түшүнүктүү болсо деле, сен ал улуттун өкүлү боло албайсың, ошондуктан ........................................................................................

**4- тапшырма. С.Байгазиевдин пикиринин тегерегинде талкуу жүргүзгүлө:** «Инженерге, юристке, врачка «Манастаануу» сабагынын кереги жок, жогорку окуу жайы кесипти окутат, адисти, профессионалды даярдайт, кесиптик диплом берет, ЖОЖ-ошол үчүн» дешип, улут сыймыгын окутууга каршы болгондор бар. Билимдүүлүк, кесипкөйлүк, адистик, профессионал болуу деген жакшы. Бирок жалгыз профессионалдуулук эле тагдырды чечпейт тура. Турмуш, практика көрсөтүп отурат, айланабыздан канчалаган жогорку адистиктеги жегичтерди, коррупционерлерди, жогорку билимдүү киши өлтүргүчтөрдү, криминал «авторитеттерди», жогорку маалыматтуу маңкурттарды, «компьютер баштуу» мутанттарды, өз Ата - Мекенинин кайгы-муңуна кайдигер, кайсы өлкөдөн пайда чыкса, ошол жактын жарандыгын алып кете берген дипломдуу эгоисттерди, өзүнүн «Бугу энесине» ок атып, өз бешигин бүлүндүргөн «момундарды», «орозкулдарды» көрүп жатабыз. Бизге улуттук маданияттан, элдик тарыхый тамырлардан ажыраган космополит-адистердин кереги барбы?

Демек, жалаң адистик, маалыматтуулук, жалаң гана кесипкөйлүк бизге гарант эмес экен. Акыл-эсинде дүйнөлүк илим-билим, дүйнөлүк технология, экономика орун алган, ал эми дилинде, жан - дүйнөсүндө Манастын, Курманжан датканын, Искак Раззаковдордун руханий наркы, патриотизми, атуулдук адеп-ахлагы отурган муундарды окутуп, тарбиялап, жетилтип турсак гана ата журтубуздун боосу ар дайым бекем болуп, улутубуздун ташы өйдө кулайт. «Манастаануу» сабагы студенттерди мекенчилдикке ойготуп турса - анда ишибиздин оңолгону.

**5- тапшырма. Бул сөздөрдү ким, качан айтып жатат? Андан ары эмне болду? Баатырды ким куткарды?**

Же мен өлөрдө кашымда
Аялзаттын паашасы
Ургаачынын улугу Кара
сурдун сулуусу Каныкей
келип калсачы!
Же Тазбаймат, Серек, Бозуул
Кырктын башы Кыргылчал
Же төө көтөргөн Акаяр Мени
ажыратып алсачы!

**6- тапшырма: Бул сөздөрдү Коңурбай качан, кимге айтып жатат?**

Мааникер деген бир жылкы
Бар экен сенин колуңда.
Мааникерди берерсиң,
Мааникерди бербесең

Балакетти көрөрсүң!
Арбак урган чоң Коңур
Атпай кытай журтунан
Айбаты ашык оңбогур
Ал сөздү айтып салганы.

**7- тапшырма.** Мааникерди берели деп Кошой карыя кеңеш кылганда эмнеге Манастын жини кайнайт, түшүндүрмө бергиле. Окуянын аягы эмне менен бүттү?

Кытай да болсо кылым журт,
Капыр да болсо кандуу журт,
Мааникерди берсек деп,
Эр Кошой айтып турганы.
Ошо сөзүн укканда Оң көзүнөн от чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып,
Аккула атты каргытып,
Ач тайгандай аргытып
Ак сакалдуу Кошойдун
Алдына барды ошонун:
Аттигине абаке,
Акылыңыз канаке?
Мааникер берем дегенче Манасты өлдү десеңчи!
Муну айтканча өлсөңчү!
Арбак анык урбаса Атымды кантип берейин,
Арбыган экен бу доңуз,
Алпурушуп көрөйүн:
Арга недир тагдырга,
Ажалым жетсе өлөйүн!
Ал сөздү айтып эр Манас Алтын доол кагылды,
Аккелте мылтык чаңырды,
Араң турган кырк баатыр Аламан коюп жабылды.
Сандыргалуу көй баатыр Сайып өтүп баратыр,
Заман акыр башына Салып өтүп баратыр.
Кош-Дөбөнүн тушунда.
Коңурбай баатыр ушунда.
Кыргынды көрүп кысылып,
Булуттай өңү бузулуп,
Каарданса Манас нетер деп,
Кан Коңурбай энтелеп,
Камданганча бу канкор Кыргын кылып кетер деп,
Ат албасам жок деди,
Ар качандан бир качан Ушул
Манас шок деди.
Ат минбесем коёмбу,
Арстан Манас оёнду Кызматка

сөздү айтыңар,
Кылкара тартуу тартыңар,
Агасы анын Алгара,
Аземи артык Кылкара.
Кылкара тартуу бериңер,
Кырдырып ийбей кытайды Кызмат
кылып көрүңөр.
Бу сөздү айтып Коң төрө,
Бузукту сүйгөн чоң төрө,
Кылкара атты кындыйтып Астынан
тартып калыптыр.
Алооке баштык карысы,
Алтымыш жаң-жуң баарысы Астына
тартуу барышты,
Ат алам деп ат берип Абийри кетип
калышты,
Абыдан кетти намысы.
**8- тапшырма.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү койгула.
Бул үзүндүдө Каныкейдин кандай сапаттары көрүнөт?
Басырык уруш салышса,
Башынан түшпөй ..........
Кырк чорого.............,
Кызматым билсем ал түгүл Кыркыңа
кылдым кырк чопкут.
Кийгендин көөнүн ................ ,
Жоого ылайык................
Сыр бараң атса, .............
Табылгы жакса ...........
Тери шымы дагы бар.
Ок тешпеген бек жеке,
Таманы калың койдурган,
Кырк чорого кырк өтүк,
Даярдаган мунум бар.
Каухар таштан............,
Кыркыңа кемер курум бар.
Сексен төрт чакча дары бар,
Жүздөн огум дагы бар”.
Бороондуу күнү.........., 
Жаандуу күндө..........., 
Бирден соот бөктөрүп
Койгон экен баарысын
Коендой кылып окшотуп
Каныкейдин ошентип
Кылганын көрүп алышты

Кырк чоро ...............

**Керектүү сөздөр:** ок өтпөс, суук өтпөс, тындырган, айран калышты, суу өтпөс, кырк тумак, көзү бар, кылдырган, жүрсүн деп, чок өтпөс.

**9- тапшырма**. Төмөнкү үзүндү боюнча ой жүгүртүп, жооп бергиле:

Абаңдын шайы кеткенде
Сексен бешке жеткенде,
Калкымдын каалап калганы
Калкыңа уят кылдырбай,
Төгүлбөй турган кан барбы,
Өлбөй турган жан барбы.
Карысам да тобокел!
Тобокелге салайын,
Токтолбоюн барайын!-деп, эч ким коркуп чыкпай койгон Жолой дөөгө каршы балбан күрөшкө чыккан, эл кызматына жаралган баатыр ким? Ал баатырга кандагай шым кайдан табылды? Бул балбан күрөштүн аягы эмне болду?

**10- тапшырма.** Кайсыл учурда Манас баатыр:

Ай Алаке, көкжалым,
Сен сайышка чыкпагын.
Соорондуктун жалгызын,
Аябастан өлүмгө,
Кармап берди дебейби?
Калмак шылдың кылбайбы,
Кыргызды кудай урбайбы?
Колундагы сыр найза,
Таяп калды дебейби?
Коңурбайдан Манасты,
Жалпы журту чогулуп,
Аяп калды дебейби»,- деп сайышка өзү чыгат? Бул үзүндүдөн Манастын кайсы сапаттары көрүнөт?

**11- тапшырма.** Манасты Алмамбет:

Кокуй, Манас, оңбой кал!
Эзелде эки болбой кал!
Бул Коңурбай өлбөсө,
Кыргыздын иши оңолбойт!
Жалынсаң укпайт кебиңди,
Коңурбай табар эбиңди!
Бекер бердиң сен Манас,
Алгарадай бууданды.
Коңурбай салар башыңа
Түбүндө заман акырды!»- деп качан тилдейт? Алмамбеттин айтканы эпостун



аягында кантип далилденди?

**12- тапшырма. Төмөнкү сүйлөмдөрдү уланткыла.**
1. Көкөтөйдүн ашында Каныкейдин ...............................................
2. Кошой баатырдын намыскөйлүгү ................................................
3. Алмамбеттин көрөгөч, көсөмдүгү ................................................
4. Мааникерди душманга бербей койгондугу - Манастын ..................

**13- тапшырма.** Ар бир сапта кайсы ысым ашык экенин түшүндүрүп бергиле:

- Көзкаман, Сыргак, Канчоро, Коңурбай.
- Аккула, Кумайык, Акшумкар, Алгара.
- Алмамбет, Манас, Алооке, Көкчө.

**14- тапшырма. Туурасын «Т», катасын «К» тамгалары менен белгилегиле.**
1. Манас Мааникерди берүүгө макул болот. ( )
2. Коңурбайга Алгараны кайтарып берген Манаска Алмамбет ыраазы болот. ( )
3. Коңурбай менен эр сайышка Манас Алмамбетти чыгарат. ( )
4. Жолой дөөгө каршы балбан күрөшкө эч ким чыкпай, Жолой жеңүүчү болот. ( )
5. Каныкей кырк чоронун баарына тең чопкут, ок дары, соот, тери шым даярдайт. ( )

**15- тапшырма. Тест суроолоруна жооп бергиле.**
1) Кырк чоронун ар бирине кийим-кечек, соот, курал-жарак, минер атына чейин даярдап койгону Каныкейдин кайсы сапаты?
а) көрөгөчтүгү, уздугу, сарамжалдуулугу
б) уздугу
в) назиктиги
2) Кыргыз элинин салт-санаасы, улуттук оюндары айрыкча кенен сүрөттөлгөн бөлүм?
а) Манастын төрөлүшү жана балалык чагы
б) Алмамбеттин Манаска келип кошулушу
в) Көкөтөйдүн ашы
3) Жолой дөөнү жыгып, элдин намысын коргоп калган баатыр?
а) Эр Көкчө
б)Эр Төштүк
в) Алп Кошой
4) Жолойду терс каарман кылып турган сапаты:
а) Өгүз көөдөн, өкүм сөз өрдүгү
б) ички дүйнөсүнүн жардылыгы, көңдөйлүгү
в) Булчуңу буура санындай балбандыгы
5) Коңурбайдын негизги куралы:
а) эрдик намыс, өз күчүнө ишенүү
б) эрдик, кайрат
в) кара ниеттик менен алдоо, амал-айла

***5- семинардык сабак: Кыргыз кандарынын Манаска каршы аттанышы. Чоң казат. Кичи казат.*** Кыргыз кандарынын убада-анты. Чоң казатка аттануу. Колго кан шайлоо. Чубак менен Алманбеттин чатагы. Манастын Коңурбай

менен беттешүүсү. Кыргын согуш. Жеңиш. Кичи казат. Манастын жарадар болушу. Баатырлардын өлүмү. Аккуланын окко учушу. Таластан Тайбуурулдун келиши. Манастын дүйнөдөн кайтышы. Ант.

**1- тапшырма.** Слайд көрүү, баарлашуу.

**2- тапшырма.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздөрдү койгула, кайсы окуя жөнүндө айтылып жатканын баяндагыла.

Кандын баары....... ,
Казаттын сөзүн эп кылды,
Кан Манасты чет кылды.
Камалып корко бергендей,
Ал бадырек канкордун
Айылы бизден арбынбы?
Адамы бизден..............?
Эли бизден арбынбы?
Эрдиги бизден артыкпы?
Өбөгү бийик өрдөбү?
Өзү бизден өйдөбү?
Өткүр Манас каңкордун
Өнөрү болсо көрөлү,
Актан келген ажалга
Арга барбы өлөлү.
Кошуун жөнөп калалык,
Конок болуп баралык.
Эсеп жеткис.................
Конуш жеткис кол менен
Кол бийлеген зор менен,
Түмөн аскер баралык,
Түгөнгүрдүн үстүнө
Дүбүрлөп түшүп калалык!
Короодон.............. ,
Коломтосун оёлук,
Конок менен шылтоолоп,
Кордук кылып коёлук.
Өрүштөн бээсин жаралык,
Өкүм менен баралык,
Өзүң кылган жумуш деп,
Милдетти кайта салалык.
Билден күчтүү канкордон,
Билими артык анткордон Минтип
билдирбей кекти алалык!
Төрүнө кудук казалык,
Төшүнө казан асалык,
Төрт түлүк малын чачалык,
Тууганы калсын ..........,
Душманы калсын сүйүнүп,

Акимсиген канкорго Минтип
бир коёлук билинип! Кырк
жигитин кыйратып, Кыз-
катынын ыйлатып, Босогосун
кыйратып,
Боздогу малын жыйнатып,
Боз уланын ыйлатып
Болбогон көйгө салалы,
Ободу Манасты барып .......... !
Ошондон кайтып келген соң
Чалдардын эбин табалы!
Катагандын Кошойду,
Кадырладык ошону.
Кадырласак билбеди,
Ортодогу оңбогур —
Оогандын каны Акунду Кол
чыкырсак келбеди, Кабылан
Манас баатырга Каяша айтар
ким деди. Карарган журттун
баарысын Кирпигине илбеди,
Киши экен деп билбеди.
Ушу сөздөн жанганды,
Убадасын ..............,
Төбөсү ачык............. ,
Төшү түктүү жер урсун,
Ак баранын огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!
Ак боз бээден алышып,
Ай туягын чалышып,
Качкандардын баарысы Как
ушундай болсун деп, Канга
колун малышып.
Бүтүп эрлер жумушту Аркы-
терки турушту.
Ат башындай чоң куран,
Алып келип баары да
Көкүрөгүн урушту.
Манаска элчи салмакка,
Келгин десе бармакка,
Кенебесе үстүнө Келсин
мында бизге деп,
Кол чакырып алмакка
..................токтолду,
Мындан бөлөк кандардын
Кылаар иши жок болду.
**Керектүү сөздөр:** Убадасы, танганды, коюн соёлук, баатырбы, көк урсун, күйүнүп, чабалы, кеп кылды, эл менен.

**3- тапшырма**. Силерге түшүнүксүз сөздөрдү глоссарийден карап, маанисин чечмелегиле.
**4- тапшырма.** Үзүндүдө эмне жөнүндө айтылып жатат? Алмамбет эмнеге катуу тартип киргизди?

Эми Алмамбет кеп айтат:
Ээ, калайык деп айтат,
Жашың менен карың ук,
Жалпы аламан баарың ук!
Мындан ары карата Ат
чалдырып өтпөйсүң,
Азык ичип көчпөйсүң,
Чыканак жерге салбайсың,
Чырым уйку албайсың,
Ат керт этип чөп жебей,
Чөп жесе да көп жебей,
Эр кылт этип суу ичпей,
Күнү-түнү бел чечпей,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Үч ай-токсон жол жүрүп,
Ат кара тил болгондо
Бээжинден чалгын чалаарсың.
Андан бери карата
Үйдөгүдөй болом деп,
Үлпөт көрүп оңом деп,
Айылдагыдай болом деп,
Азем күтүп оңом деп
Акыры түбү ойлобо,
Алмамбет менен ойнобо!
Эл менен эсен барармын,
Эгер барсак ал жерге
Эсебин элдин алаармын,
Ушу болгон он башы,
Ондун бири жоголсо,
Ортодон азып токтолсо,
Үмүтүң үзгүн жаныңдан.
Ушу болгон жүз башы,
Жүздөн бири жоголсо,
Жүдөп жолдо токтолсо,
Үз үмүтүң жаныңдан.
Ушу болгон миң башы,
Миңиң аман келбесең,
Ажалыңдын жеткени,
Абийириң анык кеткени.
Жалпы угуңар барлыгың,

Жалган болсо жарлыгым,
Жарабасын кандыгым.
Алмамбет кебин жат кылды,
Алмабаш мылтык аттырды,
Ар тарапка Алакең Алтымыш желдет
чаптырды.

**5- тапшырма.** Төмөнкү үзүндү кайсы окуядан кабар берет? Чубак эмнеге чатак чыгарды? Бакай кандай сапаттарга тарбиялап жатат?

Алда таала жараткан Албан түрдүү кушу бар.
Канаты менен учуучу.
Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болмогу Экөөбүздөн болуучу.
Бузулуш бизден чыккан соң,
Бутунан тартып жыккан соң,
Пил да болсок жыгылдык,
Миң да болсок кырылдык.
Кытайдан шагы сынгандыр,
Кыргызга кызмат кылгандыр.
Капырдан шагы сынгандыр,
Калкыңа кызмат кылгандыр.
Кыйырыңдан карыш жылган жок,
Кыйыктанба, Чубагым,
Кытайга кызмат кылган жок!
Калкыңдан карыш жылган жок,
Каарданба, кан Чубак,
Карайлап келген Алмамбет Капырга кызмат кылган жок!
Байкагын Чубак сөзүмдү.
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң акыл нак ушу.
Кандыгым кеткен меники,
Калкты бузуп жөнөшүң,
Кандай жумуш сеники?
Өкүмөттөн айрылсам,
Өзүм, Бакай айрылдым,
Өтүп кеткен бир ишке Өзөлөнүп
кайгырдың.
Кыйырынан азган бу бир эр,
Алмамбетти көргөндө Ким да болсо
кытай дээр.
Жол билген киши кол билет,
Кыйнады жанын биз үчүн,
Кылган кызмат сиз үчүн,

Кыргызга кызмат кылганга Кыйкырып
чабыш кай күчүң?
Кызмат кылды эл үчүн,
Кыраанық Манас эр үчүн.
Өкүмөтүн алды деп,
Кыйналба, балам, мен үчүн.
Аскерди баштап артынан Аламан
чабыш кай күчүң?!


**6- тапшырма.** Кыраатъ менен окугула. Бул үзүндү кайсы окуядан? Көк жалдардан айрылып,
Кутулганым курусун.
Калмакты карай жөнөйүн,
Алмамбет менен Чубакты Ажыратып келейин,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Көл-Кечүүдө калмакка Көк жалың Манас кириптир.
Көз көргөндүн баарысын Көбүн кырып ийиптир.
Арыстан Манас баатырдын Астында аты Айманбоз,
Мурун тердеп алыптыр.
Кайра суута киргенде,
Эти жашып калыптыр.
Көл-Кечүүдө Айманбоз,
Агып кетип баратыр.
Ар жактан келген Көңтөрө,
Көзөмөлдөп баатырды,
Багып кетип баратыр.
Кабылан Манас баатырды,
Кара сууда соем деп.
Жутпай кантип коем деп,
Коңтөрө найза салганы.
Өлчөгөн көзгө найзанын,
Учунан Манас кармады.
Темири Манас колунда,
Сабы баатыр Коңурда.
Карматып коюп найзасын,
Кайра тартып алууга,
Алы келбей калыптыр.
Алдындагы Алгара Бура тартып алыптыр.
Конурбайдын найзасын,
Жулуп Манас калыптыр.
Жулдурган соң найзасын.
Журтун көздөй бет алып,
Коңурбай качып барыптыр.

Ошентип**,** урушам деген Коңурбай мыш болот, кытайлар жеңилип, Манас Чет-Бээжинге кан шайланат. Кытайлар тартуу тартып, эки эл жарашат. Бирок,

көп убакыт өтпөй, кектенген Коңурбай амал менен жашырынып келип Манасты жарадар кылат. Кичи казат башталып, катуу согушта Манас чоролорунан айрылат.

**7- тапшырма**. Манас баатыр менен Коңурбайды салыштырып, Венндин диаграммасын түзгүлө.

**Окшош белгилери**




**8- тапшырма.** Баатырлардын өлүмү, Аккуланын окко учушу, Таластан Тайбуурулдун келиши, Манастын дүйнөдөн кайтышы, Желмаян, Кумайык, Акшумкарга чейин аза күтүү темалары боюнча даярдалган слайддар боюнча билимиңерди ортого салгыла.

**9- тапшырма**. Элибиздин далай кылым өткүчө бузулбаган архитектуралык өнөрүнө баа бергиле.

Кайран атаң Манас багында,
Кең-Колдун куйган чатында.
Турпагын Алайдан барып алдырып,
Алты жүз төөгө жүктөтүп,
Күлботосун кең Чаткалдан тарттырып.
Алты миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салгам.
Атаңдын ошол күмбөзүн,
Алты кылым өткөнчө,
Ушу турган Таласка,
Турар бекен деп салгам!
Кең-Колдун куйган чатына,
Жети миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салгам.
Атаңдын турган күмбөзүн,
Жети кылым өткөнчө,
Жарашыктуу Таласка,
Турар бекен деп салгам!

**10- тапшырма.**Төмөнкү сөздөр менен сүйлөм түзгүлө: күлбото, кыш бышыруу, түркүк, жылдыздын тунугу, кыргыздын туйгуну.

**11- тапшырма.** Төмөнкү каармандарды мүнөздөп таблицаны толтуруп жазгыла.

| Каармандар | Мүнөзүндөгү оң же терс сапаттар | Кайсы окуяларда көрүнөт |
|---|---|---|
| 1. Алмамбет | | |
| 2. Манас | | |
| 3. Бакай | | |
| 4. Каныкей | | |
| 5.Чубак | | |
| 6.Сыргак | | |

**12- тапшырма.** Ар бир сапта кайсы ысым ашык экенин түшүндүрүп бергиле:

- Чубак, Сыргак, Алмамбет, Коңурбай.
- Желмаян, Кумайык, Акшумкар, Алгара.
- Ажыбай, Ырчы уул, Агыш аяр, Көгүш аяр, Жолой.

**13- тапшырма.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү уланткыла.

1. Бирок, көп убакыт өтпөй, кектенген Коңурбай.............
2. Кичи казат башталып, катуу согушта ....................................
3. Күлботосун кең Чаткалдан тарттырып, турпагын Алайдан алдырып Каныкей .........................................................................
4. Алманбет менен чалгынга бирге барбай калган Чубак..........
5. Мааникерди берели деп Кошой карыя кеңеш кылганда........

**14- тапшырма.** Тест суроолоруна жооп бергиле.

1) Алманбет менен Чубактын чатагы эмнеден чыгат?
а) чалгынга бирге барбай калгандыктан
б) мал-мүлк талашып
в) кол башчы болууну талашып

2) Манастын кырк чоросунун арасында өнөрлүүлөрү көп болгону эмнени айтып турат?
а) эл достугун
б) Манас өнөр ээлерин, билимдүүлөрдү өзгөчө жогору баалаганын
в) каармандардын баатырлыгын

**15- тапшырма.** Төмөнкү темалардын бирин тандап алып же өзүңөр койгон тема боюнча дилбаян жазып келгиле: “Манас ”эпосу - кыргыз рухунун туу чокусу”, “Манасчылар - улуттук маданияттын улуу инсандары”.

***6- семинардык сабак: «Семетей» эпосунун өзөк окуялары.***

Абыке, Көбөштүн душмандыгы. Каныкейдин Тайторуну чабышы. Каныкейдин жомогу. Семетейдин Таласка келиши. Баатырдык, эрдик идеяларынын улантылышы. Ата-Журт, Мекен түшүнүктөрүнүн ыйыктыгы.

1- **тапшырма.** Слайд көрүп, Жакып, Абыке, Көбөшкө мүнөздөмө бергиле.

2- **тапшырма.** С.Каралаевдин айтуусунда “Каныкейдин Тайторуну чабышы” үзүндүсүн көңүл коюп уккула**.**

3- **тапшырма.** Көп чекиттин ордуна керектүү сөздөрдү койгула.

Бел байлап турган белим жок,
Бекип жаткан жерим жок,
Белгиге чапсам Торуну,
«Жеңемдин аты экен», - деп,
Белсенип сүрөп алуучу,
Белгилүү кыргыз элим жок!
Октой болгон ................,
Белгилүү күлүк мал эле.
Береним төрөм өлгөндө,
Катагандын .............,
Кагылайын абакем,
Асага берген мал эле.
Териңди суудай сыгып кел,
Аркардай арбыш................,
Тайтору атым чыгып кел.
Бөлөк жерге тентитип,
Бөлүнттүң кудай санаамды.
Бөлөктүн уулу дедирттиң,
Өзүмдөн чыккан ................
Капа болгон бул баштан,
Кайгы кетер күн болсо.
Касиеттүү кыргызды,
Кайрылып көрөр күн болсо.
Ыйлаган ыйым басылып,
Умачтай көзүм ачылып,
.............жетип жеримде,
Өлө турган күн болсо.
Падышалык кайран журт,
Көмө турган күн болсо,
Тайтору атым, чыгып кел!
Керектүү сөздөр: Таласка, арбытып, баламды, Тайтору, кан Кошой.
4- **тапшырма.** Үзүндүнү кыраатты менен окугула, маанисин айтып бергиле. Сары таздан кеп уктум,
Калкың кыргыз деп уктум.
Жериң Талас деп уктум.
Элиң кыргыз деп уктум.
Тентиреткен элимден,
Абыке, Көбөш деп уктум.
Аргын кыргыз эл кайда?
Ала-Тоо менен жер кайда?
Абыке, Көбөш эки кул,
Алыптыр талап көчүмдү.
Айланайын апаке,
Алып берем өчүңдү.
Азыр жөнүн айтпасаң,

Карабайм сенин бетиңди!..
Анда катын Каныкей,
Өткөн иштен баштады,
Жалгызынын алдына,
Баарын айтып таштады:
Айланайын жалгызым,
Атаң Манас эр эле,
Болжолу жок шер эле,
Атаң басташкан жоодон ок жеген.
Кайран атаң өткөн соң,
Абыке, Көбөш арамдын,
Өткөн болчу кордугу,
Жеткен болчу зордугу.
Аткарып атаң керээзин.
Чыйырдыны ээрчитип,
Таятаңды аркалап,
Тентип келген мен элем.
Талас деген жериңдин,
Бетегеси бураган,
Тоосунан булак кулаган,
Тереги көктү тиреген,
Текеси чөбүн жиреген. Алмаларын
алып жейт,
Бычак менен жарып жейт,
Күрүчүн күздүк айдатат,
Күлүгүн жемге байлатат.
Күнчүлүк жерге шайлатат,
Жармасынан чайы көп,
Жардысынан байы көп,
Кара малдан төө көп,
Карды салык бээ көп.
Калайынан күмүш көп,
Кара эгинден күрүч көп.
Өрдөгүнөн казы көп,
Өлөңүнөн сазы көп.
Ала-Тоо мекен жери бар.
Ак калпак кыргыз эли бар.
Өрүшү малга толгон жер.
Жайыты малга толгон жер
Келини кере баскан жер, Кыздары
эндик казган жер. Жибек кемсел
кийинип, Жигити сулуу болчу
эле. Кызыл жибек кийинип,
Кыздары сулуу болчу эле.

Келенкер чачпак салынып,
Келини сулуу болчу эле.
Кен Таластай жер кайда?..
Таласка барсаң барып кел, Абыке,
Көбөш эки арам, Башына түйшүк
салып кел, Атаңдан калган сегиз
мүлк, Телегейи тегиз мүлк,
Калтырбастан алып кел: Биринчи
мүлк - **Ак кел те**. Атакеңе чак
келте.
Оозуна окту ашаткан,
Түбүн замбирекке жасаткан.
Оозунда бар он атаар, Белинде
бар беш атаар. Душманды көздөй
бурчу эле. Жер солкулдап
атканда, Алааматты кылчу эле.
Атаң Манас канкорум, Ошентип
жоону алуучу.
Көр Көбөштүн колунда, Алуучу
болсоң мүлк ошол! Атаңдан
калган **сыр найза**, Душманыңа
чыр найза, Тууганыңа туу найза,
Учу толгон уу найза Тийген
жерин ырбаткан, Сайган жерин
кулаткан, Жанып тийсе ыйлаткан.
Он эки кулач Сыр найза,
Душманыңа чыр найза.
Көр Көбөштүн колунда, Берүүчү
болсо ошону ал, Кара уста менен
Сары уста, Саргайып соккон
**Ачалбарс,** Караңгыда кызарган,
Кырк кулачка узарган.
Чөпкө койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен!
Көр Көбөштүн колунда,
Берүүчү болсо ошону ал,
Төгөрөгүн төгөгөн,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Он жети ай жатып өгөгөн.
Төбөсүнө муштумдай алтын чөгөргөн
Атаңдан калган **Айбалта,**
Абыке кулдун колунда,
Берүүчү болсо ошону ал,
Пил терисин каптаган,

Желим менен чаптаган.
Добушу күнчүлүк жерге угулган
Аттан түшпөй урушса,
Душманга салган чуулган.
Кереги тийчү **добулбас.**
Чоң Жакыптын колунда,
Алуучу болсоң мүлк ошол!
Букардын ак буласын алдырып,
Арасына болоттон төгүп салдырып,
Аркагын алтын зымдан жандырып,
Эришин күмүш зымга кандырып.
Чекесин кыялдатып ойдуруп,
Алтымыш келин, отуз кыз,
Оймокторун жойдуруп.
Бараңдын огу өтпөгөн,
Найзанын учу тешпеген.
Атаңдан калган **Аколпок,**
Көр Көбөштүн колунда,
Алуучу болсоң мүлк ошол.
Отуз теке терисин,
Ашаткысын келтирген,
Алтымыш эки балбанга,
Тарттырып ийин тептирген.
Кан Бакайдын келини,
Коно жатып иштеген.
Алманбеттин Арууке Алты ай бою тиштеген.
Энеңдин сайган жери билинбейт.
Жеңеңдин кайыган жери билинбейт,
Карап көздөр оюлган,
Кашка тиштер жоюлган.
Кылычтын мизи кеспеген,
Бараңдын огу тешпеген,
Жылаан боор бүктүргөн,
Жымылдатып тиктирген.
**Кандагай** деп аталган,
Муну кылган Каныкей.
Кан Кошойдон бата алган!
Чылбырың куру кетет деп,
Акылы артык кыз Сайкал,
Тартууга берген **Тайбуурул**
Тайбуурул жөнүн сурасаң.
Энеси күлүк марал баш,
Күлүктүгү жанда жок.

Жылкыдан мындай жаралбас! Атасы жапайы тулпар кулангдан, Көргөн душман күйүнгөн.
Минген киши сүйүнгөн,
Алты айчылык узак жол,
Алты күндө жүгүргөн.
Оң көзүндө калы бар.
Караңгыда жол жүрсө,
Кулагынын түбүндө,
Жарык кылчу шамы бар.
Тизгинде колуң карышкан,
Учкан куш менен жарышкан,
Шамалдан өзү бүткөндөй.
Атаң кан Манастын Буурул ат. Абыке,
Көбөш колунда.
Буурул ат тийсе колуңа
Балам душманың көөнү куурулат!
Эки-Аралдан өтөрсүң.
Улуу-Сууга жетерсиң,
Андан нары сен барсаң,
Таластын суусу ташкандыр,
Тал башынан ашкандыр,
Жаман кирип алгандыр,
Атың менен арбайып,
Кийимиң менен калдайып, Жалгызым, агып жүрүп кетерсиң. Кан Манастын арбагы,
Чолок чаар жолборсун,
Оң жагынан чамынтып,
Кара чаар ажыдаар.
Арт жагынан камынтып,
Оң колтуктан алар да,
Уй куймулчак Сарала ат. Уюлгуткан Алманбет.
Аяш атаң болучу,
Сол колтуктан алар да,
Наркы өйүзгө өткөрүп.
Көзүңдөн кайым болор го,
Ошондо сол бөйрөгүң таянып,
Солтонум атам деп ыйла.
Оң бөйрөгүң таянып,
Оёнум атам деп ыйла!
Күмбөзүнө зыярат кылып аларсың.
Андан нары бараарсың,

Агала тоонун бооруна,
Ак жору tууп таштаган,
Айкөл Манас бар чакта,
Ар жорукту баштаган.
Айылга келген катынды,
Ал, Ак тайган капчу эмес.
Абыке, Көбөш эки арам,
Ал тайганды жакшы бакчу эмес.
Келериңди билгендир.
Жолуңду тосуп жүргөндүр,
Этегиң менен эт бергиң,
Колуң менен май бергиң.
Аны ээрчитип аларсың,
Бакалуу көлдүн боюнда.
Чөп баскан жердин оюнда.
Көрбөгөнү көр болуп,
Көзүнүн жашы сел болуп.
Тартканы мээнет шор болуп,
Боз жоргосун чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Келериңди билгендир.
Жолуңду тосуп акмалап,
Төө кайтарып жүргөндүр.
Балам, жоолугарсың Бакайга.
Бакай сени эр кылат,
Эр уулу менен тең кылат.

5- **тапшырма**. Силерге түшүнүксүз сөздөрдү глоссарийден карап, маанисин чечмелегиле.

6- **тапшырма.** Жогорку үзүндүдөн Каныкейдин мекенчилдигин далилдеген саптарды таап, айтып бергиле. Семетейдин атасынан калган сегиз мүлкүн санап бергиле, алардын кандай өзгөчөлүгү бар экен, атагыла.

7- **тапшырма.** Туурасын «Т», катасын «К» тамгалары менен белгилегиле.

1. Каныкей Тайторуну төлгө кылып чабат. ( )
2. «Бакайга ишен», - дейт Каныкей. ( )
3. Абыке, Көбөш Бакайды төө кайтартып кор кармаган. ( )
4. Каныкей менен Арууке Кан Кошойдон бата алган. ( )
5. Аколпок Көбөштүн, добулбас Жакыптын колунда калган.( )
6. Манастын күмбөзүн Абыке, Көбөш салдырган. ( )
7. Таластын суусунан Семетейди Алманбет өткөрүп коет. ( )
8. Манастын Ак тайганы Семетейдин жолунан тосуп жүргөн. ( )

8- тапшырма. Төмөнкү сүйлөмдөрдү уланткыла.

1. Каныкей Семетейди 12 жашка чыкканча............................................

2. Каныкейдин жомогунда..................................................................

9- тапшырма. Ар бир сапта кайсы ысым ашык экенин тапкыла:

- Айчүрөк, Семетей, Сейтек, Карадөө.
- Чубак, Коңурбай, Нескара.
- Саякбай, Сагымбай, Сыргак.
- Бакай, Акбалта, Кошой, Жакып.

10- тапшырма. Айчүрөктүн Семетейге алгачкы жолукканын кара сөз менен баяндагыла.

11-тапшырма. Макалдардын экинчи бөлүгүн тапкыла.

а) Жигит өзү менсинет, ___________________________________

б) Калкка эп келсе, кан ___________________________________

в) Жигиттин сөзү өлгөнчө____________________________________

*Пайдалануучу сөздөр:* өзү өлсүн, жигитти ким теңсинет, төөсүн соёт.

11- тапшырма. Төмөнкү саптарды толуктап жазгыла.

Акундун кызы Чүрөктүн
______________бети көрүнүп,
Бели __________, бети айдай,
Белгилүү сулуу___________ ,
__________ аппак көрүнүп,
________________ керилип,
Сүйлөөргө_________ эринип.

*Керектүү сөздөр:* айдай, кындай, алкымы, түгөнгүр, сүлөөсүндөй, сөздөн.

12- тапшырма. Суроолорго жооп бергиле.

1) Семетейди ким тарбиялап өстүрөт, эмне үчүн?
2) Каныкей Тайторуну ат чабышка кошкондо кандай төлгө кылат?
3) Семетей эмне үчүн оң каарман?

13- тапшырма. Төмөнкү сөздөр менен сүйлөм түзгүлө: журт, жоо, кордук, чоро, кабылан, ак шумкар, саяпкер, ант берүү, устат.

14- тапшырма. Төмөнкү макалдарды чечмелегиле: «Өнөрүң болсо өргө чап, кор кылбай асыл жаныңды бак», «Акылдуудан башчың болсо, адашпайсың”, “Уулу жоктун - мууну жок».

***7- тема: «Сейтек»эпосу - «Манасты» жыйынтыктаганжана корутундулаган бөлүгү.*** Сейтектин бөтөн жерде туулуп өсүшү. Он үч жашка чыкканда атасы Семетей экендигин угуп, анын душмандарынан өч алууга киришкени. Таласка келип, чоң энеси Каныкейге, бабасы Бакайга жолугушу. Кулдукта калган элин эркиндикке чыгарып, атасынын ордун басышы. Бакай, Каныкей, Күлчоро, Айчүрөктүн кайып болуп кетиши.

**1- тапшырма.** «Оозеки тегерек стол» ыкмасы менен «Сейтек» эпосу жөнүндө кыскача маалымат айтып бергиле.

**2- тапшырма.** Сейтектин Карадөөгө кезигишин окугула.

Айдай катын Айчүрөк,
Аты Сейтек баланы,
Боз ала туйгун болпоң деп,

Көк жалдан калган чолпон деп.
Эрдикке салып Айчүрөк,
Күндүзүндө тынч албай
Түн ичинде уйку албай,
Эптеп бакты баланы.
Он үчкө бала келиптир.
Калкка Сейтек атыгып,
Күйүп турган чок чыгып,
Аюу карап, арстан кууп,
Аң издөөгө чыкты эле.
Жети өзөн талаа жер экен,
Басып бала барганда,
Алдыр-күдүр дөбөнү
Ашып бала барганда,
Кара кула ат минген,
Карагайдай айза алган,
Жазы маңдай, жайык төш,
Кыйын баатыр жан чыкты.
Аны көрүп эр Сейтек,
Жаны калбай кубанып,
Бегирээк дөөнүн бири экен.
Бет алып айза саяйын.
Астында минген айдай боз,
Олжо кылып алайын.
Деп ошентип эр Сейтек,
Жоо дегенде өрттөнгүр,
Жаркылдап күлүп сүйүнүп,
Баатырдыгы шердиги,
Атасы айкөл берендин
Дал өзүндөй көрүнүп.
Азыркы келген адамдын
Астынан чыкты эр Сейтек.
Карт дөө абаң өзү экен.
Ымандай ички сырларын,
Айтканы жүргөн кези экен.
Айта салып Таласка,
Кайтканы жүргөн кези экен.
Аласкар тоодой Карадөө
Актулпарды жетелеп,
Окоро түйгөн чоң чылбыр
Моюнуна салынып,
Сейтекке турду жалынып:
«Кадуудан аккан булагым,
Кайрандан калган

чунагым!
Айга белги желегим,
Айкөлдөн калган белегим!
Уу кылып чалсаң, жер мына,
Баатыр, ушалап ийсең, мен мына!
Калкынан азып кайгырган,
Карадөө абаң, мен мына!
Катыгүн, Сейтек, эл кайда?
Атаң канкор Семетей,
Орто Кеңкол жайлаган,
Он төрт тулпар байлаган.
Туйгун атаң турганда,
Душман мойнун бурбаган.
Ачуусуна тийгенде,
Те, Айгандын журту ыйлаган.
Кечээ Канчоро кан, Кыяз кан,
Каапырлар экөө биригип,
Белин бекем бууганда
Тайбуурулдан айрылып,
Бөлөк ат жүрбөй кайгырып,
Курчап душман толду эле,
Курган атаң кайран эр Талаадан
кайып болду эле.
Берен атаң жоголуп,
Өлгөнүн бу көз көрбөдү.
Калк чуркурап, чуу туруп,
Кетмендеп жерди
көмбөдү. Агыштын уулу
эр Кыяз,
Таласка төктү канымды,
Өрттөдү алтын тагымды.
Кордоп Бакай дөөмдү,
Кеңколдон тийди бээмди.
Татытты чыктап тузумду,
Талап кетти кызымды.
Чынарым кыркып балталап,
Тийген айдай Чүрөктү,
Тим эле алды олжолоп.
Чубактын уулу Канчоро
Колтук ачкан жоо
болуп.
Көкөрлөп төктү канымды,
Көрүнө кордоп карымды.
Көп күйгүздү жанымды.

**<u>3-</u>** **тапшырма**. Силерге түшүнүксүз сөздөрдү глоссарийден карап, маанисин чечмелегиле.

**<u>4-</u>** **<u>тапшырма.</u>** <u>Туура</u>

же ката жоопту белгилегиле. ________________________________________

| № | Ой-пикирлер | туура | ката |
|---|---|---|---|
| 1 | Айчүрөк Сейтекти кирдүү аяктан ичирбей, кирдүү кийим кийгизбей алдейлеп бакты. | | |
| 2 | Айчүрөк баласын бир тууганына берип бактырды. | | |
| 3 | Сейтек Семетей атасын тартып жанда жок баатыр болду | | |
| 4 | Карадөө Сейтекке найза качырып тосуп чыкты. | | |
| 5 | Карадөө Сейтекке элин, жерин таанытайын деп күтүп жүргөн. | | |
| 6 | Семетей баатырга душмандары баш көтөрө албаган. | | |
| 7 | Семетей Тайбуурулдан айрылган үчүн жоого туруштук бере албады. | | |
| 8 | Канчоро өз элине чыккынчылык кылган. | | |
| 9 | Кыяз Айчүрөктү олжолоп алган, кыргыз элин талап-тоногон. | | |
| 10 | Канчоро Бакай, Каныкей карыяларды кордоп мал бактырып койгон. | | |
| 11 | Семетей баатырды калкы жоктоп, чуу туруп, чоң урмат менен жерге берет. | | |
| 12 | Семетей өлгөнүн эч кимге көргөзбөй, талаадан кайып болуп кетет. | | |

**5 - тапшырма.** Манасчылар боюнча билген маалыматыңарды айткыла.

а) Жусуп Мамай - ___________________________

б)Сейдене - _________________________________

**6 - тапшырма.** Төмөнкү синоним сөздөрдү маанисине жараша дал келтиргиле.

| | |
|---|---|
| сыймык | согуш |
| салым | ой |
| жайылуу | кошумча |
| баатыр | мактаныч |
| пикир | душман |
| уруш | таралуу |
| жоо | эр |

**7 - тапшырма.** Төмөнкү сөздөрү боюнча Сейтекке мүнөздөмө бергиле:


Качан ашам, энеке,
Кара-Буура, Кең-Чаткал
Калк жайлаган белимди?
Качан көрөм, энеке,
Атадан калган мураапым
Аргын, кыргыз элимди?

**8 - тапшырма.** Төмөнкү үзүндү кайсы окуядан?

Күрсүлдөгөн куу кулдун
Оң далысын ойгула,
Оң кечирин сойгула!
Сол далысын ойгула,
Сол кечирин сойгула!
Кырк жылкычы, сексен кул Ошого отунчу, суучу

кылгыла!

**9 - тапшырма.** Күлчоро менен Канчорону салыштыргыла.




**10 - тапшырма.** Ар бир сапта кайсы ысым ашык экенин тапкыла:

- Күлчоро, Канчоро, Карадөө.
- Кыяс, Арууке, Айчүрөк
- Бакай, Көбөш, Алмамбет
- Аккула, Тайбуурул, Ачалбарс.

**11 - тапшырма.** № 1-14- тест суроолоруна жооп бергиле. Өзүңөрдү жана бири-бириңерди текшергиле.

**12- тапшырма. Сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө:** татаал шартта жол табуу, кыйынчылыктан куткаруу,

**13- тапшырма. Макалдардын экинчи бөлүгүн тапкыла.**

Алтын жерден чыгат, .................. Атаң барда эл тааны, ......................................

Жакшы жигит элин өргө сүйрөйт, .......... Элге эл кошулган - дөөлөт, ................

**Жообу:** элден эл бөлүнгөн - мээнет; атың барда жер тааны; баатыр элден чыгат; жаман жигит элин көргө сүйрөйт;

**14- тапшырма. Төмөнкү макалдарды чечмелегиле.**

«Ынтымагың болбосо, ит менен кушка жем болорсуң», «Жарды болор жигит, эринчээк болот».

**15- тапшырма.** Төмөнкү темалардын бирин тандап алып дилбаян жазып келгиле: “Ак калпак кыргыз журтуна Алатоодой бел болгон... ”(Манастын образы); “Үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган. ” (эпостогу аялдардын бейнеси), “Манас” эпосунун эртеңки өмүрү.

***8-тема: «Манас»эпосунун бүгүнкү, эртеңки өмүрү, эпосту дүйнө элдерине таанытуу боюнча иш-чаралар, Манас-Ордо комплекси, Манас айылы.***

«Манас»эпосунун 1000 жылдык маарекесинин илимий, практикалык мааниси жана иш жүзүндө аткарылган милдеттер. Эпостун академиялык басылышынын башталышы, илимий изилдөөлөрдүн чыгышы, чет тилдерге которулушу, илимий- теориялык конференциялардын өткөрүлүшү. 2011- жылдын 28-июнунда Президент Р. Отунбаеванын "Манас" эпосун сактоо, өнүктүрүү жана жайылтуу жөнүндө" КР Мыйзамына кол коюшу. «Манастаануу» курсун ЖОЖдордун окуу программаларына киргизүүнүн мааниси. Манас-Ордо комплексине, Манас айылына саякатка чыгуу. "Манастын" алдындагы жалпы бардыгыбыздын жана ар бирибиздин жоопкерчилигибиз" деген темада талкуу жүргүзүү.

**«Манастаануу» курсу боюнча тесттер жыйнагы № 1 - вариант**

**1. «Манас»эпосу жөнүндө алгач маалымат берген чыгарма:**
а) «Мажму ат-таварих» («Тарыхтар жыйнагы»)
б) «Кабус наама»
в) «Кутадгу билиг»

**2. Кыргыз элин чилче тараткан кытай каны:**
а) Коңурбай б) Жолой в) Алооке

**3. Алтайда эмгек кылууга чакырган кыргыз акылманы:**
а) Бакай
б) Акбалта
в) Кошой

**4. Жакып эсепсиз бай болгону менен эмнеге арман кылат?**
а) баласы жоктугуна
б) малын жаяр жайыт жоктугуна
в) эли-жеринен алыс жүргөнүнө

**5. Жакыптын түшү эмнеден кабар берет?**
а) бай болорунан
б) туугандарына жолугарынан
в) балалуу болорунан

**6. Манас төрөлгөндө Акбалта эмнеге кубанат?**
а) Жакыптын мураскорлуу болгонуна
б) эркек бала төрөлгөнүнө
в) эл-жерин тапчу баатыр болоруна

**7. Жаш Манасты Ошпурга койчулукка берүүнүн себеби:**
а) кытайлар кармап албасын деп
б) эмгекке бышсын деп
в) мал бакканды үйрөнсүн деп

**8. Манас Аккулага кантип ээ болот?**
а) жоодон тартып алат
б) Баба дыйкан менен эгин айдап, эгинге алмашып алат
в) атасы берет

**9. Манас түшүндө кылыч таап алганы эмнеден кабар берет?**
а) Алмамбет менен жолугуп, достошорунан
б) душмандары менен согушарынан

в) согушта жеңишке ээ болорунан

**10. Манастын жоого минсе чарчабас күлүк аты:**

а) Мааникер б) Аккула в) Көкчолок

**№2- вариант**

**1. Манастын насаатчы, акылман абасы:**

а) Алмамбет

б) Жакып

в) Бакай

**2. Манастын апасынын ысмы:**

а) Чыйырды

б) Канымжан

в) Бакдөөлөт

**3. Манастын акылман, билгич, кыраакы, ар өнөргө ээ жардамчысы:**

а) Бокмурун

б) Жолой

в) Алмамбет

**4. Манаска татыктуу жары:**

а) Санирабийга

б) Акылай

в) Карабөрк

**5. Манастын өзүнө тете баатыр чоролорунун бири:**

а) Коңурбай

б) Чубак

в) Жолой

**6. Элинен азган, туулуп-өскөн жеринен кеткен трагедиялуу баатыр**:

а) Жолой

б) Көкөтөй

в) Алмамбет

**7. Манастыууландырган туугандары:**

а) Эштек жана анын балдары

б) Жакыптын агасы Үсөндүн балдары

в) Атемирдин балдары

**8. Манас эмнени ыйык милдетим деп санайт?**

а) мал-мүлк жыюуну

б) бир аймактан экинчи орунга ооп, көчүп жүрүүнү

в) ата-бабадан калган эл-жерди жоодон бошотуп алууну

**9. Манас менен эр сайышка чыккан балбан кыз:**

а) Кыз Сайкал б) Арууке в) Алтынай

**10. Көп сандаган жоокерлерди түшүндүргөн сөз:**

а) батман б) түмөн в) карыш

**№ 3 вариант**

**1. «Каныкей» деген ысым эмнени түшүндүрөт?**

а) акылдуу б) чебер уз в) кан менен никеде турган

**2. Жолой менен күрөшүп, кыргыздын намысын алып берген баатыр:**

а) Кошой б) Көкөтөй в) Бакай

**3. Каныкейдин кыз кезиндеги ысмы:**

а) Арууке б) Санирабийга в) Карабөрк

**4. Манастын уулу:**

а) Семетей б) Эрмек в) Сыргак

**5. Манастын Ошпур койчуда козу кайтарып жүргөндө эле тегерегине өзү теңдүү балдарды топтоп, кийинки кырк жигиттин уюткусун түзгөндүгү кайсы сапатынан кабар берет?**

а) элди артынан ээрчите алган сапаты

б) кайраттуулугу

в)чечкиндүүлүгү

**6. Манастын дайыма акылман карылар менен кеңешип, алардын жөндүү, жүйөлүү сөздөрүн, берген акылын туура кабыл алганы анын кайсы сапаты?**

а) баатырдыгы

б) акыл деңгээлинин терендиги

в) эр жүрөктүгү

**7. Өздөн чыккан жаттар кимдер?**

а) Маңгул дөө б) Көзкамандар в) Канжаркол алп

**8. Манаска ыйгарылган «баатыр» деген наамдын кеңири мааниси:**

а) кара күч менен чечкиндүүлүккө ээ адам

б) илебинен ок чыккан тайманбас адам

в) элдин ээси, калк башында туруп таламын талашып, намысын коргоочу адам

**9. Баатыр кан болуу үчүн керек болгон маанилүү сапат:**

а) кара күч

б) элдин милдетин алуу, эл үчүн жооп берүү

в) күч-кубат, эр жүрөктүк

**10. Тууган жеринен сүрүлүп арып-азган кыргыз эли Манас төрөлгөндө эмнеге кубанышат?**

а) калкка тирек боло турган азамат төрөлгөндүгү үчүн

б) уул төрөлгөндүгү үчүн

в) балбан төрөлгөндүгү үчүн

**4- вариант**

**1. Манастын курч кылычы:**

а) Ачалбарс б) Аккелте в) Айбалта

**2. Манас төрөлөрүнөн эмнелер кабар берет?**

а) Ата-энеси карыганча баласыз жүрөт, укмуштуу түш көрүлүп, атайын аян болот, энеси жолборстун жүрөгүн күсөйт.

б) Эл талоонго түшөт.

в) эл байыйт

**3. Эмне үчүн эл Манас баатырды Айкөл деп атайт?**

а) тайманбастыгы үчүн

б) баатырдыгы үчүн

в) баарыга бирдей тең калыстыгы, кеңдиги үчүн

**4. Эпостогу улуттук оюндардын бири**

а) сурнай б) ордо в) камчы

**5. Манас—сүрдүү, каардуу жоокер эле эмес, жайдары адам экендиги кайсы эпизоддон көрүнөт?**

а) Алмамбетке жолукканда

б) Канжаркол менен чабышканда

в) он башы Тазбаймат бир адамдын эсебин таппай койгондо

**6. Кайсы сапаттары Манас баатырга көбүрөөк зыянын тийгизет?**

а) энөөлүгү, ишенчээктиги

б) күлгөндүн сырын билбеген, күңгүрөнө сүйлөгөн суздугу

в) сүрдүүлүгү

**7. Манастын жардамчылары:**

а) туугандары б) кырк чоросу в) журт башчылары

**8. Кырк чоронун башын коштуруп, эл кызматы үчүн пайдалана алгандыгы Манастын кайсыл сапаты?**

а) ишенчээктиги

б) баатырдык сапаты

в) акылынын тереңдиги, калыстыгы, пейилинин кеңдиги

**9. Эпосто кара күч менен билим, өнөрдү тең алып жүргөн адам ким?**

а) Алмамбет б) Сайкал в) Чубак

**10. Эмне үчүн Алмамбет терең трагедиялуу адам?**

а) Эли-жеринен бөлүнүүгө туура келгендиктен

б) Көкчөдөн кетүүгө туура келгендиктен

в) Апасынан айрылып калгандыктан

5- вариант

1.Эпостогу кыргыз элинин салт-санаасы, улуттук оюндары айрыкча

кенен сүрөттөлгөн эпизод
а) «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы»
б) «Алмамбеттин Манаска келип кошулушу»
в) «Көкөтөйдүн ашы»
2. Кошой баатырга Каныкей тартуу кылып батасын алган буюм:
а) курч кылыч б)накер өтүк в) кандагай шым
3. Манаска баш ийишкен кырк чоронун образы менен эл эмнени белгилейт?
а) күч бирдикте, ынтымакта экендигин
б) Манастын кыйындыгын
в) кырк чоронун алсыздыгын
4. Манастын эмчектеш бир тууганы, элге кызмат кылууну баарынан жогору койгон адам ким?
а) Көкөтөй б) Алмамбет в) Сыргак
5. Алмамбеттин курч акылы, билерман көсөмдүгү, согуш өнөрүн мыкты билиши кайсы эпизоддо айрыкча көрүнөт?
а) Чоң казат учурунда
б) Көкчөгө келип кошулганда
в) кыз Сайкал менен беттешкенде
6. Манас менен тең тууган, алышса адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн баатыр ким?
а) Кошой
б) Акбалтанын Чубагы
в) Ажыбай
7. Кырк чоронун эң кичүүсү, баарынын сүймөнчүгү
а) Сыргак
б) Чубак
в) Кыргыл чал
8. Манастын аталаш тууганы Байдын уулу:
а) Акбалта б) Бакай в) Ногой
9. Жолой дөөнү жыгып, элдин намысын коргоп калган баатыр:
а) Эр Көкчө б)Эр Төштүк в) Алп Кошой
10. Эпостогу чогоол баатыр, кара күчтүн ээси:
а) Чубак
б) Сыргак
в) Бакай

6- вариант

1. Сыпаа, сылык, кичи пейил баатыр:

а) Чубак б) Сыргак в) Бакай
2. Манасты Манас кылган акылман жары:
а) Каныкей б) Карабөрк в) Акылай
3. Кырк чоронун Манас баатырга чын пейили менен кызмат кылышынын негизги себептеринин бири:
а) Манастан корккондугу
б) Каныкейдин акылмандыгы, жөн билгилиги
в) Манастын баатырдыгы
4. Капилетте сөз таап, караңгыда көз тапкан баатыр аба:
а) Алмамбет б) Чубак в) Бакай
5. Кытайлар элди туш-тушка чачып бөлгөндө душмандарга багынбай койгон баатыр:
а) Сыргак б) Кошой алп в) Серек
6. Эч ким атып түшүрө албаган алтын жамбыны атып алган Манас аны Кошойго тартуу кылган себеби:
а) Кошойду ак сакалдуу кары, касиеттүү жан деп өзгөчө урматтайт.
б) коркот
в) башка, эч кимге бергиси келбейт.
7. Кыргыз элинин жакшы аял жөнүндөгү түшүнүк идеалы:
а) сулуу жар
б) акылдуу, чебер уз, сарамжал, баатырдын ишин уланткан жар
в) сымбаттуу, келбеттүү жар
8. Эмне үчүн Алмамбет Манаска башка аял ал деген ойду айтат?
а) баатырга үч аял да көптүк кылбайт деп ойлогон үчүн
б) Карабөрк менен Акылайдын акылсыз, орой, адепсиз, кишичилиги жок, баатырга ылайыктуу жар эместигине ынанган үчүн
в) Манас бойдок болгон үчүн
9. Кыргыз элин чабылып-чачылууга алып келген нерсе эмне?
а) биримдиктин, ынтымактын жоктугу, эндекейлик, камырабастык
б)кедейлик
в) коркоктук
10. Эпостогу батасы журтту байыткан”, "байланып калган базардын жолун ачкан, бекип калган бейиштин эшигин ачкан” касиеттүү адам:
а) Кошой б)Чыйырды в) Манас

7 - вариант

1. Кыргыз эли кандай учурда жоосун жеңип, жерин бошотуп, кадыр- баркка жетишти?
а) биримдешип, башы кошулганда

б) байыганда
в) жоо алсызданганда
2. Манас өзүнө кандай кыз жагарын эскертет?
а) сулуу болушун
б) акыл-эстүү, чебер уз, сарамжалдуу жана назик-сулуу болушун
в) келбети келишкен ай чырайлуу болушун
3. Эпостогу терс каармандар кимдер?
а) сырттан келген эле баскынчылар
б) өздөн чыккан жаттар
в) сырттан келген баскынчы, зордукчулар жана ичтен чыккан бузуктар.
4. Нускалуу, акылман кары, калк атасы:
а) Кошой
б) Чубак
в) Шууту
5. Алмамбеттин жары
а) Карабөрк б) Арууке в) Оронгу
6. Манасты аттан эңип кете жаздаган баатыр кыз
а) Бурулча б) Арууке в) Сайкал
7. Татаал образдардын бири
а) Жакып б) Алооке в) Молто
8. Кудайдан зарлап сураганда Жакып кандай бала тилейт?
а) мал багар эмес, журт багар бала болсо дейт
б) жыйган дүйнөсүнө, мал-мүлкүнө ээ болор бала болсо дейт
в) баатыр бала болсо дейт
9. Коңурбайдын негизги куралы
а) боюндагы баатырдык кубат
б) абийирсиздик, кара ниеттик менен алдоо, амал-айла
в) баатырдык салтты сактай билүү
10. Эпосто Манастын айтылуу Аккелте мылтыгы «Түтүнү туман, түбү Ыспан» делип сүрөттөлүшү эмнеден кабар берет?
а) Эл чабылып-чачылып кордук көрүп, айдоодо жүргөндүгүнөн
б) башка элдер менен мамилелеш, алакалаш болуп турганынан
в) ал мылтыктын мыктылыгынан

8- вариант

1. Курама жыйып журт кылган, элди бириктирген баатыр?
а) Алмамбет б) Кошой в) Манас
2. Манастагы негизги сапат:
а) Элге кызмат кылуу

б) боюндагы баатырдык кубат
в) күндөп-түндөп тепендеп дүнүйө жыюу
3. Баласы жок арман кылган каарман
а) Алооке б) Жакып в) Молто
4. Өнөр, билим жактан теңдеши жок баатыр:
а) Манас б) Чубак в) Алмамбет
5. Манас алдындагы максатына жетүү үчүн:
а) күч жумшап, башкаларды мажбурлайт
б) өз керт башынын мисалы аркылуу башкаларга таасир этет.
в) мал-мүлк жыйнайт
6 . Зор таланттуу манасчылар:
а) Саякбай Каралаев, Сагымбай Орозбаков
б) М. Ауэзов, К. Рахматулин
в) Ч.Валиханов, В.В.Радлов
7. Манастын кырк чоросунун ар бирине кийим-кечек, соот, курал- жарак, минер атына чейин күн мурунтан даярдап койгонунан Каныкейдин кайсы сапаты байкалат?
а) көрөгөчтүгү, уздугу, сарамжалдуулугу
б) уздугу
в) назиктиги
8. Манастын башкы максаты:
а) дүнүйө жыюу
б) чабылып-чачылган элдин башын коштуруп, ата-бабадан калган Мекенине чогултуу
в) башка элге баскынчылык кылуу
9. Манас кандай баатыр?
а) жеке өз башынын камын ойлогон
б) мал-мүлк, дүнүйө жыйган
в) жеке өз башынын эмес, элинин намысы үчүн өлүмгө башын байлап, курман болууга даяр турган
10. Жакыптын мүнөз — сапатындагы негизги белги
а) эл-жерди коргоо
б) баладан мал-дүнүйөнү жогору коюу
в) Ата-Журтту баскынчылардан бошотуу

№ 9 - вариант

1. Алмамбеттин образында кандай элдик түшүнүк берилген?
а) баатырдыкты жогору коюу
б) өнөр, билим алда канча жогору турат деген түшүнүк

в) мал-дүнүйөнү жогору коюу
2. Эпосто кыргыздардын Аксы менен Күчөрдөн ичерине чай алып турганы эмнеден кабар берет?
а) Эл чабылып-чачылып кордук көрүп, айдоодо жүргөндүгүнөн
б) башка элдер менен соода мамилелелеш, алакалаш болгонунан
в) ошол чайлардын атактуулугунан
3. Эпосто күчтүү, калың жоого каршы туруштук берүү үчүн эмне кылуу керектиги айтылат?
а) ченде жок баатыр керектиги
б) кыргыз урууларынын башын кошуп, биримдик түзүү керектиги
в) жоого капыстан кол салуу керектиги
4. Коңурбайды дайым коркунучтан аман алып калуучу канаттуу күлүгү
а) Алгара б) Сарала в) Аккула
5. Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздү кой:
.... келет ороңдоп, арасынан чачынын, отуз-кырк чычкан сороңдоп
а) Алгара б) Ороңгу в) Сарала
6. Кыргыздардын чабылып-чачылган себеби
а) кедейликтен б) чабал болгондуктан
в) биримдиги жоктугунан, эндекей жатып, кенебегендигинен
7. Эпосто эл бакыбат дөөлөткө кантип жетишет?
а) арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу
б) мал-мүлктү көп жыюу аркылуу
в) аскери көп болгондуктан
8. Акылы курч, согуш өнөрүн мыкты билген баатыр:
а) Чубак б) Сыргак в) Алмамбет
9. Жолойду терс каарман кылып турган сапаты
а) Өгүз көөдөндүгү
б) ички дүйнөсүнүн жардылыгы
в) балбандыгы
10. Эпосто Манас "сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын" үчүн эмне кылуу зарыл делип түшүнүлөт?
а) керт башынын камын көрүү
б) дүнүйө менен малдын артынан түшүү
в) эмгекке тарбиялоо

№ 10 - вариант

1. «Манас»эпосун изилдеген окумуштуулардын бири:
а) Шапак Рысмендеев
б) Багыш Сазан уулу

в) Ч.Валиханов
2. “Сейтек” эпосу:
а) Алооке кандын кыргыздарды чилче таратышын баяндайт
б) элдин өз максатына жетип, тынчтык орногондугун баяндайт
в) Алтайга сүрүлүп баргандагы кыргыздардын турмушун баяндайт
3. Манасчылык өнөр эмнеси менен уникалдуу?
а) өз вариантын түзгөндүгү менен
б) чыгарманын бардык окуяларын билгендиги менен
в) манасчы эске тутуусу мыкты талант, өзү актер, өзү аткаруучу, өзү обончу болгондугу менен
4. “Манастагы” өзөктүү идеялардын бири:
а) керт башынын гана камын көрүү
б) достук идеясы
в) мал-мүлк жыюу
5. Элдик уламыш, аңыздар боюнча биринчи манасчы
а) У.Мамбеталиев
б) Сейдене
в) Ырамандын Ырчы уулу
6. Кан Манастын аялы Каныкей мал багып, үй тигип, курал-жарак камдап, жоо кийимин тиккени кайсыл сапаты?
а) акылдуулугу б) сулуулугу в) арыбай мээнеттенгени
7. Сараңдыктын, ачкөздүктүн үлгүсү
а) Жакып б) Коңурбай в) Алгара
8. Каармандардагы оң сапаттардын бири
а) сараңдык б) үзүрлүү, кажыбас эмгек в) ачкөздүк
9. 1952- жылы өткөзүлгөн илимий сессияда каралган маселе:
а) «Манас»эпосу баатырдык эпоспу деген маселе
б) «Манас»эпосу элдик чыгармабы деген маселе
в) манасчыларга сыйлык берүү жөнүндөгү маселе
10. Алмамбет казактардан эмне себептен кетет?
а) мал-мүлк талашып
б) Көкчөнүн жакындары анын мыктылыгын көрө албай чагым кылган үчүн
в) Манаска жолугуш үчүн

## № 11 - вариант

1. «Жыйырманчы кылымдын Г омери» аталган манасчы
а) Шабдан Жантаев б) Байтик баатыр в) Саякбай Каралаев
2. Алтайда кырк үйлүү кыргыз байлыкка кантип жетишет?
а) баскынчылык менен

б) эгин айдап, алтындын кенин казып жан баккан эмгек менен
в) башкалардын мал-мүлкүн тоноо менен
3. «Айтканыма көн бурут, Мааникерди бер бурут», -деп Коңурбай кай жерде чатак чыгарат?
а) Чоң казатта б) Көкөтөйдүн ашында
в) Алооке Манастан коркуп качканда
4. «Манас»эпосун изилдеген окумуштуулардын бири:
а) В.В.Радлов б) Тыныбек в) Сагымбай
5. «Элдүүнүн баары эл экен» деп арман кылган баатыр:
а) Алмамбет б) Чубак в) Сыргак
6. Кошой кийген кандагайды эле бир жарым жыл иштеткени Каныкейдин кайсыл сапатын айгинелейт?
а)сулуулугун
б) үзүрлүү, кажыбас эмгегин
в) назиктигин
7. Манастын атагынын бийик даражага көтөрүлүшүнө салым кошкондор
а) чоролору б) сырттан келген баскынчылар в) жоо-жарагы
8. Семетейдин негизги максаты:
а) мал-мүлк, дүнүйө жыюу
б) кыргыз элинин биримдиги үчүн күрөшүү, эли - жерин сүйүү,
в) өз кызыкчылыгын ойлоо
9. Манастын кырк чоросунун арасында алтымыш уруу тил билген Ажыбай, сөзгө жүйрүк, тили жатык, Ырчы уул, Агыш, Көгүш аярлары ж.б өнөрлүүлөрү көп болгону эмне жөнүндө айтып турат?
а) эл достугунун кубаттуу күчү жөнүндө
б) өнөр ээлери, өзгөчө билимдүүлөр жогору бааланары жөнүндө
в) каармандардын баатырлыгын даңазалоо жөнүндө
10.Эл самаган баатырды тапкан, кең пейил, токтоо, бир калып мүнөздүү эне
а) Бакдөөлөт
б) Канымжан
в) Чыйырды
1. Залкар манасчы:
а) Тыныбек б) Шабдан в) Байтик баатыр
2 . Эпосто күчтүү, калың жоого каршы туруштук берүү үчүн эмне кылуу керектиги айтылат?
а) ченде жок баатыр керектиги

б) кыргыз урууларынын башын кошуп, биримдик түзүү керектиги
в) жоого капыстан кол салуу керектиги
3. Коңурбайдын терс каарман экендигин белгилеген сапаты:
а) кара күчтүн ээси болгону
б) чыккынчылыгы
в) алдамчылык, амал-айла колдонгону
4. «Манас»эпосу кандай чыгарма?
а) Жакыптын мураскорлуу болгонун баяндаган чыгарма
б) уруулар арасындагы карама - каршылыкты баяндаган эпос
в) кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, каада-салтын кеңири чагылдырган, эли-жерин сүйүүгө тарбиялаган улуу рухий мурас
5. Атка жеңил, тайга чак, элпек, шамдагай, курч баатыр
а) Сыргак б) Чубак в) Ажыбай
6. “Семетей” эпосунда биринчи планда турган көрүнүш:
а) сырттан келген баскынчылар менен согуш
б) уруулар арасындагы чатак, ички карама - каршылык
в) эли-жерин сырткы баскынчылардан бошотуу
7. «Манасты» жазып алууда манасчыга эмне кыйынчылык келтирген?
а) кагаздын жетпей калгандыгы
б) Агын суудай аркырап, бир дем менен айтылган «Манасты» улам токтоп айтуу, ойду токтотуп, кайра башынан түшүү
в) магнитофондук тасма бүтүп калгандыгы
8. XIX кылымдын башында жашаган залкар манасчы.
а) Чубак б) Сыргак в) Келдибек
9. Алманбет менен Чубактын чатагы эмнеден чыгат?
а) чалгынга бирге барбай калгандыктан
б) мал-мүлк талашып
в) кол башчы болууну талашып
10. Эпостун башкы идеясы:
а) бай жашоо
б) эркин, көз каранды болбой жашоо.
в) чет жерде жашоо

№ 13 - вариант

1. «Сөзмөр кыргыздар жөнөкөй сүйлөгөндө да жамактатып, ырга айландырып кетет»,- деп жазып кеткен окумуштуу?
а) Ч.Айтматов
б) В. В. Радлов
в) Б.М. Юнусалиев
2. «Манастын» өзү айткан вариантын өзү кагазга түшүргөн манасчы
а) Абай
б) Тоголок Молдо
в) Ырамандын Ырчы уулу
3. Эпосто күчтүү, калың жоого каршы туруштук берүү үчүн эмне кылуу керектиги айтылат?

а) ченде жок баатыр керектиги
б) кыргыз урууларынын башын кошуп, биримдик түзүү керектиги
в) жоого капыстан кол салуу керектиги
4. Эмне үчүн Сагымбай Орозбаков улуу манасчы?
а) чыгарманын бардык окуяларын билгендиктен
б) манасчылардын баарынан улуу болгондуктан
в) тили таасирдүү, акындык чеберчилиги ташкындаган сүрөткер болгондуктан
5. Эпостогу терс каармандар кимдер?
а) сырткы душмандар
б) Алгара, Сарала
в) сырттан келген баскынчылар жана ичтен чыккан бузуктар.
6. Эпостогу оң каарман:
а) Бакай б) Нескара в) Көкчөкөз
7. «Чоюке - чынар, мен - чырпык» деп баа берген манасчы
а) С.Каралаев
б) Мухтар Ауэзов
в) Каюм Мифтахов
8. Манаска күмбөз салдырган баатыр:
а) Чубак б) Каныкей в) Кыргылчал
9. «Манас»эпосунун 1000 жылдык мааракеси качан өткөрүлгөн? а) 1995-жылы б) 2000-жылы в) 2011 -жылы
10. «Манас»эпосун биринчи жазып алган казак окумуштуусу:
а) К. Мифтаков б) Ч. Валиханов в) Келдибек

№ 14 - вариант

1. Кыргыздар тууралуу эң алгачкы маалымат кайсы тарыхый булакта жазылып калган?
а) «Кутадгу билиг»
б) Кытай летописинде биздин заманга чейинки II кылымда, 201-жылы
в) «Кабус наама»
2. Үмөтөйдүн кунуна Тайбуурулду тартуу кылуу жөнүндө ким кеңеш берет?
а) Семетей б) Канчоро в) Күлчоро
3. Кандагай-бул:
а) согуш б) баатырлар кийчү шым в) күлүк ат
4. «Манас»эпосун изилдеген чет өлкөлүк окумуштуу?
а) Колин Друри
б) Ниенке ван дер Хейде
в) Шерлок Холмс
5. «Манастаануу» илиминин Кыз Сайкалы деген барка ээ болгон окумуштуу:
а) П.Фалев б) Р.З.Кыдырбаева в) А.Н.Бернштам
6. «Манас» эпосунун негизинде эң биринчи жазылган пьеса?
а) Ж. Бөкөнбаев «Семетей»
б) Ж.Садыков “Манастын уулу Семетей”

в) Ж.Садыков “Айкөл Манас”
7. Кандай учурда эл тозуп, кызыл кыргынга учурады?
а) жоо күчтүү болгондо
б) баатырлар аз төрөлгөндө
в) эл биримдиктен ажыраганда
8.Эсенкан Көзкамандарды Манаска эмнеге жиберет?
а) учурашып келсин деп
б) Манаска чыккынчы жиберип амал таап өлтүрүү максатында
в) туугандарын сагынды го деп ойлогондуктан
9. Байыркы индустардын адабий тили - санскритте «Манас»термини эмнени түшүндүрөт?
а) акыл-эс, адамдын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү
б) чоң баатыр
в) бай адам
10. «Манас» эпосун изилдеген чет өлкөлүк окумуштуу:
а) Маркварт б) Бей-Тин
в) Нурбек Эген
«Манастын» көркөм тексти, мазмуну боюнча табышмактар

1- табышмак. Бул үзүндү кимдер жөнүндө? Окуянын аягы кандай болот?
Калтырып барат бийликтен,
Кара жолтой Көкчөгө
Калабалуу бу кытай
Кайдан келип кийликкен?
Ага-иниден чыр чыкса
Ана-мына дечү элек,
Анча-мынча дүйнө алып
Макул кылып жечү элек.
Балааны кылды бул калмак,
Калысмын деп бүтүрүп,
Калкты бузду куу калмак.
Көкчө баатыр эр эле,
Көңдөй терек неме эле,
Катынын бирөө караса
Касаптай турган неме эле.
Катының жакын деп койсок
Өлбөй тирүү калбас деп,
Алтымышы жыйылып,
Акылдашып алышты,
Алмамбеттен айрууга
Кеңеш кылып

салышты...
2- табышмак: Бул сөздөрдү ким качан, кимге айтып жатат?
Мааникерди талашуунун себеби эмнеде?
Манас келсе көрүпсүң,
Арчатору тулпарды
Астына тартуу
берипсиң,
Мусулмандын төрөсүн
Менден өөдө көрөсүң,
Мааникерди берерсиң,
Мааникерди
бербесең Балакетти
көрөрсүң!
3-табышмак.
Бул кайсы баатырдын тулпары?
Айгай укса шашпаган,
Ай карангы түндө да,
Бир изин жаза баспаган.
Кетмен туяк, коен жон,
Жакалаша келгенде,
Жылан сындуу
жойлогон Уй куймулчак
Сарала
3- табышмак.
Бул үзүндү кайсы окуядан?
Куланы алсаң колуңа
Кыялың өсүп чечилет,
Кырсыктын баары кесилет.
Чалгынга минсең чарчабайт,
Оорукка минсең, оорубайт,
Артык тулпар мал ошол.
Жолуң шыдыр, шар болсун,
Жолдошуң кызыр, эр болсун.
Жалгыз башың көк жалым,
Өзүңө тете кырк болсун!
Деп ошентип Манаска Баба
дыйкан кезигип,
Батасын берип койгону
4- табышмак.
Бул кайсы балбан?
Төбө чачы сүксөйүп,
Жеп ийчүдөй үксөйүп.
Качырган каман төштөнүп,
Алуучу аюу көздөнүп,

Мурунун таноосу,
Сеңирдүү тоонун баткалдай.
Бир көзүнө карасаң,
Бакалуу көл-буткулдай.
Кашы өрттөнгөн токойдой.
5- табышмак.
Бул сөздү ким жана кандай кырдаалда айтат?
Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң.
Калың бороон, катуу күн,
Кулунум, канчалык өтөр башыңан.
Кыр-кырда кыргыз элиңе
Кызыккан жандар дагы бар.
Кылчайбай канды агызар.
Суроодон угар дайныңды,
Күтүнбөстөн сен жатсаң
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда,
Куусаң жетпей калбаска,
Ок жетпеген ат камда.
6- табышмак.
Бул сөздөрдү ким, эмне себептен айтат?
Тебелеп келген калмактан,
Намысым кайрып мен алдым, аяш!
Эл намысы деп жүрүп, аяш,
Мен эгиздерди жеп алдым, аяш!
Мен канатым өрткө алдырдым аяш!
Кабыландын баарысын
Мен каканчыга чалдырдым, аяш!
Ач арстан, ары шер,
Жардыгында өлбөдүм, аяш!
Алмамбет, Чубак, Сыргагым,
Бардыгында өлбөдүм, аяш!"
7- табышмак.
Бул сөздөрдү ким айтып жатат?
Балага кандай тарбия берүү керектиги айтылат?
Аңдасам балаң акыл аз,
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас,
Мал азабын балага Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга Алты ай малай берели,
Эркелетип олтурбай Катыктырып көрөлү.
Сөз айтууга жатыксын,
Сөөгү бышып катыксын.

8- табышмак.
Бул кайсы окуядан?
Бул үзүндүдөн Манас баатырдын кандай сапаттары көрүнөт?
Он калмактын бирөөбү
Озунуп келип Жакыпты
Оройго камчы салганы.
Башына камчы чабылды,
Тегеректеп он калмак Бай Жакыпка жабылды.
Атасын көрүп жаш Манас Урушмакка камынды.
9- табышмак. Бул ким?
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен Күнүндүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Асмандагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.

Табышмактардын жообу: Манастын Кичи Казатта баатырларынан айрылып, аларды жоктоп тургани; Манастын алгачкы эрдиктерин баяндаган окуя, жаш Манастын намыскөйлүгүн, жалтанбастык сапаттарын көрөбүз; Манас; Алмамбеттин тулпары; Казак билермандары Алмамбеттин эл ичинде кадыры артып баратканына ичтери күйүп, Көкчөгө Алмамбетти жамандашы; Манас баатырдын Баба Дыйкан менен эгин айдашы; Кошойдун сөзү; Жакып баласын эмгекке тарбиялоо керектигин айтат; Жолой; Көкөтөйдүн ашында Коңурбайдын Бокмурунду коркутуп айткан сөзү;

1-модулдун суроолору

1. «Манас»эпосунун идеялык мазмуну, камтыган тарыхый доорлору
2. «Манас»эпосундагы эркиндик, мамлекеттүүлүк, достук идеялары.
3. «Манастын» жети осуяты, анын улуттук идеялогиядагы ролу.
7. «Манас»эпосунун кыргыз турмушундагы практикалык мааниси.
8. Манасчылар - руханий маданиятты сактоочулар.
4. М.Ауэзов жана «Манас».
9. Манас»эпосунун өзөк окуялары.
10. С.Каралаев - феномен айтуучу.
11. С.Орозбаков жана «Манас».
12. «Манас»трилогиясын жазып алуу, изилдөө тарыхы.
13. «Манастаануу» илиминин башаты: Ч.Валиханов. В.Радлов.
14. Р.З. Кыдырбаева - Манастаануу илиминин кыз Сайкалы.
15. «Манас»эпосунун башка тилдерге которулушу, изилдениши.
16. Ы.Абдрахманов - фольклор жыйноочу жана манасчы.
17. Тоголок Молдо - манасчы жана фольклорчу.
18. Улуттук «Манас Ордо комплекси», Манас айылы.

2-модулдун суроолору

1. 1952-жылдагы «Манас»эпосуна арналган илимий конференция.
2. «Манас»- тарыхый, баатырдык эпос.
3. Алмамбеттин жомогу.
4. Көкөтөйдүн ашы.
5. Чоң казат.
6. «Семетей» эпосунун өзөк окуялары.
7. Каныкейдин Тайторуну чапканы.
8. «Манас»эпосундагы оң,терс каармандар.
9. Эпостогу аялдардын образы.
10. «Ат - адамдын канаты». Эпостогу тулпарлар.
11. Аалам-адам, жакшылык-жамандык түшүнүктөрүнүн берилиши.
12. «Манас»жана кино, театр, музыка.
13. «Манас»жана скульптура, сүрөт, архитектура искусствосу.
14. «Манас»- улуттук маданиятты изилдөөнүн булагы катары.
15. «Манас»эпосундагы каада-салт, ырым-жырым, адеп-ахлак.
16. «Манас»эпосундагы меймандостук, жоомарттык түшүнүктөрү.
17. «Манас»эпосундагы философиялык ойлор.
18. «Манас»эпосу-бүгүнкү күндө жана келечекте.

Рефераттын темалары:

1. Кыргыз элинин маданий, адабий мурастарынын түбөлүктүүлүгү.
2. Элдик фольклор жана этнопедагогикалык тарбия.
3. Кыргыз мамлекеттүүлүгү «Манас»эпосунун контекстинде.
4. Кыргыз тарыхы - «Манас»эпосунда.
5. Манасчылык өнөрдүн уникалдуулугу.
7. «Манас»эпосунун дүйнөлүк маданияттагы орду.
8. «Манас»эпосундагы баатырлардын образдары.
9. Эпосто элдик философиянын чагылдырылышы.

***«Манастаануу» курсу боюнча баштапкы топ үчүн түзүлгөн сынак тапшырмалары (жазуу түрүндө)***

1. «Манас»үчилтигинин негизги темасы, идеясы эмнеде?
2. Эмне үчүн эл Манасты Айкөл деп атайт?
3. Эмне үчүн Алмамбет трагедиялуу баатыр?
4. Манасчылардан кимдерди билесиңер? Манасчылык өнөрдүн уникалдуулугу эмнеде?
5. Сүйлөмдөрдү уланткыла:


а) Бакай оң каарман, анткени ..
б) Семетей баатыр 12 жашка чыкканча......


6. Сүйлөмдөрдү уланткыла:

*а) Кошой оң каарман,* анткени....

б) Коңурбай терс каарман, анткени ....

7. Кластерди толтургула:




8. Күлчорого жана Канчорого мүнөздөмө бергиле.
9. Сейтекке мүнөздөмө бергиле.
*Семетейге мүнөздөмө бергиле.*

10. 1) Көп чекиттин ордуна керектүү сөздөрдү койгула. Айчүрөккө мүнөздөмө бергиле.

Акундун кызы ........... ,
Ал ................ зайыбы.
Кереметтүү, жөн билги,
Бир кылча жок ...........
Кең көйнөктүн ...........,
Ургаачынын паашасы.

Керектүү сөздөр: айыбы, Айчүрөк, тазасы, Семетей.

11. “Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени - Семетейдин ажалынын жеткени” деп эмне үчүн айтылат?

12. Сейтек эмнеге бөтөн жерде туулуп өсөт? Карадөө ага эмне жөнүндө баяндап берет?

13. Кайсы опера 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосу менен адабиятынын он күндүгүндө жогорку баага татыктуу болгон?

14. Турпагын Алайдан барып алдырып,
Алты жүз төөгө жүктөтүп,
Күлботосун кең Чаткалдан тарттырып.
Алты миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салган.
Алты кылым өткөнчө,
Ушу турган Таласка,
Турар бекен деп салган.
Кең-Колдун куйган чатына,
Жети миң эркеч майына,
Кыш бышырып бек салган.
Жети кылым өткөнчө,
Ушу турган Таласка,
Турар бекен деп салган эстелик кайсы? Аны ким, качан салдырган?

15. Согушка кирер алдында жоокерлерге Манас эмне жөнүндө эскертет, бул сапат кайсы осуятка туура келет?

16. Бул үзүндү кайсы окуядан кабар берет?
Өткөн иштен баштады,

Жалгызынын алдына,
Баарын айтып таштады:
Жибек кемсел кийинип,
Жигити сулуу болчу эле.
Кызыл жибек кийинип,
Кыздары сулуу болчу эле.
Келенкер чачпак салынып,
Келини сулуу болчу эле.
Кен Таластай жер кайда?!

17. Кыз Сайкалга мүнөздөмө бергиле.
18. Мааникерди бер деп чатак салган Коң төрө аягында чырды өзү кантип басты?
19. Он бир дуу-дуунун бири, Дангу шаарынын улугу Кайып менен болгон согушта Манас кандай тартууга ээ болот? Аккула тулпарын Манас кайдан таап алат?
20. «Ар бири өзүнчө зор дүйнө, түгөнгүс байлык»,-деп Ч. Айтматов кайсы өнөрдү белгилеген? Улуу жана кенже эпосторду атап бергиле.
21. КУМОК деген аталышты чечмелеп бергиле. Ага кайсы жылы мындай статус берилген? Комплексте курулган объектилерди атагыла.
22. 1965-жылы Оберхаузен кинофестивалында баш байгени жеңип алган фильм кандай аталат, ким жөнүндө тартылган, кайсы режиссер тарткан?

***«Манастаануу» курсу боюнча улантуучу топ үчүн түзүлгөн сынак тапшырмалары***

1. «Манас» эпосунун уникалдуулугу эмнеде?
2. Бул сөздөр кимге тиешелүү? Кимге карата айтылып жатат? Бул үзүндү боюнча ал эки каарманга мүнөздөмө бергиле.

Аттигине, атаке,
Акылыңыз канаке?
Кудай салган ажалдан,
Кутулган жүргөн экенсиң.
Куу дүйнөнүн түбүнө,
Куусаң кантип жетесиң?
Коркуп жүрүп кор болуп,
Кордукка көнгөн экенсиң!
Коркуп жүрүп бирөөдөн Мен
короого малды жыйбадым,
Жалынып жүрүп бирөөгө Мен
жайытка малды жыйбадым Калмак,
кытай биригип,
Кастыгы менде турбайбы,
Калмактан коркуп калтырап,
Кытайдан коркуп кылтылдап,
Жүрсөм кудай урбайбы.

3. Байыркы индустардын адабий тили - санскритте «Манас» термини эмнени түшүндүрөт?

4. Сапарыбыз карыбас,
Кезип жүрөр кез келди.
Кайып болгон биздердин
Жогубузду билгизбей,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Жолотуп жоону киргизбей,
Журтка балаа тарттырбай Өрүшкө
душман жолотпой,
Баш көз болор Сейтек бар,
Биздер кеттик сапарга,
Өлбөс журтум, кошкула!,-деп коштошуп, кайып болуп кеткен беш каарман ким? Эмне үчүн эл алардын түбөлүк өлбөс болуп калышын каалайт?
5. Эпосту ар тараптуу изилдөөгө салым кошушкан окумуштуулар жөнүндө баяндап бергиле.
6. «Маджму -ат-таварих» эмгеги эмне жөнүндө, эмнеси менен баалуу? Автору ким? Кол жазманын канча нускасы белгилүү?
7. «Манас»эпосунда кайсы тарыхый бурулуш доорлор чагылдырылган?
8. Төмөнкү саптарда эмне жөнүндө баяндалат?
Кана, чыгыңарчы каныңар,
Чыгым тосор жаныңар,
Калп айтпаган чыныңар,
Казатка чыгар тыңыңар
Кандыкка бириң чыгыңар!
Беттешкен жоого белдүүңөр
Белдешкен жоого демдүүңөр,
Өткүр чечен тилдүүңөр,
Өкүмөт жөнүн билчүүңөр!
9. Чоң казатка аттануу учурунда чогулган кол Манастын артынан ээрчип барууга кантип макул болушат? Манас элге кантип таасир этет?
10. Каныкейге таандык мыкты сапаттар кайсы окуялардан көрүнөт?
11. Бул сөздөрдү ким, качан, кимге айтат? Ал эки каарманга мүнөздөмө бергиле.
Канаты менен учуучу,
Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болмогу
Экөөбүздөн болуучу.
Бузулуш бизден чыккан соң,
Бутунан тартып жыккан соң,
Пил да болсок жыгылдык,
Миң да болсок кырылдык!
12. Бул сөздөрдү ким, качан, кимге айтат? Ал эки каарманга мүнөздөмө бергиле.
Балам, айтканына көнөлү,
Ыгына дың дебестен кирели.
Алтайдан күткөн сан кара Баарын

тартуу кылып берели.
Курган жан аман калалык,
Сулуу кыздан бир тогуз
Тандап тартуу кылалык,
Жанды сактап туралы.
Кыйналып калган жан элек,
Тирүү жүрбөй баштатан,
Кулунум, кырылып калган эл элек.
13. Тууган жеринен сүрүлүп арып-азган кыргыз эли Манас төрөлгөндө балбан төрөлгөндүгү үчүн эле кубанышабы? Элдин тилеги эмнеде эле?
14. «Манас»эпосунун мазмунунан алынган бир осуятты жазып, чечмелеп бергиле.
15. «Өпкө-бооруң куйкалайт, өзөктөн күйгөн өрт жаман, өз ичиңден талкалайт, өздөн чыккан жат жаман!», - деп ким, эмне үчүн айтат? Өздөн чыккан жаттар кимдер? Алардын зыяны кайсы окуяларда көрүнөт?
16. Бул үзүндү кайсы окуядан? Ким кандай төлгө кылды? Андан ары эмне болду?
Кең-Колум өңдүү жер кайда,
Төлгөгө чапсам Тайтору Султаным
Манастан калган журт эле,
Аргынды көрөр күн кайда,
«Жеңемдин аты экен»-
деп Капа кылбай сүрөөчү,
Каралды кылар белим жок,
Каралды кыргыз элим жок.
17. Бул сөздөрдү ким, качан, кимге айтат? Ал каарманга мүнөздөмө бергиле.
Кенен ойло башынан,
Кебелбес болсун казынаң.
Күттүрбөстөн сен жатсаң,
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда,
Куусаң жетпей калбаска,
Ок жетпеген ат камда.
18. Алмамбеттин акылы, билгичтиги, өнөрү кайсы окуялардан көрүнөт?
19. Бул үзүндү кайсы окуядан? Бул сүрөттөөлөр аркылуу эмнеден кабар берилет?
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик!
Жалаяк ооз, жар кабак,
Эрди калың, көзү үңкүр,
Эр мүнөзү көрүнөт! ...
.. .Кең көкүрөк, жайык төш,
Аркасы кең бели түз,
Айбаты катуу, заар
жүз Пил мүчөсү

көрүнөт!

20. Чоң казатка бараткан жолдо Алмамбет эмне үчүн колду күн-түн тыным алдырбай айдайт? Алмамбеттин катаалдыгына эмне себеп? Эмнеликтен Манас өзү катардагы жоокер катары болуп, колду Алмамбетке башкартат?

21. “Манас” эпосун башка тилдерге которуу, котормочулардын иштери жөнүндө кыскача маалымат бергиле.

22. Бул үзүндү кайсы окуя тууралуу маалымат берет?:

Кырк кара боз быштыны
Кыдырата байлатты,
Жетпей калса минсин деп
Жети кур ат байлатты.
Кыз болсо үйдө калыңар,
Кыймылдаба баарыңар.
Эркек болсо чабыңар,
Талаадан мени табыңар.

23. Эпосто «караңгы жерде көз тапкан, капилет жерден сөз тапкан, астыга салса, ак жолтой, аркасы бийик сан колдой» деп сүрөттөлгөн оң каарман ким? Анын бул сапаттары кайсы окуялардан көрүнөт?

24. Бул үзүндү кайсы окуядан кабар берет? Каныкейдин кандай сапаттары көрүнөт?

“Басырык уруш салышса,
Башынан түшпөй жүрсүн деп Кырк чорого кырк тумак,
Кыркыңа кылдым кырк чопкут.
Сыр бараң атса, ок өтпөс
Табылгы жакса чок өтпөс Тери
шымы дагы бар.
Ок тешпеген бек жеке,
Таманы калың койдурган,
Кырк чорого кырк өтүк,
Даярдаган мунум бар.
Кыркыңа кемер курум бар.
Сексен төрт чакча дары бар,
Жүздөн огум дагы бар”.
Бороондуу күнү суук өтпөс,
Жаандуу күндө суу өтпөс,
Бирден соот бөктөрүп Койгон экен баарысын Коендой кылып окшотуп
Каныкейдин ошентип Кылганын көрүп алышты Кырк чоро айран калышты.

25. 1952 - жылы өткөрүлгөн конференцияда каралган негизги маселе жөнүндө жазгыла.

26. Бул сөздөрдү ким, качан айтат? Андан ары эмне болду?

Кукулуктап үн чыкса
Куштан башка үнү бар,
Куйрук-башы жаркылдайт Куудан аппак жүнү бар,
Айбат менен караса Алп кара куш сүрү бар..
Текөөрү болот темир дейт,

Серпкени өлгөн себил дейт.
Тумшугу болот тунжур дейт,
Туяк — болот канжар дейт.
Жыпар менен жуулган Жибектен боону тагыпмын.
27. “Жоо каптап кирип келди!” — деген Чубактын сөзүнө:
Урунбай жүргөн тоо барбы?
Урушпай жүргөн жоо барбы?
Азыркысын Чубагым
Деги аманат жаның соо барбы?
Жоо келсе нетербиз,
Уруша-уруша чыгып кетербиз, - деп ким жооп берет? Бул каарманга мүнөздөмө бергиле.
28. «Манас»эпосундагы бир осуятты жазып, маанисин чечмелегиле.
29. Кимдер кайсы баатырды:
Балтыр эти толо элек,
Балбан чагы боло элек,
Умтулуп уруш сала элек,
Уруштун ыгын ала элек,
Чаң көзүнө толо элек,
Чабышка камбыл боло элек,
борбуюу ката элек жаш кезинде кармап жоготууга аракет кылышат? Эмне үчүн?
30.Төмөнкү сөздөр кимге тиешелүү? Бул баатырга мүнөздөмө бергиле:
Кытайга кыргын салалы,
Кыйратып, жерди алалы!
Жерибизди алдырып,
Кыяматта жүргөнчө
Кыргыз уулу болгону
Кырылып жатып
калалы.
31. Чоң казат учурунда Конурбай жети күн тыным сураса, Манас макул болот. Кийин бул амал экендигин Алмамбеттен укканда да өз сөзүн бузуудан баш тартат. Бул эпизод боюнча Манаска, Коңурбайга жана Алмамбетке мүнөздөмө бергиле.
32. Бул сөздөрдү ким, качан, кимге айтат? Ал эки каарманга мүнөздөмө бергиле.
Сенин кейип жаткан бул малың
Айдаса бир күн, жоонуку.
Бул тентек бала оңолот,
Өлбөсө бир күн журттуку.
Андан көрө, бай Жакып,
Азуу сайып карыбас Ат
мыктысын табалы.
Ок өтпөс тон кийгизип,
Ок жетпес ат мингизип,
Манасты жоого сактап багалы.
33. Алмамбет эмне үчүн трагедиялуу баатыр?

34. Манасчылык өнөргө, «Манас» эпосун эл арасына жайылтууга көмөк көрсөткөн коомдук фондулар кайсылар? Алардын аткарган иштери жөнүндө баяндап бергиле.
35. Манастын эмчектеш тууганы, жакын жардамчысы, акылчысы, өзгөчө ишенимдүү адамы, таяныч-жөлөгү болгон баатыр ким? Анын бул сапаттары кайсы окуяларда көрүнөт?
36. Бул саптардан кайсы окуядан кабар алабыз, элдин кандай үмүт-тилегин көрөбүз?
Жоголордо, байбиче,
Жолборс тапты сүйүнчү,
Сары адырмак шыбыргак
Белди табат экенбиз.
Паана берип жараткан Элди
табат экенбиз.
Билсең кадыр түн келди,
Бизге жакшылык тиер күн келди.
Үзүлгөнүң уланат,
Чачылганың жыйналат».
37. Бул сөздөрдү ким, качан, кимге айтат? Ал эки каарманга мүнөздөмө бергиле.
Аман болсо Манасың,
Атамдан калган мурас деп,
Кең-Көл, Талас жер табат,
Айланып кыргыз эл табат.
Уулум тентек чыкты деп,
Абышкам, мынча муңайба!
Кайгырбагын малыңа,
Кайрат бергин балаңа.
38. Жети осуятты жазгыла. Төмөнкү үзүндү кайсы осуяттын мазмунуна туура келет?
Жетимиш түрлүү эл көргүн,
Жетимиш түрлүү тил билгин,
Керүүгө тиккен багың жок,
Керсейип жүрөр чагың жок,
Дардайып жатар убак жок,
Мээнеттен, элим, мээнеттен!”
39. Эмне себептен Каныкей баласын Ысмайылга бактырат? Тайторуну кандай максат менен ат чабышка салат? Андан ары эмне болду?
40. Элдүүнүн баары эр экен, не деген кеби эм экен,
Элинен азган мен кургур, Эгем таала кудурет
Не түрдүү пендем деди экен?! деп ким арман кылат? Эмне үчүн?
41. Эмне үчүн «Манас»эпосу - кыргыз рухунун туу чокусу дейбиз?
42. Эл Манаска кайсыл сапаттарынан улам Айкөл деген наамды ыйгарат?
43. Абаңдын шайы кеткенде
Сексен бешке жеткенде,
Каапырдын көөнүн тындырбай

Калкыңа уят кылдырбай,
Төгүлбөй турган кан барбы,
Өлбөй турган жан барбы.
Карысам да тобокел!
Тобокелге салайын,
Токтолбоюн барайын! - деп Жолой дөөгө каршы күрөшкө чыккан, эл кызматына жаралган намыстуу баатыр ким? Ага кандагай шым кайдан табылды? Бул балбан күрөштүн аягы эмне болду?
44. Ким кайсы баатырды эмне үчүн:
Кокуй, Манас, оңбой кал!
Эзелде эки болбой кал!
Бекер бердиң сен Манас,
Алгарадай бууданды.
Коңурбай салар башыңа
Түбүндө заман акырды!»- деп тилдейт? Анын бул айтканы эпостун аягында кантип далилденди?
45. “Манас”эпосун жыйноо иштеринде көрүнүктүү эмгек кылган окумуштуулар жөнүндө жазгыла.
46. Кайсы баатырга ким жана качан:
“Сен сайышка чыкпагын.
Соорондуктун жалгызын,
Аябастан өлүмгө,
Кармап берди дебейби?
Кыргызды кудай урбайбы?
Колундагы сыр найза,
Таяп калды дебейби?
Коңурбайдан Манасты,
Жалпы журту чогулуп,
Аяп калды дебейби», - деп айтып, сайышка өзү чыгат? Андан ары эмне болот?
47. «Бирөөнүн тону тон болбос,
Бирөөнүн аты ат болбос,
Баатыр эле Коңурбай,
Атын алып нетейин,
Атын тартып алганда,
Не муратка жетейин!»,-деп ким, качан ойлонот? Андан ары эмне болду?
48. “Семетей” эпосундагы өздөн чыккан жат, өзөктөн күйгөн өрт болуп эмчектеш агасына, өстүргөн энесине кара санаган терс каарман ким? Анын терс иштери кайсы окуяларда көрүнөт?
49. Көзкамандардын окуясын баяндап бергиле. Кандай сабак алууга болот?
50. Бул үзүндү кайсыл окуя жөнүндө баяндайт?
Эр Семетей ошондо:
«Манас, Манас!»- бакырды,
Манастап уран чакырды.
«Айкөл жездем Манас»,- деп,
Жандап чылбыр алды эми,

Айкөлүнөн айрылып,
Адашкан эжем сен үчүн,
Караңгыда кылт этпес,
Ак калпак кыргыз эл үчүн,
Душманга тизгин бербеген,
Асылым жездем шер үчүн,
Атыңды сүрөп алайын!»

51. Бул үзүндүдө Көкөтөйдүн ашындагы кайсы окуя баяндалат?
Карысаң да карпаңдап
Сен түшпөсөң капырга
Канкор Манас чунагың
Мен түшпөсөм капырга
Жылас болгон Жолойго
Чыкпай байге бердик деп
Байгесин айдап бериңиз!
Байге Жолойго берилдиби? Кыргыздын намысын ким, кантип коргоп калды?
52. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу эпосто кайсыл эпизоддордо, кайсы каармандардын ишинде көрүнөт?
53. Эпостогу элдик медицина жөнүндө жазгыла.
54. Каршылашкан душмандары менен кармашта жигиттерине: «Союштан артык сойбоңор, бүгүн душман, эртең эл, бүлүндүрүп койбоңор», - деп кайсы баатыр кайрылат? Ага мүнөздөмө бергиле.
55. КРнын Президенти Алмазбек Атамбаевдин “Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын мааниси, мазмуну тууралуу жазгыла.
56. Бул сөздөрдү ким, качан, кимдерге айтат? Ал каарманга мүнөздөмө бергиле.
Капанын баарын чачалы
Кайгырсак да, бышсак да,
Кайра кыргыз табылбайт.
Эми алтындын кенин казалы
О,  балдар, бел байлар бизде бел да жок,
Белгилүү кыргыз эл да жок.
Талаада аккан булак жок,
Дардайып жатар убак жок.
57. «Манас»эпосундагы бир осуятты жазып, маанисин чечмелегиле.
58. «Жети кандын чатагы-Чоң казаттын башы”,- деген сөз дү чечмелегиле.
59. Бул сөздөр кайсы баатырга тиешелүү? Ага мүнөздөмө бергиле:
Өбөктөтүп көчүрүп,
Өч албасам баарынан!
Кытайга кыргын салбасам,
Кырымга чейин албасам.
Маңгулга балаа салбасам,
Багдатка чейин албасам
Айрып жерим албасам
Атадан туубай калбасам!
Эңшерип элим албасам Мен,
энеден туубай калбасам!
60. 2011-жылдын 28-июнунда кабыл алынган КРнын “Манас”эпосу жөнүндө мыйзамынын мааниси, мазмуну жөнүндө жазгыла.

**Ардактуу Манас Ата урпактары!**

Кыргыз эли жана мамлекеттүүлүк деген түшүнүк ар бирибиз үчүн кандай ыйык, кандай кымбат болсо, айкөл Манас атабыз жана дүйнөдө эч бир эпикалык чыгарма теңдеше албаган руханий мухитибиз «Манас»эпосу да дал ошондой ыйык, дал ошондой кымбат, каны-жаныбыздан артык болуп саналат. Ушундан улам биз, кыргыз эли, "Манастай" улуу руханий наркыбыз менен ар дайым сыймыктанып келебиз. Мындай сыймыктануу, мындай улуу жана ыйык сезимге ээ болуу башка элдердин биринин бактысына да ыроолонбоптур. Адам генийинин алп чыгармасы кыргыз элинин туу чокусундай миң жылдан ашуун мезгил бою ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп, ата мурасы, улут куту катары кылым карытып келет...

Мындай рух куту, мындай улуу көркөм бермет жалгыз гана кыргыз элинин - мына сиздердин энчиңиздерге жаралган, мунун өзү залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов айткандай, "байыркы кыргыз рухунун туу чокусу" саналган баа жеткис улуттук көрөңгө жана күн суктанып, жер сүйүнгөн бакыт. Анткени, анда кылымдан кылым карыткан тарыхыбыз, урпактардан урпакка өткөн улуу кыргыз тили бар. Биз, тилибиз менен дилибизди, маданиятыбыз менен тарыхыбызды «Манас»эпосунан алганбыз. Экинчиден, кыргыз улутунун улуулугу менен түбөлүктүүлүгү да дал ушул ыйык эпосубуздан башталат. «Манас»эпосу - кыргыз элинин руханий энциклопедиясы!

Манас кыргыздардын биримдигин негиздеген жана "курама кылып журт жыйнап" эр күчүндөй элдик биримдикке ширелтип, кас душман менен карасанатай калк бузарлар даай алгыс улуу журтту кураган. Ошондуктан, Манас атабыздын доорунан биздин азыркы мезгилге чейин элибиздин Улуу Түндүгү - кылым карыткан кыргыз эли жана кырк кыямат келсе да кыйрата алгыс улуттун улуу Биримдиги болуп саналат. Манас атабыздан бери ширелип келген биримдик, ынтымак идеясы азыр да бизге өтө бийик нарк, ыйык түшүнүк. Ушул ыйык нускоону , мурасты дайыма көкүрөгүбүздө бекем сактап келсек гана биз кыргыз бабанын, Манас Атанын балдарыбыз дей алабыз! «Манас»эпосунун идеясы, мазмуну кыргыз элинин биримдигин, бир туунун, бир максаттын алдында болууга үндөп келет.

«Манас»эпосун биз кыргыз элинин кубаттуу руханий энергиясынан жаралып, нечен кылымдык дүйнө-таанымдык түшүнүктөрүн, турмуштук тажрыйбасын, кайгы-капасы менен кубаныч-сүйүнүчүн өзүндө уютуп, улут, эл, мамлекет катары нечен кылымдык тарыхый жолубузду камтыган улуттук руханий асыл нарк катары көрүп сыймыктанып келебиз. Улуттук мүнөз, үрп-адат, жашоо-турмуш, адеп-ахлак, коомдук аң-сезим "Манасыбызда" камтылып турса да, анын жалпы адамзаттык философиялык мааниси зор жана терең экендигине дүйнөлүк окурмандар тамшанып, суктанып келе жатышат.

«Манас»- көчмөн цивилизациянын кайталангыс, уникалдуу, касиеттүү кубулушун, руханий уюткусун түзгөн көркөм сөз өнөрүнүн туундусу, ал күн батыш цивилизациясынын аалам кереметтеринен эч бир кем калышпай, керек болсо бир топ өз артыкчылыгы менен айырмаланып тургандыгы менен таң калтырат. Анткени, материалдык байлыктар, эстеликтер нечен кылымдап катып турса да, мезгил өткөн сайын ал бара-бара билинбей эскирип, "карып", өзүнүн

алгачкы сапат-касиетинен ажырай баштаса, биздин эпосубуз оздон- оозго, муундан-муунга өтүп, нечендеген доорлорду өзүнө сиңирип, кошулуп, жаңыланып, толукталып, кемелине келип биздин күнгө жетип отурат.

«Манас»эпосу да кыргыз элинин тагдыры менен тарыхынын рухий күзгүсү. Ал дүйнөлүк адабият билермандарынын аныктамасында оозеки поэзиянын руханий океаны катары саналат. «Манас»эпосунун автору эл, ошол эл арасынан жанар тоодой атылып чыккан улуу, залкар манасчылар бу керемет чыгарманы жаны менен айтып, көкүрөгү менен сактап келди. Өткөн жүз жылдык мезгилдеги Келдибек, Акылбек, Назар, Тыныбек, Балык, Дыйканбай, Суранчы, Чоңбаш, Чоюке, Шапак, Тоголок Молдо, Багыш, Молдобасан, Мамбет, Сагымбай, Саякбай, Шаабай, Каба сыяктуу манасчылардын өнөрү азыр Уркаш Мамбеталиев, Назаркул Сейдиракманов өңдүү манасчылар тарабынан рух салты катары уланып келет. Жаш манасчылардын жаңы мууну пайда болду.

«Манас»эпосу кыргыз элинин, айрыкча кыргыз интеллигенциясынын тагдыры менен тагдырлаш болгон. Эпосту жазып алуу, аны басуу иши өткөн кылымдын 20-жылдарынан башталат. Аны илимий жактан изилдеп, элдик адабий мурас экендигин аныктоо 30-жылдарга туш келет. Айрыкча, "Манасты" башка элдерге таанытуу жана жайылтуу иши да дал оту өчпөгөн 30-жылдарга таандык. Мындай иштин башында И.Арабаев, К.Тыныстанов, Т.Айтматов, Б.Исакеев, К.Карасаев, Т.Байжиев, З.Бектенов, Т.Саманчин өңдүү кыргыз интеллигенциясы турган.

Ал эми ошол жылдары он төрт тилде жаза алган, башаягы отуз тилде сүйлөгөн, дүйнөлүк даңазалуу полиглот-тилчи Евгений Поливанов «Манас»эпосуна кайрылып, орус тилине которгон. Кыргыз элинен чыккан биринчи кызыл профессор, кыргыз алфавитинин атасы Касым Тыныстановдун эпосту терең изилдөөдөгү эмгеги баа жеткис.

Кыргыз эпосуна кызыгуу, изилдөө өткөн кылымдарда эле башталган. Илимий изилдөө иштерине В.В.Радлов, Ч.Валиханов, Э.Петери, В.В.Бартольд, Г. Алмащи, Е.Д.Поливанов жана башкалар эбегейсиз салым кошушкан. К.Тыныстанов, К.Рахматуллин, Б.Юнусалиев, З.Бектенов ж.б. окумуштууларыбыз "Манаска" бүткүл өмүрүн арнап, тагдырын берген. А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, К.Маликов, Ч.Айтматов, Б.Жакиев өңдүү акын-жазуучуларыбыз эпостун жарык көрүшүнө баа жеткис салым кошкон. Манастаануу илиминин өркүндөшүнө С.Мусаев, Э.Абдылдаев, Р.Кыдырбаева, Р.Сарыпбеков, А.Жайнакова, К.Кырбашев ж.б. окумуштууларыбыз эпосту ар тараптуу изилдеп келишти.

Бүгүн «Манас»эпосунун майрамы, кыргыз элинин маданий-адабий турмушундагы чоң жаңылык. Байыркынын Улуу сөзү - «Манас»эпосу менен анда ырдалган Манас баатыр бабабыз кайрадан биз менен бирге болуп олтурат. Залкар манасчылар Сагымбай Орозбаковдун, Саякбай Каралаевдин айтуусунда «Манас»эпосу, белгилүү манасчы Уркаш Мамбеталиевдин вариантында "Семетей" эпосу алгач жолу толук жарык көрдү. Айрыкча, «Манас»эпосу Сагымбай Орозбаковдун вариантында биринчи жолу түп нускасы бурмаланбай, кыскартылбай чыгарылды. Өз учурунда "Манасты" көп эле жомокчулар айтып келген. Алардын ар биринин устаттыгынан күмөн санабай, Сагымбай

Орозбаковдуку башкалардын жогорку көркөмдүгү менен айырмалана тургандыгын моюнга алабыз.

Сагымбайдан жазылып калган тексттерди кунт коюп окуп чыккан ар бир адам анын сөз байлыгына, акындык чеберчилигине сүрөткер кудуретине жогору баа берет. Кезинде Ч.Айтматов да: «Сагымбай - ааламда бир жаралган уникалдуу укмуш талант», - деп айткан эле. Ошол уникалдуу укмуш таланттын «Манасы» уруксат кылынбаган архив материалы катары туура 84 жыл бою ачылбай жатты. Кыргыз маданияты менен «Манас»эпосун басып чыгаруу тарыхында Сагымбайдын 182 миң саптан турган «Манасы» биринчи жолу толук, түп нускасы бурмаланбай чыгып отурат. Бул ишти биргелешип жүзөгө ашырган Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту (директору академик Абдылдажан Акматалиев) менен «Кеңеш» коомдук бирикмесинин "Хан-Теңир" басмасына (директору Айнагүл Алымжанова) ыраазылык билдирүү керек.

Мындай демилгени «Турар» басмасы (директору Тилек Мураталиев) да колго алып, XX кылымдын Г омери аталган Саякбай Каралаевдин «Манасынын» толук вариантын биринчи жолу окурмандарга тартуулады.

Белгилүү манасчы Уркаш Мамбеталиев биздин заманда да эпостун элдин көркөм мурас катары өмүр улашына өзүнүн татыктуу салымын кошуп келүүдө. Анын айтуусундагы «Семетей» көпчүлүктүн көөнүн бура алат деп ишенебиз.

Бирок, бул «Манас» жаатында баары чечилип бүттү дегенди билдирбейт. Ал дагы эле чети оюлбаган кенч сыяктуу жатат. Бүгүнкү күндө Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар бөлүмүндө «Манас» үчилтигинин 80ден ашуун кол жазмалары сакталып турат. Ушунун баары кыргыз элинин көөнөрбөс энчиси, эртеби-кечпи алардын жарыкка чыгуу учуру да сөзсүз келет.

Бүгүнкү мезгилде коомчулукта «Манас»эпосуна байланыштуу ар кандай сөздөр жүрүп кеткенин жакшы билесиздер. Кыргыздан «Манасты» эч ким тартып кеткен жок, тартып да ала албайт. «Манас» - кыргыз элинин дүйнөлүк мураска кошкон зор салымы болуп саналат. 1995-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун 49-сессиясында чечим кабыл алынып, бүткүл дүйнө өлкөлөрү, 120 мамлекет «Манас»эпосун «Кыргыз элинин руханий дөөлөтү»

деп таанып, «Манастын» 1000 жылдыгын жарыялаган! Мындан өткөн бийик баа жок! «Манас»- улуттун жаны, Манастын тили - кыргыздын тили! «Манас»эпосун мамлекеттик символ катары санашыбыз керек. Ал Кыргыз Республикасынын Гимни, Герби, Туусу сыяктуу эле мамлекеттин жана улуттун ыйык көркөм мурасы болуп саналат.

«Манасты» жалгыз эле мамлекеттин иши же сабак берген мугалимдин милдети деп кароого болбойт, «Манастын» алдында жалпы бардыгыбыз, ар бирибиз жоопкерчиликтебиз, милдеттүүбүз. Айкөл Манасыбыз ар кимибиздин жан дүйнөбүздө жашап турганда, манасчылардын муундары уланып турганда, кыргыз тилибиз сайрап турганда, «Манас»эпосу менен кыргыз эли түбөлүктүү экенине толук ишенем.

«Жакшы тилек - жарым ырыс» дейт эмеспи элибиз, мен эпос тууралуу сөзүмдү элибизде илгертен «Манаска» байланыштуу келаткан ишеним менен жыйынтыктагым келип турат. Байыртадан элибиз «Баарын коюп Манасты айт» деп, чачылганды жыйнаган, чабылганды түзөгөн Айкөл Манас баянын бийик тутуп, ыйык тутуп, анын касиеттүү күчүнө ишенип, анда ар кандай кырсыктан, оору-сыркоодон, чыгашадан сактоочу, тазартуучу, коргоочу күч бар деп ишенип, кыйын-кысталыш учурларда манасчыларды алдырып, «Манас»айттырып, ар кандай кара күчтөрдөн, жамандыктардан арылууга, арууланууга аракет кылышкан учурлары болгон экен.

Мамлекетибиздин адилет, айкын, демократиялуу жолдон тайбай өнүгүшү болгон апрель окуялары жана соңку калабалуу, кайгылуу окуяларды баштан өткөргөн өлкөбүздү Манас бабабыздын улуу, ыйык руху колдоп, «тар жол, тайгак кечүүлөрдөн» мекендештерибиз, Кыргыз журту сабырдуулук, ынтымактуулук, биримдиктүүлүк менен өтүп, кыйынчылык, тоскоолдуктарды жеңип, гүлдөгөн өлкөгө айлансак экен деп тилейм.

**МАНАС ГИМНИ** Музыкасы: **КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер С.Осмонов** Сөзү: **КР Эл жазуучусу А.Жакшылыков**

Кыргызга кымбат тоолору.
Кыргызстан - тоонун борбору!
Ак жалгап - Асман, күн тийип Ашуудан ашат
жолдору!

**Кайырма:**

Ала-Тоом ыйык Мекеним!
Айкөлдүн күчүн сеземин!
Ааламга таанат, Кыргызстан!
Кыргызстан - Манастын эли экенин!
Бийиктик - Кыргыз жеринде.
Бийиктик - элдин деминде.
Калкыбыз кайрат, кубаттуу - Калкагар тоонун
чебинде!

Жериңди - сакта, сатпагын,

Жергеңдин салтын барктагын.
Жан дилден сүйүп, жакын сез Жашоодо Кыргыз
асманын!

**МАНАС ГИМНИ Сөзү:** А.Жакыпбековдуку.

Кайың барбы кыргыз балта чаппаган Кыр-жон барбы
кыргыз кыргын таппаган.
Кылымдарга аты калбай өчөрдө.
Кыргыз элин кыраан Манас сактаган.
**Кайырма:** Асман менен Жериңдин Тирөөсүнөн
бүткөндөй,
Айың менен Күнүңдүн Бир өзүнөн
бүткөндөй - Теңир уулу эр Манас.
Белес-белден беш удургуп өткөн эл,
Арстан болуп ай чапчыган көчмөн эл.
Курандылап, куруп бара жатканда Эр Манасты туу
карманып өскөн эл.
***Кайырма*** Манас улуу — кыргыз элдин
желеги.
Ата-мурас, акыл, ойдун тереңи.
Түбөлүккө ташка тамга баскандай Кыргыз элдин
адамзатка белеги.

**Манас касиети**

Улуу өнөрдү аздектеген ошондогу өкмөт башчысы Баялы Исакеев керемет талант бар экенин угуп, өзүнүн өкмөттүк машинесин жиберип, улуу эпосту жаздырып калуу үчүн Ак-Талаа районунан Молдобасан манасчыны атайын борборго көчүрүп келген экен.

Залкар манасчы Сагымбай Орозбаков башы Чоң-順Кеминден, аягы казак айылдарына чейин кыдырып бир жай бою кең өзөн Чүйдө Манас айтып 400 жылкыны Кочкорду көздөй айдатып кеткен экен.

1980-жылы Москвада өткөн олимпиадада Каныбек Осмоналиев жердешибиз кореялык оор атлетчи менен алтын медаль үчүн кармашып, эң акыркы ирет түртүп көтөрүүдө чулу темирдин жанына келип, көктү бир карап алып, анан бирдемелерди кобуранып, анан эң оор салмакты жаш бөбөктү көтөргөндөй эле элпек көтөргөн. Кийин 20 жылча өткөндө, ошондо эмне деп сүйлөндүңүз эле десем, «Манас атамдын арбагы колдой көр»,- дегем, анан артыман келип бир улуу күч жардам берди дейт. Ошентип кыргыз уулу өз тарыхында биринчи ирет олимпиадада алтын медаль алган эле.

Бир жылдары Алматы шаарында Жалил Садыковдун «Манастын уулу Семетей» спектакли коюлуп, ага Казакстандын 1-катчысы Динмухаммед Кунаев катышат, «Бул кыргыздын гимни турбайбы» деп бийик баа берет. Фрунзеге келгенинде: «Силердин Жалил Садыков деген таланттуу жазуучуңар бар экен, эч наамы жок турбайбы»,- деп кыргыздардын намысына тийген экен. Бир айдын ичинде акынга наамды да, Токтогул сыйлыгын да ыйгарышыптыр.

Белгилүү манасчы Назаркул Сейдирахманов 1993-жылы бүткүл дүйнөлүк түрк тилдүү элдердин курултайына барат. Түркия Президенти Тургут Озал сөз сүйлөп, анан: «Биз бүгүн түрк элдеринин 1-курултайын «Манас» менен ачышыбыз керек» деп сахнага манасчыны чакырат. Сурап атып экинчи ирет айттырышат. Анан Стамбулдагы Мухаммед пайгамбардын музейине алпарышат. Манасчы Назаркул Сейдирахманов да отура калып куран окуп атса, аны көргөн делегациянын жетекчиси: «Манас» айткан адам өзү пайгамбар эмеспи, сиз да куран окудуңузбу?- деген экен.

Туңгуч манасчы Жайсаң Үмөт уулунун «Айкөл Манасын» эң алгач Бүбү Мариям манасчы дептерге жазып баштаган күнү 1995-жылдын 2-ноябрында жер эки-үч курдай силкинет.

«Манас» эпосу англис, француз, немис, венгер, кытай, орус, казак, өзбек, монгол, алтай, литов, тажик, түркмөн, хинди, иврит тилдерине которулган.

1962-жылы 1-катчылардан биринчи болуп Т.Усубалиев Манас күмбөзүнө барып, бузулуп, талкаланып атканын көрүп, аны реставрациялоо боюнча атайын токтом кабыл алып, өзү жеке көзөмөлгө алат. 1980- жылдардан кийин Т.Усубалиевдин түздөн-түз жетектөөсү астында Сагымбайдын төрт, Саякбайдын беш томдугу жарык көргөн. Москвадан атактуу архитектор А.И.Печенкин менен кыргыз скульптору Т.Садыковду чакырып алып, душманды жеңип аткан Баатыр Манастын, акылзаада,
ажарлуу Каныкейдин жана даанышман Бакайдын образы керек экенин өзү сунуш кылган. Т.Усубалиевдин кыргыз тарыхында бийликте эң узак тургандыгынын себеби ушунда болуп жүрбөсүн.

Саякбай манасчы өзү ыраазы болуп: «Улуу Ата Мекендик согуштун алдыңкы жылдарында, бийлик ээлеринин суроолору боюнча жайдын толук кезинде жайлоодо эртеден кечке тынбай «Манас» айтып, анын башынан аягына 22-23 күндө чыгып жүрдүм. Элге минтип толук айтып бергениме өзүм да ыраазы болуп калдым»,- деп эскерген. Бул дээрлик беш жүз элүү саат. Дүйнөдө бир дагы искусство мынчалык узак созулбайт. Буга дейре Тыныбек манасчы улуу жомокту 30 күн тынбай айткан экен. Саякбай Каралаевдин ыргагы менен тынбай айтканда эң кеминде күнүнө төрт миң саптан айтылса, жарым жылдан кем эмес убакыт керек экен.

1990-жылдардан кийин С.Каралаев жашаган Москва көчөсүндөгү үйүнө мемориалдык такта орнотулат. Аны каракчылык кылып уурдап бараткан шылуундар ошол эле күнү колго түшүп, кийин жол кырсыгына кабылышат.

«Манас» боюнча бизде азыр филология илимдеринин бир гана доктору бар. Ал - Раиса Заитовна Кыдырбаева, 1984-жылы «Манас» эпосунун генезиси» деген темада жактаган.

Адатта бүт дүйнөнү өз керемети менен Жапон өлкөсү таңгалтып келет. Ал эми 1995-жылы «Манастын» 1000 жылдык тоюна келген жапониялык фотожурналист Нобуири Накамура манасчыларды көрүп: «Мээсине миңдеген сапты эстеп калган силердин манасчылардын таланты компьютердик система сыяктуу экен»,- деп таң калган экен.

Эгерде мурда залкар манасчылардын түшүнө Айкөл Манас өзү кирип аян берсе, кийинки Уркаш Мамбеталиев, Асанкан Жуманалиев, Улан Исмаилов, Кубанычбек Алмабеков, Тилек Асанов, Талантаалы Бакчиев Саякбай Каралаевди түшүндө көрүшүп, аян алып айтып жүрүшөт.

Политехникалык институтта окуган бир араб жигити кыргыз кызга үйлөнүп, Эмиратка кетип 7-8 жылдан соң үй-бүлөсү менен Кыргызстанга келет. Соң-Көл жээгине эс алганы барышат. Курсташтары сый-урматтап тосуп, Манас атанын кереге ташын көрсөтүшөт. Араб жигит: «Манасыңар тимеле дөө болгон го» деп шылдың кылат. Мунусу кыргыз жигиттердин кыжырына тиет. Анан чогуу боз үйдө уктап жатышса, араб жигит бакырып- өкүрүп түнүчүндө уйкусунан тура качат. «Бир дөөдөй болгон киши келип тизеси менен муунта көкүрөгүмдү басты, Манасты шылдың кылган сенсиңби деди» - деп улам-улам келме келтирет. Эртеси таң атаары менен кереге ташка барып, кан чыгарып, куран окутуп, кечирим сурап кайтышат.

2010-жылы февраль айында «Ордо Сахна» театры менен бирдикте манасчы Рысбай Исаков Америкага барып «Манас» айтат. Г астролдун акыркы күндөрү 15-20 мүнөт Манас айтып, улуу дастанга сүңгүп кирип кетет. Аны угуп жаткан кесиби художник-дизайнер кыз транска кирип кетет. Анан 10-15 мүнөттөн соң гана манасчы өзү айласын таап, эс-акылына келтирет.

К.Иманалиев

## ГЛОССАРИЙ

**Г лоссарий** - эпосто кездешкен тарыхый, эскирген, азыр колдонулбаган сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, жер-суу аттарынын, ошол мезгилде жашаган элдердин аталыштарынын түшүндүрмөлөрү. Сөздөр, сөз айкаштары алфавиттик тартипте жайгаштырылган. Эгер көп маанилүү сөз болсо, бардык маанилеринин түшүндүрмөлөрү катар берилген.

Сөздөрдүн, сөз айкаштарынын маанисин билүү менен студенттер эпосту терең түшүнүп окуп үйрөнүүгө, окуялардын маанисин, каармандардын иш-аракеттерин кең-кесири чечмелөөгө мүмкүндүк алышат.

Берилген глоссарий ар түрдүү окуу кырдаалдарында: эпостун мазмунун окуп үйрөнүүдө, семинардык сабактарга, модулдарга жана сынакка даярданууда чоң жардам берет.

**А**

**Аалым** — окумуштуу

**Абайы** - баалуу кездеменин бир түрү.

**Абак** - казак элинин бир уруусу.

**Абуз** — кол менен жасалган көлчө (бассейн).

**Абсун** — сыйкыр, дуба, кубулта турган дуба.

**Агача келин** - ак жүздүү, сулуу келин.

**Ада** — жок кылуу, тыптыйпыл кылуу.

**Адам ноо** — жапайы адам.

**Адаш жол** - туура эмес жол, жаңылыш жол, адаштыра турган жол.

**Ажаалаган** - жаалдаган, ажылдаган.

**Ажаан** - бейжай, уятсыз, жаактууга жай бербеген адам.

**Ажайыпкана** — ар кандай түрдүү коздуктарды жана айбанат, канаттууларды сактоочу жай (зоопарк).
**Ажына** — жин.
**Азада** — таза жүрүүчү. Тазалыкты бекем сактаган мырза адам.
**Азар** - миң; азар түмөн - сан жеткис.
**Азир** - даяр, белен.
**Азирлеген** - даярдаган, азыр кылган, камдаган.
**Азуу сайып** - жаңы асый болуп (жылкы жөнүндө).
**Азырейил** — ажал периштеси.
**Айдар** - көкүл, төбөсүнө койгон чач.
**Айкөл** - 1) «Ай» жана «көл» деген эки сөздөн куралган татаал сөз. Манастын жарыктыгы айдай, тереңдиги көлдөй деген мааниде колдонулган; 2) Тянь- Шань жактагы жердин аты; 3) чон көл, чалкар көл; 4) кең пейил (баатырдын эпитети).
**Ай мунары** - айдын нуру, айдын шooласы.
**Ай мүйүз** - түлөөгө союла турган же союлган уй.
**Ай туяк** - түлөөгө, жакшылыкка арналып союла турган же союлган жылкы.
**Айчык** — жарым ай мисалдуу түр салуу (көбүнчө тууга).
**Акак** — баалуу таш.
**Ак каңкы** - кыргыз ээри.
**Ак көрпө жайыл** - бардык жагынан жетик билерман, меймандос аял.
**Ак күбө** - чопкут, ок өтпөс тон.
**Акси** — кусур, касиет.
**Ак таяк** - кандардын, бекгердин эшик сакчысы, буйругун аткаруучу жана өзүн кайтарып жүрүүчү адамы, жасоолу.
**Ак учук** - баалуу кездеменин бир түрү.
**Ак үйлүү** - көрүнүктүү, белгилүү бай үй-бүлөдөн барымтага алынган адам - кармалып жаткан жерде өз элинин өкүлдүк милдетин да аткарган («ак үй» — деген сөз байлыктын жана бийликтин символу катары эсептелинет); 2) Эпос боюнча жеңилген элди башкарып турган башка элдин кишиси.
**Акыл ийлеп** - акылга салып, аркы-беркисин, келер-кетерин ойлонуп.
**Ала канчык шыбыргак** - кар аралаштыра майдалап жааган жаан.
**Алаткак** — жез тумшук, желмогуз, сасык албарсты, көрүмчү сыяктуу жаныбар, кээде жапайы адам маанисинде.
**Албан-түркүн** - ар түрдүү, ар кыл.
**Албарс** — мыкты, курч.
**Албарс кылыч** — курч кылыч, болот кылыч.
**Алеңгир** - алек кыла турган.
**Алеңгир жаа** — жаанын өзгөчө бир түрү.
**Алмабаш** - 1)Алмамбеттин мылтыгы. 2) эпикалык баатырлардын мылтыгынын аты.
**Алман** - салык, алым.
**Алты сай** - алты бөлөк, алты түрдүү.
**Алчын** - казак элинин бир уруусу.
**Амбал** — Синьцзянь округунун башчысы.
**Амыр** — буйрук.

**Андаалап** - чачылып, бөлөк-бөлөк болуп.
**Анжуу-Манжуу** - Чыгыш жактагы жердин аты.
**Аңгеме дүкөн курай жүр** - аңгеме сала жүр.
**Аңги** - өзүнчө бөлүнгөн, үйрү жок айгыр.
**Аңгире жол** — кара жол, чоң жол.
**Аңырт** - күмөндүү кабар.
**Апсана** — ушак, айың сөз.
**Апсуң** - сыйкыр, дуба.
**Апторой** — бүт, бардык, бүтүндөй.
**Апы** — айла, дары, себеп-арга.
**Араник** - (эпос боюнча) азыркы Намангендин илгерки аты.
**Аран ооз** - чоң ооз, кеңири.
**Аргын** - элдин бир уруусу.
**Аркыт** — суюк зат куюла турган чылгый териден жасалган идиш.
**Аруу** - 1) эн таза; 2) өтө сулуу.
**Арып-айла, арып-дуба** - бир нерсени башка бир түргө айландырып жиберүүчү дуба, амал, сээр, көз боочулук.
**Асаба** - байрак, желек, туу.
**Асел** — бал.
**Аспи** - жылкы.
**Атала баш** - оюндун бир түрү.
**Атброй** - ай-аалам, бүткүл жер жүзү.
**Ат кара тил болуу** - жазында жылкынын көккө тоюшу.
**Атпай** - жалпы журт.
**Ашарсуу** - Араник канынын аты.
**Аштар** - туюк жараны теше турган аспап.
**Ашула** — ыр (өзбек тилинде).
**Ашык** — чүкө.
**Аян** - кайыптан күн мурунтан берилген кабар; келечекте боло турган иштин түштө көрүнүшү.
**Аяр** - сыйкырчы.
**Б**
**Баар** — 1)эрте жаз.2) жакшылык, үмүт.
**Баба дыйкан** - эски ишеним боюнча - эгин айдаган дыйкандардын колдоочусу
**Багалак салып** - ордо атып, күрөшүп.
**Багып** — карап, байкап, көз салып.
**Бадана** - ок өтпөс тон, баатырлар кийүүчү соот.
**Бадирек** - эр жүрөк, кайраттуу, жалтанбаган баатыр.
**Бажы** - алык-салык, налог.
**Байман күрүч** — таза дандуу күрүчтүн түрү.
**Байнек** — кылыч кынынын уч жагындагы күмүш менен коозголгон бөлүгү.
**Бак байсалуу коргон** - бак-дубалдуу коргон.
**Бакыл** - сараң.
**Бакар** — уй.
**Бакыр** - кедей, жарды.

**Балкы** — кымбат баалуу материал.
**Балкы тон** — ошол кымбат кездемеден жасалган тыш кийим.
**Баӊ-баӊ** — эпос боюнча аскер кызматчысы.
**Баӊ башчы** - кытай, монгол жериндеги айыл башчы.
**Бандулу** - барабан.
**Баӊдуулу** — коӊгуроо.
**Бапан: башы бапан, аягы сапан** - чексиз алыс таркаган.
**Бапик** - тебетейдин төбөсүнө тагылган чачык.
**Бараан** - 1) караан; 2) ири, чон.
**Бараӊ** — оозунан октолуучу мылтыктын жалпы аты, милтелүү мылтыкты да, пистон менен атылуучу мылтыкты да бараӊ деп атай беришет.
**Баранда** — майда жан-жаныбарлар (канаттуулар).
**Барбана болду башына** — бул жерде жөлөк, таянычы болду деген мааниде.
**Баргек** - 1) талдын бир түрү; 2) сөйкөнүн аягындагы желбирөөчтөрү.
**Бардал ат** — жүк жүктөөчү ат.
**Бардаш** - кайраттуу, келбеттүү.
**Бардыгып** - чарчап, бордугуп.
**Барик** - майда жалбырак.
**Бар-Көл** - Синь-Цзяӊь жериндеги көл жана шаардын аты.
**Барча** - 1)баалуу кездеменин бир түрү. 2) бүткүл, бардык, баары.
**Барчын** - алты жашынан аркы бүркүттүн санат аты (бир барчын, эки барчын, үч барчын).
**Батман** — алты пуддан он эки пудга чейинки олчөмдөгү оордук чен.
**Баш майлоо** — кыргыздардын эски түшүнүктөрүнө байланыштуу салты
**Баяндос** — көрпөчө.
**Баяс** — кылыч куйруктуу эпикалык укмуштуудай жаныбар.
**Бедөө** — күлүк аттардын бир түрү.
**Бейгуда** — жаман атты кылуу.
**Бекзаада** — бектин тукуму.
**Белдемчи** —кийим.
**Бербердигер** — кудай таала.
**Беренжилүү** — кымбат баалуу кездемеден жасалган кийим.
**Бишарат** — аян, сыр, белги.
**Биябан** — эрме чөл, ээн талаа.
**Бото кур** — жибектен жасалган кур.
**Бөкө** — балбан.
**Бурак ат** — 1) чаалыкпас, чарчабас күлүк, канаттуу ат.
2) өлгөн адамдын арбагына арналып берилүүчү ат.
**Бурут** —Калмактар кыргыздарды ушинтип аташкан.
**Бут** — сыйынуучу кудайдын колдон жасалган кебетеси.
**Буулум** — кымбат баалуу материалдын бир түрү.
**Д**
**Даанышман** — ар нерсени билген, билимдүу, акылман адам.
**Дабаа** — айла.
**Дабан** — ашуу, бел.

**Дажаал** — миф. өтө каардуу зор дөөнүн аты.
**Даң** — калмактардагы адиминистративдик чин.
**Даңкан** — аттын туягынан ыргыган топурак.
**Дап** — барабандын бир түрү.
**Дара** — капчыгай, каптал.
**Дарайы** — жибек кезд.менин бир туру.
**Датка** — Кокон жана Букар хандыктарында берилүүчү жогорку наам.
**Дене кул** — түбөлүк кул.
**Дейилде** — кымбат баалуу кездеменин аты.
**Дилде** — беш сом наркындагы алтын тыйын.
**Диңсе** — илгерки кытай төрөлөрүнүн бөрктөрүнө (баш кийимине) сайынган төрөлүк белги ташы(кичинекей тобурчак сыяктуу мансаптык белги.
**Добулбас** — барабан.
**Долон** — Кашкардын чыгыш тарабында жашаган эл.
**Домок** — чыр, калаба, чатак.
**Доол** — анча чоң эмес согуштук барабан.
**Доолон** — кымбат баалуу кездеменин бир түрү.
**Доотай** — округдун начальниги, губернатор.
**Дорго** — чабарман, жасоол жигит.
**Дөөдүр** —монгол, калмак элинин баатыры.
**Дугул** — калмактын уруусу.
**Дуу-дуу** — эски Кытайда — Чоң аймактын башкаруучусу, же генерал-губернатор.
**Дулдул** — чарчап-чаалыкпаган күлүк аттын эн мыктысы.
**Дүрүйо** — жибек кездеменин түрү.
**Дүрдүн** — кымбат баалуу кездеменин аты.
**Ж**
**Жаа-жаала** — эпос боюнча калмакча ураан чакыруу.
**Жаал -** жайыл, өз билгенин бербеген, өжөр.
**Жаан** — аалам, дүйнө жүзү, жер жүзү.
**Жабуу** — калмактардын согуштук ураанынын бир түрү.
**Жазайыл** — чоң мылтык, замбирек.
**Жайсаң** — калмак башчысы, зайсаң-князь.
**Жабуулуу кара иңген -** эн көтөрүмдүү, уяттуу, баарыга тең караган аялга карата айтылат.
**Жабыр баян -** азуулуулардын эң кыйыны.
**Жабыр -** жыбыт жер.
**Жагал** — кементай сымал жасалган калмак тонунун — сырт кийиминин түрү.
**Жагалалап, чагалалап** — кокуйлап, чага — калмактардын чочуганы **Жагына** — күндүз берилүүчү тамак.
**Жадаал -** салгылашуу.
**Жадачы -** к. жайчы.
**Жадоо -** жүдөө, адсыздануу, этинен таюу.
**Жадыгөй -** сыйкырчы.
**Жазайыл -** чоң мылтыктын бир түрү, замбирек.

**Жайсаң** - калмактардагы бир айылдын же бир топ жигиттердин башчысы.
**Жайчы** - миф. сыйкырлык менен күн жаадыруучу адам.
**Жакут** - кызыл түстүү, баалуу асыл таштардын бир түрү.
**Жамаа** — жалпы, түгөл, бүтүндөй.
**Жамбы** - акча ордуна жүрүүчү, түрдүү формада жана ар түрдүү салмакта боло турган уютулган куйма күмүш, сом күмүш, куйма алтын, сом алтын.
**Жам болуп** - биригип, чогулуп.
**Жан-жуң** —кытай башкы командачысы, полководец.
**Жаңгел** — чер токой, токой.
**Жанут** - териси баалуу азуулуу айбан (енот).
**Жанч** — саюу, найза менен уруп өтүү.
**Жапар** — кудай аттарынын бири.
**Жаракы** - эки адамдын арасың бузган бузуку, куйту адам.
**Жарандар** - достор, жакшылар, калайык, эл.
**Жар-жоро** - достор, ашыналар.
**Жасат** - өлгөн адамдын сөөгү.
**Жасоол** — кол (аскер, кандын кол алдындагы жигити)
**Жебе** — жаанын огу, жаа огунун учундагы курч темир.
**Жебилге** — ат жабдыгынын жасалгасы, ат жабуунун чачыгы.
**Жез бидек** - шыйрагы узун (аргымак, чалыш ат жөнүндө).
**Жезит** - 1)шүмшүк, митаам; 2) жез тумшук, албарсты сыяктуу турмушта жок жаныбар.
**Жезнай** - жез сыбызгы, чоор.
**Жекендос** — кичинекей, ээр үстүнө салуучу көрпөчө.
**Жекесан** — 1) чоң коңгуроонун түрү; 2) баатырлар кийүүчү кооздолгон өтүк.
**Желдет** — 1) өлүмгө буйрук кылынган күнөөлүүлөрдүн жазасын иш жүзүнө ашыруучу адам. 2) кызматчы жигит.
**Желпини** - боюнда бар аялдын тамакка талгак болуп көксөөсү.
**Жеркен** - Кашкардын түштүк тарабындагы Яркент шаары.
**Жетиген кыям** - Жетиген жылдызынын Алтын-Казыктын түндүк батышында турган учуру.
**Жобогондо** - катуу кайгырганда.
**Жолум үй** - малчылар тигүүчү жеңил үй.
**Жоро** — жолдош, теңтуш.
**Жороду** (алымын артык жороду) - алык-салыкты көп салды.
**Жорун** — жон (далынын үстүнкү бөлүгү).
**Жубар** - таза, тунук, аппак.
**Жубар бермет** — ак бермет.
**Жуда** — такыр, бардыгы.
**Жудурук** — муштум.
**Жумуран каз** - журт болбой эле кал.
**Жуук** - жакын.
**Жуучу** - кызга куда болуу жөнүндө сүйлөшкөнү келген адам.
**Жыга** — 1) шөкүлө 2) хандык белги — таажы сайылуучу тебетей 3) баш кийимге кооздук үчүн тагылган куштун жүндөрү 4) Эң жогорку даражаны

көргөзө турган кооз жана сымбаттуу жасалган атайын белги (Жез жыгадай эр Көкчө).
**Жылдыз** - Синь-Цзяндагы (Текестеги) бир жайлоонун аты.
**Жылма чалгын -** астыртан, тымызын чалгын.
**Жылоо -** тизгиндин түбү.
**Ж ы н** — болжол менен алты жүз граммга барабар келген салмак өлчөмү.
**З**
**Заада: олуя заада -** олуядан туулган.
**Заң -** закон.
**Заңгар -** каргыш тийген, бузук.
**Заңги -** мүнөзү айбан чалыш дөө.
**Зар -** алтын.
**Забар** — кооздук үчүн пайдаланылуучу буюм-тайымдар.
**Забын** — күнөөлү, күнөкөр, себепчи.
**Заңгар** — түрү суук, эбегейсиз чоң, абдан зор.
**Зар** —1) алтын, 2) баалуу мүлк, буюм.
**Зардал** — терең ойлуу, акылман

**Зардеп** - мүшкүл, сүрү кыйын, коркунучтуу.
**Зер** — алтын.
**Зоолу** — адамды жазалаганда моюнга салуучу темир чынжыр.
**Зубун** — уруу, топ, бөлүк, аскер бөлүгү.
**Зулпукор** - өткүр, болот кылыч.
**Зумурут** — асыл таштын бир түрү, бермет таш.
**Зуңдун** — кытайлардын согуштук мансабынын бири.
**Зыйнат** - сый-сыпат, адеп. - алтын.
**И**
**Ибет** - шек, күмөн.
**Илебин** - калмактардын Иле өзөнүндө жашоочу бир уруусунун каны.
**Илек** - бир илек жүз мин.
**Илий** - заң, закон.
**Инжуу, инжи**- акак таш.
**Ит тартыш** - тамашанын бир түрү эки кишинин аркан тартышканы.
**Ичин жыйбады** - тардык кылбады.
**К**
**Кабылстан** - Афганистан (эпос боюнча).
**Кабырга тууган** - ыраак тууган, кыйыр тууган.
**Кадеми каткан** - алдан тайган, иши оңунан чыкпаган, шору кайнаган.
**Казат** — согуш.
**Казы** — шарият жолу менен иш алып баруучу өкүм ээси.
**Кайбар** - күжүрмөн, мыкты эр.
**Кайгуул** -душмандын жолун чалуу, чалгын.
**Кайраты каркап толуптур** - кайраты күчөп, чыңалып толуптур.
**Кайсаң** - кытайдагы бир тоонун аты.
**Кайып** - миф. көзгө көрүнбөгөн жомоктотогу жан (адам, айбан).
**Кайып эрен** — 1) тоо кийиктеринин пири. 2) кийиктердин жалпы аты.
**Какай** — каман, чочко.
**Какан** - эпосто Кытай падышасы; кээде - Кытай мамлекети маанисинде айтылат.
**Каканчын** - эпостогу Кытай мамлекети.
**Какшыраган** - картайып чөгүп калган, катып калган.
**Калайман** - бүлгүн, дүрбөлөң.
**Калаб а** — жаңжал, чатак, чыр, уруш.
**Калдай** — 1) моңгол сөзү, штаб офицери.2) административдик мансаптардын бири **Калка** - коргоо, калканыч.
**Калмак ээр** - ээрдин бир түрү (эки кашы жапыс, актасы кенен).
**Калпа** - эшен дамбылдалардын жардамчысы.
**Калча** - түрү суук.
**Камчыга ченеп бөлүү** - олжону бүтүндөй өлчөп бөлүү.
**Канзаада** — хан тукуму, хандын баласы.
**Канжар кол** - 1) эпос боюнча - кытай, монгол элдери балдарын жашынан катуу нерсени муштатып үйрөткөн. Ошолордон түзүлгөн катуу колдуу аскер;

2) алптын аты.
**Канга сабын болбоюн** - элдин канын төгүп, убалга калбайын.
**Кандагай** — тоо текенин терисинен жасалган баатырлар кийүүчү шым, кээде жалпы эле калың тери, булгаары.
**Капилет** - билбей, туйбай калгандык.
**Каптоо** - к. Көйкап.
**Капчал** - тоонун боору, жан жагы.
**Капыл жерден** - кокустан, күтпөгөн жерден, капыс.
**Капыя жерде** - жашырын жерде.
**Кара байыр казанат** - күлүк аттын бир түрү.
**Караламан** - көпчүлүк эл.
**Кара элечек кылуу** - урушта жеңилген тараптын аялдарын жесир калтыруу.
**Карап кылып** - ойрон кылып, талкалап,кыйратып.
**Каркап** - абдан толуу.
**Карк алтын** - таза, чылк алтын.
**Каркыбар** - кайран, мыкты.
**Каркыралуу кыз** - көчкөндө жасалгаланган төөнү жетелеген бойго жеткен кыз.
**Карсак** - жырткыч айбандардын жалпы аты (түлкү, карышкыр ж.б.).
**Карынчы** - темир жөн кап.
**Кас буудан** - анык, нагыз буудан **Капсан** - Монголиядагы бир тоонун аты.
**Капчал** — аскалуу капчыгай.
**Кар** — тексиз адам, кул, кордук тарткан, муктаж болгон адам.
**Карала** — жибек кездеменин түрү.
**Карик** — өтүмсүз, уяң, коркунчаак, жер карама.
**Кароолу тажаал** — кароолуна илинген соо калбайт, кароолу коркунучтуу, сүрдүү
**Карсак** — бөрү, түлкү сыяктуу жойлоп жүрүүчү жырткыч айбандардын жалпы аты.
**Карыпчы** — колго кийүүчү соот, жең кап.
**Кас буудан** — мыкты, таза буудан.
**Каттам** — жок болуу, өлүү.
**Кашка** — башчы, мыкты, жетекчи, сапаты, кубаты, баатырлыгы жагынан өзгөчөлөнгөн.
**Сай кашка** — эң мыкты.
**Кебээ курсак** - салык курсак, чоң курсак
**Кежим** — парча, аркагы алтындаган зымдан токулган баалуу кездеме **Келе** — үй.
**Кенизек** —үй кызматын аткаруучу аял, күң.
**Керик** — тумшугунда жалгыз же эки мүйүзү бар жапайы чоң жаныбар (носорог).
**Керим** — 1) мээрим, жумшак көңүл. 2) укмуш, шумдук (жылкы жөнүндө).
**Кесенде** — курт-кумурска, жылан.
**Келеме жака** - алтын, күмүш зымдар келептеп оролгон жака.
**Кент** - шаар, кыштак.

**Керден** - моюн.
**Керденкечтик** - моюн таптык.
**Керем** - жердин аты.
**Кери** - көтөрүңкү жер,акырындап жогору көтөрүлгөн айдөөш жер.
**Керик** - айбандын аты (носорог).
**Кете** - баалуу кездеменин бир түрү.
**Кешмир дуба** — окула турган дубанын түрү
**Кеште** —1)сайманын түрү 2) эпосто кээде оюндун түрү катарында да айтылат.
**Кие** — өнүп чыккан түрдүү чөптөрдүн жалпы аты.
**Кирич** - жаанын кергичи. Кээде жаа дегендин ордуна да колдонула берет.
**Кисе** — 1) ар түрдүү майда буюмдар тагылуучу кайыш кур. 2) оттук жана милте салынуучу кайыштан жасалган баштык.
**Кобул** — 1) керегеге салынган жылгача. 2) ичке, келишимдүү, шадылуу манжа.
**Кобуш мурун** — кырдач мурун.
**Кол** — аскер, кошун, черүү.
**Коломсок** — саадак, жаанын огун салып жүрүүчү атайын идиш.
**Колосолуу** — коломолуу — көп, айбаттуу, коркунучтуу.
**Корбашы** — бир топтун жетекчиси, башчысы.
**Койчагыр** - мылтыктын бир түрү.
**Коломолуу** - сансыз көп.
**Коома** — калмакча салам берүү.
**Көмөкөйлүү** - учунда темири бар (найза).
**Комсунуу** - жактырбоо, алымсынбоо.
**Колок** — жаанын огу.
**Коога** — уруш, жаңжал.
**Кош** — жылкычылардын, же согуш убагында колдун убактылуу жашап турган жайы.
**Кошун** — кол, аскер, черүү.
**Коросон оттук** - курч оттук таш.
**Кочку** - айыл башчы.
**Көй** - жалаң, өңкөй, чылк, кээде абыдан деген да мааниде.
**Көй баатыр** — жалаң баатырлар.
**Көй кашка** - өнкөй баатыр, жеткен баатыр
**Көйкап** - миф.дүнүйөнү курчап турган, дөө-перилер жашаган бийик тоо.
**Көк бараң** — бараң мылтыгынын түрү.
**Көкө теңир** — кудай.
**Көк жал** - абдан баатыр (түпкү мааниси -бөрү).
**Көк жеке** - кандар, бектер кайүүчү өтүк.
**Көк көйнөк**- уйдун өлөтү.
**Көкөнө** — калмак, монголдордун согуш мезгилинде чакырган урааны.
**Көк теңир** — асман кудайы.
**Көкчыбык** - Бакайдын мылтыгы.
Көлүк— мингич, ат.
Көмүркөй - темир-тезек салынуучу куту,сандыкча.

Көңкү - жалпы, баары.
Көөнө Турпан - Синь-Цзян территориясындагы бир шаардын аты.
Корек — азык, тамак-аш.
Көөсөр - кем акыл, ала көөдөн.
Көөхар - кымбат баалуу асыл таш.
Көрчөгө - үй буюмдарына чөгөрүлүү үчүн металлдан иштелген буурчак сыяктуу жасалга.
Көсөл - эптүү, ыкчыл.
Көспант — кой.
Куй - пейил, мүнөз.
Кулак кайчы — ууру.
Кумул - Хами (Синь-Цзян территориясындагы бир шаар).
Купа - жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүккө чөгөрүлгөн наар.
Купа — томпогой же тумарча кылып калкандын бетине металдан жасалган кооздук
Купуя - жашырын, ичинен.
Кутман - бакыт, бактылуу.
Кутп а — нике кыюуда окулуучу дуба
Күбөк — кундуз, суусар кармап турган таш капкан.
Күлдү - жалпы баары, бүткүл, түгөл, жалпы.
Күлдүр мамай мылтык — чоң мылтык, замбирек.
Күлө — думаналардын теринин түгүн сыртына каратып өзүнчө жасалган баш кийими.
Күлпөң - сыймык, касиет.
Күндө - колго салынуучу кишен, кээде кыйнап жазалоо үчүн башка шири каптап коюу
Күн жүрүш жак — түштүк жак Күңкүү - ушак, айың сөз.
Күп - бодонун терисинен жасалган идиш.
Күрөөкө - 1) өтө таза жибектен жасалган тыш кийим 2) жибекке алтын кошуп иштелген хандардын кие турган тону. 3) соот, чопкут.
Күчүгөн — көк жору.
Кыбалап — бул жерде артынан сая түшүп деген мааниде. Жалпы эле кыбалоо — чебердик менен иш кылуу.
Кызыл - Кашкар территориясындагы чон суу.
Кызыл кырма, ак жайсаң - ар ишке абдан кызыктуу.
Кызыл чоктуу: чок - бөрккө тагыла турган кызыл чачы.
Кызыл чака пул - жез тыйын.
Кызыр - миф. адамды колдоочу олуя.
Кылап - ык, оңтой, бап.
Кыйык атуу — бута атуу.
Кыл кыял — оюу чийүүдө колдонулуучу түрдүн аты.
Кылыч куйрук - эң кыйын, азуулуу айбан.
**Кыңгыр** - Алтай тараптагы тоо.
**Кырмызы** - кызыл жибек.
**Кыяк** - согушта жоокерлер кийүүчү соот, чарайна, темир тондун бет

тарткычы.
**Кыям жак** — түштүк жак.
**Кыяңгер** - Кытай жериндеги тоонун аты.
**Л**
**Лаанат** — будда дининдегилердин сыйына турган кудайы.
**Лагил** — асыл таш.
**Лайлама** - буддизм дининдегилердин диний башкаруучусу, калмак кудайы.
**Лоб дайра** - Синь-Цзян территориясындагы дарыя.
**Лөк** -күчтүү, маанилүү деген мааниде. Адатта нардын буурасын лөк дейт.
**М**
**Маала** — айыл, кыштак.
**Мажилис** — жыйналыш, жыйын.
**Майкана** — кагылган добушу аркылуу айланага кабар берүүчү чоң коңгуроонун асылып турган жайы.
**Мал болуу** — айыгып кетүү, оңолуу.
**Маараке** - той-тамаша кызыган кези.
**Мажуси дин** - көп кудайга сыйынуучу бутпарастык дин.
**Макулук** - жан-жаныбар.
**Мамырлап** - тынчып, жыргап.
**Мамырчылык** — бейкутчулук, тынччылык.
**Манат** - кымбат баалуу, кол менен жасалган, көбүнчө кызыл түздө болгон түктүү кездеме. **Мандили** — 1) аялдардын баш кийиминин аты. 2) кездеменин аты.
**Мандыкер** — күндүккө жалданып иштеген адам.
**Манжуу** - 1) Маньчжурия өлкөсү; 2) манжур эли (эпос боюнча).
**Маңгүү** - эпосто кытайдын бир уруусу.
**Маңкүштө** - монгол, калмак элинин баатыры.
**Мар** — жылан.
**Мара** — кымбат баалуу кездеменин түрү.
**Марал-Башы** - Кашкардын чыгыш тарабындагы бир шаар.
**Мароо** - качырууга даяр болуп туруу (арыстан, жолборско таандык).
**Мартуу** - төрөп жаткан аялды эси ооп калса кара басты (же албарсты басты) деп түшүнүү. **Жасилет** - кеңеш, кеңешүү, акыл айтуу.
**Мелжеп** - болжоп, байкап.
**Меңсиз аппак** - кирсиз, бедерсиз, тунук, аппак.
**Меш** — (чанач меш) — эркечтин терисинен жасалган чоң чанач.
**Милте** — бараң мылтыкты атыш үчүн от берүүдө пайдаланылган өрүлгөн кебез.
**Милтелүү булбул** - кооз, сайроочу чымчыктардын түрү, үнү муңдуу, сайроочу чымчык.
**Мискин** - начар, бечара.
**Молтолуу дуба** - адамдын башын айландырган амалдуу сыйкыр, дуба.
**Морун** — жылкы.
**Мөндү** - калмакча салам берүү. Эпосто көбүнчө калмактардын уруш ураны катары колдонулат.

**Мубакүл -** түпөк тагылган, түпөгү бар учу курч найза.
**Мупту** — шариятты түшүндүрүүчү дин кызматчысы.
**Мурдар -** (мырдар) — өлүк, какмар, сасыз (тилдөө) маанисинде, билимсиз, маанисиз наадан.
**Муршап** — Кокон хандыгынын тушундагы түнкү күзөтчүлөрдүн башчысы.
**Мыйзам -** 1) күз келгенде гүлү уча турган өсүмдүк; 2) күз маалы.
**Мылал** — күдүк, күмөн.
**Мыршап** — к. муршап.
**Н**
**Наал** — өтүктүн такасына кагылуучу темирден же жезден жасалган така.
**Наама** — 1) музыкалык аспап. 2) ыйык китеп (эпос боюнча).
**Нааман -** жердин аты.
**Наапа** — эки дөңгөлөктүү, чүмкөмөсү бар араба.
**Нагыра** — барабан сыяктуу музыкалык аспаптын түрү.
**Назыр** — 1) кудай жолуна курмандык атоо, кол кайыр берүү; 2) өлгөнгө атап тамак берүү
**Найча бел -** кыпча бел, ичке бел.
**Накер** — баатырлардын башы учтуу, тумшугу өйдө кайкалаган ок өтпөс өтүгү.
**Накыл** — осуят, акыл сөз.
**Нанүштө** — эртең мененки тамак.
**Напы** — кайыр, пайда
**Нар кескен -** эң мыкты болот кылыч.
**Наштар** — кан алууда, жараны чегүүдө колдонулуучу ичке, учтуу бычак.
**Несаана** — чага турган чымын-чиркейдин түрү.
**Нонок** — чоркок, сөз билбес, маанисиз.
**Нөкөр -** жан жолдош.
**Нурк -** негиз, тек, жай.
**О**
**Обо -** аба, асман, көк,
**Обурак -** барк, даңк, бедел.
**Ойрот -** 1) элдин аты; 2) көп эл, көпчүлүк;
**Окоро түйгөн -** чылбыр, тизгиндин өрүлүшүнүн бир түрү.
**Олорду -** аларды, ошолорду.
**Оолат** — урук-журат, тукум.
**Оорук** — жортуулга чыкканда чалгынга катышпай калган аскерлердин негизги бөлүгү жаткан жай, аскердин тылы.
**Опо -** туруктуулук, убадага бектик; пайда.
**Опол-Тоо -** Кашкар тараптагы бир тоо.
**Ордо -** 1) хан сарайы. 2) жасалгалуу, асемдүү, жакшы боз үй. 3) оюн. **Ордолуу журт -** тукум-жураттуу журт туруктуу журт.
**Оройпа** — жаанын огу.
**Орошон -** баарына белгилүү, маалым.
**Осол -** жаман, орой, одоно.
**Отогот таш -** монгол, калмактардын бөркүнө сайынган ташы.

**Отоо** - жаңыдан келген келинге тигилип берилүүчү үй, өргө.
**Отого** — баш кийимге тагылуучу куштун канаты, же таш.
**Отоо оюнчук** - ойлонбой иштелген нш.
**Оторчу** - айылдан бөлүнүп, мал багуу үчүн көчүп жүргөн малчы.
**Очогор** — эпостогу баатырлардын мылтыгынын түрү.
**Ө**
**Өгүз-Ашуу** - Текес жактагы бир ашуу.
**Өжөк-өжөк** - үстү-үстүнө.
**Өкүмөт** — бийлик.
**Өкчө** —өтүктүн такасы.
**Өлкө түзүн караса** - айланасын караса,ою кырын караса.
**Өм** — өтө көп.
**Өмдөп** - көптөп **П**
**Пайна** - мөндү пайна (монголчо) - кайрат кылууга чакырган ураан сөз.
**Панжа** — беш аскердин башчысы.
**Панжара** — 1) темир тор тосмосу. 2) терезенин кашеги.
**Пир** - сыйына тургап, зсболосу бийик киши.
**С**
**Саадак** - жаа, жебе кап.
**Сазаң-шаң** - (эпос боюнча) - кытайдын бир уруусу.
**Сай** — ылгый, өңкөй, жалаң.
**Сай кашка** - өңкөй баатыр.
**Сай тулпар** - өңкөй тулпар.
**Салбырын** — көп адам атайын камданып алыс жерге аң уулоого чыгуу
**Сан** - жүз мин, сан жеткис.
**Санам** — кымбат баалуу кездеменин аты.
**Сандыгач** - булбул.
**Санжап** - иреттеп, ирети менен.
**Санталак** - шумпай, ант ургур.
**Саноор жүн** - куштардын канатынын, тамагынын алдындагы майда жүндөрү.
**Сап кылуу** — такыр кыйратуу, түгөтүү.
**Сапсалга** - жылкыны бычканда касасын кыпчып, канын токтотуу үчүн жасалган кере карыш эки жыгач.
**Сара** — мыкты, тандалган, таза.
**Сарала** — кымбат баалуу кездеменин түрү.
**Сардал, сардар** — башкаруучу, мыкты, билерман.
**Саркер** — аскер башчы.
**Сары барпы** - чымчыктын бир түрү.
**Сарпай** — 1) кымбат баалуу кездеме. 2) кымбат баалуу кийим, сый тон.
**Сая** - көлөкө, көлөкөлөнүүчү терек.
**Саяс** - оюндун бир түрү.
**Саят** - 1) саякат; 2) мергенчилик.
**Себил** - 1)курал-жарак. 2)кыраан куш же жырткыч жаныбар.
**Себилдүү** - толук куралдуу, жасалгалуу.
**Селбип** - эс алдырып, алмаштырып.

**Селебе**— узун, түз кылыч, чоң шамшаар.
**Селебенин кабы** — шамшар бычактын кыны.
**Соколоп** - баамдап, тамырын тартып көрүү.
**Соно** - суудагы илбээсиндин жалпы аты (өрдөк, каз ак куу).
**Соолон** — кымбат баалуу кездеменин түрү.
**Соот** — жоокерлер согушта кийүүчү чарайна.
**Сукпасам** - сайбасам,бышып-мылгытып албасам.
**Сундуң** - кытай, монгол элдеринде бир айылды башкарган төрө; аскердик даража
**Суп** - ак төөнүн жүнүнөн же ак жибектен жасалган кымбат баалуу кездеме.
**Супасадык** - таң ата баштаганда, таңдын эресереси.
**Суп чапан** — кымбат баалуу ак кездемеден жасалган сырт кийим.
**Сурун кеспей койбойбуз** - мизин кайтарбай койбойбуз; жинин какпай койбойбуз.
**Суу кудук** - касиеттүү кудук.
**Суу карек** - чала көргөн карек.
**Сүкүт** - унчукпоо, жым-жырттык.
**Сүңгү** — (карагай найза сүңгүсүн) — найза.
**Сээр** - 1) ийин менен моюндун кошулган жери; 2) аттын өркөчүнүн алды жагы.
**Сээр** — сыйкыр, дуба.
**Сээрчи** — сыйкырлоочу, дубалоочу адам (сыйкырчы, дубакөй).
**Сыбызгы** ----дабышы ичке чыккан музыкалык аспап.
**Сыйыр** — уй.
**Сыргак** — кыраан бүркүттүн түрү.
**Сыр жебе** — атайын жылмаланып жасалган жаа огу.
**Сыр найза** — баатырлардын найзасынын түрү.
**Т**
**Табирчи** — эптүү, жөндөмдүү.
**Тага** - таяке.
**Тайбас** - эң кыйын жырткычтын бир түрү.
**Тайпы** — уруу, эл.
**Тай туяк** — тайдын туягына окшоштурулун уютулган акча ордуна колдонулуучу күмүш.
**Таканак жүн** — алгыр куштардын санынын тегерегиндеги жүнү.
**Талмазар** - мазардын аты.
**Танап** — боо, керилген жип.
**Танык** - күбө.
**Таңшаң** - жердин аты.
**Тарак** - казак элинин бир уруусу.
**Тасма** - эчки, текенин чийки терисинен жасалган кайыш, көк;
**Тасма бел, кыпча бел** — кыз, келиндерге салыштырма.
**Та-та** — (айгай салып таталап) — ур, ур.
**Татай** - (апей) аялдар чочуганда, коркkондо айтылуучу мааниге ээ болбогон, катуу чочууну билдирүүчү сырдык сөз.
**Таш** — алыстык өлчөмү — бир таш жер сегиз чакырымга барабар.

**Тебит чөл** - Борбордук Азиядагы бир чоң чөл.
**Тегереген** - тегеренген.
**Тел болгон** - башы маң болгон.
**Темир тирек** - термелбеген, нык.
**Тепкир-коомат** - намаздын окула башталгандыгы жөнүндө кулактандыруу.
**Терес-Маёо** - эпосто Текес өлкөсүнүн мурунку аты.
**Тилсымат** — сыйкыр, дуба.
**Тинте** - шамшар, канжар
**Тинтүүр** — жараны тилүү үчүн пайдаланылуучу ичке аспап.
**Тирсек** - 1) көздүн сурмасына чыга турган ысык; 2) толорсук.
**Токонаалат** — жеме, уятка калуу, күнөөлүү болуу.
**Тон-тоноо** — кийим-кече, курал-жарак.
**Тон** — замбирек, кээде замбиректин огу.
**Тоорулчу** — чалгынчы.
**Торгун** — кымбат баалуу жибек кездеменин түрү.
**Торко** - баалуу жибек кездеменин бир түрү.
**Төбөсүнө калмактын ташын тага көр** - бөркүнө тагынуучу төрөлүк белгисин тага көр.
**Төгөрөк** - чартарап, айлана.
**Төө мылтык** — чоң мылтык, төөгө жүктөп жүрүп атууга ылайыкталган кичирээк замбирек.
**Төрөзаада** — төрөнүн тукуму.
**Тубар** — жибектен жасалган кытай кездемеси.
**Тул** - 1) эри өлгөн аял эринин кебетесине окшоштуруп жасап, өлгөн күйөөсүнүн чапанын жаап, үстүнө анын баш кийимин коюп, көшөгө тартып, ашын бергиче сактоочу сөлөкөт; 2) күйөөсү өлгөн каралуу аял.
**Тулум** — узун чач.
**Туулга** - баатырлардын жоого кийүүчү темир бөркү (баш кийими)
**Түмөн** - он миң.
**Түпөк** - найзанын уч жагына тагылуучу топ кыл.
**Түрк** - өсүп жетилип калган.
**Тыйтай** — эпос боюнча кытайларга берилүүчү согуштук даража, губерниялык аскер башчысы.
**Тынар** - 1) куштун бир түрү; 2) жөлөк, таяныч.
**Тыргоот** - Синь-Цзяндагы калмактардыш бир уруусу.
**У**
**Убара чаркөө** — кээде жапайы адам, кээде турмушта жок жез тумшук сыяктуу айбан.
**Удайчы** — хандын, төрөнүн буйругун аткарып жүрүүчү жан жөкөрү.
**Учуга** — баалуу кездеменин түрү.
**Ү**
**Үбөлүп** - талкаланып, кыйрап.
**Үзүп-үзүп алдырып** - ат чалдырып.
**Үкүр** — уй (калмак тилинде).
**Үйөр** - жаз келгенде мөнгү бузулуп, суунун катуу агышы.

**Үйшүң** - казак элинин бир уруусу.
**Үлпөт** - биргелешип тамак ичүү.
**Үп** - үй мүлкү.
**Үртүк** — коoздолуп жасалган ат жабуу.
**Үч-Арал** - Иледарыясынын баш жагындагы жер.
**Ч**
**Чабендес** - эңишке, улак тартууга чыйрак киши.
**Чага** — калмак, моңголдордун согуш учурундагы чакырган урааны.
**Чагалалап** - кокуйлап.
**Чайланып** - чай ичип.
**Чака** - жезден жасалган тыйын.
**Чакырлоо** - эң катуу таш.
**Чалгай** - жамандык, кыйшык, тетири иш.
**Чалгырты турду көзүндө** - арамы, кыйшыгы турду көзүндө.
**Чантуу** — эпосто кытай же калмак тарабынан мусулман деген сөздүн ордуна айтылат.
**Чарайна** - төшкө тартылуучу такта темир, жоокерлер согушта кийүүчү соот.
**Чатыраш** - дойбу, шахмат сыяктуу оюн.
**Чеге** - мык.
**Чексе** - дары салгыч.
**Черүү** - аскер, кол.
**Чилмардан** — тегерек алкакка жаргак капталган музыкалык аспап.
**Чилтен** — мифологиялык түшүнүктө адам көзүнө көрүнбөгөн, укмуштуудай касиетке ээ болгон жакшылык кылуучу рух.
**Чопкут** — баатырлар согуш учурунда кийүүчү ок өтпөс тон, соот.
**Чочпара** — акча ордуна жүрө турган анча чоң эмес уютулган күмүш. Эпос боюнча кээде алтын түрүндө да жолугат.
**Чөл түшүрүп** - чакчелекей түшүрүп.
**Чукак** - 1)тартыш, кемчил, аз, жетишсиз, 2) кем (баласызга айтылат).
**Чүчтө** — жука ак материал.
**Чыйтай** - кытай, моңгол элдериндеги кенже аскер кызматчысы.
**Чыйырчык** -Ташкенттин чыгыш жагындагы суунун аты.
**Чылан** - Синь-Цзяндагы бир кыштак.
**Чымылдык** — музыкалык аспаптын түрү.
**Чыңоол** - такоол, толуктоо, аскердин арткы бөлүгү, кароол, күзөт **Чыңыроо** - жоокерлерге кабар берүүчү жез түтүктөн жасалган музыкалык аспап.
**Ш**
**Шаа** - улук, чок, падыша, шах.
**Шабиет** - балдар оюнунун бир түрү.
**Шай** - сүйгөн кишисин колдой турган олуя
**Шаймерден** — эпостук баатырлар кайрылуучу жана жардам суроочу жогорку күч, жигиттердин колдоочусу.
**Шайы** - кишилерди башкарган аксакал.
**Шакшак** - сынган сөөктү таңа турган жыгач.
**Шалдыркан кисе** — кооздоп, чачыктуу кылып жасалган кисе.

**Шамиян** - кош айдаган өгуздүн мойнундагы моюнтурукка өткөрүлүүчү жыгач казык.
**Шаңшуур** — күмүш жамбынын түрү.
**Шап** — канжар, бычак.
**Шапкер тартып** - азап тартып.
**Шибээ** - Жунгариядагы макжуу элинин бир уруусу.
**Шири** - каткан тери, ышталып каткан тери **Шоорат** - даңк, атак.
**Шоролуу менен Тагырма** - Тажикстан өлкөсүндөгү жердин аттары.
**Шуудур** — төө.
**Шуттуу** - куудул, оюнкарак.
**Шымал** — түндүк тарап.
**Шыпты кашка** — шар, чечкиндүү, ыкчам, шамдагай адам жөнүндө.
**Ы**
**Ылоо** - мажбур түрдө берилүүчү унаа.
**Ырапыс** - кездеменин бир түрү ("репис"деп да айтылат).
**Ыспан** - Исфахан (Персиянын бир шаары).
**Э**
**Эгем** - ээм, жараткан кудайым.
**Эгей шыгай** — баатырлык күч жагынан бири-биринен кем калбаган, пар келген.
**Эгем таала** — баарынан жогору турган кудай, алда талаа дегенди билдирет.
**Эгиз** — бийик.
**Элким, элкин** - жалгыз
**Эрен** - баатыр; эрении кайдан аянды-баатырың коркуп турган жок.
**Эрен** - Иран.
**Эренче** - асемге, сыйга кие турган тон.
**Эрешен** - өспүрүм.
**Эрөөл** - I жекеге чыккан сайыш, чабыш. II чалгынга чыгуу.

## Кошумча маалымат алууга сунушталган адабияттар.


1. Абдылдаев Э. «Манас»эпосунун историзми. Ф., 1987.
2. Ашым Жакыпбек. Теңири Манас., 1996.
3. Байгазиев С. Манастаануу.Б., 2000.
4. Бакчиев Т. Введение в манасоведение. Б., 2008.
5. Бакчиев Т. Манасчылар. Б., 2010.
6. Киргизский героический эпос «Манас» М., 1961.
7. «Манас». Энциклопедия. 1-2- томдор.- Б. 1995.
8. «Манас». С.Орозбаковдун варианты боюнча, Б., 1995.
9. «Манас». Кыргызский героический эпос. Ф.,1948; Б., 1999.
10. «Манас». Прозаический пересказ. Перевод: Валитовой. А. и др. Б., 1999.
11. "Манастаануу" курсунун программасы. Н.Жапаралиева., Бишкек, 2010.
12. Манасчылар жана изилдөөчүлөр. Б., 1995.
13. Манасчылар - кыргыз элинин руханий инсандары. Б., 1993.
14. «Манас»- героический эпос киргизского народа. Ф., 1968.
15. Мусаев С. Эпос «Манас», Ф., 1979.

16. Мусаев С. «Манас» жана академик В.Радлов. Б., 1997.
17. Юнусалиев Б.М. Кириш сөз. Китепте: Манас. 1-китеп- Ф., 1958.
18. Бакчиев. Т. Манасчылар.Б., 2010.
19. Жакшылыков А. Манас идеологиясы жана Конституция
20. Касаболотов Ж. Мендеги Манас жана элдеги Манас.
21. «Манас»эпосу 1 -китеп
22. «Манас»эпосу 2-китеп
23. «Манас»эпосу 3-китеп.
24. «Манас»эпосу 4-китеп.
25. Манастын жети осуяты.
26. Мусаев. С. Сагымбай манасчы жана анын варианты жөнүндө.
27. Мусаев. С. Чоң манасчы Саякбай жана ал айткан вариант., 1982.
28. Абдылдаев Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан. Ф., 1983.
29. Абдразаков А. Орхон- Енисей жазуулары.- Б., 1995